З. Сарылбекова, Ч. Ж. Кенчиева

# КЫРГЫЗ ТИЛИ жана ОКУУ

## 2-класс

Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн
мектептердин мугалимдери
үчүн методикалык колдонмо

З. САРЫЛБЕКОВА, Ч. Ж. КЕНЧИЕВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ жана ОКУУ

## 2-класс

Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн
мектептердин мугалимдери
үчүн методикалык колдонмо

Бишкек • 2013

УДК 372.8
ББК 74.261.3
С 20

Ред.кеңеш: *Г. А. Садырова, С. Өжөрбаева,К. М. Эгембердиева, М. Райымбекова, М. К. Кемелова*
КББАнын рецензенти: филология илимдеринин доктору *С. О. Байгазиев*
Илимий консультант: филология илимдеринин доктору, профессор *Ж. А. Чыманов*

**Сарылбекова З. С., Кенчиева Ч. Ж.**
С 20 Кыргыз тили жана Окуу: 2-класс. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мугалим. үчүн метод. колдонмо. – Б.: Альмерия, 2013. – 244 б.

ISBN 978-9967-31-056-8

Бул методикалык колдонмону жазууда куррикулумдун жалпы компетенциялары эске алынып, окуу материалдары чейректерге бөлүштүрүлдү, сабактын үлгүлөрүнө азыркы кездеги активдүү колдонулуп жаткан технологиялар киргизилди. Ошондой эле кыргыз акын-жазуучулары менен дүйнөлүк белгилүү авторлордун чыгармаларын окутуу ыкмалары берилди.

С 4306010200-13

УДК 372.8
ББК 74.261.3

ISBN 978-9967-31-056-8

© КР Сарылбекова З. С., Кенчиева Ч. Ж., 2013
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2013

## МАЗМУНУ

Мугалимдерге кайрылуу ..... 4

I чейрек
Циклдер боюнча сабактардын иштелмелери ..... 7
1-цикл. Мектеп ..... 20
2-цикл. Үй-бүлө ..... 47
3-цикл. Жыл мезгилдери ..... 66

II чейрек
4-цикл. Менин иш күнүм ..... 80
5-цикл. Оюнчуктар ..... 98
6-цикл. Кыш мезгили ..... 111

III чейрек
7-цикл. Адамдын келбети ..... 120
8-цикл. Кийим-кече ..... 128
9-цикл. Идиш-аяк жана тамак-аш азыктары ..... 142
10-цикл. Биздин үйүбүз ..... 152
11-цикл. Жаратылыш ..... 163
12-цикл. Жаз мезгили ..... 172

IV чейрек
13-цикл. Жер-жемиштер ..... 180
14-цикл. Менин Мекеним ..... 193
15-цикл. Биздин Кыргызстан ..... 197
16-цикл. Жай мезгили ..... 208

Адабияттар ..... 215
Тиркеме (кошумча материалдар) ..... 216

УДК 372.8
ББК 74.261.3
С 20

Ред.кеңеш: *Г. А. Садырова, С. Өжөрбаева,К. М. Эгембердиева, М. Райымбекова, М. К. Кемелова*
КББАнын рецензенти: филология илимдеринин доктору *С. О. Байгазиев*
Илимий консультант: филология илимдеринин доктору, профессор *Ж. А. Чыманов*

**Сарылбекова З. С., Кенчиева Ч. Ж.**
С 20 Кыргыз тили жана Окуу: 2-класс. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мугалим. үчүн метод. колдонмо. – Б.: Альмерия, 2013. – 244 б.

ISBN 978-9967-31-056-8

Бул методикалык колдонмону жазууда куррикулумдун жалпы компетенциялары эске алынып, окуу материалдары чейректерге бөлүштүрүлдү, сабактын үлгүлөрүнө азыркы кездеги активдүү колдонулуп жаткан технологиялар киргизилди. Ошондой эле кыргыз акын-жазуучулары менен дүйнөлүк белгилүү авторлордун чыгармаларын окутуу ыкмалары берилди.

С 4306010200-13

УДК 372.8
ББК 74.261.3

ISBN 978-9967-31-056-8

© КР Сарылбекова З. С., Кенчиева Ч. Ж., 2013
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2013

## МАЗМУНУ

Мугалимдерге кайрылуу ..... 4
I чейрек
Циклдер боюнча сабактардын иштелмелери ..... 7
1-цикл. Мектеп ..... 20
2-цикл. Үй-бүлө ..... 47
3-цикл. Жыл мезгилдери ..... 66
II чейрек
4-цикл. Менин иш күнүм ..... 80
5-цикл. Оюнчуктар ..... 98
6-цикл. Кыш мезгили ..... 111
III чейрек
7-цикл. Адамдын келбети ..... 120
8-цикл. Кийим-кече ..... 128
9-цикл. Идиш-аяк жана тамак-аш азыктары ..... 142
10-цикл. Биздин үйүбүз ..... 152
11-цикл. Жаратылыш ..... 163
12-цикл. Жаз мезгили ..... 172
IV чейрек
13-цикл. Жер-жемиштер ..... 180
14-цикл. Менин Мекеним ..... 193
15-цикл. Биздин Кыргызстан ..... 197
16-цикл. Жай мезгили ..... 208
Адабияттар ..... 215
Тиркеме (кошумча материалдар) ..... 216

## Мугалимдерге кайрылуу

Урматтуу кесиптештер, жалпы билим берүүчү мектептер үчүн арналган окуу китептери билим берүү чөйрөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөргө жараша болгон суроо-талаптарга тыгыз байланышта болот. Биринчиден, билим берүүнү гумандаштыруу процессине, экинчиден, мурдагыдай маалыматтык «билимдик» мамилеге эмес, өнүктүрүүчү ишмердүүлүк жана кызматташтык мамилеге басым жасоого, үчүнчүдөн, социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялоого багытталат. Ушуга байланыштуу окуу китебине киргизилген материалдар окуучуларга кызыктуу, жеткиликтүү болуп, түшүнүктүү тилде жазылышы маанилүү. Түшүнбөстүк – кызыгууну жогото турган себептердин бири. Окуу китебинин тили жана стили белгилүү деңгээлде предметке карата кызыгууну күчөтүп, тексттин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылышы керек.

Китептеги окуу материалдарын ой жүгүртүүгө түрткү берүүчү каражат катары караганда гана окуучулардын иш-аракети даяр билимдерди жана жоопторду кабыл алууга эмес, өз алдынча изденүүчүлүккө багытталат.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуу китептеринин мазмуну жана түзүлүшү **уланмалуулук** принциптин негизинде өзүнөн мурунку класста ээ болгон билим, көндүм жана билгичтиктерин калыптандыруу жана өнүктүрүү болуп саналат. Мисалы, 2-класс үчүн окуу китеби 1-класста ээ болгон речтик көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү калыптандыруучу жана кептик байланышка керектүү гана лексика-грамматикалык материалды камтыйт.

Кыргыз тилин орус мектебинде окутуунун эң башкы максаты окуучуларды кырызча эркин сүйлөшүүгө үйрөтүү болгондуктан, китептеги көнүгүүлөр системасы б.а., ар бир көнүгүү өзүнөн мурунку көнүгүүгө карата окуучунун билгичтик жана көндүм жөндөмдүүлүгүн бекемдөөгө кызмат кылат.

Окуу китептериндеги материалдар аркылуу окуучулар тилдин ээси болгон кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, каада-салтын, жаратылышын жана жашоо-турмушун билүүгө кызыгуусун арттырат.

Окуу китебинин илимий мазмуну кыргыз лексикасын колдонуу формасына, көлөмүнө кыргыз тилинин лингвистикалык өзгөчөлүктөрүнө жана окуучулардын жаш курагына, сөз байлыгына байланыштуу болот. Окуу китебинин мазмунунун башкы компоненти тилдик материалдар, экинчиси – бир жыл ичиндеги сөздүк минимум. Экинчи компоненти – тилдик материалдар аныкталгандан кийин белгилүү болот. Сөздүк минимумдун конкреттүү көлөмү жана курамы **лингвометодикалык** жана **психолингвистикалык** шарттар менен аныкталат. Ушул эле жол менен окуу китебинде окуучулардын кептик тематикалык – кырдаалдык, өлкө таануучулук жана көркөм адабий материалдары да тандалып алынат.



Окуу китебин түзүү үчүн лексикалык минимумдан сырткары грамматикалык, сөз жасоочулук, орфоэпиялык минимумдар илимий негизде талданып алынды. Кыргыз тилин орус тилдүү окуучуларга окутуунун ар бир этабы өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Ал өзгөчөлүктөр ар бир этаптагы тилдик материалдын минимумуна, мазмунуна, көлөмүнө, окуучулардын ал материалды практика жүзүндө өз кебинде колдоно алышына, аны окутууда жана бышыктоодо пайдаланылуучу ык-жолдорго байланыштуу болот.

Ошентип, окуу китептериндеги кыргыз тилинин речтик системасынын негизин түзө турган эң жөнөкөй нормативдик модель окуучуларды кыргыз тилинде речь жаратуунун жолдоруна калыптандырат, эң жөнөкөй кептик байланышка үйрөтөт. Сүйлөөгө үйрөтүү модели үч этаптан турган схеманы камтыды:

- лексика-грамматикалык минимум;
- сүйлөшүү үлгүлөрү;
- сүйлөшүү кырдаалы боюнча пикир алышуу.

Урматтуу мугалимдер, билим башаты башталгыч класстардан башталат эмеспи. Сиздер бел байлап көтөргөн түйшүктүү жүгүңөр – ары жоопту, ары келечектүү жана сыймыктуу.

Улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун тил жөнүндө: "Ар бир элдин тили ошол элдин миңдеген кылымдык акылынан жаралган кымбат жана табылгыс нерсе. Ар бир элдин тили бүткүл адамзаттын мүлкү", – деп калтырган мурасы баарыбызды келечек муун алдындагы жоопкерчиликтүү милдетти аркалоого үндөйт.

Мына ушул ыйык мүдөөнү ишке ашыруу максатында биздин окуу китебибиз жана аны коштогон методикалык колдонмобуз окуучуларга кыргыз тилин үйрөтүүдө насаатчы катары жардамын тийгизет деген ишенимдебиз.

Бул методикалык колдонмо окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 2-класстары үчүн жазылган "Кыргыз тили" окуу китебин коштойт. Окуу китеби чет тилдерди окутуу методикасынын негизинде иштелди. Функционалдуу грамматикалык материалдар, көнүгүүлөр, диалог жана монолог тексттери аркылуу өздөштүрүлөт.

Методикалык колдонмодо дидактикалык принциптин негизинде "жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга" карай **ар бир сабактын** фонетикалык көнүгүүлөрү, активдүү лексикалары жана сүйлөшүү кырдаалдары менен байланышкан коммуникативдик максаттагы кеп үлгүлөрү, тексттер менен иштөөнүн ыкмалары берилди.

Окуу китеби менен методикалык колдонмо бири-бирине эриш-аркак шартта түзүлдү. Алар кыргыз тили боюнча окуу, жазуу, сүйлөө жана тарбия иштерин уюштурууда диалог кебине жана тексттерге негизделип, окуучунун сөз байлыгын, ошондой эле байланыштуу кебин өстүрүү максатын көздөдү.

Окуу китеби менен методикалык колдонмонун негизинде окуучуларга жаңы билим берүү менен катар системалуу, максаттуу түрдө жаш өспүрүмдөрдү мекендин татыктуу жараны болуп өсүшүнө эң зарыл болгон билгичтик, көндүм жана адаттарды калыптандырууга, таанып-билүү баскычтары логикалык ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүнө жаш кезинен үйрөтүүгө, тарбиялоого багытталды.

***Авторлор***

# Окуу китебинин түзүлүшү

**1.** "Кыргыз тили" окуу китебиндеги темалар куррикулум принцибине ылайык циклдерге, циклдер темаларга бөлүнүп, он алты цикл, 102 саатты камтыды.

**2.** Окуу китеби чет тилдерди окутуу методикасынын негизинде иштелгендиктен, **фонетикалык көнүгүү, машыгуу боюнча** үнсүздөрдүн ичке жана жоон болуп айтылыш өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү айырмачылыгы "апостроф" менен белгиленип берилет.

1, 2 цифра түрүндө белгиленген айрым сөздөрдөгү шилтемелер (толуу[1], бакчада[2]) тыбыш менен тамганын айырмачылыгын (толуу [то:лу:] 6 тамга, 4 тыбыш) жана уңгу менен мүчөнү (бак+ча+да) аныктоо үчүн берилет.

Тема боюнча активдүү лексикалар менен бирге кара чекит (•) белгиси менен берилген сөз айкаштары жана сүйлөмдөр тексттерди которууга таяныч гана сөздүк иретинде көрсөтүлөт. **Мисалы:** Жыты сонун буркурап – запах ароматный повсюду.

**Грамматика боюнча "Эсиңерге туткула!"** цикли аркылуу өздөштүрүлгөн функционалдуу гана грамматикалык каражаттар (зат атоочтун таандык категориясы, көптүк жана жөндөмө категориялары, сөздүн составы, этиштин чак категориялары ж.б.) берилет.

**Диалог түрүндөгү тексттер**

сүйлөшүү үлгүлөрү жана сүйлөшүү кырдаалдары жана боюнча иштелет.

**Монолог түрүндөгү тексттер I жана III жактан баяндалат.**

**Мисалы:** I жак: Менин үй-бүлөм. Менин иш күнүм.

III жак: Досумдун үй-бүлөсү. Чыпалак баланын иш күнү.

**3. Үйгө тапшырма** кептик тема боюнча оозеки түрүндө, грамматикалык тема боюнча жазуу түрүндө берилет.

**4. Машыгабыз, көнүгөбүз** кайталоо сабагында фонетикалык, лексика-грамматикалык жана диалог, монолог кептери боюнча оозеки жана жазуу түрүндөгү тапшырмалар аркылуу окуучулардын бир цикл боюнча алган билими, билгичтиги, көндүмдөрү калыптанып бышыкталат.

**5. Өзүңдү текшер сабактарында.** 1,2,3-деңгээлдеги тапшырмалар боюнча мугалимдин жетекчилиги менен ар бир окуучу өзүн-өзү текшерип, билими бааланат.

**6. Каталар үстүндө иштөө мугалимдин изденүүчүлүк чыгармачылыгы менен ишке ашырылат.**

**Эскертүү:** Экинчи класстагы балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша биринчи чейректин биринчи циклиндеги гана сабактардын көнүгүүлөрүнүн шарттары, **үйгө тапшырмалары** кыргыз жана орус тилдеринде берилет.

## Сабактын этаптары

**1.** Дидактикалык принциптин негизинде "жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга" карай фонетикалык көнүгүү, машыгуу 4 этап боюнча иш жүзүнө ашырылат.

**Биринчи этап.**

а) кыргыз тилинин үндүү жана үнсүз тыбыштарынын айтылыш өзгөчөлүктөрүнө карата тил жатыктырып өздөштүрүлөт (кол-көл, жер, эл, ж.б.).

б) кыска жана созулма үндүү тыбыштар аралык айырмачылыктар боюнча да тил жатыктырылып өздөштүрүлөт (шар – шаар, ток – тоок, ж.б.).

**Экинчи этап.**

Өздөштүргөн тыбыштар менен сөздөрдү (кол-көл, жер, эл, шар-шаар, ток-тоок) туура жазганга көнүгөт.

**Үчүнчү этап.**

Макалдар жана табышмактар аркылуу тил жатыктырылат (Жер байлыгы – эл байлыгы).

**Төртүнчү этап.**

Көркөм чыгармалардагы ырдын тексттери жана жаңылмачтар аркылуу тил жатыктырылат. **Мисалы:** Асманда ак булут,
Асманда туруп,
Жамгырын төктү куюп ж.б.

**2.** Жаңы лексиканы (активдүү сөздөрдү) өздөштүрүү 5 этап аркылуу ишке ашат.

I – этап: сүрөт аркылуу;
II – этап: сөздү которуу;
III – этап: көнүгүүлөрдүн түрлөрү аркылуу;
IV – этап: диалог кебинде колдонуу аркылуу;
V – этап: тексттердин түрлөрү аркылуу.

**3.** Диалог кеби калыптанат.

**4.** Байланыштуу кеби өсөт.

**Эскертүү:**

Ар бир сабактын башында көрсөтүлгөн фонетикалык материалдар **активдүү лексика** катарында өздөштүрүлбөйт, сабактын кийинки этаптарындагы көнүгүү, машыгуу иштеринде бышыкталбайт, алар окуучулардын фонетикалык сабаттуулугун арттыруу максатында гана берилет.

## Сабактардын иштелмелерин төмөндөгүдөй тартипте сунуштайбыз

1. Фонетикалык машыгуулар оозеки, жат жазуу жана көнүгүү түрүндө 3-сабактын 1,2-көнүгүүсүндөгү үлгүгө салып иштетүү.



2. Тема боюнча жаңы лексикаларды өздөштүрүү салттуу түрдө берилбестен, интерактивдүү ыкмалар аркылуу берилди. Мисалы, сөздөрдү сүрөт боюнча хор менен кайталоо, суроо-жооп аркылуу катар-катар болуп кайталоо, аңгемелешүү аркылуу кайталоо жана берилген оюндар боюнча сөз, сөздөн сөз айкашын түзүү аркылуу кайталоо ж.б.

3. Грамматика боюнча эрежелер **"Эсиңерге туткула!"** циклинде көрсөтүлдү.

4. Диалог тексттери менен иштөөдө окуучулар берилген кеп конструкциясы боюнча кыргыз эл жомогунун каарманы Чыпалак бала менен алым-сабак окуп, машыгышат. Ошол эле кеп үлгүлөрүнүн негизинде сүйлөшүү кырдаалдары боюнча өз алдынча эркин сүйлөшүүгө көнүгөт.

5. Монолог тексттери менен иштөөнүн этаптары жана ык-жолдору берилди:

- текстти мугалим көркөм окуйт;
- текстти окуучулар менен бирге окуп которуп, маанисин түшүндүрөт;
- текстти окуучулар өз алдынча көркөм окуйт;
- катар-катар болуп окушат;
- эки-экиден болуп окушат;
- чынжырча ыкмасында окуйт ж.б.

6. Ар бир сабакта темаларды бышыктоо үчүн интерактивдүү оюндар сунушталды.

7. Тиркемедеги берилген кошумча материалдар мугалим тарабынан класстын билим деңгээлине жараша пайдаланылат.

## Таблица түрүндө берилген сабактарды уюштуруудагы иш-аракеттер

**Жаңы материалды (таанып-билүү) үйрөнүү сабагынын түзүлүшү**

**1-таблица**

| Сабактын структуралык бөлүмдөрү | Структуралык бөлүмдөрдүн мүнөздөмөсү |
|---|---|
| 1. Уюштуруу: Сабактын максатын аныктоо | Сабакка киришүүгө жагымдуу жагдай түзүлөт. Сабактын үч бирдиктүү максаттарын жана көрсөткүчтөрүн аныктайт. |
| 2. Үйгө берилген тапшырманы текшерүү | Ар түрдүү ыкма аркылуу оозеки жана жазуу түрүндөгү тапшырмаларды текшерет. |
| 3. Жаңы материалды кабыл алууга окуучуларды психологиялык жактан даярдоо | Мурунку сабактын (өтүлгөн теманын) негиздүү тыянактарын кайталайт, жаңы материалды үйрөнүүнүн максатын ачып көрсөтөт. |

| | |
|---|---|
| 4. Жаңы материалды түшүндүрүү (таанып-билүү) | Тема боюнча билим берет. Өздөштүргөн билимин оозеки жана жазуу кебинде практикада колдоно билет. |
| 5. Жаңы материалды баштапкы бышыктоо | Суроо-жооп иретинде бышыктайт, дидактикалык көнүгүүлөр аркылуу бышыктайт, диалог жана монолог тексттери аркылуу бышыктайт. |
| 6. Сабакты жыйынтыктоо | Жаңы калыптанган тилдик, кептик түшүнүктөр боюнча суроо-жооп аркылуу мугалимдин жыйынтык сөзү. |
| 7. **Үйгө тапшырма** берүү | Сабакта алган билим, билгичтиктерди окуучулар көндүм жана адаттарга жеткирүү үчүн окуу китеби боюнча жазуу сабаттуулугун жана байланыштуу кебин өстүрүүгө тапшырмалар берилет. |
| 8. Баалоо | ■ Окуучулардын билими ар бир сабактын максаттарындагы көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.<br>■ Суммативдик жана формативдик баалоо аркылуу бааланат<br>■ Өз алдынча, жупта, топто иштөө жөндөмдүүлүктөрү бааланат.<br>■ Кубаттоо, колдоо, мактоо иретинде бааланат. |

**Кайталоо, бышыктоо сабактарынын түзүлүшү**

**2-таблица**

| Сабактын структуралык бөлүмдөрү | Структуралык бөлүмдөрдүн мүнөздөмөсү |
|---|---|
| 1. Уюштуруу: Сабактын максатын аныктоо | Сабакка психологиялык жактан жагымдуу жагдай түзүлөт. Сабактын үч бирдиктүү максаттары жана көрсөткүчтөрү аныкталат. |
| 2. Үйгө берилген тапшырманы текшерүү | Оозеки жана жазуу түрүндөгү тапшырмалар аркылуу окуучулардын алган билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү текшерилет. |
| 3. Өтүлгөндөрдү кайталоо, бышыктоо жана системалуу жалпылаштыруу | Өтүлгөн материалдарды оозеки жана жазуу түрүндө суроо-жооптор аркылуу бышыктайт. Өздөштүргөн тил материалдарынын оозеки жана жазуу кебинде колдонот. Сөздөрдүн туура жазылышын, туура окулушун өздөштүрөт. Диалог жана монолог кебин өстүрөт. |
| 4. Окуучулардын өз алдынча иштөөлөрү | Фонетика боюнча көнүгөт, машыгат. Лексика-грамматиканы бышыктоочу дидактикалык көнүгүүлөр менен иштейт. Кырдаалдар боюнча эркин сүйлөшүүгө үйрөнөт. |



| | |
|---|---|
| 5. Сабакты жыйынтыктоо | Мугалимдин жыйынтык сөзү окуучулардын аткарган тапшырмалары менен коштолот. Өтүлгөн материалдар монолог жана диалог тексттери аркылуу жыйынтыкталат. |
| 6. **Үйгө тапшырма** берүү | Сабакта алган билим, билгичтиктерди окуучулар көндүм жана адаттарга жеткирүү үчүн окуу китеби боюнча жазуу сабаттуулугун жана байланыштуу кебин өстүрүүгө тапшырмалар берилет. |
| 7. Баалоо | ■ Окуучулардын билими ар бир сабактын максаттарындагы көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат.<br>■ Суммативдик жана формативдик баалоо аркылуу бааланат<br>■ Өз алдынча, жупта, топто иштөө жөндөмдүүлүктөрү бааланат.<br>■ Кубаттоо, колдоо, мактоо иретинде бааланат. |

**Ар бир сабактын фонетика, лексика, грамматика жана сүйлөшүү үлгүлөрү боюнча минимумдары**

**3-таблица**

| фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүлөрү |
|---|---|---|---|
| у-ү | Билим майрамы<br>Мугалимдер майрамы<br>Энелердин майрамы<br>Нооруз майрамы<br>Жеңиш майрамы | Иреттик сан атооч.<br>Сан+нчы<br>Сан+ынчы | - Алишер, сен канчанчы класста окуйсуң?<br>- Мен экинчи класста окуймун.<br>- А сен, Акылай, канчанчы класста окуйсуң?<br>- Мен дагы экинчи класста окуймун. |

## Окутуунун жыйынтыктарынын көрсөткүчтөрүн Б. Блумдун таксономиясы (таанып-билүү процесси) боюнча баалоо сунушталды

1956-жылы Чикаго университетинин профессору Б. Блумдун таанып-билүү процессинде педагогикалык максаттарды так берүүнүн жана тартипке келтирүүнүн жалпы ыкмаларын жана эрежелерин камтыган «Таксономия» аттуу эмгеги жарык көргөн. «Таксономия» термини грек тилинен «taxis» –

ирети менен жайгаштыруу, «nomos» – мыйзам) көрүнүштөрдү, объекттерди төмөндөн жогору карай баскычтар боюнча классификациялоо жана системалаштыруу түшүнүгүн берет.

Б. Блумдун таксономиясы – бул таанып-билүү процессиндеги окутуунун максаттарын жөнөкөйдөн татаалга чейин классификациялоо жана системалаштыруу.

■ баалоо
■ синтез
■ талдоо
■ колдонуу
■ түшүнүү
■ билим

Методикалык колдонмодо көрсөтүлгөн баалоонун максаты – окуучулардын кыргыз тили боюнча алган билимдери (компетенциялары), билгичтиктери, көндүмдөрү жана баалуулуктары мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык үч багытта бааланат:

1. Окуучулардын коммуникативдик байланыштагы сүйлөшүү жөндөмү;
2. Окуучулардын тил каражттарын анын функциясына жараша колдоно билүү көндүмдөрү;
3. Эл таануу, өлкө таануу билгичтиги.

**1) Оозеки сүйлөшүү жөндөмүн баалоо критерийлери:**
– окуу-эмгек чөйрөсүндө эмоционалдык мамиле түзүп, пикир алышуу;
– сүйлөөчүлөрдүн эмоциялык мамилелерин, ой-сунуштарын түшүнүү;
– социалдык турмуш-тиричилик чөйрөсүндө карым-катнаш түзүп, пикир алышуу;

**2) Тилди колдоно билүү көндүмүн баалоо критерийлери:**
– текстте орун алган сөздөрдү, сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү сүйлөөдө, жазууда туура колдоно билүү;
– тил каражаттарын грамматикалык функциясына жараша туура колдоно билүү;

**3) Этномаданият таануу баалуулугун баалоо критерийлери:**
– тилди, элди таануу, маданиятты жана Мекенди таануу.

Колдонмодо Б. Блумдун таксономиясы боюнча ар бир сабактын максаты жана аларды ишке ашыра турган көрсөткүчтөрү 1-циклдеги сабактардын көлөмүндө иштелип чыкты. Мугалимдердин өз чыгармачылыгын өркүндөтүү максатында калган (15) циклдеги сабактардын көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуусу зарыл.



**Сабактын максаттары**

**4-таблица**

| Сабак | Сабактын максаттары |
|---|---|
| Сабактын кептик темасы: “Эгин айдоо – байлык жыйноо” (“Арпа менен буудай” жомогу) Грамматикалык темасы: “Табыш жөндөмөсү” | **1) Фонетика боюнча:** кыска жана созулма (у-уу) тыбыштарын айырмалап окуганды үйрөнөт. **2) Лексика боюнча:** дан эгиндерин билдирүүчү лексикаларды өздөштүрөт. **3) Грамматика боюнча:** табыш жөндөмөсүнүн тике багытталган затты билдирген функциясын өздөштүрөт. **4) Сөз өстүрүү боюнча:** диалог жана байланыштуу кебин өстүрө алат. **5) Токчулук болуу үчүн эгин айдап, эмгектенүү керек экенин билет:** эгин – бул байлык. |

**Сабактын максатына жетүүдөгү көрсөткүчтөр**

**5-таблица**

| Сабак | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| Сабактын кептик темасы: “Эгин айдоо – байлык жыйноо” (“Арпа менен буудай” жомогу) Грамматикалык темасы: “Табыш жөндөмөсү”. | **1) Кыска жана созулма (у-уу) тыбыштарын айырмалап окуганды үйрөнөт, эгерде окуучу:** – кыргыз тилине мүнөздүү болгон созулма үндүүлөрдү билсе; – кыска жана созулма (у-уу) үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү айырмалап окуп, машыга алса; – сөздөрдү туура жазганга үйрөнө алса; – созулма үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдүн тыбыш, тамга аралыгы боюнча 2 тамга 1 тыбышты туюндурарын билсе. **2) Дан эгиндерин билдирүүчү лексикаларды өздөштүрөт, эгерде окуучу:** – дан эгиндерин билдирүүчү сөздөрдүн маанисин түшүнүп, аларды билип алса; – маанисине жараша алар менен сүйлөм түзө алса; – дан эгиндер лексикаларын диалог жана монолог кебинде колдоно алса. |

| | |
|---|---|
| | – дан эгиндери лексикаларын диалог жана монолог кебинде колдоно алса.<br>**3) Табыш жөндөмөсүнүн тике багытталган затты билдирген функциясы өздөштүрүлөт, эгерде окуучу:**<br>– Табыш жөндөмөсүнүн жөндөмө мүчөсүнүн жасалуу жолун билсе **(-ны, -ды, -ты);**<br>– лексика-грамматикалык көнүгүүлөр, оюндар аркылуу көнүгүп машыкса (Мен буудайды таптым. Мен нанды жедим).<br>– оозеки сүйлөө кебинде табыш жөндөмөсүн туура колдоно алса.<br>**4) Сабактын тарбиялык максатына жетебиз, эгерде окуучу:**<br>– билимден, билгичтиктен, көндүмдөн алган баалуулуктарды күнүмдүк турмушунда колдоно алса;<br>**Мисалы:** «Арпа менен буудай» жомогундагы «Арпа, буудай – аш болот, алтын, күмүш – таш болот» макалынын маанисин түшүнүп, эмгекчилдикти баалай билсе;<br>– нан – баарынан улук экенин түшүнүп, аны баалай билсе;<br>– арпа-буудай аш болорун, ал эми алтын-күмүш таш болорун билип, нан алтын-күмүштөн да баалуу экенин билсе.<br>**5) Окуучу кыргыз тилин үйрөнөт, эгерде төмөнкүлөрдү аткара алса:**<br>– дидактикалык көнүгүүлөрдү өз алдынча аткара алса;<br>– антоним, синоним сөздөрү менен көнүгүп машыкса;<br>– сөздөн → сөз айкашын → сөз айкашынан сүйлөм түзө алса;<br>– өздөштүргөн лексикаларын диалог кебинде колдоно алса;<br>– тексттин түрлөрү: макал-лакап, табышмак, ыр, жаңылмач, баяндоо, сүрөттө түрүндөгү тексттер менен иштеп, байланыштуу кебин өстүрө алса; |



## Окуучулардын билимин сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде баалоо сабагынын иш планын сунуштайбыз (88-сабак)

Сабактын кептик темасы: Эгин айдоо – байлык жыйноо. ("Арпа менен буудай" жомогу)

Сабактын грамматикалык темасы: Табыш жөндөмөсү.

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Дан эгиндерин билдирүүчү лексикаларды өздөштүрүп, эгинден эмне жасаларын билет. Табыш жөндөмөсүнүн тике багытталган затты билдирген функциясын өздөштүрөт. | Сабакта алган билимин турмушта пайдаланып, эгинден ун, ундан нан жасаларын билет. Эгин айдоо – бул байлык жыйноо экендигин түшүнүп, сынчыл ой жүгүртө алат. | Жомоктун негизинде нан алтын менен күмүштөн да баалуу азык зат экенин билет. Нанды ыргытып, тебелеп, кор кылбай, баалай билет. |

**Көрсөткүчтөр**

Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| ■ дан эгиндерин аныктап, аларды эске тутуп билип алса;<br>■ Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн жасалуу жолун билсе;<br>■ лексика-грамматикалык көнүгүүлөр менен машыкса *Мен буудайды таптым. Мен нанды жедим.* | ■ дан эгиндерин оозеки кепте колдоно алса;<br>■ дан эгиндери жөнүндөгү жомоктун мазмунун түшүнүп, өз сөзү менен айтып бере алса;<br>■ сүйлөө кебинде табыш жөндөмөсүнүн функциясын туура колдоно алса. | ■ дан болсо, нан болорун, нан болсо, эл ток болорун билсе;<br>■ дыйкандын эмгегин баалап, дыйканчылык кесипти сыйласа;<br>■ нан баарынан улук экенин билсе. |

**Сабактын тиби**: таанып-билүү (жаңы материалды өздөштүрүү).

**Сабактын формасы:** топ аралык иштөө.

**Сабакта колдонгон ыкмалар**: бири-бирин окутуу ыкмасы, роль ойноо.

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр, таблицалар, ребус, түстүү маркерлер.

### Сабактын жүрүшү

**1. Уюштуруу**:

Мугалим классты уюштуруп, жагымдуу жагдай түзөт, сабактын максаты менен тааныштырат.

2. Өтүлгөн сабакты кайталайт.

Үй тапшырмасы боюнча окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин текшерет, бышыктайт.

3. Жаңы теманы өтүү:

Мугалим окуучулар менен педагогикалык кызматташтыкта: "Келгиле, сүрөт боюнча дан эгиндерин билип алалы"... "Ой калчоо" (акыл чабуулу) ыкмасын колдонот.

– Балдар, нанды эмнеден жасайбыз?

– Ундан.

– Ал эми ун эмнеден жасалат?

– Буудайдан.

– Азаматсыңар, силер нан кайдан келерин билет экенсиңер. Биз бүгүн окуй турган жомок эмне жөнүндө болор экен, кана ойлонуп көргүлөчү.

**I. Мугалим текстке чейинки ой жүгүртүү үчүн берилген суроолор боюнча окуучулар менен ой бөлүшөт:**

– арпа менен буудай дан эгинби?

– силер кандай деп ойлойсуңар? Жомогубуз эмне жөнүндө?

(Балдарга 2-3 мүнөт ойлонууга убакыт берилет.)

**II. Жомоктун 1-абзацын көркөм окуп, ой жүгүртүү үчүн берилген суроолордун жообун угат:**

– жомок эмне жөнүндө экен?

– жомокту кандай атасак болот?

– буудай менен арпа эмне деп талашышты?

– талаш эмне менен бүтөр экен, силердин оюңар кандай?

(Балдарга 2-3 мүнөт ойлонууга убакыт берилет.)

– жомокту улантып окуйлубу?

**III. Мугалим жомоктун 2-абзацын көркөм окуп:**

Арпа-буудай аш болот, Алтын-күмүш таш болот – деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт.

**Ой жүгүртүү үчүн берилген суроолордун тегерегинде ой бөлүшөт:**

а) арпа, буудай, алтын жөнүндө эмне билдиңер?

б) "арпа, буудайың көп болсо, алтын өзү келет" дегенди кандай түшүндүңөр?

(Балдар 1-2 сүйлөм аркылуу өз ойлорун түшүндүрөт.)

Мугалим жомокту жыйынтыктап: Балдар, эгинди (арпа, буудай) көп айдасак, эл ток болот, ошондуктан элде: "Эгин айдоо – бул байлык жыйноо" жана "Күз – күрөш, жаз – жарыш" деген сөздөр калган экен. Бул макалдын мааниси эгер жазында эгин айдасаң күзүндө анын түшүмүн аласың. Түшүм жыйнап, дасторконуң берекеге толуп, токчулук болот дейт.



**IV. Жомокту топ аралык көркөм окуу.**

**Мугалим сабакты биз эмнелерди үйрөндүк** – деген суроого жооп аркылуу жыйынтыктайт.

– дан эгиндерин билип алдык;

– сүрөт менен иштедик, жакшы макалдарды билип алдык;

– нан кандай эмгектенүү менен келерин билдик;

– арпа менен буудай жөнүндө жомок окуп, нан алтындан да кымбат, баалуу экенин түшүнүп алдык.

**Үйгө тапшырма:**

- жомок боюнча сүрөт тартып келет.
- жомокту ата-энелерине окуп берет.

Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:

- эгерде окуучу көрсөткүчтөгү шарттардын (**9** шарт көрсөтүлгөн) баарына жооп бере алса, анда **"5"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын **6, 7** шарты гана аткарылса, **"4"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын жарым-жартылайы аткарылса, **"3"** деген баа коюлат.

## Тематикалык план

Жумасына – 3 саат, жыл бою – 102 саат.

| Циклдер | Тематикалык кырдаалдар | Бөлүнгөн сааттар | Текшерүү иши (өзүңдү текшер) |
|---|---|---|---|
| 1. Мектеп | 1-сабак. Саламдашуу (кайталоо сабагы) | 1 | |
| | 2-сабак. 1-сентябрь (кайталоо сабагы) | 1 | |
| | 3-сабак. Китебим (кайталоо сабагы) | 1 | |
| | 4-сабак. Мектепте. | 1 | |
| | 5-сабак. Кыргыз тили сабагында. | 1 | |
| | 6-сабак. Биздин класс. | 1 | |
| | 7-сабак. Биздин майрамдар. | 1 | |
| | 8-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| | 9-10-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |
| 2. Үй-бүлө | 11-сабак. Үй-бүлө. | 1 | |
| | 12-сабак. Ата-энем. | 1 | |
| | 13-сабак. Телефондо сүйлөшүү. | 1 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 14-сабак. Менин чоң атам. | 1 | |
| | 15-сабак. Кесиптер. | 1 | |
| | 16-сабак. Акылман энекем. | 1 | |
| | 17-сабак. Досумдун аты. | 1 | |
| | 18-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| | 19-20-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |
| 3. Жыл мезгилдери. Күз мезгили | 21-сабак. Аба ырайы. | 1 | |
| | 22-сабак. Күн тийип турат. | 1 | |
| | 23-сабак. Жыл мезгилдери. | 1 | |
| | 24-сабак. Тегеренген төрт мезгил. | 1 | |
| | 25-сабак. Алтын күз. | 1 | |
| | 26-сабак. Өзүңдү текшер. | | 1 |
| 4. Менин иш күнүм | 27-сабак. Убакыт. | 1 | |
| | 28-сабак. Саат канчада? | 1 | |
| | 29-сабак. Мектепке эрте барамын. | 1 | |
| | 30-сабак. Менин иш күнүм. | 1 | |
| | 31-сабак. Оку, иште, эринбе. | 1 | |
| | 32-сабак. Чыпалак баланын иш күнү. | 1 | |
| | 33-сабак. Бош убактым. | 1 | |
| | 34-сабак. Чыпалак бала футбол ойнойт. | 1 | |
| | 35-36-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |
| 5. Оюнчуктар | 37- сабак. Оюнчуктар. | 1 | |
| | 38-сабак. Сезимдин куурчагы. | 1 | |
| | 39-сабак. Түстөр. | 1 | |
| 6. Үй жаныбарлары. Кыш мезгили | 40-сабак. Үй жаныбарлары. | 1 | |
| | 41-сабак. Үй канаттуулары. | 1 | |
| | 42-сабак. Төө жөнүндө… | 1 | |
| | 43-сабак. Жылкы сүйөт баласын… | 1 | |
| | 44-сабак. Кыш мезгили. | 1 | |
| | 45-сабак. Жаңы жыл. | 1 | |
| | 46-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| | 47-48-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |
| 7. Адамдын келбети | 49- сабак. Адамдын келбети. | 1 | |
| | 50-сабак. Ак жуумал кыз. | 1 | |
| | 51-сабак. Эр Төштүк. | 1 | |
| | 52-сабак. Чыпалак бала – кичинекей бөбөк. | 1 | |
| | 53-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| 8. Кийим-кече | 54-сабак. Кийим-кече. | 1 | |
| | 55-сабак. Баш кийим. Бут кийим. | 1 | |
| | 56-сабак. Улуттук баш кийимдер. | 1 | |
| | 57-сабак. Улуттук баш кийимдер. | 1 | |



| | | | |
|---|---|---|---|
| | 58-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| | 59-60-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |
| 9. Идиш-аяк жана тамак-аш азыктары | 61-сабак. Идиш-аяктар. | 1 | |
| | 62-сабак. Улуттук идиш-аяктар. | 1 | |
| | 63-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| | 64-сабак. Тамак-аш. | 1 | |
| | 65-сабак. Улуттук тамак-аш. | 1 | |
| | 66-сабак. Кымыз. | 1 | |
| 10. Биздин үйүбүз | 67-сабак. Биздин үйүбүз. | 1 | |
| | 68-сабак. Менин бөлмөм. | 1 | |
| | 69-сабак. Боз үй. | 1 | |
| | 70-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| | 71-72-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |
| 11. Жаратылыш | 73-сабак. Жаратылыш. | 1 | |
| | 74-сабак. Жапайы айбанаттар. | 1 | |
| | 75-сабак. Жапайы канаттуулар. | 1 | |
| | 76-сабак. Чабалекей. | 1 | |
| 12. Жаз мезгили | 77-сабак. Жаз мезгили. | 1 | |
| | 78-сабак. Нооруз майрамы. | 1 | |
| | 79-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| | 80-81-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |
| 13. Жер-жемиштер | 82-сабак. Жер- жемиштер. | 1 | |
| | 83-сабак. Кара мончок карагат. | 1 | |
| | 84-сабак. Жемиш багы. | 1 | |
| | 85-сабак. Дарак – мөмөсү менен баалуу. | 1 | |
| | 86-сабак. Жашылчалар. | 1 | |
| | 87-сабак. Бакчамда. | 1 | |
| | 88-сабак. Эгин айдоо – байлык жыйноо. | 1 | |
| | 89-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз. | 1 | |
| | 90-91-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |
| 14. Менин Мекеним | 92-сабак. Мекеним – өз айлым Шекер. | 1 | |
| | 93-сабак. «Космос» кичи району. | 1 | |
| 15. Биздин Кыргызстан | 94-сабак. Кыргызстан. | 1 | |
| | 95-сабак. Кыргызстандын борбору – Бишкек. | 1 | |
| | 96-сабак. Ысык-Көл – Ала-Тоонун бермети. | 1 | |
| | 97-сабак. Кереметтүү Ала-Тоо. | 1 | |
| | 98- сабак. Манас – кыргыз элинин баатыры. | 1 | |
| 16. Жай мезгили | 99-сабак. Жай мезгили. | 1 | |
| | 100-сабак. Чыпалак бала жөнүндө жомок. | 1 | |
| | 101-102-сабактар. Өзүңдү текшер. | | 2 |

# 1-ЦИКЛ
# Тема: “МЕКТЕП”

1-сабак. Саламдашуу (кайталоо)
2-сабак. 1-сентябрь (кайталоо)
3-сабак. Китебим (кайталоо)
4-сабак. Мектепте
5-сабак. Кыргыз тили сабагында
6-сабак. Биздин класс
7-сабак. Биздин майрамдар
8-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз
9-10-сабактар. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## Киришүү сабагы

**Сабактын максаты:**

1. “Кыргыз тили” китеби жөнүндө айтып, анын авторлору жана сүрөтчүсү менен тааныштырат.

2. Балдардын кыргыз тилине болгон кызыгуусун арттырат.

Мугалим балдарга кайрылып, эмне үчүн кыргыз тилин окуп-үйрөнүү керек экенин түшүндүрүп, айтып берет.

Балдар, кыргыз тили түрк тилдерине кирет деп, дүйнөлүк картаны көрсөтүп, дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө эл түрк тилинде сүйлөрү жөнүндө баяндайт. Кыргызстанда кыргыз тили мамлекеттик тил болуп саналат. Ким кыргызча жакшы окуп, жазганды билсе, ал кыргыз достору менен сүйлөшө алат. Кыргыз тилин билген адам кыргыз элинин турмушу, каада-салты жана маданияты менен таанышат . “Манас” эпосун окуп, кыргыз элинин тарыхы менен да тааныша алат.

Балдар, бизге тил үйрөнүүгө “Кыргыз тили” окуу китеби жардам берет. Бул китепти силер үчүн Кенчиева Чолпон жана Сарылбекова Зууракан эжейлериңер жазды, сүрөтчү болсо силерге көп кызыктуу сүрөттөрдү тартуулайт.

Китепти булгабай, айрыбай таза сактагыла, анткени, китеп – билим булагы.



### *1-сабак.*
## САЛАМДАШУУ
(Кыргыз тилинин алфавитин кайталоо)

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Кыргыз тилинде саламдашууга үйрөнөт. Кыргыз тилинде 36 тамга жана 39 тыбыш бар экенин билет, **ө, ү, ң** тыбыштарынын артикуляциясын өздөштүрөт. | Саламдашуунун түрлөрүн сүйлөшүү кебинде колдоно алат. Өздөштүргөн **ө, ү, ң** тыбыштары менен сөздөрдү туура окуп, туура жаза алат. | Окуучулар бири-бири менен, мугалим эжейлери менен ар дайым сылык мамиледе болуп, адептүү болууга көнүгөт. Бир командада өз ара мамилелешип иштөөгө үйрөнөт. |

**Көрсөткүчтөр**

Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| ■ кыргыз тилиндеги 36 тамганы ирети менен айтып, эсине тута алса; ■ **ө, ү, ң** тыбыштарынын айтылыш өзгөчөлүктөрүн билип алса; ■ кыргыз тилине мүнөздүү болгон тыбыштарын **(кы-ки, гы-ги, ж-дж)** билсе; | ■ сүйлөшүү үлгүлөрү аркылуу саламдашуунун түрлөрүн билсе; ■ **ө, ү** үндүү тыбыштарынын айтылыш өзгөчөлүктөрүн өздөштүрө алса; ■ **ң** тыбышы менен башталган сөздөрдүн жок экенин билип алса; | ■ улуу адамдар жана классташтары менен жолукканда саламдашуу адебин сактаса; ■ бири-бирин сыйлап, достук мамиледе боло алса. |

**Сабактын тиби**: бышыктоо.

**Сабактын формасы**: жеке жана топ аралык (аралаш).

**Сабакта колдонгон ыкмалар:** роль ойноо, жупта иштөө, топто иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** кыргыз алфавитинин таблицасы, сүрөттөр, алфавиттер жазылган 36 карточкалар, ө, ү, ң тыбыштарынын айтылышын өздөштүрүүчү дидактикалык карточкалар.

## Сабактын жүрүшү

**1. Уюштуруу.**

Мугалим окуучулар менен саламдашып, жакшы маанай түзүп, аларды сабакка даярдайт.

**1-көнүгүү боюнча.** Сүрөт боюнча биринчи класста өтүлгөн лексикаларды кайталап, кыргыз тилинде саламдашуунун түрлөрүн эске салып, аларды оозеки кебинде колдоно билет. Бири-бирине сый мамиле жасоого көнүгөт.

*Үлгү:* А: Салам, Улукбек!
Салам, Азат!
Б: Саламатсыңбы, Акылай?
В: Саламатчылык, эжей!

**2-көнүгүү боюнча.**

а) "Роль ойноо" оюну. Бири-бири менен саламдашууга көнүгүп, саламдашуу маданиятына үйрөнүшөт.

*Үлгү:* А:
Б:
В:

**3-көнүгүү боюнча. Эсиңерге туткула!**

а) Кыргыз тилинин алфавитинде 36 тамга, 39 тыбыш бар.

Үндүү тыбыштар – 14

а, э, о, ө, у, ү, ы, и, аа, ээ, оо, өө, уу, үү.

Үнсүз тыбыштар – 25

б, в, г (ы), д, ж, дж, з, й, к (ы), л, м, н, ң, п, р, с, т, ф, к, ц, ч, ш, щ.

б) Кыргыз тилиндеги **Өө, Үү, ң** тыбыштарын кайталап, эске салат.

**"Ө"** тыбышы орус тилиндеги "Ё" тыбышын билдирет. **"Ө"** тыбышын айтуу үчүн "Э" тыбышын айтып, айтууда тилди өзгөртпөстөн эринди алдыга созуу керек. **(Э→Ө)**

**Мисалы:** көчө (кёчё) – улица
көл (кёл) – озеро ж. б.

**"Ү"** тыбышын айтуу үчүн "И" тыбышын айтып, айтып жаткан мезгилде тилди өзгөртпөстөн эринди алдыга созуу керек **(И→Ү)**

**"Ү"** тыбышы орус тилиндеги "Ю" тыбышына окшош айтылат.

**Мисалы:** бүгүн (бюгюн) – сегодня
күз (кюз) – осень

**"ң"** тыбышын айтууда тил таңдайга көтөрүлүп, аба мурун көңдөй аркылуу чыгат. "ң" тыбышы орус тилиндеги мурунчул "н" тыбышына жакындашып, (нг) тыбышынын айтылышын берет.

**Мисалы:** чоң – большой
жаңгак – орех

Кыргыз тилинде "ң" тыбышы менен башталган энчилүү жана жалпы аттар жок.

**Мисалы:** Жаңыл, Соң-Көл
жаңы, ак кайың ж.б.

в) **Сөздөгү бардык табыштарды биз угабыз жана окуйбуз. Тыбыштарды белгилөө үчүн кабыл алынган шарттуу белги – тамга.** Аларды көрөбүз жана жазабыз.



**4-көнүгүү боюнча.**

а) "Үч тамга" дидактикалык оюну. Орус алфавитинде жок тамгаларды жазууга көнүгүшөт.

*Үлгү:* ....... ....... .......



**Дене тарбия көнүгүү**

Биз **ө, ү,ң** тыбыштары катышкан сөздөрдү уксак колдорубуз шакылдайт, ө,ү,ң тыбыштары катышпаган сөздөрдү уксак , буттарыбыз такылдайт.

Сөздөр: коңгуроо, дептер, өчүргүч, китеп, үй, окуучу, мугалим, үч, көчө, салам.

**5-көнүгүү боюнча.** Сүрөттөн **ө, ү, ң** тыбыштары катышкан сөздөрдү туура жазууга машыгат.

*Үлгү:*

| Ө | Ү | Ң |
|---|---|---|
| өчүргүч | өчүргүч | коңгуроо |

**6-көнүгүү боюнча.** Окуучулар бири-бирине, мугалимге кайрылып, саламдашуунун түрлөрү боюнча машыгат, сабакта өтүлгөн лексиканы маанисине жараша колдоно алат.

- Мугалим текстти көркөм окуп, которуп берет.
- Акылай менен мугалимдин саламдашуусун балдар ролдоштуруп окушат.

Балдар, бүгүн баарыңар сабакка активдүү катыштыңар, азаматсыңар!

Биз **бүгүн сабакта эмнелерди үйрөндүк?** Эмнелерди эске салдык? Эжей менен, бири-бирибиз менен саламдаштык. Кыргыз тилинин алфавитин кайталап, **ө, ү, ң** тамгалары менен сөздөрдү окуп, туура жаздык.

**Үйгө тапшырма китеп боюнча берилет.**

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:**

- эгерде окуучу көрсөткүчтөгү шарттардын (**8** шарт көрсөтүлгөн) баарына жооп бере алса, анда **"5"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын **5, 6** шарты гана аткарылса, **"4"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын жарым-жартылайы аткарылса, **"3"** деген баа коюлат.

### *2-сабак*

## БИРИНЧИ СЕНТЯБРЬ

(кайталоо сабагы)

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| **о** жана **ө** үндүү тыбыштарынын артикуляциясын өздөштүрөт. Үнсүз тыбыштардын жоон жана ичке болуп айтылыш өзгөчөлүгүн үйрөнөт | 1-сентябрь – Билим күнү экенин билет. Саламдашуунун түрлөрүн турмушта колдоно алат. Кеп маданиятын өстүрөт. | Улууларды урматтап, сылык мамиле жасоого үйрөнөт. Саламдашуу адеби – бул парз экенин билет. |

**Көрсөткүчтөр**

Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| - **о** жана **ө** үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдүн маанисине жараша айырмалап окуп, жаза алса; - үндүүлөрдүн ичке жана жоон болуп бөлүнүшүн билип, үнсүздөрдүн тыбыштык өзгөчөлүгүнө жараша айтылышын оозеки кепте туура колдоно алса; | - классташы менен, мугалимдер жана улуу бейтааныш адамдар менен саламдашканды билип алса; - билим күнүн толкундануу менен кабыл алып, сезе билсе; - пикир алышууда кеп маданиятын сактай алса; | - саламдашуу адеби парз экенин билсе; - мектептеги мугалимдер жана улуулар, чоң ата менен саламдашкылары келсе; - акын Муса Жангазиевге "Биринчи сентябрь" деген ыры үчүн ыраазы болуу сезим пайда болсо; - билим алып жатканына сыймыктана алса. |

**Сабактын тиби:** бышыктоо

**Сабактын формасы:** аралаш

**Сабакта колдонгон ыкмалар:** эки-экиден иштөө, коллективде иштөө.

**Сабактын жабдылышы**: жоон үндүүлөр үчүн – көк, ичке үндүүлөр үчүн – кызыл маркерлер, Муса Жангазиевдин портрети.

### Сабактын жүрүшү

**1. Уюштуруу**:

Мугалим психологиялык жагымдуу жагдай түзүп, классты уюштурат.

| фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүлөрү |
|---|---|---|---|
| о – ө | адатынча<br>кагылды<br>жаңырды | | Ассалам алейкум, чоң ата!<br>Алейкум ассалам, уулум!<br>Саламатсыңарбы, балдар?<br>Саламатчылык, эжей! |



**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим окуучулар менен (**о – ө**) тыбыштары катышкан сөздөрдү хор менен окуп, артикуляциясын өздөштүрөт: кол-көл, ток-төк, ор-өр.

**2-көнүгүү боюнча:** Фонетикалык көнүгүү китепте берилген үлгү боюнча иштетилет.

**Эсиңерге туткула!**

Кыргыз тилинде үндүү тыбыштар төрткө бөлүнөт.

1. Эринсиз жоон үндүүлөр: а, ы
2. Эринсиз ичке үндүүлөр: э, и
3. Эриндүү жоон үндүүлөр: о, у
4. Эриндүү ичке үндүүлөр: ө, ү

Кыргыз тилинде бир сөз ичинде жоон эринсиз(а, ы) же ичке эринсиз(э, и), жоон эриндүү (о, у) же ичке эриндүү (ө,ү) тыбыштары гана айтылат.

| **Мисалы:** | <u>а-ы</u> | <u>о-у</u> | <u>э-и</u> | <u>ө-ү</u> |
|---|---|---|---|---|
| | Алмаз, | окуучу, | мектеп, | көчө |
| | жакшы, | тогуз, | терезе, | бөлмө |
| | бала, | короз, | эже, | көнүгүү |

Демек, сөздөгү үндүү тыбыштардын тилге жана эринге карата үндөшүп(окшошуп) айтылышын **үндөшүү** (сингармонизм) закону деп аталат. Ошондуктан, үнсүз тыбыштар жоон үндүүлөр менен жоон, ичке үндүүлөр менен ичке болуп айтылат.

Сингармонизм законуна баш ийбеген сөздөр дисгармония процессине дуушар болот.

**Мисалы:** мугалим, адабият, аскер, октябрь ж.б.

Кыргыз тилинде башка түрк тилдериндей эле, "у" тыбышынан кийин "а" тыбышы келе берет.

**Мисалы:** жазуу – жазуучу, Улан, улак, окуучу – окуучулар ж.б.

Мындагы үндүүлөр (у – а) тилге карата ээрчиди, эринге карата ээрчиген жок. Мындай көрүнүштү толук эмес сингармония дейбиз.

**Эскертүү. Мугалим окуучулар үчүн сабакта үндүүлөрдүн жоон жана ичке болуп экиге бөлүнүшүнө гана токтолуп, эске түшүрөт.**

**3-көнүгүү боюнча.** Үлгү боюнча ичке жана жоон үндүүлөр катышкан сөздөрдү аныктап, таза жазууга, сабаттуулугун арттырууга көңүл бурулат.

**4-көнүгүү боюнча.** Үнсүздөрдүн жоон жана ичке болуп айтылышын туура окуп, машыгат: бор, отургуч.

Үлгү боюнча фонетикалык талдоо жүргүзүлөт.

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде мен айткан сөздөрдүн ичинен жоон үндүү тыбыш катышкан сөздөрдү туура уксаңар, алакан чаап шаттанабыз, ичке үндүү тыбыш катышкан сөздөрдү уксаңар, бутубузду такылдатабыз.

**Сөздөр: эже, сызгыч, бала, окуучу, мектеп, бор, өчүргүч.**

**5-көнүгүү боюнча.** Окуучулар өткөн сабактагы өтүлгөн лексиканы колдонуп, саламдашуунун түрүн өздөштүрөт.

**6-көнүгүү боюнча.** "Саламдашуу" кырдаалы боюнча өздөштүргөн кеп конструкциясы аркылуу сүйлөшүүгө үйрөнөт.

**7-көнүгүү боюнча.** Диалогду маанисине жараша толуктоо аркылуу, окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү өсөт.

*Үлгү:* Мугалим: – Саламатсыңарбы, балдар?

Окуучулар: – Саламатчылык, Анара Исаевна!

**8-көнүгүү боюнча**. Китепте берилген үлгү боюнча "көл" деген сөздөгү тыбыш, тамгаларды жана ичке үнсүз тыбыштарды аныктоо.

**а)** Мугалим балдардын көңүлүн М. Жангазиевдин портретине буруп: "Балдар, акын Муса Жангазиев 1-сентябрь – Билим күнүнө арнап ыр жазган экен. Мен ырды окуп берейин, силер угуп тургула, анан чогуу окуйбуз".

**б)** Мугалим "1-сентябрь" деген ырды көркөм окуп, ырдагы жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт.

**Мисалы:** адатынча – как обычно

кагылды – прозвенел

жаңырды – здесь: начинается

- Балдар, сабак башталарда жана бүтөрдө эмне кагылат?
- Коңгуроо кагылат (хор менен кайталоо).
- Туура айттыңар, коңгуроо кагылат.

**в)** Окуучулар мугалим менен ырды чогуу окуп, кайталашат. Биринчи катар, экинчи катар болуп дагы кайталашып, тил жатыктырат.

**г)** Ырдын орус тилиндеги котормосун хор менен чогуу окушат.

**д)** Ырдагы тааныш сөздөр доскадан өчүрүлүп, окуучулар аларды толуктап окушат.

**Мисалы:**................. коңгуроосу

кагылды.

......................................

.................жаңырды.

**е)** Ырды мугалимдин жардамы менен сабакта эске тутуп, алышат.

**- Балдар, сабакта биз эмне кылдык?**

- "О" жана "Ө" тамгалары менен көп сөз окудук.
- Дагы эмне кылдык?
- Чоң ата, мугалим эжей жана досубуз менен саламдаштык. Ырды көркөм окуп, эсибизге тутуп алдык.

**Үйгө тапшырма китеп боюнча берилет.**

Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:



- эгерде окуучу көрсөткүчтөгү шарттардын (**9** шарт көрсөтүлгөн) баарына жооп бере алса, анда **"5"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын **6, 7** шарты гана аткарылса, **"4"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын жарым-жартылайы аткарылса, **"3"** деген баа коюлат

## *3-сабак*
## КИТЕБИМ
(кайталоо сабагы)

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Бул ким? Бул эмне? деген суроого жооп бергенди үйрөнөт. **о, ө** үндүү тыбыштары менен сөздөрдү туура жазат. | Суроолорго жооп берүү аркылуу оозеки кебин калыптандырып, сөз өстүрөт. Ырды көркөм окуганга машыгат. | Балдар бири-бирин сыйлап, адептүү болууга көнүгөт. Бири-бири менен кызматташтыкта болуп, биргелешип мамиле түзүп иштөөгө көнүгөт. Китепти таза сактоого үйрөнөт. |

**Көрсөткүчтөр**

Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| - "Бул ким?" деген суроо адамга гана берилерин билсе;<br>- "Бул эмне?" деген суроо башка жандуу, жансыз заттарга берилерин билсе; | - суроо-жооп аркылуу маалымат алмаша алса;<br>- ролдоштуруп окуганды өздөштүрө алса;<br>- кырдаалдар боюнча кеп конструкциясынын үлгүсү аркылуу өз алдынча эркин сүйлөшө билсе;<br>- ырдын маанисин түшүнүп, көркөм окуганга кызыкса; | - биринин эмгегин бири баалаганда сабырдуулукту сактай (толеранттуу) билсе;<br>- өз ийгилигине кубангандай, жолдошунун ийгилигине да кубана билсе;<br>- китеп – бул билим булагы экенин туя билсе. |

**Сабактын тиби:** кайталап бышыктоо

**Сабактын формасы**: аралаш

**Сабакта колдонгон ыкмалар:** жеке иштөө, бири-бирин баалоо, жупта иштөө, роль ойноо оюну.

**Сабактын жабдылышы:** Аалы Токомбаевдин портрети, сүрөттүү карточкалар, жат жазууну баалоонун критерийинин таблицасы.

## Сабактын жүрүшү

1. **Уюштуруу**:

Сабакта жагымдуу жагдай түзүлөт.

| фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүлөрү |
|---|---|---|---|
| о – ө | асыл<br>акыл<br>изде | - Бул ким?<br>- Бул мугалим.<br>- Бул эмне?<br>- Бул китеп. | - Салам, Азат!<br>- Салам, Акылай.<br>- Азат, бул ким?<br>- Бул- Алеша. |

**1-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык машыгуу. Сөздүк жат жазуу: ор-өр, кол-көл, ток'-төк.

Мугалим китепти балдарга жаптырып, аталган сөздөрдү окуп жаздырат. Балдар бири-бири менен дептерин алмаштырып, жат жазууну текшерип, баалашат. Мугалим баалоонун критерийин доскага жазып коёт:

Туура баалаган "мугалим" алкоого татыктуу болот. 1 ката – "5"; 2 ката – "4"; 3 ката – "3"; 4 ката – "2".

**2-көнүгүү боюнча.** Сөздөрдү жоон жана ичке үндүүлөр менен туура окуганга машыгат, тил жатыктырат жана "ток" деген сөздү 2-сабактын 4-көнүгүүсүндөгү үлгүгө салып иштешет.

**3-көнүгүү боюнча.**

а) Балдар 1-класста өтүлгөн сөздөрдү сүрөт боюнча мугалим менен бирге чогуу окуп, хор менен кайталашат: **окуучу, сызгыч, өчүргүч**.

б) Эки-экиден окуп кайталашат.

в) Рифмаланган сөздөрдү жеке кайталайт.

Калем.
Калем сап.
Китеп.
Китеп кап ж.б.

**4-көнүгүү боюнча.**

а) 3-көнүгүүдөгү сүрөттөргө окуучулардын көңүлүн буруп: **Бул ким? Бул эмне?** деген суроолорду берүүдөн баштайт. Негизги максат: **Бул ким?** деген суроо адамдарга гана берилерин, **Бул эмне?** – жандуу жана жансыз зат атоочторго берилерин өздүштүрөт.

**Мисалы:** – Бул ким? – Бул мугалим
– Бул эмне? – Бул мектеп
– Бул эмне? – ....

б) "Котормочу" оюну. Суроо-жоопту кыргыз тилине жана орус тилине которот. *Үлгү:*

– Кто это? – Это учитель – Бул ким? – Бул мугалим
– Это что? – Это книга – Бул эмне? – Бул китеп



**5-көнүгүү боюнча.** Лексика – грамматиканы өздөштүрөт.

Окуучуларга сүрөттүү карточкалар таратылып, парта-парта болуп (экиэкиден) бири экинчисине суроо берип, жообун угат, бири-бири менен сый мамиле түзүүгө үйрөнүшөт.

– Бул эмне? – Бул өчүргүч
– Бул ким? – Бул бала
– ............... – ...............

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде мен айткан сөз **ким**? деген суроого жооп берсе, башыңарды оң жакка бургула, эгерде сөз **эмне?** деген суроого жооп берсе, башыңарды солго бургула.

**Сөздөр: мугалим, китеп, дептер, окуучу, Алишер, мектеп, Акылай, кыз, калем сап, бала.**

**6-көнүгүү боюнча.** Ролдоштуруп окууга көңүл бурулат.

Балдар саламдашып жатышат, келгиле, биз да саламдашканды үйрөнөлү.

**7-көнүгүү боюнча.** "Саламдашуу" кырдаалы. Кеп конструкциясынын үлгүсү боюнча ролдо ойноп, сүйлөшүүгө көнүгөт. (6-көнүгүү боюнча)

**8-көнүгүү боюнча.**

Мугалим: Аалы Токомбаевдин "Китебим" деген ырын өткөн сабактагы "1-сентябрь" деген ырынын ыкмасын колдонуп иштесе болот. Ырдагы сөздөрдүн маанисин түшүнүп, тил жатыктырат.

**Биз сабакта эмнелерди үйрөндүк:**

– жат жазуу жазганды үйрөндүк;

– "Ким?", "Эмне?" деген суроого жооп бергенди үйрөндүк;

– А.Токомбаевдин "Китебим" деген ырын көркөм окуганга үйрөндүк жана сүйлөштүк.

**Үйгө тапшырма** китеп боюнча берилет.

Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:

- эгерде окуучу көрсөткүчтөгү шарттардын (**9** шарт көрсөтүлгөн) баарына жооп бере алса, анда **"5"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын **6, 7** шарты гана аткарылса, **"4"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын жарым-жартылайы аткарылса, **"3"** деген баа коюлат

## *4-сабак*
## МЕКТЕПТЕ

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Сөздөрдү туура үндөштүрүп окуганга, жазганга үйрөнөт. Ырды жатка көркөм окуганга үйрөнөт. Жаңы сөздөрдү, I, II жактагы таандык зат атоочтун жасалышын өздөштүрөт. | Билип алган таандык зат атоочторду колдонуп, бири-бири менен тааныша алат. Саламдашуу, таанышуу кырдаалдары боюнча диалог кебин өстүрөт. "Мектепте" деген ыр аркылуу сөз байлыгын өстүрөт, кыргыз тилине кызыгат. | Ар дайым өзү билим алып жаткан мектеби менен сыймыктанат. Мектептеги мугалимдери жана классташтары менен сылык мамиледе болот. Мектебин сүйүп, ага камкордук кылууга үйрөнөт. |

**Көрсөткүчтөр**

Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| - үндүүлөрдү үндөштүрүп туура окуганга үйрөнө алса;<br>- жак мүчөлөрдү (I, II) айырмалап билип алса;<br>- жаңы сөздөрдү туура жаза алса; | - бири-бири менен тааныша алса;<br>- мектептен сырткары өз теңтуштары менен да таанышса;<br>- өздөштүргөн сөздөрдү жазуу жана оозеки кебинде колдоно алса; | - окуган мектебинин эрежесин жакшы билсе;<br>- мектептин мүлкүнө сактык менен мамиле кыла алса;<br>- өзүн жакшы алып жүрүү адебин сактай алса. |

**Сабактын тиби**: таанып-билүү (жаңы материалды өздөштүрүү)

**Сабактын формасы**: аралаш

**Сабакта колдонгон ыкмалар**: жеке иштөө, жупта иштөө, коллектив аралык иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** үндүүлөрдүн бөлүнүшү боюнча схема-таблица. "Учит школа" ырынын аудиокассетасы.

### Сабактын жүрүшү

**1. Уюштуруу:**

Мугалим окуучулар менен жагымдуу жагдай түзүп, сабактын максатын аныктайт.



| фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүлөрү |
|---|---|---|---|
| а, ы, е, и<br><br>о, у, ө, ү | алты<br>бутак<br>жүгөрү<br>жылан<br>жибек | Менин ат**ым**<br>Сенин ат**ың** | – Салам!<br>– Салам!<br>– Сенин ат**ың** ким?<br>– Менин ат**ым** Алишер.<br>– А сенин ат**ың** ким?<br>– Менин ат**ым** Азат. |

**1-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык машыгуу: **ө** тыбышын жана ал катышкан жаңылмачтын тексти аркылуу тил жатыктырат.

**2-көнүгүү боюнча.** а) Фонетикалык көнүгүүнү "топ" оюну аркылуу аткарып тил жатыктырат. Мугалим жана окуучулар тегерете туруп, бири-бирине топ ыргытуу менен кайталап, оюн улантылат

б)"Көпөлөк" деген сөздөгү жоон жана ичке үндүүлөрдү аныктайт.

**Эсиңерге туткула!**

Кыргыз тилинде үндүүлөр орус тилиндегидей жоон, ичке жана кең, кууш болуп бөлүнөт. (Мугалим класстын деңгээлине жараша үндүүлөрдүн жоон жана ичке болуп бөлүнүшүнө көңүл бурса болот).

Биринчи катар мугалим менен кошо кең үндүүлөрдү чогуу окуйт: **а, э, (е), о**. Экинчи катара кууш үндүүлөрдү окуйт**: ы, и, у, ү**.

Кыргыз тилинде бир эле сөздө жоон үндүү, жоон үндүү тыбыштар, ичке үндүү, ичке үндүү тыбыштар менен бирге айтылат. Бирге айтылган үндүүлөрдү хор менен да, жеке-жеке да окушат.

| | |
|---|---|
| а→ы | ы→а |
| э→и | и→э |
| о→у | у→а (өзгөчөлүк) |
| ө→ү | ү→ө |

**3-көнүгүү боюнча.**

**а)** "Катылган сөздү тап" оюну. Активдүү лексикаларды өздөштүрүү.

Мугалим сүрөт боюнча **бутак, жүгөрү, жылан, жибек** деген сөздөрүн окуйт, окуучулар хор менен окуп, кайталашат. Берилген сөздөрдүн ичинен мугалим "Бир сөздү мен каттым"- дейт. Сөздү туура тапкан балага "ооба", таппаган балага "жок" деп жооп берип турушат. Тапкан бала оюнду улантат. Балдар улам бир сөздү табам деп кайталап отуруп, сөздөрдү эстеп калышат.

б) "Ким сабаттуу?" оюну. Максаты: ар бир схемага ылайыктуу сөздөрдү үндөштүрүп туура жазат.

*Үлгү:* **А.** а – ы: алты;

.........................

**Б.** тапшырмасын үйдөн иштейт.

**4-көнүгүүнү** мугалим 7- көнүгүүдөн кийин аткартат.

"Мектепте" деген ырды жылуу, жайдары маанайда ырдатат.

**5-көнүгүү боюнча.**

а) Келгиле, таанышалы! "Таанышуу" диалогун көркөм окуп, сүйлөшүү кебин өстүрөт.

б) 1, 2 жактын (-ым, -ың) жак мүчөлөрүн айтууга машыгышат:

Мен – менин ат**ым**. } 2 жолу
Сен – сенин ат**ың**.
Мен – менин атым Аман. } 2 жолу
Сен – сенин атың Азат.

**6-көнүгүү боюнча.** "Таанышуу" кырдаалы боюнча алым-сабак сүйлөшкөнгө үйрөнөт. Бири-бири менен мамиле түзүп достошот. Окуучулар эки-экиден бир-бири менен таанышат.

**Таанышуу**

- Салам!
- Салам!
- Менин атым Аман. Сенин атың ким?
- Менин атым Азат.

..............................................................................

**7-көнүгүү боюнча.**

а) "Роль ойноо" оюну. Максаты: жомоктогу каармандар менен таанышканды үйрөнөт.

Акылай бул жомоктун каармандары менен таанышкысы келет, келгиле, угалы. Доскага 4 окуучу чыгып, каармандардын ролун ойноп, бир-бири менен таанышышат.

- Салам.
- Салам.
- Менин атым Акылай. Сенин атың ким?
- Менин атым Чыпалак бала.
- А сенин атың ким?
- Менин атым Чебурашка. Сенин атыңчы?
- Менин атым Крокодил Гена.

б) "Мектепте" деген ырды шаңдуу, жайдары маанайда ырдатат. Балдар, биз ырдап жүргөн "Учит школа" деген ырды кыргызча которуп, обону менен ырдап жүрөлү.

**Бүгүн биз сабакта эмне кылдык?**

– сабакта Чыпалак бала, Чебурашка менен тааныштык;

– "Мектепте" деген ырды орус тилинде, кыргыз тилинде ырдадык.

окудук, ойнодук.



**Үйгө тапшырма** китеп боюнча берилет.

Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:

- эгерде окуучу көрсөткүчтөгү шарттардын (**9** шарт көрсөтүлгөн) баарына жооп бере алса, анда **"5"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын **6, 7** шарты гана аткарылса, **"4"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын жарым-жартылайы аткарылса, **"3"** деген баа коюлат

## *5-сабак*
## КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Суроолуу **(-бы)** мүчөсү аркылуу берилген суроого"ооба" же "жок" деп жооп бергенди үйрөнөт. Ырды обону менен ырдап, сөз өстүрөт. | Суроого оң жана терс жооп берип, оозеки кеби өсөт. Саламдашуу, коштошуу адебин сүйлөө кебинде колдонот. | Сабакта гана эмес, үйдө, коомдук жерлерде маданияттуу сүйлөөгө үйрөнөт. Теңтуштары менен мамиле түзүп, сүйлөшө алат. |

**Көрсөткүчтөр**

Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| - суроолуу (**-бы**) мүчөсүнүн фонетикалык варианттарынын үндөшүүсүн билип алса; - жумшак үнсүздөн кийин (**-бы**), катkалаң үнсүздөн кийин **(-пы)** мүчөлөрү уланарын билсе; | - сүйлөшүүдө жооптун оң жана терс формаларын колдоно алса; - мектепте, класста жана башка жерлерде саламдашуу, коштошуу адебин эске ала жүрсө; | - саламдашуу сыяктуу, коштошуу да парз экенин сөзө билсе. |

**Сабактын тиби:** таанып-билүү (жаңы материалды өздөштүрүү)

**Сабактын формасы:** аралаш

**Сабакта колдонгон ыкмалар**: жеке иштөө, жупта иштөө, коллектив аралык иштөө.

**Сабактын жабдылышы**: таблица, түстүү маркерлер, диалогдун үлгүсү.

## Сабактын жүрүшү

**1. Уюштуруу**:

Мугалим класста иштөө үчүн психологиялык жагымдуу жагдай түзүп, сабакты уюштурат.

| фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүлөрү |
|---|---|---|---|
| "о – ө" | улуулар<br>саламдашуу<br>коштошуу<br>узатуу<br>парз<br>көрүшкөнчө. | – Бул балабы?<br>– Ооба, бул бала.<br>– Жок, бул бала эмес, бул кыз. | – Салам!<br>– Менин атым Аман.<br>– Сенин атың ким?<br>– Менин атым Улан.<br>– Улан, көрүшкөнчө.<br>– Көрүшкөнчө! |

**1-көнүгүү боюнча.** Сөздүк жат жазуу.

**2-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык көнүгүүдөгү үлгүдөй иштетилет: "өр".

**Эсиңерге туткула!**.

Бүгүн сабакта (-бы?) суроолуу мүчөсү аркылуу суроо берип, берилген суроого "ооба" же "жок" деп жооп бергенди үйрөнөбүз. – бы суроолуу мүчөсүнүн 8 варианты бар деп, окуучулардын көңүлүн таблицага буруп, эгерде сөздүн аягында каткалаң үнсүз болсо, "–пы" мүчөсү, калган учурда "–бы" мүчөсү уланат деп түшүндүрөт. Сөздөгү акыркы үндүүгө карата мүчөдөгү үндүү да өзгөрөт.

| | |
|---|---|
| Үндүүлөрдөн жана жумшак үнсүздөрдөн кийин: | **-бы,-би, -бу,-бү** |
| Каткалаң үнсүздөрдөн кийин: | **-пы,-пи, -пу,-пү** |

Мугалим сүрөт боюнча иштеп, сөздүн аягындагы мүчөлөрдү кайталап окутат:

**Мисалы:** – Бул окуучубу?
– Ооба, бул окуучу.
– Бул окуучубу?
– Жок, окуучу эмес. Бул мугалим.
.....................................................

Окуучулар китептеги сүрөт аркылуу берилген үлгү боюнча "ооба" деп оң, "жок" деп терс жооп бергенге үйрөнөт.

*Үлгү:*

Бул окуучубу? ..................................

Ооба, бул окуучу. ..................................

................................. ..................................

**3-көнүгүү боюнча.** "Суроо-жооп" оюну. Көп чекиттин ордуна **(-бы)** мүчөсүнүн вариантын коюп, оң жана терс жообун дептерге туура жазышат.



*Үлгү:* **А**. Бул бала -....? – Ооба...
.......................................

**Б.** тапшырмасы үйдө аткарылат.

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде берилген суроого **«Ооба»** деп жооп берилсе, башыңарды ийкегиле. Берилген суроого **«Жок»** деп жооп берилсе, башыңарды чайкагыла. **Мисалы:** Бул мектеппи? Бул окуучубу? ж.б.

(Тема боюнча мугалимдин чеберчилигине жараша өткөрүлөт. М: 3-көнүгүү оозеки)

**4-көнүгүү боюнча.** "Тапкылачы" оюну. Максаты: **-бы** мүчөсү аркылуу суроо бергенди, ага оң жана терс жооп бергенди үйрөнөт.

*Үлгү:* – Бул Уланбы?
– Жок, бул Улан эмес, Аман.
– ......................

**5-көнүгүү боюнча.** Диалогду ролдоштуруп окуп, окуучулар коштошуу кырдаалын эске салышат.

**6-көнүгүү боюнча.** Диалогдогу кеп конструкциясы аркылуу (5-көн.) Таанышуу жана коштошуу кырдаалдары боюнча сүйлөшүшөт.

*Үлгү:* – Салам!
– Салам!
– Менин атым Аман.
– Сенин атың ким?
– Менин атым Улан.
– Улан, көрүшкөнчө!
– Көрүшкөнчө!

**7-көнүгүү боюнча.** "Коштошуу адеби" ырынын тексти менен иштөө.

Саламдашуу сыяктуу,
Коштошуу да салт болот.
Кош айтышып узатуу,
Адамдарга парз болот.

Бул жерде: Коштошуу да салт болот – считается традицией,
Кош айтышып узатуу – прощание,
Парз болот – считается долгом.

1) "Коштошуу адеби" ырындагы жаңы сөздөрдүн турмуштагы маанисин чечмелеп берет.

2) Мугалим көркөм окуйт.

3) Балдар чогуу кайталап окуп, эстерине тутат.

Мугалим доскадагы муунга бөлүнүп жазылган **(көр-үш-көн-чө)** деген сөздү эки жолу муундап окуйт. Окуучулар да кайталашат.

"Балдар, биз коштошордо кайсы сөз жардамга келет? "Көрүшкөнчө" деп чогуу окушат. Кыргыз тилинде басым сөздүн аягына келет."Көр-үш-көн-чө" дегенде аякы муунга коюлду. Басымды туура коюп окуйлу! "көр-үш-көн-чө"

Мына, сабак аяктады. Мен силер менен коштошоюн:

- Балдар, көрүшкөнчө!
- Эжей, көрүшкөнчө!

**Үйгө тапшырма** китеп боюнча берилет.

Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:

- эгерде окуучу көрсөткүчтөгү шарттардын (**5** шарт көрсөтүлгөн) баарына жооп бере алса, анда **"5"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын **4** шарты гана аткарылса, **"4"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын жарым-жартылайы аткарылса, **"3"** деген баа коюлат.

### *6-сабак*
## БИЗДИН КЛАСС

**Сабактын максаттары:**

| **Билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **Тарбия берүүчүлүк** |
|---|---|---|
| 10дон 30га чейин санаганды үйрөнөт.<br>"Канча жаштасың?" деген суроого туура жооп бергенди үйрөнөт.<br>Аягы **"з"** тыбышы менен бүткөн сөздүн айтылыш өзгөчөлүгүн өздөштүрөт. | Үйрөнгөн сандарды диалог жана монолог тексттеринде туура колдоно алат.<br>Текст аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт. | Окуучулар класстагы эмеректерди, окуу куралдарын жакшы сактоого аракет кылат.<br>Коллективде өзүн жакшы алып жүрүү адебине көнүгөт. |

**Көрсөткүчтөр**

Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| - эсептик сандарды катары менен кайра тескерисинче санап машыга алса;<br>- суроо бергенди жана ага жооп бергенди үйрөнүп алса; | - ар бир окуучу өзүнүн жана ата-энесинин жашын туура айта алса;<br>- сан атоочтор зат атооч менен айкашканда көптүк мүчө уланбаганын эске тутуп алса; | - өзү окуган классын экинчи «үйү» катарында сезе билсе;<br>- класстагы эмеректерди сактай билсе;<br>- класс жетекчиси, мугалимдери жана классташтарын сыйлай билсе. |



**Сабактын тиби:** таанып-билүү (жаңы материалды өздөштүрүү)

**Сабактын формасы**: аралаш

**Сабакта колдонгон ыкмалар:** " Котормочу" оюну, роль ойноо оюну, эки-экиден иштөө.

**Сабактын жабдылышы**: класстагы эмеректер, карточкалар, окуу куралдары.

### Сабактын жүрүшү

**1. Уюштуруу**:

Класста психологиялык жагымдуу жагдай түзүү, сабактын максатын аныктоо.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүлөрү |
|---|---|---|---|
| У-Ү | он бир<br>он эки<br>.......<br>отуз (отус)<br>түз (түс)<br>тынч | Эсептик сан атооч<br>*********<br>5 окуучу<br>12 китеп | - Салам!<br>- Менин атым Санжар.<br>- Сенин атың ким?<br>- Менин атым Аман.<br>- Аман, сен канча жаштасың?<br>- Мен 8 жаштамын.<br>- А сен канча жаштасың?<br>- Мен 9 жаштамын.<br>- Көрүшкөнчө!<br>- Көрүшкөнчө! |

**Эстегиле!** Окуучулар таблицада берилген сандарды окуп, аларды эске салышат:

– "Бул канча", "саначы" сөздөрдүн суроолуу мааниси, класстагы предметтерди саноо аркылуу түшүндүрүлөт, класстагы буюмдарды санап билип алышат.

**Мисалы:** – Саша, класста канча доска, саначы? – .................................

– Акылай, класста канча парта, саначы? – ..............................

– ..............................

а) "Бул канча, саначы?" оюну аркылуу, балдар, 10дон 30га чейинки сандарды санап аларды өздөштүрөт.

б) Өздөштүргөн сандарды (11-30) эске тутуп, бышыктоо максатында, ар бир окуучуга предметтердин санын көрсөтүп турган сүрөттүү карточкалар берилип, алардын саны аныкталат.

в) Сызгычтардагы сандарды башынан аягына, кайра аягынан башына чейин санайт. Ар бир окуучу өзүнүн сызгычы менен иштейт.

<u>0 1 2 3 4 5 6 7 8 9 10</u>

<u>0 20</u>

<u>0 30</u>

**1-көнүгүү боюнча.** Дептерге окуучулар сандарды жазуу түрүндө туура жазууга көнүгөт, тил жатыктырылат.

**Эскертүү!** Аягы "з" тамгасы менен бүткөн сөздөрдүн айтылышына көңүл бурат. Отуз (отус), түз (түс), он сегиз (он сегис).

**2-көнүгүү боюнча.** "Ким туура окуйт" оюну. "У" жана "Ү" үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү окуп, тил жатыктырат.

"түз" жана "тынч" деген сөздөрдүн мааниси сабакта дене тарбия көнүгүүсүн өткөрүүгө байланыштуу берилет.

1,2,3 отурабыз <u>түз</u>

1,2,3 отурабыз <u>тынч.</u>

**3-көнүгүү боюнча.** "Котормочу" оюну. Максаты: китепте берилген сөз айкашын оозеки которуп машыктырат.

*Үлгү:* А тапшырма: 22 китеп – 22 книг.............

Б тапшырма: 13 ручке –13 калем сап.............

Б тапшырмасы жазуу түрүндө үйгө берилет.

**Эсиңерге туткула!**

Кыргыз тилинде зат атооч сөздөр сан атооч сөздөр менен бирге айтылса, алар жекелик гана санда колдонулат.

Таблицаны карагыла!

| <u>**Жекелик сан**</u> | <u>**Көптүк сан**</u> |
|---|---|
| окуучу | окуучу<u>лар</u> |
| китеп | китеп<u>тер</u> |
| 5 окуучу | 5 окуучу |
| 12 китеп | 12 китеп |
| 10 парта | 10 парта |

**4-көнүгүү боюнча.** Кеп конструкциясы боюнча суроого жооп бергенди үйрөнөт, бири-бири менен сылык мамиледе болушат.

**5-көнүгүү боюнча.**

а) "Ким канча жашта, ким билет?" оюну. Оюндун максаты: Биринчи окуучу экинчисинин жашын туура айтууга үйрөнөт, эс тутумун калыптандырат.

– Азат, сен канча жаштасың?

– Мен, 8 жаштамын.

– А сен канча жаштасың?

– Мен 9 жаштамын.

.......................................

**6-көнүгүү боюнча.** Текст менен иштөө. "Биздин класс" деген текстти окуп которууда 30га чейинки сандарды билип алышат.

а) Мугалим көркөм окуйт.

б) Окуучулар хор менен кайталап окушат

в) Ар бир окуучу окуп которот.



**7-көнүгүү боюнча.** Текст боюнча берилген суроого жооп аркылуу сандар бышыкталат, окуучулардын байланыштуу кеби өсөт.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

- 10дон 30га чейин санаганды үйрөндүк;
- бири-бирибиздин жашыбызды билип алдык.

Балдар, бүгүнкү сабактагы котормочуларга "Эң мыкты котормочу" деген наам беребиз. Келгиле, аларды куттуктайлы.

**Үйгө тапшырма китеп боюнча берилет.**

Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:

- эгерде окуучу көрсөткүчтөгү шарттардын (**7** шарт көрсөтүлгөн) баарына жооп бере алса, анда **"5"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын **5, 6** шарты гана аткарылса, **"4"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын жарым-жартылайы аткарылса, **"3"** деген баа коюлат

### *7-сабак*

## БИЗДИН МАЙРАМДАР

**Сабактын максаттары:**

| **Билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **Тарбия берүүчүлүк** |
|---|---|---|
| Иреттик сан атоочторду өздөштүрүп, аларды туура жазганга үйрөнөт. | Иреттик сан атоочторду кырдаал боюнча сүйлөшүүдө жана жазууда колдоно алат. | Мугалимдин эмгегин баалап, ага сылык мамиле жасоого үйрөнөт. |

**Көрсөткүчтөр**

Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| - иреттик сан атоочторду жасоочу мүчөлөрдү **(-нчы, -ынчы)** билип алса;<br>- иреттик сан атоочтордун уңгу-мүчөдөгү үндөштүгүн үндөштүрүп окуй алса; | - майрам күндөрүн билип алса;<br>- өздөштүргөн сан атоочторду жазуу жана оозеки кебинде колдоно алса; | - сабак учурунда же турмуштук кырдаалдарда мугалим менен мамиле түзүп, аны сыйлай алса;<br>- мугалимдин эмгегин баалап, биринчи мугалими менен сыймыктана алса. |

**Сабактын тиби:** таанып-билүү (жаңы материалды өздөштүрүү).

**Сабактын формасы:** топ аралык.

**Сабакта колдонгон ыкмалар:** роль ойноо, жупта иштөө, топто иштөө.

**Сабактын жабдылышы**: таблица, топ, карточкалар.

## Сабактын жүрүшү

**1. Уюштуруу:**

Класста психологиялык жагымдуу жагдай түзүү, сабактын максатын аныктоо.

| фонетика | Лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүлөрү |
|---|---|---|---|
| у-ү | Билим майрамы<br>Мугалимдер майрамы<br>Энелердин майрамы<br>Нооруз майрамы<br>Жеңиш майрамы | Иреттик сан атооч.<br>Сан+нчы<br>Сан+ынчы | - Саша, сен канчанчы класста окуйсуң?<br>- Мен экинчи класста окуймун.<br>- А сен, Акылай, канчанчы класста окуйсуң?<br>- Мен дагы экинчи класста окуймун. |

**1-көнүгүү боюнча.** Сөздүк жат жазууда жоон жана ичке үндүүлөргө, үнсүз тыбыштардын ичке болуп айтылышына көңүл бурулат.

(Уч-үч', туз-т'үз', тур-т'үр', өчүргүч)

**2-көнүгүү боюнча.**Фонетикалык көнүгүүдөгү үлгү боюнча иштетилет (үч).

**Эсиңерге туткула!**

Мугалим доскадагы таблица боюнча иреттик сан атоочтордун жасалышына токтолот. Иреттик сан атоочтор эсептик сан атоочко **(-нчы, -нчи, -нчу, -нчү**) жана **(-ынчы, -инчи, -унчу, -үнчү**) мүчөлөрү жалгануу аркылуу жасалат.

Үндүү менен аяктаган сан атоочко (**-нчы),** үнсүз менен аяктаган сан атоочко **(-ынчы)** мүчөсү жалганат. Сөздөгү акыркы үндүүгө карата мүчөдөгү үндүү өзгөрөт.

**Мисалы:**

| | |
|---|---|
| сан+нчы | сан+ынчы |
| алты+нчы | бир+инчи |
| жети+нчи | он+унчу |

**3-көнүгүү боюнча.**

Үндүүлөрдүн үндөштүгүнө көңүл бурулат.

"Ким биринчи" оюну. Иреттик сан атоочторду дептерге туура, таза көчүрүп жазып, сабаттуулугун арттырат.

**4-көнүгүү боюнча.**

"Ким канчанчы" оюну. Максаты: ар бир бала өз катарын айтуу менен иреттик сан атоочторду эске тутат. Катарга турган балдар кезеги менен өз катарын санап, кете берет.

*Үлгү:* Аман: биринчи,............



**5-көнүгүү боюнча.**

"Ким жаңылбайт" оюну. Орун алмашкан балдар да өз катарын жаңылбай айтууга машыгат, оюн аркылуу иреттик сан атоочторду оозеки кебинде жана жазуу речинде туура колдонот.

*Үлгү:* Улан: биринчи....

**Дене тарбия көнүгүү**

1, 2, 3 отурабыз түз (отурабыс түс)

1, 2, 3 отурабыз тынч

1, 2, 3 бизде бар күч

**6-көнүгүү боюнча.**

Мугалим: Акылай менен Сашадай болуп сүйлөшкүңөр келеби? Балдар чыгып, эки-экиден диалог окуп машыгат.

**7-көнүгүү боюнча.** Окуучулар окуп машыккан кеп үлгүлөрү аркылуу "Мектепте" деген сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалог кебин өстүрөт.

Жакшы сүйлөшкөн балдар класс тарабынан кол чабууларга татыктуу болот.

**8-көнүгүү боюнча.**

"Ким көп билет" оюну. Максаты: майрам күндөрүн кайталап, аларды эске тутат. Иреттик сан атоочтор аркылуу сөз өстүрөт.

*Үлгү:* 9-Май – Жеңиш күнү.
21-Март – Нооруз майрамы.

**Эскертүү:** Цифра түрүндө жазылган сан атоочтордон кийин тарыхый даталуу күндөр баш тамга менен башталып жазылат. Сан атоочтон кийин коюлган дефис (-) иреттик сан атоочту билдирет.

*Үлгү:* 1-сентябрь – Билим күнү
23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнү

**"Мен билемин 5 майрамдын атын" оюну.** Максаты: майрамдардын атын билип алат. Сөз өстүрөт. Бул оюнду топ менен да ойносо болот.

*Үлгү:* 8-март – бир
21-март – эки
1-октябрь – үч
1-сентябрь – төрт
9-май – беш.

**Балдар, сабакта эмне кылдык?** Биз окудук, жаздык, санадык, бири-бирибиз менен сүйлөштүк. Майрам күндөрүн билип алдык. Эмки сабакта кимге кайсы майрам жагары жөнүндө сүйлөшөбүз.

**Үйгө тапшырма китеп боюнча берилет.**

Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:

- эгерде окуучу көрсөткүчтөгү шарттардын (**6** шарт көрсөтүлгөн) баарына жооп бере алса, анда **"5"** деген баа коюлат;

- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын **5** шарты гана аткарылса, **"4"** деген баа коюлат;
- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын жарым-жартылайы аткарылса, **"3"** деген баа коюлат.

### *8-сабак*
### МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында (7 сабак) оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшымаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

### *9-10-сабактар*
### ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:

1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо



- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- жетишкендик дарагы
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "Мыкты ыр окуучу, мыкты айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы,бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар.

# Биз эмнелерди үйрөндүк?

Биринчи цикл боюнча (Мектеп) окуучулар ээ болгон
билим деңгээлинин көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы

| Сабактын темасы | Фонетика | Лексика | Грамматика | Кырдаалдык сүйлөшүү темасы | Теманын сөз өстүрүү максаты | Сүйлөшүү үлгүлөрү | Тексттер | Текшерүү иштери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-сабак Саламдашуу (кайталоо) | Кыргыз тилинин алфавити ө, ү, ң | Саламатсызбы? Салам. Саламатсыңарбы? Саламатчылык. өчүргүч, коңгуроо | | Саламдашуу | Саламдашканды үйрөнүү | – Саламатсызбы, эжей? – Саламатчылык, Акылай. – *************** – Салам, Азат. – Салам, Алишер. – *************** – Саламатсыңарбы, балдар? – Саламатчылык, эжей | Акылай окуучу | |
| 2-сабак 1-Сентябрь (кайталоо) | о – ө | Ассалам алейкум Алейкум ассалам | | Саламдашуу | Чоң аталар, улуулар менен алик алганды үйрөнүү | – Ассалам алейкум, чоң ата! – Алейкум ассалам, уулум! | М.Жангазиев "1–Сентябрь" | |
| 3-сабак Китебим (кайталоо) | о – ө | өчүргүч, окуучу, сызгыч | – Бул ким? – Бул мугалим – Бул эмне? – Бул китеп | Таанышуу | Таанышырганды үйрөнүү | – Салам, Азат. – Салам, Акылай! – Азат, бул ким? – Бул Аман. | А.Токомбаев "Китебим". | |
| 4-сабак Мектепте | а, ы, е, и о, у, ө, ү | алты, бутак, жүгөрү, жылан, жибек. | 1,2–жактын таандык жакчыл мүчөлөрү: Менин | Таанышуу | Таанышканды үйрөнүү | – Салам. – Салам. – Сенин атың ким? – Менин атым Алишер, а сенин атың ким? | "Мектепте" деген ыр | |



| Сабактын темасы | Фонетика | Лексика | Грамматика | Кырдаалдык сүйлөшүү темасы | Теманын сөз өстүрүү максаты | Сүйлөшүү үлгүлөрү | Тексттер | Текшерүү иштери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | атым, сенин атың | | | – Менин атым Азат. | | |
| 5-сабак Кыргыз тили сабагы | о – ө | көрүшкөнчө, улуулар, кичүүлөр, урматтоо, ыйлатпоо | Суроолуу "бы" мүчөсү: Бул балабы? Ооба, бул бала Жок, бул бала эмес, бул кыз. | Таанышуу | Таанышууда суроо бергенди жана суроого жооп бергенди үйрөнүү | – Салам, менин атым Аман. – Сенин атың ким? – Менин атым, Улан. – Улан, көрүшкөнчө. – Көрүшкөнчө. | "Коштошуу адеби" Г. Рысбаева | |
| 6-сабак Биздин класс | у-ү | Канча, саначы, 20-30ка чейинки сан атоочторду кайталоо түз, тынч | Сандар. 11–30. 5 окуучу 12 китеп | Коштошуу | Коштошкондуу үйрөнүү | – Салам, менин атым Санжар. Сенин атың ким? – Менин атым Аман. – Витя, сен канча жаштасың? – Мен 8 жаштамын. – А сен канча жаштасың? – Мен 9 жаштамын. – Көрүшкөнчө. – Көрүшкөнчө. | Биздин класс | |
| 7-сабак Биздин майрамдар | у-ү | Билим майрамы Мугалимдер майрамы Энелердин майрамы Нооруз майрамы Жеңиш майрамы | Иреттик сан атооч. Сан+нчы Сан+ынчы | Таанышуу | Таанышууда диалог кебин өстүрүү | – Алишер, сен канчанчы класста окуйсуң? – Мен экинчи класста окуймун. – А сен, Акылай, канчанчы класста окуйсуң? – Мен дагы экинчи класста окуймун. | Майрамдар | |
| 8-сабак Машыгабыз, көнүгөбүз | | | | | | Лексика – грамматикалык тапшырмаларды оозеки, жазуу түрүндө аткаруу | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9-10-сабактар<br>Өзүңдү текшер | I деңгээлдеги тапшырмалар ⟶<br>II деңгээлдеги тапшырмалар ⟶<br>III деңгээлдеги тапшырмалар ⟶ | | | | | Лексика<br>Грамматика<br>Байланыштуу кеп боюнча оозеки, жазуу түрүндөгү тапшырмалар | |
| **Биз эмнелерди үйрөндүк?** | Алфавитти, ө, ү, ң о-ө, а, ы, е, и, о, у, ө, ү, з – с, у – ү. тыбыш-тамгаларын | 36 сөздү өздөштүрдүк | • Зат атоочтун таандык категориясын<br>• Сурoолуу (**-бы**) мүчөсүн<br>• Эсептик жана иреттик сандарды. | Саламдашканды, таанышканды, Коштошконду үйрөндүк. | Сүйлөшүү кырдаалдары боюнча пикир алышууга үйрөндүк. | Сүйлөшүү кырдаалдары боюнча сүйлөшүүгө үйрөндүк | 3 текст, 2 ыр, 1 обондуу ыр аркылуу көркөм окуганды, ырдаганды үйрөндүк. |



# 2-ЦИКЛ
# Тема: "ҮЙ-БҮЛӨ"

11-сабак. Үй-бүлө
12-сабак. Ата-энем
13-сабак. Телефондо сүйлөшүү
14-сабак. Менин чоң атам
15-сабак. Кесиптер
16-сабак. Акылман энекем
17-сабак. Досумдун аты
18-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз
19-20-сабактар. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## *11-сабак*
## ҮЙ-БҮЛӨ

**Сабактын максаттары:**

1. Үй-бүлөдө жашаган адамдар жөнүндө айтканды үйрөнөт. Атасынын жана апасынын туугандарын билип алат.
2. Сүйлөшүү үлгүлөрү боюнча диалог кебин өстүрөт. Ырды көркөм окуганга машыгат.
3. Ата-энесине, бир туугандарына жакшы мамиле жасоо керектигин түшүнөт.
4. Улууларды урматтоого, кичүүлөрдү колдоп жүрүүгө үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| {йе} – е | үй-бүлө | Илик жөндөмөсү (-дын) мүчөсү, таандык сөз айкашы | -Атаңдын атасы ким?<br>-Чоң ата.<br>- Атаңдын апасы ким?<br>-Чоң апа<br>-Апаңдын атасы ким?<br>-Таята.<br>-Апаңдын апасы ким?<br>-Таене. |
| {йо} – ё<br>{йу} – ю | ата<br>чоң ата чоң апа | | |
| {йа} – я | апа<br>таята таене | | |
| ң | бөбөк синди | | |
| | небере карындаш | | |

### Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү

1. Мугалим тематикалык лексикаларды өздөштүрүү максатында "Бул ким?" деген суроо аркылуу "Бул чоң ата, чон апа" деп атайт, окуучулар мугалимди кайталап аташат.

Сүреттөгү үй-бүлө адамдары менен таанышкандан кийин кыргыз жана орус тилинде жеке окуп, атасынын жана апасынын ата-энелерин билип алышат: Чоң ата, чоң апа – отамнинг ота-онаси; Таята, таене – онамнинг ота-онаси.

Балдар, "таята", "таене" деген сөздөрдө йоттошкон тамгалар бар. Келгиле, йоттошкон тамгалардын (Я, Ю, Е, Ё) жазылышын жана окулушун үйрөнүп алалы деп, таблица боюнча теманы түшүндүрөт.

**Эсиңерге туткула!**

| | |
|---|---|
| "Я" тамгасынын колдонулушу:<br>жазылышы: **я** окулушу:**[йа]**<br>таяке тайаке<br>"Ю"тамгасынын колдонулушу:<br>жазылышы:**ю** окулушу:**[йу]**<br>буюм буйум<br>"Е" тамгасынын колдонулушу:<br>жазылышы:**е** окулушу:**[йэ]**<br>таене тайене<br>"Ё"тамгасынын колдонулушу:<br>жазылышы:ё окулушу:**[йо]**<br>коён койон | Балдар Я, Ю, Е, Ё тамгалары жазылганда бир тамганы, айтылганда эки тыбышты билдирет.<br>**Мисалы:** таяке – 5 тамга,<br>[тайаке] – 6 тыбыш<br>буюм – 4 тамга,<br>[буйум] – 5 тыбыш<br>таене – 5 тамга,<br>[тайене] – 6 тыбыш<br>коён – 4 тамга<br>[койон] – 5 тыбыш |

Ал эми **чоң апа, чоң ата** деген сөздөр **"ң"** тамгасы менен жазылат, ал эми орус тилинде **"ң"** тамгасы менен жазылган сөздөр жок деп, мугалим **"ң"** тыбышын туура айттырып, тил жатыктырууда **"н"** тыбышынын айтылышын "ң" тыбышы менен салыштырып берет. Кыргыз тилинде **"н"** тыбышын айтууда – тилдин учу тишке тийип айтылат, ал эми **"ң"** тыбышын айтууда – тилдин ортосу таңдайга көтөрүлүп, учу тишке тийбей айтылат. Мугалим окуйт.

Балдар хор менен рифмалап окушат. **н ң:** күн-күң; тон-тоң; он-оң; мен-мең

**1-көнүгүү боюнча.** Йоттошкон тамгалардын жазылышын жана окулушун таблица боюнча кайталап, туура жазууга көнүгөт.

*Үлгү:* таяке – 5 тамга, [тайаке] – 6 тыбыш

**2-көнүгүү боюнча.**

а) Үй-бүлөдөгү туугандарын туура айтууга машыгат:

*Үлгү:* Апамдын апасы – таене; Атамдын апасы – чоң апа.

**3-көнүгүү боюнча.**

а) "Качкан тамгалар" дидактикалык оюну. Оюндун максаты:

Үй-бүлө адамдарын кайталап, активдүү лексикалардын маанисин түшүнүп эске тутушат: чо... ата; ба...ке; .........

**Дене тарбия көнүгүү**

Доскада сөздөр жазылган: **таене, апа, таята, ата, таеже, эже, таяке, коён, чоң, чоң ата**. Эгерде мен көрсөткөн сөздө тамгалар тыбыштан аз болсо, колуңарды алдыга сунгула, эгерде сөздө тыбыш жана тамга бирдей болсо, тереӊ дем алып, сууда сүзүп бараткан абалда болгула.



**4-көнүгүү боюнча.**

а) Өздөштүргөн лексика-грамматиканы оозеки кепте жана жазуу речинде сабаттуу колдоно билет.

б) "Сөздү тап" оюну. Максаты: Төрт саптан турган тамгалар боюнча окуучулар өз алдынча иштеп лексикаларды кайталап бышыктайт, логикалык ой жүгүртүүсү өсөт.

1. БАПАТБАЙКЕЭСЭЖЕЛ
2. СИҢДИПТЧОҢАТАИКП
3. КПДТАЕНЕУСКНЕБЕРЕЛ
4. ТОКЧОҢАПАТТАЯТАК

в) "Ким көп билет?" оюну. Окуучулар эки топко бөлүнүп, I топ – "Апамдын туугандары", II топ – "Атамдын туугандары" деп оозеки же жазуу түрүндө таймашат.

**Эскертүү: Т. Алдаяровдун темалар боюнча берилген ырларын класстын деңгээлине жана убакытка жараша өткөрүлүшү зарыл.**

г) Ырды көркөм окуп, маанисин түшүнүп алгыла.

Чоң атам менен чоң энем,
Үй-бүлөнүн карысы.
Атам, апам, уул-кызы,
Аларды сыйлайт баарысы.

*Т. Алдаяров*

**5-көнүгүү боюнча.**

а) Кыргыз элинин оозеки чыгармалары менен тааныштырат. Ырды муунга бөлүп, көркөм окуп, эске тутат. "Ө" тыбышын кайталап, тил жатыктырат. "Тай-тай, бөбөк" ырын эске тутууда төмөнкү ыкмалар жетекчиликке алынат:

– мугалим көркөм окуйт;
– окуучулар мугалимди кайталап хор менен окушат;
– бөбөктөрү жөнүндө айтып беришет.

б) Ырдын мазмуну боюнча куурчакты кыймылга келтирип, ойноо аркылуу да ырды эске тутушат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– ата, апаларыбыздын ата-энесин билип алдык;

– "чоң апа", "таене" "таята" деген сөздөрдү туура айтып, туура жазганга үйрөндүк;

– суроого жооп бергенге үйрөндүк.

**Үйгө тапшырма:**

### *12-сабак*

## АТА – ЭНЕМ

**Сабактын максаттары:**

1. Таандык зат атоочторду жазуу речте, оозеки кебинде колдоно алат.
2. Өзүнүн үй-бүлөсү жөнүндө аңгемелеп бергенди үйрөнөт.
3. Ата-энени урматтап сыйлоо – бул парз экенин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | карында-шым<br>сиңдим<br>иним<br>таяке<br>туугандар | Менин-м(ым)<br>анын-(ы), -и, -у,-ү<br>-(сы) -си, -су, -сү | - Салам! Бул ким?<br>- Бул менин байкем.<br>- Анын аты ким?<br>- Анын аты – Улукбек |

**1-көнүгүү боюнча.** <u>Фонетикалык машыгуу</u>

а) Сөздүк жат жазуу: (таене, таята, аюу, коён, таеже)

б) Китепте берилген үлгү боюнча белгиленген сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажыратып аныктайт.

**Эскертүү:** Балдар тыбыш менен тамгалардын ортосундагы айырмачылыктарга көңүл буруп, машыгат.

**Эсиңерге туткула!**

Мугалим таблица боюнча жак мүчөлөрдүн функциясын түшүндүрөт.

"Апам жана атам" деген зат атоочторунун таандык маанилерин мугалим эки тилде салыштырып, таандык маани орус тилинде таандык ат атоочтор аркылуу, ал эми кыргыз тилинде таандык мүчөлөр менен берилерин түшүндүрүп, көрсөтүп берет.

**Мисалы:** мама – апа; <u>моя</u> мама – апа<u>м</u> ж. б.

**2-көнүгүү боюнча.**

а) "Түшүп калган мүчөнү тап" оюну. Оюндун максаты:1- жактын таандык мүчөсүн **(-м,-ым)** туура табууга машыгат, логикалык ой жүгүртүүсү өсөт.

Оюндун шарты: Окуучулар эки топко бөлүнөт. Доскага тамгалар түшүрүлгөн сөздөр жазылат. Кайсы топ тез, катасыз аткарса, жеңишке ээ болот.

| | |
|---|---|
| 1-топ | 2-топ |
| чоң апа... | таята... |
| ............. | ........ |

б) Китептеги үлгү боюнча иштеп, кыргыз тилиндеги таандык мүчөнүн орус тилиндеги эквивалентин табууга машыгат, таандык мүчөлүү сөздөрдү маанисине жараша колдоно билет.



*Үлгү:* чоң апа... – моя бабушка

................. ..........................

в) ...бабушка – чоң апам

.................. .................

**3-көнүгүү боюнча.**"Котормочу" оюну. Оюндун максаты сөздөрдү туура которуп, сабаттуу жазууга машыгат, жаңы лексикаларды эске сактайт.

*Үлгү:* а) сиңдим – моя сестренка

б) байкем – мой брат

**4-көнүгүү боюнча.** Тема боюнча лексикалар бышыкталып, байланыштуу кебин өстүрүүгө көңүл бурулат:

**Мисалы:** Балдар, Жанара бизге туугандары жөнүндө айтып берем дейт, угалы.

*Үлгү:* Менин атым Жанара. Бул атам – Сават. Бул апам – Нургүл. Менин чоң атам, чоң апам бар..........

**5-көнүгүү боюнча.** Китептеги схема боюнча үй-бүлө адамдарын жана туугандарын аныктап атап, билип алышат.

*Үлгү:* Бул атам.

Бул атамдын атасы – чоң атам.

Бул апамдын атасы – таятам.

...................................................

**6-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Берилген сюжеттүү сүрөттөр аркылуу ролдошуп сүйлөшүүгө көнүгөт. Таандык жак мүчөлөр катышкан сөздөрдү сүйлөө кебинде колдоно билет.

**7-көнүгүү боюнча.** Кырдаал боюнча лексика-грамматиканы өздөштүрөт. Диалог боюнча сүйлөө кебин өстүрө алат.

**8-көнүгүү боюнча.**

"Аңгемечи" конкурсу. Байланыштуу кебин өстүрүү көндүмү эске алынат.

*Үлгү:* Менин атым Улукбек

Бул – атам, анын аты – Айдар.

Бул – апам, анын аты – Чынар.

**9-көнүгүү боюнча.**

"Мен дагы" оюну. Макалдын тарбиялык маанисин түшүнүп, ата-энени, улууларды сыйлоого үндөө.

а) Мугалимдин ар бир сөзүнөн кийин окуучулар "мен дагы" деп кайталайт.

Мугалим: Мен атамды сыйлайм.

Окуучулар: Мен дагы.

Мен апамды да сыйлайм.

Мен дагы.

Мен байкемди, эжемди.......

б)

Окуучу: Мен атамды сыйлайм

Мугалим: Мен дагы.

Мен апамды да сыйлайм.

Мен дагы.

Мен байкемди, эжемди.......

в) Ырды көркөм окуйт, маанисин түшүндүрөт. Окуучулар кайталап окуйт.

**Ата-энеңди сыйлай бил!**
Атам, энем ардагым,
Ааламга мени жараткан.
Аларды абдан сүйөмүн,
Угамын дайым айтканын.

*Т. Алдаяров*

**Үйгө тапшырма.**

## *13-сабак*

## ТЕЛЕФОНДО СҮЙЛӨШҮҮ

**Сабактын максаттары:**

1. 10-100гө чейин санап, сандарды 10дуктар менен туура жазууга үйрөнөт. Кыска жана созулма үндүү (ү-үү) тыбыштарын айырмалап өздөштүрөт.
2. Кырдаал боюнча сүйлөшүүгө көнүгөт.
3. Бири-бирин уга билип, сыйлап, сабырдуу болууга аракеттенишет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| Ү-үү | 10,20,30, 40, 50, 60, 90, 100, 1000. | Эсептик сан атооч, Телефон номуру: 33-48-63 (отуз үч-кырк сегиз-алты-мыш үч) | – Азат, сенин телефонуң кандай? – Менин телефонум 43-71-01 (кырк үч-сексен бир-нөл бир) |

**Эсиңерге туткула!**

Мугалим доскадагы таблица боюнча сандардын жасалуу жолун түшүндүрөт:

Эстегиле: 50- эл+үү – созулма үндүү менен айтылат
6+мыш=60 болот
7+миш=70 болот
сек+сен=80
ток+сон=90
100-жүз
1000 – миң

Оозеки жана жат жазуу түрүндө өткөн сабактын лексикаларын маанисине жараша бышыктоо.



**Мисалы:** карындашым, сиңдим, иним, таежем, таякем, туугандарым.

**1-көнүгүү боюнча.** Фонетиканы өздөштүрүү эки этап аркылуу ишке ашат.

а) Кыска(ү) жана созулма (үү) тыбыштарын айырмалап, хор менен окуйт.
үн, күн, түн, үй-бүлө, 50 – элүү, күч – күчтүү, үн – үндүү

б) тыбыш тамга аралык айырмачылыгы жазуу жүзүндө көрсөтүлөт.

**Эсиңерге туткула!**

Кыргыз тилинде үндүү тыбыштар созулма жана кыска

болуп экиге бөлүнөт. Кыска үндүүлөр: а,э,о,ө,у,ү,ы,и, созулма үндүүлөр: аа,ээ,оо,өө,уу,үү – деп, окуучулар хор менен үндүүлөрдү кайталап, артикуляциясын өздөштүрөт.

Созулма үндүүлөр сөздүн лаксикалык маанисин өзгөртөт. **Мисалы:** шар – шаар, ток – тоок, бу – буу................

**2-көнүгүү боюнча.**

А."Ким сабаттуу?" Катасыз жазган бала сабаттуу.

Б. Жазуу түрүндө үйдөн аткарат.

Мугалим окуучуларга 24 деген цифраны көрсөтүп, жообун хор менен кайталатат. Окуучу келип доскага "жыйырма төрт" деп жазат. Оюн улантылат.

**3-көнүгүү боюнча.**

"Түн жана күн" оюну – телефон номурун айтууга машыгат. Мугалим "түн" дегенде балдар көзүн жумат, цифралар алмаштырылып коюлат, ал эми "күн" дегенде көздөрүн ачып, алмаштырылган цифраларды (телефон номурларын) туура таап, эстеп калууга машыгат.

 **Дене тарбия көнүгүү**

1,2,3 отурабыз түз (түс)
1,2,3 отурабыз тынч
1,2,3 бизде бар күч

**4-көнүгүү боюнча**. Ролдоштуруп көркөм окуп, которууга машыгат.

- Азат, у тебя какой номер телефона?
- Азат сенин телефонуң кандай?

**5-көнүгүү боюнча**. Сабакта телефон номурларын сүйлөө кебинде колдонууга көңүл бурулат.

а) "Чыпалак бала силерге телефон чалайын дейт. Ким Чыпалак бала менен сүйлөшкүсү келсе, телефон номуруңарды бергиле.

- Саша -47-30-33 (кырк жети-отуз-отуз үч)
- Азат -.........
- Улан -..........

б) "Телефондо" сүйлөшүү кырдаалы боюнча сан атоочту өздөштүрүп, оозеки кепте колдоно билет.

**6-көнүгүү боюнча**. "Бузук телефон" оюну. Сандарды адашпай, так эстеп калууга машыгат. *Үлгү:* 45-16-70,........,........,...... 45-26-70

**7-көнүгүү боюнча.** Текст менен иштөөдө окуучулар:

– сан атоочторду туура окууга машыгат;

– мугалимдин жардамы менен текстти которот;

– канаттуулар менен жаныбарларды айырмалап билип алышат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– 10-100гө чейин санап, сандарды 10дуктар менен да туура жазганга үйрөндүк;

– кыска жана созулма үндүү **(ү-үү)** тыбыштарын айырмалап окуп билдик;

– телефон аркылуу сүйлөшүп ойнодук.

**Үйгө тапшырма.**

### *14-сабак*

## МЕНИН ЧОҢ АТАМ

**Сабактын максаттары:**

1. Ата-энесинин, тууганларынын жашын айтканды үйрөнөт. Таандык жак мүчөлөрүн туура жазууга үйрөнөт.
2. Ырды эсине тутканды үйрөнөт. Үй-бүлө лексикаларын сүйлөө тажырыйбасында колдоно алат.
3. Үй-бүлөсүн жана тууганларын ар дайым сыйлап жүрүү экенин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| үү | Үй-бүлө лексикаларын, сандарды бышыктоо | I чоң апам<br>II чоң апаң<br>I чоң апа... 62 жашта<br>II чоң апа... 41 жашта | - Сенин чоң атаң барбы?<br>- Ооба, бар.<br>- Анын аты ким?<br>- Анын аты – Сыргак.<br>- Ал канча жашта?<br>- Ал 62 жашта. |

**1-көнүгүү боюнча.** Жоон үндүүлөрдүн тыбыштык өзгөчөлүгү боюнча сөздүк жат жазуусу жазылат:

А. элүү, күчтүү, үндүү, күү Б. күү – **[кү:]** – 3 т. 2 тыб. элүү – 4 тамга, 3 тыбыш

**Эсиңерге туткула!**

**Кыргыз тилиндеги сөздөр бир же бир нече муундан турат. Сөздө канча үндүү болсо, ошончо муун болот. Бир муундуу сөздөр муунга ажырабайт.**

Кол, көл, оку, от, өт.

Эки муундуу сөздөр: күч-түү, үн-дүү, су-луу.

Үч муундуу сөздөр: не-бе-ре, э-же-ке, кө-нү-гүү.

Кыргыз тилинде басым сөздүн аягындагы муунга түшөт.

**2-көнүгүү боюнча.** Лексика-грамматиканы өздөштүрөт.

1. "Ким туура жазат?" оюну. Максаты: таандык мүчө менен сандарды дептерге туура жазууга машыгат.



**3-көнүгүү боюнча.** Катасы жок жазган балдар мугалим тарабынан "эң сабаттуу" деп алкоого алынат Текст менен иштөө:

– ким көркөм окуйт? Мугалим балдарды абзац, абзац боюнча окутат;

– ким көркөм жана тез окуйт? Ар бир партадан бирден, же ар бир катардан бирден бала чыгып, текстти толук окуйт, окуу техникасы калыптанат;

– китепте берилген үлгү боюнча таблицаны толуктап окуйт.

**Дене тарбия көнүгүү**

1, 2, 3 бизде бар күч,
1, 2, 3 бизде да күч,
1, 2, 3 бирдикте күч! (Сила в единстве)

**4-көнүгүү боюнча.**

"Суроо-жооп" оюну. Максаты: Балдар даяр гана суроого жооп бербестен, суроо берүүгө да машыгат. Суроолуу **(-бы)** мүчөсү, жооп берүүдө 1-жактын таандык мүчөлөрүнүн функциясын практика жүзүндө колдонууга машыгат.

**5-көнүгүү боюнча.** а) "Котормочу" оюну. Аңгемечинин жана котормочунун байланыштуу кебине көңүл бурулат.

б) Ким кимдин тууганы?

| Ата | Апа |
|---|---|
| чоң ата<br>таене<br>эже<br>таяке<br>ини | таята<br>чоң эне<br>таеже<br>байке<br>сиңди |

**6-көнүгүү боюнча.** Ырдын тексти менен иштөө:

а) мугалим ырды көркөм окуйт. Балдар хор менен чогуу окуйт.

б) ырдын мазмуну боюнча суроо берилет:

- Чоң атам эмне жасады?
- Чоң атам чоор (свирель) жасады.
- Эмнеден жасады?
- Камыштан (из камыша) жасады.
- Кимдин чоң атасы жөнүндө окудук?
- Расул Гамзатовдун.
- Расул Гамзатов ким?
- Ал Дагестан акыны (поэт).

в) ыр саптарын толуктап окушат.

Чоорумду...................,
.................... камыштан.
Талаа, дайра тыңдашат (слушают и поля, и реки)
Мукам үнүн алыстан (дивный голос издалека).

г) эки сапты 1-катар, эки сапты 2-катар хор менен көркөм окушат.

"Менин чоң атам" деген ырды жаттап келген окуучуга эң мыкты "ыр окуучу" деген наам берилет.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

- сүйлөшүү үлгүсү боюнча пикир алыштык.
- ата-энесинин, туугандарынын жашын айтканды үйрөндүк.
- Р. Гамзатовдун чоң атасы жөнүндө ырын окудук.

## *15-сабак*

## КЕСИПТЕР

**Сабактын максаттары:**

1. Кыска жана созулма (**у-уу**) тыбыштарын айырмалап окуганды үйрөнөт. Жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн орунду билдирүүчү маанисин түшүнөт.
2. Активдүү лексикалардагы (**-чы)** мүчөсүнүн маанисин түшүнөт. Кесиптик лексикаларды өздөштүрүп, оозеки кебинде колдонот.
3. Үй-бүлөсү жөнүндө аңгемелеп берип, байланыштуу кебин өстүрө алат.
4. Ата-энеси жана алардын кесиби менен сыймыктана алат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| у-уу | айдоочу<br>куруучу<br>сатуучу<br>котормочу<br>жумушчу<br>ырчы<br>бийчи | Зат атоочтун кесипти жасоочу мүчөсү:<br>-чы, -чи, -чу,<br>-чү. | - Бул ким?<br>- Бул – байкем.<br>- Анын аты ким?<br>- Анын аты – Санжар.<br>- Санжар ким болуп иштейт?<br>- Айдоочу болуп иштейт.<br>-......................... |

### Кесиптик лексикаларды өздөштүрүү

Мугалим сүрөттөгү адамдарын кесиптери менен тааныштыра, келгиле балдар, сүрөттөгү адамдардын кесибин атайбыз деп, окуучулар менен кесипти билдирүүчү сөздөрдү рифмалап хор менен окуйт. Балдардын көңүлүн кесипти жасоочу **-чы (-чи, -чу, -чү)** мүчөлөрүнө бурат.

**Мисалы:**

| | | |
|---|---|---|
| куруучу<br>сатуучу 1-топ | котормочу<br>жумушчу 2-топ | ырчы<br>бийчи 3-топ |

**1-көнүгүү боюнча.** "Айдоочу, сатуучу, куруучу" деген сөздөрдү муунга ажыратып, басым коюуга көнүгөт, маанисин түшүнөт.

*Үлгү:* ай-доо-чу...



**2-көнүгүү боюнча.**

а) "Мени карагыла, мени уккула" деп, мугалим кыска жана созулма "**у-уу**" тыбыштары катышкан сөздөрдү айырмалап окуп берет;

б) мугалим менен кошо окуучулар да хор менен окушат, экиден окушат, үндүүлөрдүн артикуляциясын өздөштүрөт.

**3-көнүгүү боюнча.**

а) Сүйлөм түзүүнүн конструкциясы боюнча сөз – сөздөн сөз айкашын жана сүйлөм түзүүгө көңүл бурулат.

**Мисалы:**

Апам. Бул- апам. Ал – мугалим. Апам мугалим болуп иштейт.

Атам. Бул – атам. Ал – куруучу. Атам куруучу болуп иштейт.

.....................................

б) Ким эмне аткарары жөнүндө оозеки аңгеме курушат.

**Мисалы:** Айдоочу машине айдайт

Куруучу үй курат.

Ырчы........ ж. б.

в) "Ким биринчи?" оюну. Максаты: кимдин ким болуп иштерин туура жазат. Биринчи туура жазган баланын аты мактоо иретинде "Жетишкендик дарагына" илинет. *Үлгү:* Бул – эжем. Ал – котормочу. Эжем котормочу болуп иштейт..................

**Дене тарбия көнүгүү**

Окуучулар имитациялап, оң жакка бурула колун сунуп, "бул куруучу", сол жакка бурула колун сунуп, "бул сатуучу", отура калып, эки колун алдыга сунуп "бул айдоочу" деп, балдарды 3 жолу тургузуп, отургузат.

*Үлгү:* Бул куруучу (оң жакты көрсөтөт.)

Бул сатуучу (сол жакты көрсөтөт).

Бул айдоочу (отуруп айдайт.)

**4-көнүгүү боюнча.**

а) Диалогду ролдоштуруп, көркөм окууга көңүл бурулат.

б) "Суроону таап ал" оюну. Максаты: диалогдун мазмунуна жараша суроо берүүгө машыгат, лексика-грамматиканы функциясына жараша колдоно билет:

- ..................................?
- Бул – байкем.
- ..................................?
- Анын аты – Санжар.
- ..................................?
- Ал айдоочу болуп иштейт.
-

**5-көнүгүү боюнча.** а) "Таанышуу" кырдаалы боюча сөз өстүрүүдө үй-бүлө адамдарынын кесиптери бышыкталат, сүйлөшүүгө үйрөнөт.

*Үлгү:* - Бул ким?
- Бул – эжем (байкем, атам, чоң атам).
- Анын аты ким?
- Анын аты – Бегайым.
- Бегайым ким болуп иштейт?
- Ал мугалим болуп иштейт.

б) Көркөм окуп маанисин түшүнүп алгыла.

Билим берген балдарга,
Мугалим, эжей, агайга.
Айыктырган ооруну,
Доктор, эже, агага.
Куруучу курат турак жай,
Окшогон хан сарайга.
Сатуучу сатат баарысын,
Соода кылып аларга.

*Т. Алдаяров*

**6-көнүгүү боюнча.** а) Окуучулардын угуп-түшүнүү жөндөмдүүлүгү калыптанат жана сабырдуулугуна көңүл бурулат.

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн кесиптери Улукбектин үй-бүлөсү жөнүндө текст аркылуу берилет.

б) филворддон кесиптин аттарын тапкыла.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| И | Н | Ж | Е | Н | Е | Р |
| М | К | У | Р | У | У | Ч |
| У | Л | У | К | Д | А | У |
| Г | Е | О | Л | О | Г | Б |
| А | Ж | Е | К | К | Ч | У |
| Л | И | М | К | Т | У | Р |

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– аририбиз ата-энебиздин кесиптерин билип алдык;
– Улукбектин үй-бүлөсү жөнүндө аңгемесин уктук;
– айдоочу болуп ойнодук жана сүйлөштүк;
– ар бир кесип керектүү жана ардактуу экенин түшүндүк.

**Үйгө тапшырма.**



### *16-сабак*

## АКЫЛМАН ЭНЕКЕМ

**Сабактын максаттары:**

1. Үй-бүлө адамдарынын кесибине жараша алардын иштеген ордун аныктап билет.
2. А.Токомбаевдин "Акылман энеке"деген ырынын маанисин түшүнүп, ырдаганды үйрөнөт.
3. Ар ким өз энекеси менен сыймыктанат жана аны урматтайт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| у-уу тыбыш-тарын бышыктоо | бир тууган<br>улуу байкем<br>улуу эжем<br>улуусумун<br>кичүү эжем<br>кичүүсүмүн | Ким кайда?<br>мугалим мектеп**те**<br>дарыгер дарыка-на**да**<br>окуучу класс**та** | - Мен үй-бүлөдө улуусумун<br>- А сенчи?<br>- Мен үй-бүлөдө кичүүсүмүн. |

**1-көнүгүү боюнча.** Өздөштүргөн кыска жана созулма үндүүлөр катышкан сөздөр менен жат жазуу жазышат (Окуу – оку, сулуу – сулу, уук – ук).

**Эсиңерге туткула!**

а) Сөз айкаштары аркылуу лексикаларды өздөштүрүү сөз – сөз айкашы – сүйлөм түзүү конструкциясы боюнча берилет.

**Мисалы:** улуу байкем
кичүү байкем → -бир туугандар
улуу эжем
кичүү эжем → -бир туугандар

в) улуусу(мун), кичүүсү(мүн) деген сөздөрдөгү мүчө жана жак мүчөгө мугалим окуучулардын көңүлүн буруп, эки сөздөгү мүчөнү азырынча эсиңерге тутуп алгыла, кийинки сабактарда дагы кайрылабыз деп котормосун берет.

| | |
|---|---|
| кичүү | – младший |
| кичүүсү(мүн) | – я младший |
| үй-бүлөдө | |
| кичүүсү(мүн) | – я в семье младший |
| улуу | – старший |

........................................

в) Мугалим: Балдар, буюмдун (бир нерсенин) кайсы жерде экенин же адамдын кайсы жерде жүргөнүн билиш үчүн бизге **-да, -де, -до, -дө** жана **-та, -те, -то, -тө** мүчөлөрү жардамга келет:

- сөз үндүү тамга менен аяктаса **(-да)** мүчөсү жазылат:

  дарыкан а + да – в аптеке

  ап а + да – у мамы
- сөз жумшак үнсүз тамга менен аяктаса да (**-да**) мүчөсү жазылат:

  шаа р + да – в городе

  Акыла й + да – у Акылай
- сөз каткалаң үнсүз менен аяктаса (**-та**) мүчөсү жазылат:

  клас с + та – в классе

  Аза т + та – у Азата

б) Мугалим таблицадагы сөздөрдү хор менен кайталап окутуп, басымды (**-да**) мүчөсүнө коюп, тил жатыктырат. Окуучулар Кайда? деген суроого жооп беришет.

| | | |
|---|---|---|
| КАЙДА? | дарыкана + да<br>апа + да | I топ |
| | шаар +да<br>Акылай +да | II топ |
| | класс + та<br>Азат + та | III топ |

в) "Ким табат?" оюну. Максаты: орунду билдирүүчү Жатыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрүн үндөштүрүп туура табуу. Балдардын партасында 8 варианттуу мүчөлөр жазылган карточкалар жатат: -да, -де, -до, -дө. Мугалим "мектеп" деп окуганда балдар -те мүчөсүн таап көрсөтөт. Тапкычтарды куттуктап кол чабышат.

**2-көнүгүү боюнча.**

а) лексика-грамматиканын өздөштүрүлүшүн жана анын функциялык маанисин түшүнүп, колдонуусу эске алынат.

*Үлгү:* дарыкана + да – в аптеке

**3-көнүгүү боюнча.**

Ким канча бир тууган? деген суроого ар бир окуучу таблица боюнча жооп бергенге машыгат, активдүү лексикаларды өздөштүрөт.

**Мисалы:** Менин 4 бир тууганым бар:.........

Менин 2 бир тууганым бар:.........

Менин 1 бир тууганым бар:...........

**Дене тарбия көнүгүү**

Доскада сөздөр жазылган: **үй, үй-бүлө, улуу, уул, кыз, кичүү, бир тууган, мен.**

Эгерде доскадагы мен көргөзгөн сөздөр ташыла турган болсо, алакан чабыбыз, ташылбай турган болсо, колубузду артка катабыз.



**4-көнүгүү боюнча. Өздөштүргөн лексикаларды аныктоого көңүл бурулат.**

Орус тилинен кыргыз тилине которуп машыгат.

– Я в семье старший.

– А ты?

– Я тоже в семье старший.

– А я в семье младший.

**5-көнүгүү боюнча.**

а) "Чынжырча" оюну. Максаты: Мен үй-бүлөдө кимисимин? деген суроого жаңылбай жооп бергенди үйрөнөт. Жаңылган бала оюндан чыгат.

б) Оюндан чыккан балдар дагы бир жолу ойношот, сүйлөө кеби калыптанат.

**6-көнүгүү боюнча.** "Бирин-бири окутуу" оюну. Максаты: бирининин аңгемесин бири кунт коюп, сабырдуулук менен угууга, эске тутумун өстүрүүгө көнүгөт.

Бир окуучу тарабынан үй-бүлөсү жөнүндөгү аңгемени, экинчи окуучу анын айткандарын төкпөй-чачпай кайра аңгемелеп берүүгө машыгат. Жеңүүчүлөргө "Мыкты мугалим" деген наам берилет.

**Мисалы:**

1-окуучу: Менин атым Улан. Мен үйдө кичүүсүмүн.

Менин бир бир тууганым бар........................

2-окуучу: Менин атым Аман..................................

**7-көнүгүү боюнча.** Аалы Токомбаевдин "Акылман энеке" деген ырын окуучулар "Ай, эжеке" ырынын обонуна салып, ырдап аткаруу менен тез жаттап алышат. Бул ыкма сунуш катарында берилди...

а) Мугалим Энекенин сүрөтү боюнча иштейт:

– Бул ким?

– Энеке.

– Кандай энеке?

– Боорукер, акылман энеке.

– Акылман энеке жөнүндө ырды ким жазган?

– Кыргыз элинин акыны Аалы Токомбаев.

– Азаматсыңар, балдар.

Ырдын биринчи төрт сабы боюнча мугалим балдар менен акылдашып, кеңешип, аңгеме курат. Балдар, баарыбыздын энекебиз акылдуу. Силерди сабактан кечиктирбей мектепке алып келет, сабак аяктаганда кайра үйгө алып кетет.Ошондойбу? – Ооба.

б) Келгиле, "Акылман энеке" деген ырды көркөм окуйлу.

в) Ырдын экинчи төрт сабы боюнча тааныш жана тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүнүп, рифмаланган сөздөргө көңүл бурат.

**Акылман энеке**

*А.Токомбаев*

Балдар мага күлбөсүн, (пусть ребята не смеются надо мной)
Шылдың кылып жүрбөсүн!
Барайын эне, барайын, (пойду-ка в школу)
Мыкты билим алайын. (и буду учиться на отлично)

г) "Ырчылар" конкурсуна катышуучулар ырды "Ай, эжеке" ырынын обону менен ырдашат.

Ай, акылман (2 жолу) энеке,
Колуңда бар (2 жолу) береке.
Кечиктирбе (2 жолу) тамактан,
Кечикпейин (2 жолу) сабактан.
Балдар мага (2 жолу) күлбөсүн,
Шылдың кылып(2 жолу) жүрбөсүн!
Ай-ай энеке,
Ой-ой энеке!

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– улуу-кичүү бир туугандар жөнүндө билип алдык;
– ким кайда иштерин да билдик;
– Акылман энеке жөнүндө жакшы ыр ырдадык .

**Үйгө тапшырма**

## *17-сабак*

## ДОСУМДУН АТЫ

**Сабактын максаттары:**

1. Таандык зат атоочтордун жекелик түрүн эки тилде салыштырып өздөштүрөт. Досу менен тааныштырганды үйрөнөт.
2. Досу жана анын үй-бүлөсү жөнүндө 3-жактан аңгемелеп бергенге үйрөнөт. Таанышуу кырдаалы боюнча сөз өстүрөт.
3. Досу жана классташтары менен ынтымакта болуп, алар менен ар дайым сылык жана кичи пейил мамиледе болууга үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| уу | тема боюнча лексикаларды бышыктоо | зат атоочтун таандык категориясы<br>1.менин-м(ым)<br>2.сенин-ң(ың)<br>3.анын-сы(-ы) | - Бул ким?<br>- Бул-менин досум.<br>- Анын аты ким?<br>- Анын аты – Аман.<br>- Ал канча жашта?<br>- Ал 8 жашта.<br>..............................<br>- Алёша кандай бала?<br>- Ал акылдуу бала. |



**1-көнүгүү боюнча.**

Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү өсөт, кесиптик лексикаларды кайталайт.

**Эсиңерге туткула!**

Мугалим: Балдар биз "Сенин атың ким?" деген суроого жооп бергенди билебизби? Ооба, билебиз. Бүгүн силер менен "Анын аты ким?" деген суроого жооп бергенди үйрөнүп алабыз.

**Мисалы: Сенин** ат+**ың** ким? деп сураганда (-ың) мүчөсү уланат.

**Менин** ат+**ым** Акылай, деп жооп бергенде (-ым) мүчөсү уланат.

Ал эми "**Анын** ат+**ы** ким?" деп суроо берилгенде, **анын** ат+**ы** Алёша деп жооп беребиз.

Таблицаны карагыла!

| | |
|---|---|
| Менин апам-м | моя мама |
| Сенин апа-ң | твоя мама |
| Анын апа-сы | его (ее) мама |

Эгер сөз үңдүү тамга менен аяктаса:

м
ата **< ң >** болуп, мүчөлөр үнсүз тамгалар менен уланат.
сы

Эгер сөз үнсүз тамгалар менен аяктаса:

ым
ат **< ың >** болуп, мүчөлөр үңдүү тамгалар менен уланат.
ы

Келгиле, таблица боюнча окуйлу

| | |
|---|---|
| Менин ата-м | Менин ат+ым |
| Сенин ата-ң | Сенин ат+ың |
| Анын ата-сы | Анын ат+ы |

**2-көнүгүү боюнча.** Өздөштүргөн таандык мүчөлөрдү туура колдоно алышат.

Кайсы мүчө түшүп калды, тапкылачы?

**Мисалы:**Эже... – моя сестра (-м) мүчөсү түшүп калды.
Эже... – его её сестра (-ң) мүчөсү түшүп калды.

**3-көнүгүү боюнча.** Окуучулардын котормочулук жана эске сактап калуу жөндөмдүүлүгүнө көңүл бурулат.

"Котормочу" оюну. Ким биринчи туура которсо "эң мыкты котормочу" деген наам берилет.

"Б" тапшырмасы оозеки түрүндө аткарылат, ал эми "А" тапшырмасын жазуу түрүндө үйдөн аткарышат.

**4-көнүгүү боюнча.**

"Менин досум" деген текст менен иштөө

– мугалим текстти көркөм окуйт;

– окуучулар хор менен чогуу окушат;

– ар бир бала өз алдынча окуп, мазмунун аңгемелеп берет;

– Алёша кимдин досу экенин билишет.

**5-көнүгүү боюнча.** а) Тема боюнча лексика-грамматиканы бышыктайт, сөз байлыгы өсөт, окуучулардын сабырдуулугун арттырат.

б) "Тамгага сөз тап» оюну

*Үлгү:*

Дос, дарбыз, данек ж.б.

О – ..........

С – ..........

У – ..........

М – ..........

**6-көнүгүү боюнча.** "Ойлонгула!" акыл оюну.

Максаты: ар бир бала ойлонуп, суроолорго жооп берүү аркылуу сөз өстүрөт, өзүнүн досу жөнүндө аңгемелеп бергенге машыгат.

*Үлгү:* Бул менин досум. Анын аты – Улукбек. Ал 9 жашта. Ал 3-класста окуйт.

Бул – менин досум. Анын аты – ...

**7-көнүгүү боюнча.**

Суроо бергенге жана жооп бергенге машыгат, бири-бири менен мамиле түзүүгө жана сүрөт боюнча суроого жооп берип, алым-сабак сүйлөшкөнгө үйрөнөт.

**8-көнүгүү боюнча.**

Текст менен иштөө

– текстте берилген жаңы лексикалар менен иштешет (которушат), мугалим текстти көркөм окуйт;

– окуучулар чынжырча түрүндө текстти окуп которушат;

– текстти өз алдынча көркөм окуп которушат, жакшы котормочуларга чакан сыйлык берилет.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– сүрөт боюнча иштедик;

– Алёшанын үй-бүлөсү менен тааныштык;

– ар бирибиз өз досторубуз жөнүндө айтып бердик.

**Үйгө тапшырма.**



## *18-сабак*
## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин (7 сабак) аягында оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшырмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

## *19-20-сабактар*
## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө көбин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:

1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин
- презентациясы
- ата-энелердин пикири чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы,бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар

# 3-ЦИКЛ
# Тема: "ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ"

21-сабак. Аба ырайы
22-сабак. Күн тийип турат
23-сабак. Жыл мезгилдери
24-сабак. Тегеренген төрт мезгил
25-сабак. Алтын күз
26-сабак. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## *21-сабак*
## АБА ЫРАЙЫ

**Сабактын максаттары:**

1) Кыска жана созулма (а-аа) үндүү тыбыштардын тыбыштык айырмачылыгын өздөштүрөт.
2) Тема боюнча лексикалардын маанисин түшүнүп, өздөштүрүп, аларды оозеки кебинде колдонот.
3) Ырды жаттаганды үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| а-аа | күн<br>ай<br>аба ырайы<br>булут<br>жаан<br>кар<br>шамал | сөз айкашы<br>суук<br>аба ырайы жылуу<br>салкын | - Бүгүн кайсы күн?<br>- Бүгүн бейшемби.<br>- Бүгүн кайсы күн?<br>- Бүгүн жума.<br>.......... |

**1-көнүгүү боюнча. Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү.** Мугалим аба ырайын билдирүүчү сөздөрдү сөз айкашы конструкциясы боюнча өздөштүрүп, сүйлөм түзүү багытын көздөйт.

**Мисалы:** холодная погода – аба ырайы суук. Бүгүн аба ырайы суук.
теплая погода – аба ырайы жылуу..............
прохладная погода – аба ырайы салкын...........................

**Эскертүү!**

"Аба ырайы" деген сөз айкашын туура айтууга көңүл бурат.

Биринчи сөзү үндүү тыбыш менен аяктап, экинчиси үндүү тыбыш менен башталса, сөз айкашындагы бир үндүү тыбыш айтылбай калат. **Мисалы: аба ырайы (аварайы)** деп айтылат.



**2-көнүгүү боюнча.** Жаңы сөздөрдү маанисине жараша туура жазат.

**3-көнүгүү боюнча.** Сөздөрдөгү тыбыш менен тамганын айырмачылыгын үйрөнөт. Кыска жана созулма үндүү катышкан сөздөрдүн лексикалык маанисин өздөштүрөт, тил жатыктырат.

*Үлгү:* шар (3 тамга, 3 тыбыш) – шаар (4 тамга, 3 тыбыш).

**4-көнүгүү боюнча.** "Табышмакты тапкыла" оюну. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө көңүл бурулат, фонетикалык сабаттуулугу артат.

**Дене тарбия көнүгүү**

Мен азыр сөздөрдү айта баштайм, эгерде сөз үндүү тыбыш менен башталса, колуңарды белиңерге коюп оң жакка ийилгиле, үнсүз тыбыш менен башталса, сол жакка ийилгиле. **Сөздөр: аба ырайы, суук, ысык, жылуу, ай, күн, шамал.**

**5, 6-көнүгүүлөр боюнча.** Эки-экиден иштөөгө машыгат. Диалогду ролдоштуруп окуйт. Аба ырайын билдирүүчү сөздөрдү сүйлөшүү кебинде колдоно билет.

– Бүгүн аба ырайы кандай?
– Бүгүн аба ырайы суук. ..................................

**7-көнүгүү боюнча.** "7күн" оюну. Максаты: аптанын күндөрүн билип алат.

*Үлгү:* Дүй....... – Дүйшөмбү, Шей...... – Шейшемби

**8-көнүгүү боюнча.** 1) Ырдын тексти менен иштөө. Текст аркылуу балдардын көркөм сөзгө карата болгон кызыгуусун арттырат, логикалык ойлоосун өстүрөт.

"Булут" деген ырды мугалим көркөм окуйт. Ырдын лексикалары менен иштейт: жамгыр, суу, талаа, күн нуру, эмгек.

Окуучулар хор менен көркөм окушат. Жекече көркөм окуйт, ырды көркөм окуу боюнча конкурс уюштурулат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк?**

– кыска, созулма **(а-аа)** үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү айырмалап окудук;
– аптанын күндөрүн сурап, билип алдык. Аба ырайы жөнүндө сүйлөштүк.
– булут жөнүндө ыр окудук, ойнодук, конкурска катыштык.

**Үйгө тапшырма.**

## *22-сабак*
## КҮН ТИЙИП ТУРАТ

**Сабактын максаттары:**

1. Кыска жана созулма **(а-аа)** үндүү тыбыш катышкан сөздөрдү туура жазууга үйрөнөт.
2. Өздөштүргөн лексикаларды оозеки кебинде колдонот.
3. Жаңылмач айтып, тил жатыктырганга машыгат.

4. Табият менен таттуу мамиледе болуу. Жаратылышты коргоо жана аны сактоо – бул ар биринин парзы экенин түшүнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| а-аа | тема боюнча лексикаларды бышыктоо | сөз айкашы, этиштин учур чагы | - Акылай, бүгүн **аба ырайы (аварайы)** кандай?<br>- Бүгүн аба ырайы суук (жылуу, салкын, ысык).<br>.......... |

**1-көнүгүү боюнча.** Сөздүк жат жазуу. Жан – жаан, шар – шаар.......

**2-көнүгүү боюнча.** Сүрөт боюнча жаратылыш кубулуштарын, аба ырайын билдирүүчү лексикаларды суроо-жооп аркылуу өздөштүрөт. *Үлгү:* – Эмне тийип турат? – Күн тийип турат.

- Эмне жаап жатат? – Жаан жаап жатат.
- Эмне жаап жатат? – Кар жаап жатат.
- Эмне согуп жатат? – Шамал согуп жатат.

**3-көнүгүү боюнча.** Жөнөкөй сүйлөм аркылуу жаратылыш кубулуштарын сүрөт боюнча баяндап, эске тутат, байланыштуу кеби өсөт. Кыргыз тилинде сүйлөшүүгө кызыгат.

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде мен зат атооч сөздөрдү окусам, ордуңардан туруп, жай баскыла, эгер этиш сөздөрдү окусам, бийик-бийик секиргиле.

**Сөздөр: күн, тийип турат, булут, кар, шамал, согот, жаан жаайт, жаап жатат, жаан.**

**4-көнүгүү боюнча.** Суроо бергенге машыгат, көнүгөт. Диалогду улантат.

**5-көнүгүү боюнча.** Тема боюнча лексикаларды оозеки кепте колдонуп, алым-сабак сүйлөшүүгө үйрөнөт.

– Аман менен Акылай эмне жөнүндө сүйлөшөрүн угайынчы,- дейт Чыпалак бала.- Келгиле, чогуу угалы:

Аман: – Акылай, бүгүн аба ырайы кандай?

Акылай: – Бүгүн аба ырайы суук (жылуу, салкын, ысык).

..................................

**6-көнүгүү боюнча.** а) Жаратылыш кубулуштары жөнүндө рифмалап окушат, татаал этишке көңүл бурат.

| I топ: | II топ: |
|---|---|
| Күн тийип турат.<br>Ай тийип турат. | Кар жаап жатат.<br>Жаан жаап жатат.<br>Шамал согуп жатат. |



б) Сөздөрдүн маанисине жараша сүйлөм түзүүгө көнүгөт.

*Үлгү:* Күн — согуп жатат
Кар — тийип турат
Шамал — жаап жатат
............ ......................

в) ырды көркөм окуп, тилиңерди жатыктыргыла.

Жайлоонун таза абасы,
Күн тийип турат карачы.
Булут жок такыр асманда,
Гүл толо шибер арасы.

*Т. Алдаяров*

**7-көнүгүү боюнча.**

а) "Табышмакты ким табат?" оюну. Балдардын логикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнө көңүл бурулат, эске тутуусу калыптанат.

б) Мугалимдин жетекчилиги менен окуучулар **күн** жана **ай** деген сөздөрдү катыштырып, бат айтма ырын ойлоп табышат. Ырды, сөз, сөз айкашы, сүйлөм конструкцияларынын негизинде рифмалап айтышат:

| | | |
|---|---|---|
| | күн | ай |
| | күндүн кызы | айдын кызы |
| | Күндүн кызы Күмүшай | Айдын кызы Акылай |
| **Мисалы:** | Күндүн кызы – Күмүшай,<br>Айдын кызы – Акылай.<br>Күмүшай менен Акылай,<br>Бирдей сулуу кыздар, ай! | |

**Эскертүү! Класстын деңгээлине жараша 7-көнүгүү боюнча иш улантылат.**

"Бат айтма" оюну. Максаты: лексикаларды бышыктап, тил жатыктырылат, сүйлөө кебине колдонот жана аларды бат айтууга машыгат.

Асмандагы ак булут,
Асманда туруп,
Жамгырын төктү куюп.

*А. Муратов*

1. Жаңылмачтын тексти менен иштөө:
– мугалим көркөм окуйт;
– мугалим тез-тез окуйт;
– окуучулар хор менен көркөм окушат;
– окуучулар хор менен тез-тез окушат;
– ар бири жеке тез-тез окушат;
– бат айтмачыны кол чабуулар менен колдоп турушат.

2. Бат айтманы толуктап окуу:
Асмандагы _______________
Асманда _______________
____________ төктү куюп.

**Балдар, сабакта биз эмнелерди үйрөндүк?**

– диалогду окуп, котордук;
– аба ырайы жөнүндө сүйлөштүк. Жаңы сөздөрдү жазып алдык;
– булут жөнүндө жаңылмач айттык, ойнодук.

**Үйгө тапшырма.**

## *23-сабак*
## ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

**Сабактын максаттары:**

1. Созулма аа, уу, үү үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү туура жазууга үйрөнөт.
2. Жыл мезгилдерин билдирүүчү лексикаларды өздөштүрөт.
3. Кырдаал боюнча сүйлөшүүгө машыгат.
4. Текстти окуп которууга көнүгөт.
5. Жаратылышка аяр мамиле жасоого үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| аа, уу, үү | кышында,<br>жазында,<br>жайында,<br>күзүндө,<br>***<br>кар эрийт<br>байчечекей<br>баш багат<br>күн ысыйт<br>мөмө-жемиштер<br>бышат | Качан?<br>- кышында,<br>- жазында,<br>- жайында,<br>- күзүндө | - Чыпалак бала, азыр жылдын кайсы мезгили?<br>-Азыр күз мезгили.<br>- Чыпалак бала, күзүндө аба ырайы кандай?<br>- Күзүндө аба ырайы суук. Тез-тез жаан жайт. Катуу шамал согот. |

**1-көнүгүү боюнча.** Кыргыз тилине мүнөздүү тыбыштардын окулушун өздөштүрөт. Фонетикалык машыгуу. Саат, жаан, жылуу, суук, күчтүү.

**2-көнүгүү боюнча.** а) Сүрөт боюнча жыл мезгилдерин жана андагы жаратылыш өзгөчөлүктөрүн аныктап билип алышат, байланыштуу кеби өсөт.

**Берилген лексикалардын жана сөз айкаштарынын мааниси суроо-жооп аркылуу өздөштүрүлөт:**



Мугалим: – **Күзүндө** мөмө-жемиштер бышабы?
Окуучу: – Ооба, бышат.
Мугалим: – **Кышында** кар эрийби?
Окуучу: – Жок. Кышында кар жаайт.
Мугалим: **Жазында** күн ысыйбы?
.......................................................................

б) Окуучулар жаратылыш өзгөчөлүктөрүн хор менен кайталап, бышыктайт:
1. Күзүндө мөмө-жемиштер бышат.
2. Кышында кар жаайт.
3. Жазында кар эрийт жана байчечекей башбагат.
4. Жайында күн ысыйт.

**3-көнүгүү боюнча.** Ойлонгула! Үлгү боюнча лексика-грамматиканы бышыктап өздөштүрөт.

**4-көнүгүү боюнча. а)**"Котормочулар" оюну аркылуу жаратылыш лексикаларын бышыкталат, байланыштуу кеби өсөт.

б) Сүйлөмдү толуктагыла.
Кышында ............ күн тийип турат.
Жазында .............. мөмө-жемиштер бышат.
Жайында ............. кар жаап, күн суук болот.
Күзүндө ............... кар эрийт.

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде жыл мезгилдерин билдирүүчү сөздөр жумшак үнсүздөн башталса, колуңарды белиңерге алып, алдыга эңкейгиле, катkалаң үнсүздөн башталса, артка чалкалагыла!

**Сөздөр: жай, кыш, күз, жаз, жайында, кышында, күзүндө, жазында.**

**5-көнүгүү боюнча.** – Балдар, эстегилечи, Чыпалак бала менен Чебурашка бизге кайдан келишти эле?

– Чыпалак бала "Чыпалак бала" жомогунан, Чебурашка "Крокодил Гена жана Чебурашка" мультфильминен келишкен.

– Азаматсыңар, балдар, туура эстедиңер. Келгиле, алар эмне деп сүйлөшөр экен, угалы. Мугалим оюнчук "каармандарды" үстөлгө отургузуп, өзү ролдоштуруп окуй баштайт.

**6-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Ким Чыпалак баланын же Чебурашканын ролун ойногусу келет? Келгиле, оюнду баштайлы... . Балдар образга кирип, сүйлөшүүгө кызыгат.

**7-көнүгүү боюнча.** а) "Эң мыкты котормочу" оюну. Жакшы которогон баланын аты "Жетишкендик дарагына" илинет.

б) "Бул кайсы мезгил?" ойлонуп, тапкылачы. Табышмак жагып калса, эсиңерге тутуп алып, айтып же ырдап жүргүлө.

Кар эриди, кар кетти. (Снег расстаял)
Жердин бети көгөрдү, (Земля покрылась зеленью)
Ким айдады, ким септи? (Кто вспахал, кто посеял?)
Байчечекей төрөлдү. (...) (Родился подснежник)

*Аалы Токомбаев*

Балдар сабакта биз эмне иш кылдык:

– жат жазуу жаздык;

– Чыпалак бала менен Чебурашканын диалогун уктук. Чыпалак бала жана Чебурашка менен сүйлөштүк.

– жыл мезгилдерин билип алдык;

– котормочу болуп ойнодук, аюудан качып да ойнодук.

**Үйгө тапшырма.**

## *24-сабак*

## ТЕГЕРЕНГЕН ТӨРТ МЕЗГИЛ

**Сабактын максаттары:**

1. Кыска жана созулма **(э-ээ)** үндүү тыбыштары менен тил жатыктырып, айырмалап өздөштүрөт.
2. Аптанын күндөрүн убакытка жараша атаганга үйрөнөт.
3. Кырдаал боюнча сүйлөшө алат.
4. Ыр ырдаганга көнүгөт.
5. Жаратылышка камкордук менен мамиле жасоо керектигин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| э-ээ | бүгүн<br>кечээ<br>эртең | бүгүн дүйшөмбү<br>эртең шейшемби<br>кечээ жекшемби | - Чыпалак бала, азыр жылдын кайсы мезгили?<br>- Азыр жаз мезгили. Жазында аба ырайы жылуу. Кар эрийт, байчечекей баш багат. |

**1-көнүгүү боюнча.** Өткөн сабактагы өздөштүргөн лексикаларды бышыктоо максатында сөздүк жат жазуу: жайында, күзүндө, жаан, жылуу, аба ырайы.

Жаңы сөздөр мугалимдин жеке чыгармачылыгына жараша өздөштүрүлөт.

**2-көнүгүү боюнча. а)** Жаратылыш кубулуштарынын белгилери боюнча жыл мезгилдерин аныктап табышат, сөз байлыгы өсөт. **Мисалы:** 1......... аба ырайы суук. 2. Кар тез-тез жаайт. 3. Катуу шамал согот.

*Үлгү:* 1. Кышында аба ырайы суук болот.

б) Төрт мезгилдерди катары менен жазып чыккыла.

Жай Күз

Кыш Жаз



**3-көнүгүү боюнча.**

Сабактагы фонетиканы өздөштүрүү:

“Мени карагыла, мени уккула” – деп, мугалим **(э-ээ)** үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдүн артикуляциясын айырмалап, окуп берет. Окуучулар экиэкиден чогуу кайталашат: эр – ээр, тек – тээк, биринчи катар кыска үндүү (э), экинчи катар созулма үндүү (ээ) болуп кайталап машыгат..

**4-көнүгүү боюнча.** Сабаттуу жазууга көнүгөт.

**5-көнүгүү боюнча.** “Жети күн” оюну. Лексика-грамматика боюнча сөз өстүрөт. Мугалим: Балдар, Чыпалак бала аптанын күндөрүн эсинен чыгарып коюптур. Бизден жардам сурап жатат. Жардам берели. Чыпалак бала үч топтун жообун угат.

*Үлгү:*

| I топ: | II топ: | III топ: |
|---|---|---|
| бүгүн дүйшөмбү<br>кечээ жекшемби<br>эртең шейшемби | кечээ шейшемби<br>бүгүн шаршемби<br>эртең бейшемби | эртең шаршемби<br>бүгүн шейшемби<br>кечээ дүйшөмбү |

Чыпалак бала: “Чоң ыракмат, балдар, мен эми Чебурашка досум менен бирге келип турам”, -деп ыраазы болот.

Окуучулардын көңүлүн “ыракмат” деген сөздү (ракмат) деп да айтышарына жана жазыларына көңүл бурат.

**6-көнүгүү боюнча.** Ролдоштуруп көркөм окууга көбүрөөк көңүл бурулат.

**7-көнүгүү боюнча.** Эми Чыпалак бала менен Чебурашка сүйлөшкөндөй ким **сүйлөшө алат** (**сүйлөшалат**) деп сүйлөшүү кырдаалын түзөт, сүйлөшүүгө үйрөнөт.

**8-көнүгүү боюнча.** “Жамгыр жаады” ыры боюнча мугалим сүрөт менен иштейт.

- Бул ким?
- Бул Мээрим.
- Ал кайда?
- Ал үйдө.
- Эшикте эмне жаап жатат?
- Жамгыр.
- Жамгыр кантип жаап жатат?
- Тып-тып, тып-тып, деп жаап жатат.

Азаматсыңар, келгиле, жамгырдын “тып-тып” этип жааганын ырдап жүрөлү:

Тып-тып, тып-тып, тып-тыпылдап,
Жамгыр жаады эшикте.
(ырды 2 жолу кайталоо)

**Ырдын тексти менен иштөө:**

– мугалим ырды көркөм окуп, лексикалар менен иштейт;

– балдар хор менен окушат, ырдын кайырмасын гана ырдашат;

– ырдын текстин көркөм окушат.

**Балдар, бүгүн сабакта эмнелерди жасаганга жетишип калдык?**

Кыска жана созулма **(э-ээ)** үндүүлөр катышкан сөздөрдү туура окудукпу?

– Ооба, 3 жолу туура окудук.

– "Жети күн" оюнун ойногонго жетиштикпи?

Аптанын бүгүнкү, эртеңки жана өтүп кеткен күнүн билип алдыкпы? Дагы Мээрим менен жамгыр ырын ырдадыкпы? Канитип ырдадык?

Тып-тып, тып-тып, тып-тыпылдап,

Жамгыр жаады эшикте.

Азаматсыңар, балдар. Мага "Мээрим" деген ат жагат, анткени, "мээрим" деген сөз баарын жакшы көргөн, боорукер дегенди билдирет. Ошондуктан, биз боорукер балдарды мээримдүү бала же мээримдүү кыз деп айтабыз.

"Мээрим, Мээрим, Мээрим,

Мээрим деген эмне?" деген ыр да бар, аны "Сейтек" балдар борборунун өнөрлүү балдары дайыма ырдап жүрүшөт. Биз да ырды үйрөнүп алып, "Нооруз" майрамында ырдап берели, макулсуңарбы?....

**Үйгө тапшырма.**

## *25-сабак*

## АЛТЫН КҮЗ

**Сабактын максаттары:**

1. Кыска жана созулма (э-ээ) үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү айырмалап, туура жазганга үйрөнөт.
2. Лексикаларды сөз айкашы түрүндө өздөштүрөт.
3. Суроо-жооп аркылуу өздөштүргөн лексикаларды сүйлөө кебинде колдоно алат.
4. Текстти көркөм окуп, которууга машыгат.
5. "Алтын" күздөгү жаратылыштын кооздугуна суктанат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| э-ээ | жалбырактар саргаят, күн кыскарат, түн узарат | Кандай? суук, ысык, жылуу, салкын. | - Чебурашка, кышында аба ырайы кандай? - Кышында аба ырайы суук. - Жазында аба ырайы кандай? - Жазында аба ырайы (аба-райы) жылуу. |



**1-көнүгүү боюнча.** Сөздүк же көрүү жат жазуусу. Эр – ээр, кечээ, ме- мээ.

**Жаңы лексикаларды берилген сүрөттөр аркылуу өздөштүрүү:**

| | |
|---|---|
| 1. Келгин куштар жылуу жакка учушат. | Перелетные птицы улетают в теплые края. |
| 2. Талаада түшүм жыйналат. | На полях собирается урожай. |
| 3, 4 ........................ | ........................ |

**2-көнүгүү боюнча.** Дептерге өздөштүрүлгөн лексикаларды туура жазууга машыгат.

**3, 4-көнүгүүлөр боюнча.** "Түстүү мезгил" оюну. Табышмак, сүрөт, жалбырактардын түсү аркылуу жыл мезгилдери аныкталат. Мисалы,

"Жашыл болот өскөндө, сары болот түшкөндө" ж.б.

**5-көнүгүү боюнча.** "Суроо-жооп" аркылуу тема боюнча окуучулардын сөз байлыгына, эске тутуу жөндөмдүүлүгүнө көңүл бурат, суроо берүү кызыгуусу артат.

*Үлгү:* – Чебурашка, кышында аба ырайы кандай?

– Кышында аба ырайы суук.

– ......................

**6-көнүгүү боюнча.** "Мага жаккан жыл мезгил" оюнунда 5-көнүгүүдөгү сүйлөшүү үлгүсүнүн негизинде диалог кебин өстүрөт, өз алдынча сүйлөшүүгө кызыгат.

*Үлгү:* – Аман, сага кайсы мезгил жагат?

– Мага күз мезгили жагат

– Күзүндө аба ырайы кандай?

– Күзүндө аба ырайы салкын. Жалбырактар саргаят.

– Эмне үчүн алтын күз дешет?

– Жалбырактар, бак-дарактар – баары алтындай болуп сары түскө боёлот.

**7-көнүгүү боюнча.** "Сонундар талаасы (Поле чудес)" оюну. Тема боюнча сөз өстүрөт.

**8-көнүгүү боюнча.** а) "Котормочу" оюну. "Алтын күз" тексти менен иштөө. Өздөштүргөн сөз айкаштарын байланыштуу кебин өстүрүүдө колдоно билет. Максаты: ар бир бала окуган сүйлөмдү, досканын алдындагы эки котормочу алым-сабак которуп турат.

Туура которгон балага "Эң мыкты котормочу" наамы берилет.

Балдар, сабак аяктады, баарыңар активдүү, жакшы иштедиңер. Мен бүгүн баарыңарга ыраазычылык билдирип, кол чабамын, балдар да шаттана кол чабышат.

б) "Алтын күз" ырын көркөм окуп, эстеп алгыла.

Айлана сары боёкко,
Боёнуп алган турбайбы?!
Алтын күз келип, досторкон
Жемишке толду жыргайлы,
Токчулук ырын ырдайлы.

*Т. Алдаяров.*

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– күз мезгилинин кооздугун сүрөттөдүк;
– алтын күз жөнүндө аңгемелеп бергенди үйрөндүк;
– "Сонундар талаасы", "Котормочу" оюндарын ойнодук.

**Үйгө тапшырма.**

### *26-сабак*

## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында (5сабак) оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшырмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:



1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы, бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар.

## Биз эмнелерди үйрөндүк ?

| Сабактын темасы | Фонетика | Лексика | Грамматика | Сүйлөшүү темасы | Теманын сөз өстүрүү максаты | Сүйлөшүү үлгүлөрү | Тексттер | Текшерүү иштери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 21-сабак<br>Аба ырайы | а-аа | аба ырайы<br>күн<br>ай<br>булут<br>жаан<br>кар<br>мөндүр<br>чагылган<br>шамал<br>жылдыздар | Кандай?<br>суук<br>аба ырайы<br>жылуу<br>салкын | Аптанын күндөрү жөнүндө | Аптанын күндөрүн күнүмдүк турмушта колдонуу боюнча сүйлөп берүү. | -Бүгүн кайсы күн?<br>-Бүгүн дүйшөмбү. | "Булут" деген ыр<br>А.Муратов | |
| 22-сабак<br>Күн тийип турат | а-аа | Тема боюнча лексикаларды бышыктоо | сөз айкашы,<br>этиштин учур чагы | Аба ырайы жөнүндө | Аба ырайы жөнүндө маалымат алмашууга үйрөнүү | -Бүгүн аба ырайы канадй?<br>-Бүгүн аба ырайы суук (жылуу, салкын) | Жаңылмач<br>"Асмандагы ак булут..."<br>.... | |
| 23-сабак<br>Жыл мезгилдери | аа, уу, үү | кар эрийт<br>байчечекей башбагат<br>күн ысыйт<br>мөмө-жемиштер бышат | Качан?<br>кышында,<br>жазында,<br>жайында,<br>күзүндө, | Жыл мезгилдери жөнүндө | Жыл мезгилдери жөнүндө пикир алышууга кызыктыруу | - Чыпалак бала, азыр жылдын кайсы мезгили?<br>- Азыр күз мезгили.<br>- Чыпалак бала, күзүндө аба ырайы кандай?<br>- Күзүндө аба ырайы салкын. | Текст "Жыл мезгилдери" | |
| 24-сабак<br>Тегеренген төрт мезгил | э-ээ | бүгүн<br>кечээ<br>эртең | бүгүн<br>дүйшөмбү<br>эртең шейшемби<br>кечээ жекшемби | Жаз мезгили жөнүндө | Жаз мезгили жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | - Чыпалак бала, азыр жылдын кайсы мезгили?<br>- Азыр жаз мезгили. Жазында аба ырайы кандай?<br>- Жазында аба ырайы жылуу. | "Жамгыр" ыры<br>Т.Эсенгулов | |



| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 25-сабак<br>Алтын күз | э-ээ | Жалбырактар саргаят<br>күн кыскарат<br>түн узарат | | Кыш мезгили жөнүндө | Кыш мезгили жөнүндө сүйлөшүүгө үйрөнүү | - Чебурашка кышында аба ырайы кандай?<br>- Суук.<br>- Жазында аба ырайы кандай?<br>- Жылуу. | Текст "Алтын күз" | |
| 26-сабак<br>Өзүңдү текшер | I деңгээлдеги тапшырмалар →<br>II деңгээлдеги тапшырмалар →<br>III деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Лексика<br>Грамматика<br>Байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар | | |
| Биз эмнелерди үйрөндүк? | а-аа, уу, үү, аа, э-ээ тыбыштамгаларын туура окуп жазганга үйрөндүк | 36 сөздү өздөштүрдүк | Мезгил тактооч<br>Сын атооч<br>Сөз айкашы<br>Этиштин учур чагын өздөштүрдүк | • Аптанын күндөрү<br>• Жыл мезгилдери<br>• Аба ырайын билип алдык | Темалар боюнча сүйлөшүүгө үйрөндүп | Диалог жана монолог аркылуу байланыштуу кебибизди өстүрдүк | 2 ыр<br>2 текст<br>1 жаңылмач<br>1 табышмактарды окудук жаттадык | |

# 4-ЦИКЛ
# Тема: “МЕНИН ИШ КҮНҮМ”

27-сабак. Убакыт
28-сабак. Саат канчада?
29-сабак. Мектепке эрте барамын
30-сабак. Менин иш күнүм
31-сабак. Оку, иште, эринбе
32-сабак. Чыпалак баланын иш күнү
33-сабак. Бош убакытым
34-сабак. Чыпалак бала футбол ойнойт
35-36-сабактар. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## *27-сабак*
## УБАКЫТ

**Балдар сабакта:**

1. Убакытты туура айтканга жана жазганга үйрөнөт.
2. Кырдаал боюнча сүйлөшүп, алкыш айтканга үйрөнөт.
3. Макалдын тарбиялык маанисин түшүнүп алышат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | ыракмат<br>убакыт<br>саат | Эсептик сан атооч<br>Саат канча болду?<br>Саат бир болду.<br>Саат бир жарым болду. | - Салам, Акылай!<br>- Салам, Чыпалак бала!<br>- Акылай, саат канча болду?<br>- Саат он болду.<br>- Чоң ыракмат.<br>- Эч нерсе эмес. |

**1-көнүгүү боюнча.** “Саат канча болду?” оюнунда мугалим жооптун эки гана конструкциясы боюнча иштейт. **Мисалы:** <u>Саат канча болду?</u>

- Саат бир болду.

- Саат бир жарым болду. Калган конструкциялар боюнча окуучулар суроо-жооп аркылуу машыгып, убакытты айтканды үйрөнөт.

**2-көнүгүү боюнча.** Окуучулар өздөштүргөн сүйлөм конструкциясын жазуу жана цифра түрүндө дептерге туура жазууга көңүл бурулат, саатты айтканды билип алат.

**3-көнүгүү боюнча** .“Сонундар талаасы” оюну ойнолот.

**4-көнүгүү боюнча.** Убакытты билдирүүчү сөздөрдү оозеки кепте кодоно билишет. **Мисалы:**



– Салам, Акылай!
– Салам, Чыпалак бала!
– Акылай, саат канча болду?
– Саат жети болду.
......................

**5-көнүгүү боюнча.** Мугалим “Сабакта” деген сүйлөшүү кырдаалы боюнча бири-бирине <u>“ыракмат” деп, алкыш сөзүн </u>айтып сылык болууга чакырат.

– Салам, Аман
– Салам, Улукбек
– Аман, саат канча болду?
- Саат бир болду.
- <u>Чоң ыракмат</u>.
- Эч нерсе эмес.

Мугалим балдарга: "Балдар, Чыпалак баланын эскертүүсүн эстеп калалы, “Чоң ыракмат” – бул алкыш сөз “ыракмат”, “ракмат” деп айтыла берет.

**Эскертүү.** “Марҳамат” деген сөздүн лексикалык мааниси кыргыз тилинде этиш сөздөргө гана **–чы, –чи, –чу, –чү** мүчөсү уланганда берилет.

**Мисалы:** Асан, оку – Асан, читай.
Асан, окучу – Асан, читай, пожалуйста.

**(-чы)** мүчөсү энчилүү аттарга же ат атоочторго уланса, суроо берүү маанисинде колдонулат. **Мисалы:** Бул Асан, тигичи?
Асан келди, Сашачы?

**6-көнүгүү боюнча.** а) Мугалим убакытты учкан кушка салыштырып, макалдын маанисин чечмелеп, көркөм окуйт. Окуучулар кайталап окуп, эстерине тутушат. Ким убакытты туура пайдаланып, тапшырмаларды аткарганга, ойногонго, апасына жардам бергенге жетишет? – деп, окуучуларды өз убактыларын туура бөлүштүрүүгө үндөйт.

б) ырды эсиңерге сактап алгыла.

Чык-чык этип ырдаган,
Убакытты көрсөтүп,
Тегеренип тынбаган.
Үйүмдөгү ырчы саат,
“Жолдошум” мен сыйлаган.
*Т. Алдаяров.*

**Биз эмнени үйрөндүк?**

Балдар, бүгүн силер абдан активдүү болдуңар. Убакытты айтканды, макал айтканды үйрөндүңөр. Дагы бири-бириңерге ыракмат айтканды да үйрөнүп алдыңар, мен да силерге чоң рахматымды айтып, ыраазычылыгымды билдирем.

## *28-сабак*

## САAT КАНЧАДА?

**Сабактын максаттары:**

1. Канчада? деген суроого жооп бергенди үйрөнөт.
2. Өздөштүргөн лексика-грамматикаларды сүйлөө кебинде, жазуу речинде, колдоно алат.
3. Кыймыл-аракетти билдирүүчү сөздөрдүн жак мүчөлөрүн айырмалап өздөштүрөт.
4. Күн тартибиндеги убакытты туура пайдаланууга аракеттенет, бири-бири менен достук мамиледе боло алат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | Тема боюнча лексикаларды кайталоо | Убакытты билдирүүчү Жатыш жөндөмөсүнүн -да … -та … мүчөлөрү. Этиштин 1- 2-жак мүчөлөрү | - Акылай, сен саат канчада турасың? - Мен саат 7де турамын. - Чыпалак бала, сен саат канчада жатасың? - Мен саат ондо жатам. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим **Жатыш** жөндөмөсүнүн **(-да, -де, -до, -дө), (-та, -те, -то, -тө)** мүчөлөрү кыймыл-аракеттин ордун жана убакытты билдирерине токтолот.

Балдар, өткөн сабакта биз: Ким кайда? деген суроого **(-да) (-та)** мүчөлөрүнүн жардамы менен жооп бергенди үйрөнүп алганбыз.

**Мисалы:** Мугалим класс+та
Окуучу мектеп+те
Акылай үй+дө деп жооп бере алабыз.

Бүгүн сабакта "Саат канчада?" деген суроого жооп бергенди үйрөнөбүз "Саат канчада?" деген суроого да (-да), (-та) мүчөлөрүнүн жардамы менен да жооп бере алабыз.

**Мисалы:** – Саат канчада?
– Саат алты+да
– Саат беш+те

**Келгиле, таблицаны карайлы**!

| Ким кайда? – Кто где? | Саат канчада? – Во сколько? |
|---|---|
| Мугалим класс+та<br>Окуучу мектеп+те<br>Акылай үй+дө | Саат алты+да<br>Саат беш+те<br>Саат он+до |



Демек, -да, -та мүчөлөрү орунду да, убакытты да билдирерин эсиңерден чыгарбагыла.

**2-көнүгүү боюнча.** "Кичинекей жардамчы" оюну.

"Саат канчада?" дегенде,
Туура жообун бергенге,
Бизге келет жардамга,
Кичинекей (**-да**) мүчө!

Жатыш жөндөмөсүнүн керектүү мүчөлөрү аркылуу сандарды туура окуйт. Мугалим карточкадагы бир гана **(-да)** мүчөсүн көрсөтүп турат, балдар сандарды үндөштүрүп, туура мүчөсүн улап, бир-бирден окуп кете беришет.

*Үлгү:* экиде, алтыда, жетиде... ...................

**3-көнүгүү боюнча.** Өздөштүрүлгөн лексика-грамматиканы бышыктап туура жазып, убакытты аныктоодо сабаттуулугун арттырат. *Үлгү:* А, Б саат алты **+ да**

Саат алты жарым **+ да...**

**4-көнүгүү боюнча.** Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү эске алынат, тил жатыктырылат.

**5-көнүгүү боюнча.** "А":"Көнүгөбүз, машыгабыз" дидактикалык оюну. Дептерге сан атоочту да цифра түрүндө жазууга көңүл бурулат.

"Б" тапшырмасы үйгө берилет.

"Саат канчада?" деген суроого жооп аркылуу "тур", "жат" кыймыл этишинин биринчи жана экинчи жагын айырмалап аныктайт, сүйлөм түзүүгө машыгат.

*Үлгү:* **Мен** тура**мын**,
**Сен** тура**сың**.

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде убакытты **-да** мүчөсүнүн жардамы менен билип алсак, алакандар шакылдайт, **-та** мүчөсүнүн жардамы менен билсек, буттарыбыз такылдайт.

**Сөз айкашы: саат бирде, саат экиде, саат үчтө, саат беште, саат алтыда, саат төрттө, саат жетиде, саат ондо.**

**6-көнүгүү боюнча:** "Ролдоштуруу" оюну. Максаты: образга кирип, алым-сабак окууга машыгат, кыргыз тилинде сүйлөшүүгө кызыгат.

*Үлгү:* Чыпалак бала / Акылай

**7-көнүгүү боюнча.** Кеп конструкциясынын (6-көн.) негизинде этиштин 1,2-жагын оозеки кепте туура колдонуусуна жана диалог кебин өстүрүүгө көңүл бурулат.

*Үлгү:* Улукбек / Улан
- Улан, сен саат канчада турасың?
- Мен саат сегизде турамын.
- Улукбек, сен саат канчада уктоого жатасың?
- Мен саат ондо жатам.

**8-көнүгүү боюнча.** Мугалим үлгүгө көңүл буруп: кыргыз тилинде этиш сөздүн **(-мын)** деген мүчөсү **"мен"** деген ат атоочту билдирет, ал эми **(-сың)** деген мүчөсү **"сен"** деген ат атоочту билдирет деп, эки тилдеги этиш сөздөрдүн жасалыш айырмачылыгын салыштырып, кыргыз тилинде морфологиялык (тура+**мын**), орус тилинде синтаксистик жол (**мен** тураман) менен жасаларын берет.

**Биз кыргыз тили сабагында эмне кылдык:** окудук, жаздык, ойнодук, ким саат канчада турарын, канчада жатарын билдик. Чыпалак бала менен Акылайдын дос экенин да билип алдык. Саат жөнүндө табышмак окуп, анын жандырмагын таптык.

## *29-сабак*
## МЕКТЕПКЕ ЭРТЕ БАРАМЫН

**Сабактын максаттары:**

1. "Каякка?" деген багытты билдирүүчү суроого жооп бергенди үйрөнөт.
2. Канчада? Каякка? деген суроолордун маанисине жараша байланыштуу кебин өстүрөт.
3. Сүйлөшүү кебинде этиштердин 1 жана 2-жагынын жак мүчөлөрүн айырмалап туура колдоно алат.
4. Эринбестен жакшы билим алганга тырышат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | дүкөн<br>музей<br>бар, кел<br>эрте, кеч<br>эринчээк | Барыш жөндөмөсүнүн багытты билдирүүчү -га..., -ка... мүчөлөрү.<br>Этиштин жак мүчөлөрү: бара+мын, келе+мин | - Акылай, сен саат канчада мектепке барасың?<br>- Мен саат жети жарымда мектепке барамын.<br>- Акылай, сен саат канчада үйгө келесиң?<br>- Мен саат экиде үйгө келемин. |

**Эсиңерге туткула!**

**1-көнүгүү боюнча.** Балдар, келгиле **каякка**? деген суроого жооп бергенди үйрөнүп, Акылайдын, Амандын, досуңдун, апаңдын жана атаңдын каякка барарын билип алалы. Бизге жардамга кичинекей жардамчылар: **(-га, -ге, -го, -гө)** жана **(-ка, -ке, -ко, -кө)** мүчөлөрү келет.

Сөз үндүү жана жумшак үнсүз менен аяктаса **-га,** ал эми каткалаң үнсүз менен аяктаса **-ка** мүчөлөрү уланып, багытты билдирет. Таблицаны карагыла.

| | |
|---|---|
| **(-га)** | **(-ка)** |
| дарыкана+**га** | класс+**ка** |
| зал+**га** | сабак+**ка** |



**2-көнүгүү боюнча.** "Сынак" оюну. **-га)** мүчөсүн сөздүн аягындагы үндүүлөргө үндөштүрүп, багытты билдирерин билип алат. Көнүгүүнү ким туура аткарса, жеңүүчү болот же болбосо, А-тапшырмасын биринчи катар, Б-тапшырмасын экинчи катардагы балдар аткарып, бири окуганда, экинчиси текшерип, сынак уюштурулат. Катасыз иштеген катардагы балдар мугалим жана класс тарабынан кол чабуулар аркылуу алкоого алынат.

*Үлгү:* китепкана+**га** – в библиотеку
мектеп+**ке** – в школу
...............................

**3-көнүгүү боюнча.** Азаттын күн тартиби жөнүнөдө дептерге жазууда **Жатыш** жөндөмө мүчөлөрү бышыкталат, логикалык ой жүгүртүүсү өсөт, өзүнүн иш күнү жөнүндө да ойлонот.

**4-көнүгүү боюнча.** Мугалим ырды көркөм окуп, маанисин түшүндүрөт. **Эрте, кеч, эринчээк** деген сөздөрү менен иштейт. Ал ырды эки жолу ордун алмаштырып, көркөм окуйт, окуучулар аны кайталайт. *Үлгү:*

| | |
|---|---|
| 1. Эрте жатып, кеч турган,<br>Эринчээктин белгиси. | 2. Эринчээктин белгиси,<br>Эрте жатып, кеч турган. |

Биздин класста эринчээк балдар жок, же барбы?............

**Жаңы лексикаларды өздөштүрүү.**

**Мисалы:** "Бар", "кел" кыймыл этиштерин кайталап окуп, биринчи жана экинчи жагын айырмалап аныктайт.

*Үлгү:* **Мен** бара**мын**,
**Сен** бара**сың**.

**5-көнүгүү боюнча.** Диалогду ролдоштуруп окуганга кызыктырат, сабактагы лексика-грамматика бышыкталат.

**6-көнүгүү боюнча.** Топ аралык таймаш."Мектепте" жана "Танаписте" деген сүйлөшүү кырдаалдары боюнча үлгүнүн негизинде (5-көн.) сүйлөшөт. Кызыктуу сүйлөшкөн топ жеңишке ээ болот.

**7-көнүгүү боюнча.** Кимдин каякка барып келерин Б.жөндөмөсүнүн мүчөлөрү аркылуу табууга көңүл бурулат, материалды кабыл алуу, түшүнүү жөндөмдөрү өсөт.

*Үлгү:* бара+**мын** – я иду, бара+**сың** – ты идешь
Мен театрга барамын. Сен музейге барасың.
..........................................

б) ырды көркөм окуп, тилиңерди жатыктыргыла.

Мектепке эрте барамын,
Антпесем кеч каламын.
Убакыт менен так жүргөн,
Мен тартиптүү баламын.

*Т. Алдаяров*

**8-көнүгүү боюнча.** Азаттын күн тартиби жөнүндө аңгеме түзүшөт. Суроо-жооп аркылуу лексика-грамматика бышыкталып, оозеки кебинде колдоно билет.

**Биз эмнени үйрөндүк?**

Бүгүн сабакка баарыңар жакшы катыштыңар. Силерге сабак жактыбы? – Ооба. **Мугалим**: Сабак мага да жакты. Өзгөчө Чыпалак бала менен Акылайдын ролунда окуп которуу иши, эки топтогу балдардын бири-бири менен сүйлөшкөнү жакты. Мындан ары эринчээк болбой, ар бириңер иш күнүңөрдү туура пайдаланып жүргүлө.

## *30-сабак*
## МЕНИН ИШ КҮНҮМ

**Сабактын максаттары:**

1. Кыска жана созулма (э-ээ) үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү кайталап, тил жатыктырат.
2. Тема боюнча лексикаларды сүйлөө кебинде колдонууга көнүгөт.
3. Кырдаал боюнча сүйлөшүүгө машыгат.
4. Ырды көркөм окуганга, которгонго машыгат.
5. Ырдын маанисин түшүнүп, турмушта колдоно алат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| Э – ээ | эмгекчил<br>иш күн<br>жуу<br>ич<br>түшкү тамак | Жатыш жөндөмө<br>+ Этиштин жак<br>мүчөсү<br>...да+мын<br>...да+сың | - Чыпалак бала, сен саат канчада турасың?<br>- Мен саат 7де турамын. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим доскадагы: **эринчээк, эмгекчил, эрте, кечээ** деген сөздөрдү окуучуларга хор менен чогуу окутуп, мен каткан тамга бардык сөздөрдө кездешет. "Бул кайсы тамга, тапкылачы?" деп кайрылат, окуучулар сөздөрдү кайталашат.

**Жаңы лексикаларды өздөштүрүү.** "Жуу",. "ич", кыймылды билдирүүчү этиштерди кайталап окуп, биринчи, экинчи жагын аныктайт.

*Үлгү:* **Мен** жууна**мын**;

**Сен** жууна**сың**

**2-көнүгүү боюнча.** Лексика-грамматиканы өздөштүрүп, туура жазат. "Мен эмне кыламын?" оюну. Өздөштүрүлгөн сөздөр аркылуу ким эмне кыларын билип алат.

– Мен эмне кыламын?

– Мен жуунамын, тамак ичемин - деп, баары бир-бирден жооп берип отурат.



**3-көнүгүү боюнча.** Окуучулар "Мен эмне кыламын?" деген суроого жооп табууга машыгат, логикалык ой жүгүртүүсү өсөт, чайнворду табат.

**4-көнүгүү боюнча.** "Ким табат?" оюну. Мен эмне кыламын? деген суроого жооп аркылуу лексика-грамматиканы бышыктайт.

**5-көнүгүү боюнча.** Өз алдынча суроо түзүп, бири-биринен жооп алганга үйрөнөт.

**6-көнүгүү боюнча.** Ырдын маанисин чечмелеп эске тутат. Мугалим ырды орун алмаштырып окуйт, балдар кайталашат, жекече өз алдынча да окушат.

*Үлгү:*

А) Эрте турган, кеч жаткан (эрта, кеч)

Эмгекчилдин белгиси (кто любит трудиться)

Б) Эмгекчилдин белгиси

Эрте турган, кеч жаткан.



**Дене тарбия көнүгүү**

Эмгекчил бала "5" алат (оң колдогу беш манжасын көрсөтүү).

Эринчээк бала"3" алат (сол колдогу үч манжасын көрсөтүү).

Чымырканса ал деле (эки колун жумуп, муштумун көргөзүп чымырканат),

Эмгекчил бала боло алат (болалат).

**Эсиңерде болсун!**

Сөз айкаштарында жашынмак ойногон үндүүлөр көп кездешет. **Мисалы:** Эмгекчил бала боло алат деген саптагы "боло алат" деген сөз айтылганда "о" тамгасы "жашынып" окулбай калат.

**Мисалы:** "боллат".

**7-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Активдүү сөздөрдү диалог кебинде өздөштүрөт, диалог кеби калыптанат.

**8-көнүгүү боюнча.** Кырдаал боюнча эркин сүйлөшүүгө кызыктырат. Ким Чыпалак баладай болуп, канчада туруп жуунарын, тамактанарын айтып бере алат? – дейт Коёнек.

- Айтып бере алабызбы?

- Ооба.

............

**9-көнүгүү боюнча.**

"Менин күнүм" деген тексти менен иштөөдө байланыштуу кебин өстүрүү көндүмү эске алынат.

**Сабакта эмнени үйрөндүк:**

- бири-бирибиз менен сүйлөшкөндү үйрөндүк;

- Ким жөнүндө окуганды үйрөндүк? Эмгекчил бала жана эринчээк бала жөнүндө:

Эмгекчил бала "5" аларын, ал эми эринчээк бала"3" аларын түшүндүк.

### *31-сабак*

## ОКУ, ИШТЕ, ЭРИНБЕ...

**Сабактын максаттары:**

1. Кыска жана созулма (о-оо) үндүү тыбыштарын артикуляциялык өзгөчөлүгүнө жараша айырмалап окуганга үйрөнөт.
2. Сөздөрдү орундук жана багыттык маанисине жараша оозеки кебинде жана жазуу речинде колдоно алат.
3. Кырдаал боюнча сүйлөшүүгө көнүгөт.
4. Ырды окуганды, которгонду үйрөнөт.
5. Окуп-билим алууга талбастан эмгектенүү керектигин сезет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| о – оо | оку<br>иште<br>эринбе<br>кечки тамак | Жатыш жөндөмө<br>Барыш жөндөмө<br>мектеп+те<br>мектеп+ке<br>үй+дө<br>үй+гө | - Чыпалак бала, кечки тамакты канчада ичесиң?<br>- Мен кечки тамакты саат жетиде ичемин. |

**1-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык машыгуу:

– доскадагы сөздөрдү мугалим артикуляциялык өзгөчөлүктөрүнө жараша айырмалап окуйт. **Мисалы:** бор – боор, ток – тоок, кон – коон алардын маанисин түшүндүрөт.

– балдар менен чогуу окуйт.

– 1-катар “бор”, 2-катар “боор” деп, катар-катар болуп окушат.

**2-көнүгүү боюнча.** Мугалим балдарга кайрылып, Акылайдын күндө каякка барары, кайда окууру жөнүндө аңгемелеп берет.

**Мисалы:** Акылай күндө мектепке барат, ал мектепте окуйт

Келгиле, биринчи жана экинчи сүйлөмдөргө суроо берели!

– Акылай каякка бара жатат? – Акылай мектепке бара жатат.

– Акылай кайда окуйт? – Акылай мектепте окуйт

Балдар, “каякка барат?” дегенде Акылайдын мектепке бара жаткандыгын, ал эми “кайда окуйт?” дегенде мектепте окуурун билип алдык, азаматсыңар.

Мугалим “сүрөттү карагыла” – деп, сүрөт боюнча иштейт.

| | |
|---|---|
| (баланын мектепке бара жаткан сүрөтү) **-ке** | (баланын мектепте отурган сүрөтү) **-те** |

**Таблицаны карагыла!**

Окуучулардын Каякта? Каякка? деген суроолордун маанисине жараша берген жоопторуна көңүл бурулат.



*Үлгү:* мектепте \ мектепке

..................\...........

**3-көнүгүү боюнча.** “Кимдики туура?” оюну. Сүйлөмдү маанисине жараша туура окуп, толуктап, сүйлөм түзгөнгө машыгат.

*Үлгү:* Мен мектепте (барамын, окуймун) – Мен мектепте окуймун.

..................

**4-көнүгүү боюнча.** "Адашкан сүрөттөр" оюну. Сүрөттөр аркылуу күн тартиби жөнүндө 1-жактан аңгемелеп берүүгө маани берилет, ким чакан аңгемени туура түзө алса, жеңүүчү болот.

*Үлгү:*1. Эртең менен турамын, жуунамын...

**5-көнүгүү боюнча.** Диалогду ролдоштуруп окуп, машыгат, маалымат алмашат, жаңы сөз айкаштарын өздөштүрөт.

**6-көнүгүү боюнча.** “Ашканада” сүйлөшүү кырдаалы боюнча активдүү лексикаларды колдоно билүүсү эске алынат.

*Үлгү:* - Акылай, сен кечки тамакты качан ичесиң?

- Мен кечки тамакты саат 7 жарымда ичем.
- А, сен кечки тамакты качан ичесиң?
- ...............................................................

**7-көнүгүү боюнча. Ойлонгула!** Эмне үчүн Атай Сезимден мен үчүн жооп берип койчу деп суранып жатат? Сезим жардам береби, силер кандай ойлойсуңар?

Бул багыттагы иштер балдардын ой жүгүртүүсүн, сүйлөө кебин өстүрөт.

**8-көнүгүү боюнча.** а) Мугалим ырды көркөм окуп, сабактын кептик темасы (оку, иште, эринбе,.....) менен байланыштырып, “Ким жакшы окуп, билим алса, ал жакшы кесиптин ээси болуп, анын **тилеги** орундалат” деп, ырды балдар менен 2 жолу кайталап, чогуу окуйт.

б) “Көркөм окуу” конкурсу. Максаты: окуучулардын интонациясын, дикциясын калыптандырат. Мугалим менен окуучу алым-сабак окушат, андан кийин окуучу менен окуучу окуйт.

Балдар, сабакта көп иштерди жасаганга жетиштик, ал иштерди ким кайталап коёт:

– кыска жана созулма үндүү (о – оо) катышкан сөздөрдү хор менен окудук;
– күн тартибибиз жөнүндө сүйлөштүк;
– “Ашканада” сүйлөшүү кырдаалы боюнча пикир алыштык;
– “Тилегим” деген ырды көркөм окуп, анын маанисин түшүнүп алдык.

### *32-сабак*

## ЧЫПАЛАК БАЛАНЫН ИШ КҮНҮ

**Сабактын максаттары:**

1. Кыска жана созулма (о – оо) үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү сабаттуу жазууга үйрөнөт.
2. 1-жана 3-жактагы этиш сөздөрдүн жак мүчөлөрүн айырмалап, сүйлөө кебинде колдоно алат.
3. "Бактылуу балалык" деген ырды обону менен ырдап, шаттанышат.
4. Бирге чогуу ырдоо окуучулардын шаттануу сезимин ойготот.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| о – оо | турат<br>жуунат<br>тамактанат<br>барат<br>келет<br>уктоого<br>жатат | Этиштин жак мүчөлөрү<br>1-ж. бара<u>мын</u><br>3-ж. бара<u>т</u> | Чыпалак баланын иш күнү же досунун Иш күнү жөнүндө аңгемелеп берүүгө машыгуу. |

**1-көнүгүү боюнча.** Чыгармачыл жат жазуу: Түшүп калган тамгаларды таап, доскадагы сөздөрдү туура жазуу.

Б...р, б...р, т...к, т...к, к....н, к......н, жалк....

**Мисалы:** бор – боор.....

**Эсиңерге туткула!**

Мугалим кыргыз тили менен орус тилдериндеги род категорияларындагы айырмачылыкты жаңы лексикалар аркылуу салыштырып, айырмалап берет.

а) **Мисалы:** ал – он (она)
турат – он (она) встаёт
жуунат – он (она) умывается
тамак ичет – он (она) кушает
............................................

б) **Мисалы:** <u>Она</u> встает – <u>Ал</u> турат
<u>Он</u> умывается – <u>Ал</u> жуунат
<u>Она</u> кушает – <u>Ал</u> тамак ичет
...............................................

**2-көнүгүү боюнча.** "Кайсы сөз ашык?" оюнунда 3-жактагы этиш сөздөрдү жак боюнча ээрчишине көңүл бурулуп, сүйлөм түзүүгө машыгып көнүгөт.

Мугалим: "Ал мектепке барамын", – деп атайын туура эмес окуйт. Балдар туура вариантын: "Ал мектепке барат", – деп окушат.



**3-көнүгүү боюнча.** Тил жатыктыруу ишине көңүл бурулат. Кыска жана созулма үндүүлөрдүн тыбыштык айырмачылыктары өздөштүрүлүп, артикуляциялык сабаттуулугу артат.

**4-көнүгүү боюнча.** Сүрөт боюнча лексика-грамматиканы өздөштүрөт, логикасы өсөт.

**5-көнүгүү боюнча.** "Суроо-жооп" оюнунда этиш сөздөрдү 3-жакта туура колдоно билүүгө маани берилет. Окуучулар жообуна жараша бири-бирин баалайт. Туура баалаган балага "эң мыкты эксперт"деген наам берилет, ал кол чабуулар менен коштолот.

**6-көнүгүү боюнча.** Ачык суроолорго толук жооп берүү максаты көздөлөт, сүйлөшүү кеби өсөт.

**7-көнүгүү боюнча.** "Эң мыкты аңгемечи" конкурсу. Окуучулардын байланыштуу кебине көңүл бурулат, бири-бири менен болгон достук мамилеси артат.

**8-көнүгүү боюнча.** Окуучулар сабакка кирүүгө жана сабактан чыгууга уруксат алганга машыгат.

**9-көнүгүү боюнча. "Бактылуу балалык"** деген ырды шаттана ырдоого жылуу маанай түзүлөт:

– ырды эмоционалдуу кабыл алуу максатында мугалим обону менен аткарып берет;

– ырдагы образдуу салыштыруулар менен иштейт;

**Мисалы:** Күмүштөй балалык, алтындай балалык.

– ырды көркөм чогуу окушат;

– обону менен аткаруу үчүн ырдын биринчи сабын мугалим ырдайт, экинчи сабын балдар ырдайт, үчүнчүсүн...

– балдар мугалим менен чогуу ырдашат.

Мугалим ушундай шаңдуу маанайда сабагын аяктайт: Биз бактылуу балдарбыз, окуп, билим алып жатабыз ж.б.

Биз эмнени үйрөндүк:

– сабаттуу жазганга үйрөндүк;

– суроолорго жооп бергенди үйрөндүк;

– "Бактылуу балалык" деген ырды ырдадык.

### 33-сабак

## БОШ УБАКТЫМ

Сабактын максаттары:

1. Созулма **аа, оо, өө, уу, үү, ээ** үндүү тыбыштарын кайталап, бышыктап өздөштүрөт.
2. Тема боюнча лексика-грамматиканы сүрөт аркылуу өз кебинде колдонуп, жазуу сабаттуулугун жана сөз байлыгын арттырат.

3. Алым-сабак айтышууга машыгат.
4. Текстти 1-жактан аңгемелеп берүүгө үйрөнөт.
5. Убакытты туура пайдаланып, ар дайым өзүн сергек алып жүргөнгө үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| ө – өө | бош убакыт өткөрүү ойноймун музыка угамын көрөмүн | Этиштин жак мүчөсү: 1-жак – ойнойм<u>ун</u>, уга<u>мын</u>, окуйм<u>ун.</u> | Чыпалак бала: Акылай, бош убактыңды кандай өткөрөсүң? Акылай: Мен музыка угамын, китеп окуймун. |

**1-көнүгүү боюнча.** Сөздүк жат жазуу жазышып, кыска жана созулма үндүүлөр менен тил жатыктырат.

**2-көнүгүү боюнча.** Сүрөт боюнча берилген "Мен эмне кыламын?" же "Ким эмне кылат?" деген суроого жооп аркылуу жаңы сөз айкаштарын өздөштүрүп, лексикаларды сүйлөө кебинде колдонот.

*Үлгү:* <u>Мен эмне кыламын?</u>

Мен футбол ойноймун (көрөмүн, угамын, окуймун).

.......................................................

**3-көнүгүү боюнча.** 1-жактагы этиш сөздөрдү жазуу речинде туура колдонуп көнүгөт.

**4-көнүгүү боюнча.** "Ким көп билет" оюну. Ар бир окуучу созулма үндүү катышкан сөздөрдү көбүрөөк айтканга машыгат.

**5-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо"оюну. Пассивдүү балдарды каармандардын образы аркылуу алым-сабак сүйлөшүүгө көнүктүрүп, сөз байлыгын өстүрөт.

**Мисалы:** Бүгүн Улан Чыпалак баланын ролун, ал эми Акылайдын ролун Бегайым ойногусу келет, келгиле, угуп туралы.

**6-көнүгүү боюнча.** Эки-экиден биргелешип иштөө жөндөмдүүлүгү калыптанат, чыгармачылык жоопкерчилиги артат.

Мугалим балдарга: Балдар, бүгүн бири-бириңерден сурап, бош убактыңар жөнүндө билип алгыла, эмки сабакта аңгемелеп бересиңер.

**7-көнүгүү боюнча.** "Сонундар талаасы" оюну. Алып баруучу менен оюндун катышуучуларынын кызматташтыгы артат, лексикалар бышыкталат.

**8-көнүгүү боюнча.** Текст менен иштөөдө котормочулук жөндөмдүүлүккө көңүл бурулат.

Балдар, сабакта баарыбыз активдүү иштедик, өзгөчө, Улан, Акылай, Улукбек, Азат, Алеша, Саша келгиле, аларды куттуктайлы. Бош убактыңарды туура пайдалангыла, анткени, убакыт учкан куш сыяктуу, тез эле өтүп кетет.

**Үйгө тапшырма.**



*34-сабак*

## ЧЫПАЛАК БАЛА ФУТБОЛ ОЙНОЙТ

**Сабактын максаттары:**

1. Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү сабаттуу жазууга үйрөнөт.
2. Өздөштүргөн лексика-граматикаларды оозеки жана жазуу речинде колдоно алат.
3. Досунун же Чыпалак баланын бош убактыларын кантип өткөрөрү жөнүндө 3-жактан аңгемелеп берүүгө үйрөнөт.
4. Бири-бири менен болгон достук мамилеси күч алат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| аа, оо, өө, уу, үү, ээ | тема боюнча лексикаларды бышыктоо | Этиштин жак мүчөсү: 3-жак – ойной<u>т</u>, көрө<u>т</u>, уга<u>т</u> | Азат: Акылай, Чыпалак бала бош убакытын кандай өткөрөт? Акылай: Чыпалак бала футбол, хоккей, теннис ойнойт. |

**1-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык машыгуу. Сөздүк жат жазуусу мугалимдин чыгармачылыгына жараша өткөрүлөт.

*Үлгү:* Саат – 4 тамга, (са:т) – 3 тыбыш.

"Ал эмне кылат?" деген суроого жооп аркылуу жаңы сөз айкаштары өздөштүрүлөт.

*Үлгү:* Ал эмне кылат?

Ал футбол ойнойт, теннис, жана хоккей ойнойт........

**2-көнүгүү боюнча.** "Котормочу" оюну. 1-жана 3-жактагы этиш сөздөрдүн жак мүчөсүн оозеки кебинде, жазуу речинде туура колдонууга көнүгөт.

*Үлгү:* Мен телевизор көрөмүн — Ал телевизор көрөт

Мен теннис ойноймун — Ал теннис ойнойт

**3-көнүгүү боюнча.** Өздөштүргөн сөз, сөз айкаштарын пайдаланып сүрөт аркылуу сүйлөм түзүп, сөз иретине көңүл бурулат.

Дүйшөмбү күнү → футбол ойнойт
Шейшемби күнү ........................
...................... ........................

**4-көнүгүү боюнча.** Берилген диологду ролдоштуруп улантып окуп, сүйлөө кеби калыптанат.

**5-көнүгүү боюнча.** Акылай менен Азаттын диологунун негизинде "Табышмактуу жети күн" оюнун сунуштайбыз. Сүрөт аркылуу сүйлөм түзүшөт, байланыштуу кеби өсөт.

а) Чыпалак бала аптанын кайсы күндөрүндө ойнойт?

*Үлгү:* 1. Дүйшөмбү күнү Чыпалак бала футбол ойнойт. Шаршемби........

б) Жети күндү рифмалап кайталоо, рифмадан жаңылган бала макал айтып же ырдап берет.

*Үлгү:* 1) Биринчи күн – дүйшөмбү
2) Экинчи күн – шейшемби

.............................................

**6- көнүгүү боюнча.** Ырды көркөм окуганга машыгат, маанисин сөздүктүн жардамы менен түшүнө алат.

**Балдар, бүгүн сабакта биз көп иштедик, ким эмне кылды?**

- Мен окудум.
- Мен сүрөт менен иштедим.
- Мен диалог окудум.
- Мен апта күндөрүн атадым.
- А сенчи?
- Мен Чыпалак баланын бош убактысы жөнүндө айттым.
- Мен болсо сүйлөмдү үнүмдү чыгарып окуп бердим.
- А мен шыбырап (ичимен) окудум ж.б.
- Футбол жөнүндө ырды көркөм окуп, жарыштык.
- Мен болсо, футбол жөнүндө ырды үнүмдү чыгарып окуп бердим.
- А мен шыбырап ичимен окудум.

### *35-36-сабактар*
## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.



Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн сумммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:

1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "Мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы, бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар

## Биз эмнелерди үйрөндүк?

| Сабактын темасы | Фонетика | Лексика | Грамматика | Сүйлөшүү темасы | Сүйлөшүү темасынын максаты | Сүйлөшүү үлгүсү | Тексттер | Текшерүү иши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 27-сабак Убакыт | | ыракмат убакыт саат | - Саат канча болду? - Саат бир болду. | Убакыт | Убакытты айтканды үйрөнүү | -Салам, Акылай! - Салам, Чыпалак бала! -Акылай, саат канча болду? -Саат жети болду. - Чоң ыракмат. -Эч нерсе эмес. | Макалдар: Убакыт алтындан кымбат. Убакыт – учкан куш. | |
| 28-сабак Саат канчада? | | Тема боюнча лексикаларды кайталоо | Жатыш жөндөмөсү, этиштин жак мүчөсү (I-II). | Саат канчада убактысы | Күн тартибиндеги убакыты айтканды үйрөнүү. | -Акылай, сен саат канчада турасың? -Мен саат 7де турамын. -Чыпалак бала, сен саат канчада жатасың? - Мен саат 10до жатам. | Табышмак: 60 ат,12 кат күнү-түнү уктабай жат. | |
| 29-сабак Мектепке эрте барамын | | бар, кел музей эрте кеч эринчээк | Зат атоочтун Барыш жөндөмөсү, этиштин жак мүчөсү (I-II). | Саат канчада? | Күн тартибиндеги убакытты айтканды үйрөнүү | -Акылай, сен саат канчада мектепке барасың? -Мен саат 7:30да мектепке барам. -Акылай, сен саат канчада үйгө келесиң? -Мен саат 12де үйгө келем. | Азаттын иш күнү | |
| 30-сабак Менин иш күнүм | э-ээ | иш күн жуунамын тамак ичемин эмгекчил | Ж.жөндөмө + Этиштин 1-жак. мүчөсү да+мын да +сың | Иш күнү | Иш күн жөнүндө аңгемелеп берүүгө машыгуу | - Чыпалак бала, сен саат канчада турасың? - Мен 7де турамын... | Этиш жөнүндө ыр ...... Ойгон, жуун, тамактан... | |



| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 31-сабак Оку, иште, эринбе... | о-оо | оку иште эринбе кечки тамак | Жатыш жөндөмө Барыш жөндөмө | Иш күнү | Иш күнү жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | -Чыпалак бала, сен кечки тамакты саат канчада ичесиң? -Мен кечки тамакты саат жетиде ичем. | Ырды көркөм окуу | |
| 32-сабак Чыпалак баланын иш күнү | о-оо | турат жуунат тамактанат барат келет уктоого жатат | Этиштин жак мүчөлөрү Мен... -мын Ал..... –т | Чыпалак баланын иш күнү | Чыпалак баланын иш күнү жөнүндө аңгемелеп берүүгө көнүгүү | Чыпалак баланын иш күнү жөнүндө аңгемелеп берүү | "Бактылуу балалык" ырын ырдоо | |
| 33-сабак Бош убакытым | ө-өө | бош убакыт өткөрүү теннис хоккей ойноймун музыка угамын | Этиштин жак мүчөсү Мен.... -мын | Бош убакыт | Бош убакыт жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | Чыпалак бала: – Акылай, бош убакытыңды кандай өткөрөсүң? Акылай: – Мен музыка угамын, китеп окуймун. | Менин бош убакытым | |
| 34-сабак Чыпалак бала футбол ойнойт | аа, оо, өө, уу, үү, ээ | Тема боюнча лексика-ларды бышыктоо | Этиштин жак мүчөсү: Ал...-т | Чыпалак баланын бош убактысы | Чыпалак баланын бош убактысы жөнүндө аңгемелеп берүүгө машыгуу | А: – Акылай, Чыпалак бала, бош убакытын кандай өткөрөт? А: – Чыпалак бала футбол ойнойт. | Текст менен иштөө | |
| 35-сабак Өзүңдү текшер | I деңгээлдеги тапшырмалар → II деңгээлдеги тапшырмалар → III деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Лексика Грамматика Байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар | | |
| 36-сабак Каталар үстүндө иштөө | | | | | | | | |
| Биз эмнелерди үйрөндүк? | э-ээ о-оо ө-өө аа, оо өө, уу үү, ээ созулма үндүүлөрнү билип алдык | 40 сөздү өздөштүрдүк | Зат атоочтун Барыш, Жатыш жөндөмөлөрү этиштин I, II, III жагын өздөштүрдүк | Убакыт. Менин иш күнүм. Чыпалак баланын иш күнү. жөнүндө сүйлөштүк | Темалар боюнча сүйлөшүүгө үйрөндүк | Диалог жана монолог аркылуу байланыштуу кебибизди өстүрдүк | 2 макал, 2 табышмак, 3текст, 2 ыр, 1 обондуу ырларды билип алдык | |

# 5-ЦИКЛ
# Тема: "ОЮНЧУКТАР"

37-сабак. Оюнчуктар
38-сабак. Сезимдин куурчагы
39-сабак. Түстөр

## *37-сабак*
## ОЮНЧУКТАР

**Сабактын максаттары:**

1. "К" үнсүз тыбышынын түпчүл-жоон жана уччул-ичке болуп айтылышын өздөштүрөт.
2. Сөз, сөздөн сөз айкашын түзүүгө көнүгөт.
3. Эмне менен? деген суроого жооп бергенди үйрөнөт.
4. Диалог жана монолог тексттери менен иштеп, байланыштуу кебин өстүрө алат.
5. Окуу куралдарын жана оюнчуктарын ар дайым таза сактоого үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| К – К' | оюнчуктар<br>куурчак<br>мамалак<br>күчүк<br>топ, чүкө<br>учак | эмне менен?<br>куурчак менен<br>чүкө менен | - Азат, сен кайсы оюнчук менен ойнойсуң?<br>- Мен топ менен ойноймун. |

**Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү:** Сүрөттөгү "Оюнчук дүкөнүндө" оюну аркылуу сатуучу да, сатып алуучу да оюнчуктарды туура атап, лексикаларды өздөштүрөт жана **"к"** үнсүз тыбышы катышкан сөздөр менен тил жатыктырат.

*Үлгү:* а) Бул куурчак. Бул мамалак.
куурчак, учак, чүкө, мамалак, күчүк.

б) "Мен билемин 5 оюнчуктун атын" оюну. Өздөштүргөн лексикалар бышыкталат. Мен билемин 5 оюнчуктун атын деп, окуучу өз партасынан доскага чейин ар бир кадам сайын бирден оюнчукту атап отурат.

Куурчак – бир, учак – эки, күчүк – үч, мамалак – төрт, чүкө – беш.

в) Жаңы сөздөрдү суроо-жооп аркылуу бышыктайт.

Үлгү – Бул кандай куурчак? – Бул кандай учак?
– Бул кооз куурчак. – Бул жаңы учак ж.б.



**1-көнүгүү боюнча.** Сөз айкаштарын жазууга көнүгөт, бир сөз ичинде канча тыбыш, канча тамга бар экендигин аныктап билип алат.

**2-көнүгүү боюнча.** "Ким сабаттуу?" оюну. Өздөштүргөн сөздөрдөн сөз айкашын түзөт. **Мисалы:** (куурчак, күчүк)

**Эсиңерге туткула!**

Балдар, **"менен"** деген сөздү каалаган оюнчуктар менен бирге айтсаңар, ошол оюнчук менен бирге ойной аласыңар деп, "менен" деген сөздүн мааниси орус тилиндеги "билан" предлогу менен берилишин айтат.

**Мисалы:** Куурчак – кукла

Куурчак менен – с куклой

Мен куурчак менен ойноймн. (Я играю с куклой)

**3-көнүгүү боюнча.** "Суроо-жооп" оюну аркылуу **"менен"** жандоочтуу сүйлөмдүн конструкциясын оозеки кепте колдоно билет. Оюн парта-парта боюнча улантылат.

*Үлгү:* – Азат, сен кайсы оюнчуктар менен ойнойсуң?
– Мен топ менен ойноймн, машине менен ойноймн.

**4-көнүгүү боюнча.** а) Суроо-жооп лексика-грамматиканы оозеки кепте колдоно алат, чыгармачылыгы өсөт.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| К | У | У | Р | Ч | А | К |
| М | Б | Т | О | Ч | Ю | Ү |
| А | А | П | Б | Т | У | Ч |
| Ш | К | Т | О | П | Г | Ү |
| И | А | Т | Т | А | Н | К |
| Н | С | П | О | Е | З | Д |
| А | А | М | О | Л | Ё | Т |

б) "Филворд" оюну аркылуу лексикалар бышыкталат.

**5-көнүгүү боюнча.** а) Текстти ар бир окуучу окуп которгондон кийин балдардын ар бири өзүнүн оюнчуктары жөнүндө айтып берет, байланыштуу кеби өсөт.

б) Көркөм окуп машыккыла.

Кичинекей оюнчук,
Машинем бар болуучу.
Азыр аны ойнобойм,
Анткени мен окуучу.

*Т. Алдаяров.*

**Биз эмнелерди үйрөндүк?**

Суроо-жооп аркылуу сүйлөштүк, сүйлөм түзүп көнүктүк, диалог окудук, текст, ыр окудук. "Филворддон" көп оюнчуктарды таап алдык.

**Үйгө тапшырма.**

### *38-сабак*

## СЕЗИМДИН КУУРЧАГЫ

**Сабактын максаттары:**

1. "К" үнсүз тыбышынын айтылыш өзгөчөлүктөрүн өздөштүрөт.
2. Ким эмне менен ойногонду жакшы көрөт? деген суроого жооп бергенди үйрөнөт.
3. Суроо-жооп аркылуу лексикаларды өздөштүрүп, оозеки кебин өстүрөт.
4. Оюн процессинде бири-бирине сабырдуулук менен мамиле жасап, бири-бирин сыйлоого үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| К – К' | пингвин, бака, топ, жакшы көрөмүн | уңгу, мүчө | -Саша, сен кайсы оюнчуктар менен ойногонду жакшы көрөсүң?<br>-Мен топ менен ойногонду жакшы көрөм.<br>-Сезим, а сенчи?<br>-Мен куурчак менен ойногонду жакшы көрөм. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим үнсүз тыбыштардын өзгөчөлүгүнө токтолуп, **"К"** тыбышын жоон үндүүлөр менен бирге жана **"К"** тыбышын ичке үндүүлөр менен бирге окуп берет.

**Мисалы:<u>кы</u>й-<u>ки</u>й**

**<u>кы</u>йын-<u>ки</u>йин**

**<u>ку</u>л-<u>кү</u>л**

Окуучулар хор менен окушуп, жеке-жеке окушуп тил жатыктырышат.

**2-көнүгүү боюнча. Эсиңерге туткула!** Мен оюнчук менен ойногонду жакшы көрөмүн конструкциясын өздөштүрүүгө машыгат.

Мугалим: Балдар, биз өткөн сабакта ким кайсы оюнчук менен ойнорун билип алганбыз. Бүгүн ким кайсы оюнчук менен ойногонду жакшы көрөрүн билиш үчүн"**ойно**" деген этиш сөзгө (-**ганды**) мүчөсүн улап, жакшы көрөмүн деп айтабыз.

*Үлгү:* Мен пингвин менен <u>ойногонду</u> жакшы көрөмүн.

..............................................................................



**3-көнүгүү боюнча.** "Тапкылачы" оюну аркылуу лексикаларды бышыктап, сөз өстүрүүгө көңүл бурулат.

Мен кайсы оюнчукту каттым, тапкылачы, балдар суроого жооп аркылуу оюнчукту табышат.

*Үлгү:* – Бул балабы? – Жок, бала эмес.

– Бул топпу? – Ооба, бул топ деп, оюнчукту тапкан бала алып баруучу болот.

Оюн улантылат.

**Эсиңерге туткула!**

Мугалим **бакалар, кыздар, куурчактар** деген сөздөрдөгү **-лар** мүчөсү заттын көптүк санын билдирерин айтып берет. Сөз уңгусу – бака, кыз, куурчак, мүчөсү – **-лар, -дар, -тар.** Келгиле, **ким? кимдер?** деген суроолорго жооп бергенди үйрөнүп алалы деп, мугалим сүрөт аркылуу иштейт.

Бул ким? – Бул кыз.

Булар кимдер? – Булар кыздар.

Эми **эмне? эмнелер?** деген суроолорго да жооп берели:

Бул эмне? – Бул пингвин.

Булар эмнелер – Булар пингвиндер.

**4-көнүгүү боюнча. а)** Лексика-грамматикаларды өздөштүрүүгө машыгат.

**Эскертүү:** Мугалим сөздүн аягындагы үндүү мүчөдөгү үндүүлөрдү өзгөртөрүн эске салат.

**Мисалы:** топ+лар=топтор

**5-көнүгүү боюнча.** Алишер менен Сезимдин диалогун окуп, байланыштуу кебин өстүрөт.

**6-көнүгүү боюнча.** Алым-сабак сүйлөшүүдө лексикаларды колдоно билүү билгичтиги бааланат, суроо бергенге да көнүгөт.

**7-көнүгүү боюнча.** Лексика-грамматиканы сүйлөө кебинде туура, маанисине жараша колдоно алат, ой жүгүртүүсү өсөт.

**8-көнүгүү боюнча.** "Сезимдин куурчагы" тексти менен иштөө.

Мугалим "Тай-тай, бөбөк" жөнүндөгү ырды эске салып:

Алдей, алдей, ак бөбөк,

Ак бешикке жат, бөбөк.

Сезим да куурчагын жакшы көрүп:

Алдей, алдей куурчагым,

Бейпил жатып уктагын – деп алдейлейт экен, келгиле, Сезимдин куурчагы жөнүндө текстти окуйлу, деп мугалим сөз, сөз айкашы менен окуйт, окуучулар кайталайт. Жекече жакшы окуган окуучулар сыйланат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк?**

Көп оюнчуктар жөнүндө сүйлөштүк, ким кайсы оюнчуктар менен ойногонду жакшы көрөрүн билип алдык.

**Үйгө тапшырма.**

### *39-сабак*

## ТҮСТӨР

**Сабактын максаттары:**

1. Макалдар аркылуу "к" үнсүз тыбыштары менен тил жатыктырат.
2. Кандай? деген суроого жооп аркылуу окуучулар жаңы лексиканын маанисин түшүнөт, колдоно алат. Сөз айкашын түзүп, түстөрдү аныктаганга үйрөнөт.
3. **"Жагат"** жана **"жакпайт"** деген этиш сөздөрдү оозеки жана жазуу речинде колдоно алат.
4. Ырды көркөм окуганга машыгат, жолдо жүрүү эрежелерин сактоого көнүгөт.
5. Класста чогуу окуганда жана ойногондо бир командада иштегенди үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| К – К' | ак<br>жашыл<br>көк<br>кызыл<br>кара<br>күрөң<br>сары | Суроолуу (-бы) мүчөсүн кайталоо. Этиштин терс формасы (-ба)... (-па)... | - Том, сага бул оюнчук жагабы?<br>- Ооба, мага бул оюнчук жагат.<br>(-Жок, мага бул оюнчук жакпайт.) |

**1-көнүгүү боюнча.**

Макал аркылуу **(–кы), (ки)** тыбыштары менен тил жатыктыруу. 1-катар окуган макалды 2-катар кайталайт, экинчисиникин биринчи катар кайталап, тыбыштык айырмачылыгын өздөштүрөт.

**Сүрөттөр боюнча түстөрдү аныктап өздөштүрүү** сөз, сөз айкашы, сүйлөм түзүү багытында ишке ашат. *Үлгү:* Коён. Ак коён. Бул ак коён чоң ж.б.

**2-көнүгүү боюнча.** Үлгү боюнча сүрөттөр аркылуу сөз айкашын түзүүгө көнүгөт.

**3-көнүгүү боюнча.** а) "Шайыр түстөр" оюну. Максаты: Алып баруучу атаган түстөр боюнча бири-биринин оюнчуктарын билип алышат.

**Дене тарбия көнүгүү** Светофор ыры

Кызыл күйсө токтой тур!
Сары күйсө даярдан!
Жашыл күйсө өтөсүң! – деп, мугалимдин чыгармачылыгы боюнча өтүлөт.

**4-көнүгүү боюнча."** Роль ойноо" оюну. Көркөм окууга басым жасалат, оң же терс жооп бергенге үйрөнөт.



**5-көнүгүү боюнча.** "Жагабы же жакпайбы?" оюнунда этиштин оң, терс формаларын оозеки кепте колдоно билүүсү эске алынат.

*Үлгү:* – Асан, сага ак коён жагабы?
– Ооба, мага жагат.

**6-көнүгүү боюнча.** Сүйлөмдүн конструкциясы боюнча сабаттуу жазууга көнүгөт, өтүлгөн лексикалар бышыкталат.

**7-көнүгүү боюнча.** Мугалим ырдын тексттери менен иштөө ыкмаларын колдонуп, өзү көркөм окуйт.

– тааныш сөздөр, тааныш эмес сөздөр менен иштейт;
– хор менен окуучулар окуйт;
– боштуктарды толуктап окуйт;
– жеке-жеке окуйт.

**Биз эмнелерди үйрөндүк?**

Оюнчуктардын түрлөрүн билип алдык, алардын түстөрүн да атадык.

"Светофор" оюнун ойнодук, оюн бизге абдан жакты.

### *40-сабак*

## ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫ

**Сабактын максаттары:**

1. **"Л"** үнсүз тыбышынын айтылыш өзгөчөлүгүн өздөштүрөт.

2. Жаңы сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын маанисин түшүнөт, алар менен сүйлөм түзө алышат.

3. Үй жаныбарларын атап, алардын адамдарга болгон пайдасын билип алышат, жаныбарларга камкордук көрүүгө үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| Л – Л' | ат, үй эчки, чочко, балык, төө, ит, мышык | Сөздүн составы (уңгу, мүчө) | -Бул кайсы жаныбар?<br>-Бул эчки.<br>............... |

**1-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык машыгууда "л" үнсүз тыбышынын жоон жана ичке болуп айтылышы аркылуу тил жатыктырылат. кол – көл, кул – күл, тил, бил

**2-көнүгүү боюнча.**

Берилген сөздөрдүн айтылыш өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүгө машыгат. **Мисалы:** Кол – **[кол]**, көл – **[к'өл']**

**Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү:**

**а)** Балдар, биз 1-класстан үй жаныбарларын өткөнбүз. Эмне үчүн аларды үй жаныбарлары дегенбиз, анткени алар үйдө жана короодо жашайт. Бүгүн

сабакта үй жаныбарлары жөнүндө дагы сүйлөшөбүз – деп, мугалим сүрөт боюнча **ат, уй, кой, чочко, коён** – деп атайт, балдар мугалимди кайталайт. Үйдө дагы кимдин кайсы жаныбары бар дегенде: Менин коёнум бар. Менин күчүгүм бар ж.б. деп, жооп улантылат.

**б)** Мультфильмдерден көргөн үй жаныбарларын атап, лексиканы бышыктайт.

*Үлгү:* Мен корозду көрдүм. Мен уйду көрдүм... ж.б.

**в)** Жаңы сөздөр дагы окуп которуу аркылуу өздөштүрүлүп, сүрөт боюнча бышыкталат.

*Үлгү:* мүйүз – шох, мүйүздүү – шохли. Кандай уй? – Мүйүздүү уй ж.б.

**3-көнүгүү боюнча.** Сүрөт боюнча лексикалар бышыкталып, жазуу сабаттуулугу артат.

*Үлгү:* Эчки сүт берет ж.б.

**Эсиңерге туткула!**

**Эчки** – **эчки**дей – **эчки**лер – **эчки**де деген сөздөрдүн уңгусу **эчки.** Демек, уңгу – бир маанилеш сөздөрдүн мааниге ээ болгон негизги бөлүгү.

**Мисалы: төө** – **төө**дөй – **төө**лөр – **төө**дө деген сөздөрдүн уңгусу **төө**, ал эми мүчөлөрү **-дөй, -лөр, -дө.**

**4-көнүгүү боюнча.** Бир уңгулуу маанилеш сөздөрдү жупташтырып дептерге жазып, уңгу мүчөгө ажыратат.

**5-көнүгүү боюнча.** а) Тескт боюнча лексика-грамматиканы бышыктайт.

б) Үйүмдө жаныбарлар бар,
Уй, кой, эчки, жылкылар.
Күн-түн короо кайтарган,
Борс-борс үргөн күчүк ал.
*Т. Алдаяров.*

**6-көнүгүү боюнча.** Ролдоштуруп окуу ишмердүүлүк көндүмү эске алынат, сүйлөшүүгө кызыгат.

**7-көнүгүү боюнча.** а) Алым-сабак сүйлөшүүдө лексикаларды колдоно алат.

*Үлгү:* -Улукбек, бул кайсы жаныбар?
-Бул уй, эчки,........
-Акылай, бул кайсы жаныбар?
-Бул эшек, төө.......

б) Балдар жакшы көргөн жаныбарлар жөнүндө жана үйдөгү жаныбарлары жөнүндө сүйлөшүүнү улантат.

**Мисалы:** – Акылай, сенин жакшы көргөн жаныбарың барбы?
– Менин жакшы көргөн жаныбарым мышык ж.б.

**8-9-көнүгүүлөр боюнча мугалим класстын билим деңгээлине, кызыгуусуна жараша иш алып барат.**



**Мисалы:** Окуучулар чөп жеген, эт жеген жана сүт берген жаныбарларды аныктап атап, доскага жазып, катар-катар болуп таймашат.

| *Үлгү:* Эмне чөп жейт. | Эмне эт жейт? | Эмне сүт берет? |
|---|---|---|
| кой | ит | эчки ж.б. |
| ....... | ....... | ....... |

Суроолордун туура жообун жазуу сабаттуулугун арттыруу максатында дептерлерге жазып алышат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– үй жаныбарларын атап, аларды билип алдык
– үй жаныбарлары жөнүндө сүйлөштүк
– "Светафор" оюнун ойноп, биз жолдон туура өтүүнүн эрежесин билип алдык.

**Үйгө тапшырма.**

## *41-сабак*
## ҮЙ КАНАТТУУЛАРЫ

Сабактын максаттары:

1. "Л" үнсүз тамгасы катышкан сөздөрдү туура жазганга үйрөнөт.Сөздү уңгу, мүчөгө ажыратканды үйрөнөт.
2. Үй канаттууларын атап, аларды билип алышат. Ырды обону менен ырдаганды үйрөнөт.
3. Канаттууларга камкордук көрө баштайт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| [ж]-[ж] | короз<br>торк<br>жөжө<br>өрдөк<br>каз<br>балапан | Сөздүн составы<br>жөжө+лөр<br>каз+дар<br>өрдөк+төр<br>этиштин келер<br>чагы | -Чыпалак бала, бул кайсы канаттуу?<br>-Бул өрдөк. |

**1-көнүгүү боюнча**. Сөздүк жат жазуу. Мал, тил, жайлоо, эл, бил.

**Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү:**

Балдар сүрөт боюнча үй канаттууларын атап, аларды сүрөттөө аркылуу өздөштүрөт.

*Үлгү:* Мугалим: бул кичинекей, сары, чуркайт дегенде, окуучу "жөжө"-деп табат. Окуучулар мугалимди кайра кайталайт: кичинекей, сары, чуркайт ж.б. – деп, лексикаларды өздөштүрүү улантылат.

**2-көнүгүү боюнча.** Бир уңгулуу сөздөрдүн уңгусун таап жазышат, алган билимин колдоно билет, бекемдейт. **Мисалы:** каз-каздар.

**3-көнүгүү боюнча**. Бир үнгүлүү сөздөрдү дептерге жазып, сүрөт боюнча иштөөдө окуучуларга эркиндик берилет.

**4-көнүгүү боюнча**. Акылай менен Чыпалак баланын диологун биринчи окуганга кызыгат. Диалогду биринчи окуган балдар белекке каалаган оюнчугун алып, сабактын аягында ойношот.

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде үй-канаттууларын атасам, канатыңарды (колуңарды) күүлөп учкула. Үй айбанаттарын атасам, ошол айбанаттарды туурап баскыла.

Сөздөр: **короз, кой, тоок, уй, жөжө, ит, өрдөк, мышык, каз, эчки, күрп, чочко.**

**5-көнүгүү боюнча**. Үй канаттуулары жөнүндө лексикаларды сүйлөшүү кырдаалында колдоно билүүсү маанилүү.

**6-көнүгүү боюнча**. "Суроо-жооп" оюну. Таблица боюнча суроого жооп берүү аркылуу сүйлөм түзүүгө көнүгөт, алган билимин колдоно билет.

*Үлгү:* Тоок жумуртка берет.

**7-көнүгүү боюнча**. а) Этиш сөздөр менен сүйлөм түзүп, байланыштуу кеби жазуу сабаттуулугу өсөт.

б) филворд оюну

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| З | Т | О | О | К |
| К | О | Р | О | З |
| У | О | Д | Б | Ч |
| Р | К | О | А | Ж |
| П | Б | К | А | З |
| Ж | О | Ж | О | Ю |

**8-көнүгүү боюнча**. Окуучулар "Веселые гуси" ырын обону менен угушат. Уккан ырынын обонуна салып, кыргыз тилинде "Шайыр каздар" ырын ырдоого эмоционалдуу маанай түзүлөт.

– мугалим ырды обону менен ырдап берет, балдар кол чабышат;
– ырды балдар менен чогуу ырдайт;
– чоң эне менен эки каздын ролун ойноп ырдашат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– үй канаттууларын атап, билип алдык;
– диалог түзүп сүйлөштүк;
– "Шайыр каздар" деген ырды ырдап үйрөнүп алдык.

**Үйгө тапшырма**



***42-сабак***

## ТӨӨ ЖӨНҮНДӨ

**Сабактын максаттары:**

1. **(н-ң)** үнсүз тыбыштарынын айтылыш айырмачылыгын өздөштүрөт. Лексикаларды өздөштүрүп, сүйлөм түзүүгө үйрөнөт.
2. Алым-сабак сүйлөшүүгө көнүгөт. Тексттер аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.
3. Канаттуулар жана жаныбарлар менен достошуп, аларды сактап, камкордук көрүүгө үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| (н-ң) | сүт<br>жумуртка<br>эт<br>жүн<br>мүйүз<br>курт-<br>кумурска | этиштин учур чагы, жөнөкөй формасы | -Бул эмне?<br>-Бул төө.<br>-Ал кандай жаныбар?<br>-Ал чоң, 2 өркөчү бар.<br>-Ал эмне жейт?<br>-Ал тикенек жейт.<br>-Ал сүт, тыбыт берет.<br>-Ал басат, чуркайт, жатат. |

**1-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык машыгууда (н-ң) үнсүз тыбыштарынын артикуляциялык өзгөчөлүктөрү менен тил жатыктырат.

### Сүрөт аркылуу лексикаларды өздөштүрүү

а) Ар бир мугалим сүрөт менен иштөөдө өзүнүн чыгармачылык ыкмасын колдонуп иштейт. **Мисалы:** "Сүрөттүн ээсин тап" оюну аркылуу сөз өстүрөт.

*Үлгү:* Уй сүт берет.

б) Эмне эмне кылат? деген суроого жооп берүү аркылуу жаңы сөздөрдү өздөштүрөт.

**Мисалы:**Чымчык эмне кылат? – Чымчык учат. Төө учпайт.

Эчки эмне кылат? – Эчки чуркайт ж.б.

**3-көнүгүү боюнча.** Лексикалар бышыкталат, сүйлөм түзүүгө машыгат.

**4-көнүгүү боюнча.** "Ойлонолу!" Окуучуларды ой жүгүртүүгө багыттайт.

Бүгүн эмне үчүн Чыпалак бала менен Азаттын диалогун окуйбуз? Акылай кайда?....

**5-көнүгүү боюнча.** Таблица боюнча суроолорго жооп аркылуу логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырат, сүйлөө кебин өстүрөт.

*Үлгү:* Балык кичинекей, ал сууда сүзөт.

**6-көнүгүү боюнча.** "Эң мыкты баяндамачы" оюну. Үй жаныбарларын жана канаттууларын баяндоо аркылуу байланыштуу кебин өстүрүү эске алынат.

**7-көнүгүү боюнча.**

а) Төө жөнүндө ыр

– ырдын тексти аркылуу көркөм окууга машыгат;

– мугалим көркөм окуйт;

– ырдын лексикаларынын мааниси менен иштейт;

– окуучулар көркөм окушат;

– ырды жеке окуйт.

б) "Учту-учту" оюну менен өтүлгөн тема боюнча лексикаларды бышыктоодо [ушту-ушту] деп, сөздүн туура айтылыш өзгөчөлүгүнө көңүл буруу керек.

Мугалим **"учту, учту – чымчык учту"** дегенде балдар эки колун жайып, учкан кушту туурайт. **"Учту, учту – жылкы учту"** дегенде эки колун артка катат.

*Үлгү:* учту, учту – учак учту
учту, учту – чымчык учту
учту, учту – мышык учту
учту, учту – өрдөк учту…

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– жаныбарлар жөнүндө билип алдык;

– Азат менен Чыпалак баланын диалогун ролдоштуруп окудук;

– төө жөнүндө биринчи жолу кызыктуу ыр окудук.

**Үйгө тапшырма.**

## *43-сабак*

## ЖЫЛКЫ СҮЙӨТ БАЛАСЫН...

**Сабактын максаттары:**

1. **"н"** жана **"ң"** үнсүз тамгалары катышкан сөздөрдү айырмалап, туура жазганга үйрөнөт. Таандык байланышты оозеки жана жазуу речинде колдоно алат.
2. Көркөм окуу, которуу иши менен машыгат.
3. Жан-жаныбарлардын балдарын таанып билип, аларга аяр мамиле жасайт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| н – ң | кулун<br>музоо<br>улак<br>мый<br>торопой<br>козу | Илик жөндөмө +<br>3-жактын жакчыл таандык мүчөсү<br>-нын+сы<br>-дын +ы<br>-тын+ы<br>Бээнин баласы<br>Эчкинин баласы | Бээ баласы – кулун.<br>Эчки баласы – улак. |

**1-көнүгүү боюнча.** Жат жазуу. Он – оң, мин – миң, тан – таң.



### Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү

а) Класс эки топко бөлүнүп, үй жаныбарлары менен үй канаттууларын кайталап эске салууда: 1-катар үй жаныбарлары болсо, 2-катар үй канаттуулары болуп жарышат.

*Үлгү:* 1) Бул ат, музоо, кой,.....
2) өрдөк, точк,........

б) Мугалим сүрөт боюнча балдарга жаныбарлар менен канаттуулардын баласын, балапанын көрсөтүп, хор менен кайталап, өздөштүрөт.

**Мисалы:** Жылкынын **баласы** – кулун.
Уйдун **баласы** – музоо ж.б.
.................................

**2-көнүгүү боюнча.** "Ким сабаттуу?" оюну. Таандык байланыштагы сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыратат, алган билимин колдонот.

*Үлгү:* Койдун баласы козу: кой – уңгусу, **-дун** мүчөсү, бала – уңгусу, **-сы** мүчөсү

**Эсиңерге туткула!**

Заттын кимге же эмнеге таандык экенин Илик жөндөмөсүндө турган зат атоочтор билдирет.

**Мисалы:** жылкы+**нын** бала+**сы**, таандык сөз айкашынын – уңгусу (жылкы) мүчөсү **(-нын);** уңгусу (бала), мүчөсү **(-сы).**

Сөз үндүү тамга менен аяктаса, үнсүз тамга менен башталган мүчө уланат:
жылкы+**нын** бала+**сы**

Сөз жумшак үнсүз менен аяктаса, жумшак үнсүз менен башталган мүчө уланат:
кулун+**дун** козу

Сөз каткалаң үнсүз менен аяктаса, каткалаң үнсүз менен башталган мүчө уланат:
ит+**тин** баласы

**Эскертүү: Бээ баласы, эчки баласы, ит баласы ж.б. деп айтылат**


**Дене тарбия көнүгүү**

"Учту – учту" оюну. Өтүлгөн лексикаларды бышыктайт.

**3-көнүгүү боюнча.** "Сынак" оюну. Окуучулар (А) тапшырмасын аткарып, бири-бирин текшерет. Катасын тапкан "мугалимге" "эң мыкты мугалим" деген наам берилет.

а) Бээ баласы – кулун

*Үлгү:* Бээнин баласы – кулун.

**4-көнүгүү боюнча.** а) "Түгөйүн тап?" оюну. Максаты: канаттуулар менен жаныбарлардын баласын айырмалап, алардын түгөйүн табат. Көркөм сөз өнөрү менен машыгат, ырдын маанисин түшүнөт.

б) Ырдын мазмуну боюнча сүрөт тартып, лексикалар бышыкталат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– жаныбарлардын жана канаттуулардын балдарын билип алдык;

– жаныбарлардын балдары жөнүндөда кызыктуу ыр окуп, алардыда билип алдык.

# 6-ЦИКЛ
# Тема: "КЫШ МЕЗГИЛИ"

44-сабак. Кыш мезгили
45-сабак. Жаңы жыл
46-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз
47-48-сабактар. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## *44-сабак*
## КЫШ МЕЗГИЛИ

**Сабактын максаттары:**

1. **[г]-[г']** үнсүз тыбышынын жоон үндүүлөр менен жоон, ичке үндүүлөр менен ичке болуп айтылган өзгөчөлүгү менен тил жатыктырат.

2. Жаңы лексикалардын маанисин түшүнүп, көнүгүүлөрдүн түрлөрү аркылуу өздөштүрөт. Кыш айларын билип алат.

3. Суроо-жооп аркылуу диалог кебин өстүрөт. Текст аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.

4. Жаратылышты сүйүүгө жана сактоого үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| [г]-[г'] | суулар тоңот, чана тебишет, кар киши жасайт | Таандык байланыш. Бештин айы Бештин айынын ону. | Ч: Акылай, азыр жылдын кайсы мезгили? А: Азыр кыш мезгили. Ч: Кышында аба ырайы кандай? А: Кышында аба ырайы суук ................................ |

**1, 2-көнүгүүлөр боюнча**. Фонетикалык көнүгүү боюнча берилген сөздөрдү окуп, (Кыр – кир, тогуз – өгүз, карга – керегe) **"г"** жана **"г'"** үнсүз тыбышынын айтылыш өзгөчөлүгү боюнча тил жатыктырат, туура жазууга көнүгөт.

### Сюжеттүү сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү

Мугалим сүрөт боюнча иштеп, балдардын сүйлөө кебине, ой жүгүртүүсүнө көңүл бурат. **Мисалы:** Бул кайсы мезгил? Балдар эмне кылып жатышат?

**3-көнүгүү боюнча**. Этиш сөздүн маанисине жараша сүйлөмдөрдү толуктап, дептерге жазат, сүйлөмдөгү сөз иретин эске тутуп алышат, жаңы сөздөрдү өздөштүрөт.

а) Мугалим балдар менен кыш мезгили жөнүндө аңгемелешип, 1 жылда 4 мезгил бар, келгиле, кыш мезгилиндеги айларды атап билип алалы: Окуучулар мугалимдин жардамы менен декабрь, январь, февраль деп, чогуу айтышат.

б) Мугалим кимге кайсы мезгил жагат? Ал мезгил эмне үчүн жагат – деп, окуучуларды пикир алышууга даярдайт.

в) Балдар, китептеги сүрөт кимдин жакшы көргөн мезгили жөнүндө экен? – деп, жаңы лексикаларды берет. Алар эмне кылып жатышат? алар эмне тээп сүйүнүшөт? сыяктуу суроолорго жооп аркылуу сүрөт боюнча чакан аңгеме түзүшөт.

**4-көнүгүү боюнча**.

Ролдоштуруп окуйт, лексикаларды колдоно билүүсүнө көңүл бурулат.

**5-көнүгүү боюнча**. Сүйлөшүү үлгүсү боюнча (4-көн.) диалог кебин өстүрөт, биргелешип иштөөгө көнүгөт.

**6-көнүгүү боюнча**. Суроо-жооп аркылуу сөз өстүрүү эске алынат.

*Үлгү:* Бүгүн шейшемби. Бештин айынын он бири же Бүгүн ишемби. Он биринчи декабрь.

**7-көнүгүү боюнча.**

"Кыш мезгили" текстин көркөм окууга машыгат, байланыштуу кебин өстүрөт.

– мугалим текстти көркөм окуйт;

– балдар бир-бирден сүйлөм окушат;

– текстти биринчи, экинчи катар болуп, таймашып хор менен окушат;

– тексттин мазмунун эки сүйлөм менен айтканга көнүгөт.

**Балдар, азаматсыңар! Сабак силерге жактыбы?**

– Ооба, жакты.

– Кыш айларын кыргызча атаганды эсиңерден чыгарбагыла.

Келгиле, дагы бир жолу кайталап коёлу: бештин айы – декабрь, үчтүн айы – январь, бирдин айы – февраль.

Кыш мезгили жөнүндө аңгемелештик, текстти окудук.

Кыш мезгили эмне үчүн силерге жагарын билдик, анткени январь айында Жаңы жыл келет экен.

## *45-сабак*

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

**Сабактын максаттары:**

1. **(ж-ж')** үнсүз тыбышынын айтылыш өзгөчөлүгү менен тил жатыктырат. Жаңы жыл майрамындагы лексикаларды өздөштүрүп, колдоно билет.



2. Текст аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.

3. Жаңы жылда ар дайым үй-бүлөсү менен чогуу майрамдоо керектигин билишет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| (ж-ж') | Аяз ата<br>Аяз кыз<br>балаты<br>белектер<br>жасалга-<br>лашты | Сөз айкаштары | - Бир жылда канча мезгил бар?<br>- ....................<br>- Бир мезгилде канча ай бар?<br>- ....................<br>- Жаңы жыл кайсы мезгил-де болот?<br>- ....................<br>- Суулар качан тоңот? |

**1-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык машыгуу.

Мугалим кыргыз жана орус тилдериндеги **ж-ж'** үнсүз тыбышынын айтылыш өзгөчөлүгүнө токтоп, балдар, орус тилинен өздөштүрүлүп кабыл алынган сөздөрдө **"ж"** тыбышы орус тилинде кандай айтылса, ошондой окулат.

**Мисалы:** Журнал жок,
Атам инженер

**Эсиңерге туткула!**

Ал эми кыргыз тилинде **"ж"** үнсүз тыбышы эки тыбыштын **(дж)** окулушундай окулат. **Мисалы:** жакшы жолдош, жаман жолдош ж.б.

### Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү

Мугалим жаңы жыл жөнүндө ыр уктурат. Жакында Жаңы жыл майрамы, бизге кимдер конокко келет деп, класстагы сүрөт менен иштеп, тема боюнча лексикаларды өздөштүрүп, сүйлөө кебинде колдонууга багыт берет. Жаңы жылдык каалоолор менен бөлүшөт:

Аяз ата, Аяз кыз бизге келишсин!

Белектерин көбүрөөк ала келишсин!

**2-көнүгүү боюнча.** Сүйлөмдү маанисине карата толуктап, катасыз көчүрүп жазууга машыгат.

Балдар, жылдын жыйынтыгында таза, катасыз, сулуу жазган окуучуларга "Мыкты дептер" деген наам берилет деп, жыл жыйынтыгын чыгарат.

**3-көнүгүү боюнча.** "Тапкылачы, бул эмне?" оюну. Ой жүгүртүп, сөз байлыгын өстүрөт. Катарлар бири-бирине табышмак катышат. Жеңген катарга кол чабылат.

**4-көнүгүү боюнча.** а)Кыш мезгили боюнча сөз өстүрөт лексикаларды оозеки кебинде колдоно билет.

б) "Жаңы жыл" ырын ырдап жүргүлө.

Келет деп качан жаңы жыл,
Күндөрдү санап күтөбүз.
Даярдап койдук балаты,
Мен, байкем, эжем үчөөбүз.
Көк, жашыл, кызыл шарлар бар,
Жалтырак, кооз жайнаган.
Тасмалар түркүн түстөгү,
Балатыга байланган.
Аяз-ата, аяз-кыз,
Быйыл да келет кайрадан.
Алар менен ыр ырдап,
Балатыны айланам.

*Т.Алдаяров.*

**5-көнүгүү боюнча.**

а)"Котормочулар" дидактикалык оюну. Текстти которуу жөндөмдүүлүгү эске алынат, алган билими бааланат.

Текст боюнча окулган ар бир сүйлөм которулат. Жакшы которгон балага кичинекей белекче берилет, белекчени Аяз ата берет.

б) "Тамга" оюну. Максаты: "**Ж**" тамганы кайталап тил жатыктырып, сөз байлыгын өстүрүүгө машыгат.

-Сенин атың ким?
-Жыпар.
-Жакшы көргөн майрамың?
-Жаңы жыл.
-Жакшы көргөн оюнуң?
-Жоолук таштамай.
-Жакшы көргөн түсүң?
-Жашыл.
-Жакшы көргөн мезгилиң?
-Жаз.
-Жакшы көргөн канаттууң?
-Жөжө.
-Жакшы көргөн сабагың?
-Жаратылыш.
-Класска болгон каалооң?
-Жакшылык.

Азаматсыңар балдар, оюнду үйдөн улантып, ойноп жүргүлө.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– Жаңы жыл жакшы майрам экенин билдик;



– Жаңы жыл жөнүндө аңгемелештик;
– Жаңы жыл жөнүндө ыр уктук, табышмак айтыштык;
– "Ж" тамга оюнун ойнодук.

**Үйгө тапшырма.**

### *46-сабак*
## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшырмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

### *47-48-сабактар*
## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:

1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы

- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "Мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы, бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар.

## Биз эмнелерди үйрөндүк?

| Сабактын темалары | Фонетика | Лексика | Грамматика | Сүйлөшүү темасы | Сүйлөшүүнүн максаты | Сүйлөшүү үлгүсү | Тексттер | Текшерүү иштери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 37-сабак Оюнчуктар | (к-к) | оюнчуктар<br>куурчак<br>мамалак<br>күчүк<br>топ, чүкө<br>учак | Эмне менен?<br>куурчак менен, чүкө менен | Оюнчуктар | Оюнчуктар менен ойногондугу жөнүндө айтканды үйрөнүү | -Азат, сен кайсы оюнчуктар менен ойнойсуң?<br>-Мен топ менен ойнойм. | Амандын оюнчугу | |
| 38-сабак Сезимдин куурчагы | (к-к') | пингвин<br>бака<br>жакшы көрөмүн | Этиштин ыңгайы этиш+ ганды+ жакшы көрөмүн | Оюнчуктар | Кайсы оюнчук менен ойногонду жакшы көрөрү жөнүндө айтканды үйрөнүү | -Саша, сен кайсы оюнчуктар менен ойногонду жакшы көрөсүң?<br>-Мен топ менен ойногонду жакшы көрөм.<br>-Сезим, а сенчи?<br>-Мен куурчак менен ойногонду жакшы көрөм. | Сезимдин куурчагы | |
| 39-сабак Түстөр | (к-к') | ак,<br>жашыл, көк, кызыл, кара, күрөң, сары | суроо (-бы) мүчөсү.<br>Этиштин терс формасы (-ба), (-па) | Түстөр | Түстөрдү сүйлөө кебинде колдонууга үйрөнүү | -Том, сага бул оюнчук жагабы?<br>-Ооба, мага бул оюнчук жагат.<br>(-Жок, мага бул оюнчук жакпайт.) | «Ырчы топ» ыры | |
| 40-сабак Үй жаныбарлары | (л-л') | ат,уй, эчки, чочко, балык, эшек, төө, ит, мышык, | Сөз айкашы | Үй жаныбар-лары | Үй жаныбарларын сүрөттөп, баяндап берүүгө үйрөнүү | -Бул кайсы жаныбар?<br>-Бул эчки.<br>-Бул кайсы жаныбар?<br>-Бул ит. | Жаныбарлар | |
| 41-сабак Үй канаттуулары | (ж-ж') | короз, тоок, жөжө, өрдөк, каз, балапан | Сөздүн составы (уңгу + мүчө)<br>бас+а+т | Үй канаттуулары | Үй канаттууларын билип алуу | -Чыпалак бала, бул кайсы канаттуу?<br>-Бул өрдөк.<br>-Булчу?<br>-Бул тоок. | «Шайыр каздар» ыры. | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 42-сабак Төө жөнүндө | (н-ң) | сүт, жумуртка, эт, жүн, мүйүз, курт-кумурска | | Үй жаны-бар-лары | Үй жаныбар-ларын билип алуу | Баяндоо текстинин үлгүсү. | «Төө» жөнүн-дө ыры | |
| 43-сабак Жылкы сүйөт бала-сын... | (н-ң) | кулун, музоо, улак, козу, мый, торопой | Илик жөндөмө +3-жактын мүчөсү:<br>- нын<br>-дын + сы<br>-тын ы | Үй жаныбар-ларынын баласы. Канатту-улардын балапаны | Жаныбар-лардын жана канаттуулар-дын балда-рын билип алуу. | Жазуу речинин үлгүсү. | Жылкы сүйөт баласын.. | |
| 44-сабак Кыш мез-гили. | (г-г') | бештин айы, үчтүн айы, бирдин айы | Таандык байланыш беш<u>тин</u> ай<u>ы</u>, бир-<u>дин</u> ай<u>ы</u> | Кыш мез-гили | Кыш мезги-лин сүрөттөп айтып берүүгө үйрөнүү | -Акылай, азыр жылдын кайсы мезгили?<br>-Азыр кыш мезгили.<br>-Кышында аба ырайы кандай?<br>-Кышында аба ырайы суук... | Жаңы жыл. | |
| 45-сабак Жаңы жыл | (ж-ж̓) | Аяз ата<br>Аяз кыз<br>балаты<br>белектер<br>жасалгалашты | | | | -Бир жылда канча мезгил бар?<br>-....................<br>-Бир мезгилде канча ай бар?<br>-....................<br>-Жаңы жыл кайсы мезгилде болот?<br>-....................<br>-Суулар качан тоңот? | | |
| 46-сабак Машыга-быз, көнүгөбүз | | | | | | | Лексика, грамма-тика-га байла-ныш-туу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырма-лар | |



| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 47-сабак, 48-сабак Өзүңдү текшер | I деңгээлдеги тапшырмалар ⟶<br>II деңгээлдеги тапшырмалар ⟶<br>III деңгээлдеги тапшырмалар ⟶ | | | | | Лексика<br>Грамматика<br>Байланыштуу кеп боюнча оозеки, жазуу түрүндөгү тапшырмалар | | |
| Биз эм-нелерди үйрөндүк? | к-к'<br>л-л'<br>ж-ж'<br>н-ң<br>г-г'<br>тыбыш-тамга-ларын окуп жаз-ганды үйрөн-дүк | 67 сөздү өздөштүр-дүк | *Жандооч: менен<br>*Этиштин ыңгайы<br>*Этиштин терс формасы<br>*Суроолуу **-бы** мүчөсү<br>*Сөз айкашы<br>*Сөздүн составы<br>*Зат атоочтун жөндөмө катего-риясы<br>*Таандык бай-ланыштарды өздөштүрдүк | *Оюн-чуктар,<br>*Түстөр,<br>*Улуттук оюндар<br>*Үй жаны-барлары,<br>*Үй канат-туулары,<br>*Кыш мезгили,<br>*Жаңы жыл. | Темалар боюнча сүйлөшүүгө үйрөндүк | Диалог жана монолог аркылуу байланыштуу кебибиз өстү | 5 текст<br>4 ыр<br>1 обондуу ырларды би-лип алдык | |

# 7-ЦИКЛ
# Тема: “АДАМДЫН КЕЛБЕТИ”

49-сабак. Адамдын келбети
50-сабак. Ак жуумал кыз
51-сабак. Эр Төштүк
52-сабак. Чыпалак бала – кичинекей бөбөк
53-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз

### *49-сабак*
## АДАМДЫН КЕЛБЕТИ

**Сабактын максаттары:**

1. Макалдар аркылуу үнсүз (**т-т'**) тыбыштардын жоон жана ичке болуп айтылыш өзгөчөлүгүн өздөштүрөт.
2. Активдүү сөздөрдү маанисине жараша колдоно алат.
3. Сөздөрдү колдонуп, адамдын келбетин сүрөттөөдө сын атооч сөздөрдү колдонот. Диалог жана монолог кебин өстүрүүгө машыгат, көнүгөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| [т]-[т'] | көзү кара<br>көзү көк<br>бети тегерек<br>чачы: кара, сары, кыска, узун, тил, тиш | сөз айкашы кандай? | - Акылай, Саша кандай бала?<br>- Саша, орто бойлуу, көзү көк, бети тегерек, чачы сары бала.<br>- Ыракмат.<br>- Эч нерсе эмес. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим макалдар аркылуу үнсүздөрдүн жоон жана ичке болуп окулуш айырмачылыгын берет, макалды көркөм окуп, маанисин түшүндүрөт.

**Сүрөт аркылуу лексикаларды өздөштүрүү.** Макалдагы жоон үндүү жана ичке үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү өзүнчө аныктап, тил жатыктырат.

**Мисалы:** душман, акыл...
тил... тил

а) Мугалим активдүү сөздөрдү окуйт, балдар хор менен окуп, эсине тутат:
көзү көк – голубоглазый
көзү кара – кареглазый
........................................



б) – Балдар, силерге бул бала жактыбы?
– Ооба, жакты.
– Келгиле, балага Дастан деп ат коёлу. Эми Дастанды силер сүрөттөп бергиле.

*Үлгү:* Мугалим: Дастандын чачы кандай?
Окуучулар: Чачы кара.
Мугалим: Чачы узунбу же кыскабы?
Окуучулар: Чачы кыска.
........................................

**3- көнүгүү боюнча.** "Эксперт" оюну. Сөз айкашын катасыз көчүрүп жазып, сабаттуулугун өстүрөт.

**4-көнүгүү боюнча.** Диалогду ролдоштуруп, көркөм окууга көңүл бурулат.

**5-көнүгүү боюнча.** "Тапкылачы, бул ким?" оюну. Окуучулар баланын келбетин сүрөттөөгө үйрөнөт. *Үлгү:* Орто бойлуу, чачы узун, көзү көк, бети тегерек. (Бул ким?)

**6-көнүгүү боюнча.** Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү эске алынат, тил жатыктырат.

**7-көнүгүү боюнча.** а) Сүрөттөө тексти аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт. Текст менен иштөө ыкмасы колдонулат.

б) Тема боюнча кошумча материал аркылуу класстын деңгээлине жараша иштөө улантылат. Мугалимдин жардамы менен көркөм окуп, маанисин түшүнөт.

К.Тыныстановдун "Бул эмне үчүн жаралган?" деген ырын үйдөн ата-энелерине окуп, маанисин айтып беришет.

**Бул эмне үчүн жаралган?**

| | |
|---|---|
| Ооз жапжалгыз биздерде,<br>Кулак экөө – бул эмне?<br>Бул муну үчүн жаралган: [мунүчүн]<br>Анык ук да, аз сүйлө.<br>Ооз жапжалгыз биздерде,<br>Көз да экөө бул эмне?<br>Бул муну үчүн жаралган: [мунүчүн]<br>Абдан көр да, аз сүйлө.<br>Ооз жапжалгыз биздерде,<br>Кол да экөө – бул эмне?<br>Өзүң ойлоп, тап, билгин,<br>Көп иште да, аз жегин. | Есть у нас одни уста<br>А два уха – что это?<br>Создано так неспроста<br>Меньше говори, всех слушай.<br>Есть у нас одни уста<br>А два глаза – что это?<br>Создано так неспроста:<br>Чтоб говорить и видеть.<br>Есть у нас одни уста<br>А две руки – что это?<br>Сам ответ найди сейчас:<br>Трудись усердно, в меру ешь. |

*(перевод М. А. Рудова)*

**Эскертүү:** биринчи сөздүн аягы үндүү менен аяктап, экинчи сөз да үндүү менен башталса, бир үндүү кыскарып айтылат: **Мисалы:** муну үчүн [айтылышы – **мунүчүн**].

## *50-сабак*

## АК ЖУУМАЛ КЫЗ

**Сабактын максаттары:**

1. Кууш үндүү тыбыштардын айтылышы менен тил жатыктырат.
2. Адамдын дене мүчөлөрүн туура атап, алардын келбетин сүрөттөгөнгө үйрөнөт.
3. Тексттин мазмунун баяндап берүүгө көнүгөт. Байланыштуу кебин өстүрөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| о, у, ө, ү | моюн, баш, ийин, манжа, ич, кол, тизе, бут | сөз айкашы | Акылай орто бойлуу, ак жуумал кыз. Анын бети тегерек, көзү, кашы кара, чачы узун. Акылай мээримдүү, эмгекчил кыз. |

**1-көнүгүү боюнча.** Окуучулар мугалимдин жардамы менен кыргыз тилиндеги кууш үндүүлөрдү эске салышып, **ө, ү, о, у** үндүү тыбыштары катышкан сөздөрдү кайталап, **күч, оюн** деген сөздөрдөгү кууш үндүүлөрдү атайт.

**2-көнүгүү боюнча.** Макалдарды үндөштүрүп окуп, машыгат, мугалим макалдын тарбиялык маанисин чечмелеп берет.

Жаш күчү менен **(ү / у)** Кары кеңеши менен **(е / и)**

**3-көнүгүү боюнча. Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү.**

а) Мугалим Сезимдин куурчагынын дене мүчөлөрүн көрсөтүүдө балдар жаңы лексикаларды өздөштүрө алат.

*Үлгү:* Бул баш, бул моюн, бул ийин, бул кол…..

б) Окуучулар сүрөт боюнча адамдын дене мүчөлөрүн билдирүүчү сөздөрдү хор менен кайталап эске тутат.

*Үлгү:* баш, моюн, ийин, кол…………


в) Келгиле, балдар, Акылайдын келбетин жана мүнөзүн билдирүүчү сөздөрдү билип алалы.

**Мисалы:** – Акылай кандай кыз? деген суроого жооп алып машыктырат.
узун бойлуу, кыска бойлуу, орто бойлуу, Акылай мээримдүү …
Акылайды ким кантип мактады?

б) "Ким өзүн кантип мактайт?" оюну. Максаты: келбетти, мүнөздү билдирүүчү лексикаларды бышыктоо.

Мугалим балдарга үлгүсү менен карточканы таратып берет:

*Үлгү:*






**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде дене мүчөлөрүн билдирүүчү сөздөрдү айтсам, дене мүчөлөрдү көрсөткүлө, эгерде адамдын келбетин сүрөттөөчү сөздөрдү айтсам, алакан чапкыла.

Сөздөр: **баш, күчтүү, ийин, ишенимдүү, манжа, толук, бут, ак жуумал, тоголок, узун бойлуу, кулак, орто бойлуу, мурун.**

**4-көнүгүү боюнча.** Жаңы сөздөр менен сөз айкашын, сөз айкашынан сүйлөм түзгүлө. **Мисалы:** Акылай мээримдүү кыз.

**5-көнүгүү боюнча.** Адамдын келбетин аныктаган сүйлөмдөр боюнча сүрөттү таап, активдүү лексикаларды оозеки кебинде колдоно билүүгө машыгат.

а) Экинчи топ: Б сүрөтүн көрсөтөт.

Биринчи топ: В сүрөтүн көрсөтөт.

Экинчи топ: 2- аныктоочторду окуйт.

б) Мугалимдин чыгармачылыгы окуучулардын чыгармачылыгын жаратат.

**6-көнүгүү боюнча.** "Кроссворд" оюну. Лексикаларды бышыктап, ой жүгүртүү логикасын өстүрөт. "Ак жуумал кыз" тексти менен иштөө.

**7-көнүгүү боюнча.** Окуучулардын угуп түшүнүү жөндөмүн арттыруу:

– мугалим текстти көркөм окуйт;
– балдар да текстти көркөм окушат;
– текст боюнча суроого жооп беришет;

Мугалим: балдар, мен текстти дагы бир жолу окуйм, силер угуп туруп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Азаматсыңар, сабакка баарыңар активдүү катыштыңар, мен силерге ыраазымын.

**Биз эмнени үйрөндүк:**

– Сезимдин куурчагынын дене мүчөлөрүн атадык;
– адамдын дене мүчөлөрүн билип алдык;
– Акылайды сүрөттөдүк;
– Кроссворд оюнун ойнодук.

## *51-сабак*

## ЭР ТӨШТҮК

**Сабактын максаттары:**

1. Табышмактар аркылуу тил жатыктырат.
2. Адамдын мүнөзүн сүрөттөгөндү үйрөнөт.
3. Кыргыз эл жомогунун баатыры менен таанышат.
4. Текстти аңгемелеп, байланыштуу кеп өстүрүүгө көнүгөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | акылдуу<br>шайыр<br>куу<br>калпычы<br>чынчыл<br>мактанчаак | Жатыш жөндөмөсү<br>**(-да)** | -Чыпалак бала, Эр Төштүк ким болгон?<br>-Эр Төштүк кыргыз элинин баатыры болгон. |

**1-көнүгүү боюнча.** а) "Ким эстеди?" оюну. Мугалим табышмакты табууга (**-да**) мүчөсүн жардамга чакырат.

Табышмакты табууга,

Бүгүн келет жардамга

Үндөшүп келген 3 мүчө, – деп ырдасак, бизге **-да, -де, -дө** мүчөлөрү жардамга келет.

Эми табышмакты окуйлу да, жардамга келген (**-дө, -да, -де**) мүчөлөрдү эсибизге сактайлы: (түн**дө**, асман**да**, жер**де**) балдар хор менен окушат.

Түндө бар, күндүз жок.

Асманда бар, жерде жок.

Мугалим: "Түндө" деген сөздө **ү/ө** тыбыштары үндөштү. "Асманда" деген сөздө **а/а** тыбыштары, "жерде" деген сөздө **е/е** тыбыштары үндөштү деп, табышмакты кайталап окутат.

б) Келгиле, табышмакты көркөм окуп, жандырмагын табалы деп, маанисин түшүндүрөт, "Жылдыз деген кыз канчанчы класста окуйт?" деп мугалим табышмакты табууга багыт берет.

**2-көнүгүү боюнча.** Мугалим жаңы сөздөрдү өздөштүрөт. а) Балдар, Чыпалак бала доскада илинген сүрөттөргө абдан кызыгып жатат, келгиле, сүрөттөгү каармандарды атап берели:

– Бул ким?

– Бул Эр Төштүк, бул Айчүрөк, Золушка, Емеля-дурачок, Знайка, Незнайка – деп, чогуу кайталашат. Эми аларды Чыпалак балага сүрөттөп берелиби?

– Ооба.

Келгиле, каармандарды мүнөздөөчү сөздөрдү билип алалы:

акылдуу-....................

шайыр-......................

куу- .......

Мына эми, Эр Төштүк кыргыз элинин жомоктогу баатыры экенин билип алдык.

б) Түшүп калган тамгаларды таап, каармандарды сүрөттөйт.

*Үлгү:* Знайка акылдуу. Емеля жалкоо. ......... Эр Төштүк............

**3-көнүгүү боюнча.** Суроо-жооп аркылуу алым-сабак сүйлөшүүгө машыгат.



**4-көнүгүү боюнча.** "Ким көп билет" оюну. Мультфильмдерден көргөн орус элинин жомокторунун каармандары жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнөт.

*Үлгү:* Теша жалкоо бала, жылуу мештин үстүнөн түшпөйт........................

**5-көнүгүү боюнча**. а) Окуучулардын жакшы жана жаман сапаттарын аныктап окушат.

б) "Сөздү тескерисинче айта алат" оюну. Максаты: антоним сөздөрдү табууга машыгат.

*Үлгү:* акылдуу – акылсыз

калпычы – чынчыл

**6-көнүгүү боюнча .** "Угуп туруп, айтып бер" оюну. Максаты: балдардын угуп, түшүнүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырат. Байланыштуу кебин өстүрөт.

Балдар, Чыпалак баланын аңгемеси мага абдан жакты, ошондуктан, биринчи мен окуюн силер уккула, анан силер окугула, мен угайын дейт.

– мугалим текстти көркөм окуйт;

– 1-катардан, 2-катардан бир-бирден окушат;

– үнүн чыгарбай ар ким ичинен окуйт.

**7-көнүгүү боюнча.** Суроо-жооп аркылуу өздөштүргөн активдүү лексикаларды оозеки кебинде колдоно алат.

Класстын деңгээлине жараша текст боюнча суроону мугалим берет же балдар бири-бирине беришет.

**Биз эмнени үйрөндүк:**

– табышмак айттык, каармандарды сүрөттөгөндү үйрөндүк;

– адамдын жакшы жана жаман сапаттарын билип алдык;

– кыргыз эл жомогунун баатыры Эр Төштүк болгон экен.

### *52-сабак*

## ЧЫПАЛАК БАЛА – КИЧИНЕКЕЙ БӨБӨК

**Сабактын максаттары:**

1. Макал аркылуу тил жатыктырат.
2. Адамдын келбетин сүрөттөөгө үйрөнөт.
3. Манжалар жөнүндө жомок айтканды үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | семиз<br>толук<br>арык<br>кара тору | Барыш жөндөмөсү<br>(-га), (-ка) | - Менин досум кичине бойлуу, арык, кара тору.<br>- Менин курбум орто бойлуу, толук, ак жуумал. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим: Балдар биз шаарга, мектепке же үйгө барарда кайсы мүчө жардамга келчү эле? Балдар :**-га** мүчөсү деп жооп берет.

– Азаматсыңар, келгиле, **(-га)** мүчөсүн улап, макал окуйлу: «Сөзгө – баатыр, ишке – бакыр».

– Эмнеге баатыр? – Сөзгө баатыр. Мында: «Сөзгө»деген сөздө **ө/ө** тыбыштары, «ишке» деген сөздө **и/е** тыбыштары үндөшүп келди. Биз үндүүлөрдү үндөштүрүп туура окудук, эми макалдын төмөнкүдөй маанисине көңүл бургула: (На словах – герой, на деле – пустой).

### Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү.

"Мен билемин беш бармактын атын" оюну аркылуу манжадагы бармактарды атап, билип алышат. Балдар оң колун көтөрүп, сол колу менен бармактарды бирден бүгүп кайталайт.

а) Баш бармак – бир

Сөөмөй – эки

Ортон – үч

Аты жок – төрт

Чыпалак – беш;

б) Чоң апанын ырын окуп, билип алгыла!

Баш бармак,

Бадал иймек.

Ортон оймок,

Оюм чиймек.

Чып-чып чыпалак,

Чычалаган кысталак.

в) Мугалим сүрөт боюнча «Беш бир бир тууган» жомогун окуучулар хор менен кайталап активдүү лексикаларды өздөштүрүп, айта баштайт;

1. Сен туруп, коюңа бар,
2. Сен туруп, козуңа бар,
3. Сен туруп, уюңа бар,
4. Сен туруп, төөңө бар,
5. Сен туруп, кулунуңа бар.

- Жомок жактыбы? Бир туугандар ынтымактуу бекен? Балдар, келгиле, биз дагы жомок айтканды үйрөнүп алалы. Жумулган оң колуңардын манжаларын бирден тургузуп, жомок айта баштайлы.

Окуучу: 1. Сен туруп, коюңа бар,

2. ............

**2-көнүгүү боюнча.** Жазуу сабаттуулугун арттырат, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт.

а) Сөз айкаштарын көчүрүп жазышат.

б) Оозеки аткарышат.



*Үлгү:* Биринчи бир тууганы коюна барды.

Экинчи бир тууганы...

**3-көнүгүү боюнча. «**Сүрөт сүйлөйт**»** оюну. Сүрөт аркылуу адамдын келбетин сүрөттөөгө машыгат, сөз өстүрөт.

*Үлгү:* Биринчи сүрөт: Бети тегерек, арык, орто бойлуу

Экинчи сүрөт:..................................................

**4-көнүгүү боюнча.** Бири-бирин сүрөттөп, байланыштуу кеби өсөт.

*Үлгү:* Мен Акылай менен отурам.

Акылай ак жуумал, толук, кичине бойлуу кыз.

**5-көнүгүү боюнча.** Жомок ырындагы табышмакты табышат, ырдын маанисин түшүнүп, көркөм окуп, окуу техникасын калыптандырат.

**Биз эмнени үйрөндүк:**

– манжаларды атап, билип алдык;

– бири-бирибизди сүрөттөгөнгө үйрөндүк;

– "Беш бир тууган" деген жомокту окудук.

## *53-сабак*
## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында (4-сабак) оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшырмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

# 8-ЦИКЛ
# Тема: “КИЙИМ-КЕЧЕ”

54-сабак. Кийим-кече
55-сабак. Баш кийим. Бут кийим
56-сабак. Улуттук баш кийимдер
57-сабак. Улуттук баш кийимдер
58-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз
59-60-сабактар. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## *54-сабак*
## КИЙИМ-КЕЧЕ

**Сабактын максаттары:**

1. Макалдар аркылуу тил жатыктырат.
2. Жаңы лексикаларды сүрөт боюнча өздөштүрүп, сүйлөө кебинде колдоно алат.
3. Кышкы жана жайкы кийимдерди мезгилге жараша аныктап, билип алышат.
4. Зат атоочтун көптүк **(-лар)** мүчөсүн өздөштүрүп, сүйлөө кебинде колдоно алат.
5. Суроо-жооп аркылуу машыгат, турмуштук кырдаалдарда сүйлөшө алышат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | көйнөк<br>бел көйнөк<br>шым<br>жемпир<br>байпак<br>күрмө | Зат атоочтун (-лар) мүчөсү<br>-лар,-лер,-лор,-лөр.<br>-дар,-дер,-дор,-дөр.<br>-тар,-тер,-тор,-төр. | -Акылай, сен кышында кандай кийимдерди кийесиң?<br>-Кышында мен жылуу кийимдерди кийемин.<br>.................... |

**1-көнүгүү боюнча.** Макалдар аркылуу таандык байланышты бышыктап, көркөм сөз каражаты менен тил жатыктырат. Балдар: “Кимдин көркү көзүндө?” “Кимдин көркү сөзүндө?” деген суроолорго жооп издегенде:

- Сулуунун көркү, чечендин көркү,- деп таандык байланышты билдирүүчү **(-нын)** мүчөсү менен окуйт. Туура эмес окушса, мугалим үндүүлөрдүн үндөшүү жана үнсүздөрдүн ээрчишүү законуна таянып, түшүндүрмө берет.

*Үлгү:* сулуу<u>дун</u> эмес, сулуу<u>нун</u>. (**у/у**), (аягы үндүү менен бүткөн сөз)
Чечен<u>нын</u> эмес, чечен<u>дин</u>. (**е/и**), (аягы жумшак үнсүз менен бүткөн сөз)
Макалдын маанисин чечмелеп берет



### Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү

а) Суроо-жооп аркылуу кийимдин түрлөрүн өздөштүрөт:
– Балдар, биз кышында кандай кийимдерди кийебиз?
- Жылуу кийимдерди.
- Алар кайсылар?
- Пальто, куртка, байпак, шым, чыптама…
- Жайында кандай кийимдерди кийебиз?
- Жайкы кийимдерди кийебиз.
- Алар кайсылар?
- Көйнөк, бел көйнөк…

б) Мугалим Сезимдин куурчагын сүйлөтөт: Бул менин көйнөгүм, көйнөгүм кооз. Бул менин чыптамам, чыптамам жылуу ж.б.

Класс эки топко: 1-топ – “кыш” мезгилине, 2-топ – “жай” мегилине бөлүнөт.
“Кыш” тобундагы балдар кыш мезгилинде кийүүчү кийимдерди атайт.
“Жай” тобундагы балдар жай мезгилинде кийүүчү кийимдерди атайт.

в) Окуучулар Сезимдин куурчагынын кийимин берилген үлгү боюнча 3-жактан айтып, эске тутушат.

*Үлгү:* Бул Сезимдин көйнөгү. Бул Сезимдин чыптамасы ж.б.

**2-көнүгүү боюнча.** Туура көчүрүп жазуу аркылуу сүйлөмдүн кострукциясын билип алат.

**Эсиңерге туткула! -лар** мүчөсү заттын көптүк санын билдирет. **Мисалы:** алма – алмалар. окуучу – окуучулар. апа – апалар

Таблицаны карагыла!

- **-лар** мүчөсү үндүү жана й, р тыбыштарынан кийин **–лер, –лор, -лөр** болуп үндөшүп келет.
- **-дар** мүчөсү жумшак үндүүлөрдөн кийин **-дер, -дор, -дөр** болуп келет
- **-тар** мүчөсү каткалаң үнсүздөрдөн кийин **-тер, -тор, -төр** болуп келет.

Өзгөчөлүктөрдү билип алалы:
1. окуучу+**лар –** окуучу**лар** (у / а)
2. бала+**лар –** бал**дар**
3. 6 окуучу – 6 окуучу (-**лар**) мүчөсү **уланбайт**)

**3-көнүгүү боюнча.** «Ким туура окуйт?» оюну. Лексика-грамматиканы өздөштүрүп, туура окуган балдарды кубатташат.

*Үлгү:* күрмө+лөр, кыз+дар, өтүк+төр…

**4-көнүгүү боюнча. Ойлонолу!** Диалогду окуп машыгат, берилген сүйлөө кебинин үлгүсү боюнча бири-биринин жайкы кийимдерин билип алат.

Жай” тобундагы балдар жай мезгилинде кийүүчү кийимдерди атайт. Кайсы “мезгил” кийимдерди көп атаса, ошол топ жеңишке ээ болот.

**5-көнүгүү боюнча.** а) Класс эки топко бөлүнөт. 1-топ – "Кыш" мезгили, 2-топ "Жай" мезгили. "Кыш" тобундагы балдар тескерисинче жай мезгилин атайт, ал эми "Жай" тобундагы балдар кыш мезгилин атайт.

б) "Бул кайсы мезгил? дидактикалык оюн аркылуу окуучулар жыл мезгилине жараша кийим-кечелерди айырмалап эске тутат.

**6-көнүгүү боюнча.** а) Мугалим текст менен иштөө ыкмасын колдонуп, окуучулар жаңы лексикаларды бышыктап эске тутат:

б) Филворд оюну.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| А | К | У | Р | М | Ч |
| К | О | Й | Н | О | К |
| Ж | Е | М | П | И | Р |
| Б | А | Й | П | А | К |
| Ш | Т | О | П | У | В |
| Ы | М | О | Т | У | К |

в) Кийим-кечелерди сатып алуу кырдаалы боюнча аңгемелешип, мугалим, ата-эненин камкордугун баалоого үндөйт.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– кийим-кечелерди атап, эске тутуп алдык. Сезимдин куурчагынын кийимин билип алдык;
– кышында жана жайында кандай кийинүү керек экенин түшүндүк;
– диалог окуп, сүйлөштүк.

### *55-сабак*
## БАШ КИЙИМ. БУТ КИЙИМ

**Сабактын максаттары:**

1. Баш кийим менен бут кийимдерди билип алышат.
2. Чыгыш жөндөмөсүн өздөштүрүп, сүйлөө кебинде колдоно алат.
3. Ырды көркөм окуп, ырдоого көнүгөт.
4. Кийим кийүү гигиенасын сактай билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | баш кийим<br>топу<br>моюн орогуч<br>тумак<br>жоолук<br>бут кийим<br>өтүк | Чыгыш жөндөмөсү<br>-дан, -ден, -дон,<br>-дөн.<br>-тан, -тен, -тон,<br>-төн. | - Акылай, сен кышында кандай кийимдерди кийесиң?<br>- Кышында мен жемпир, шым, пальто, топу, моюн орогуч, байпак, өтүк кие ймин.<br>- Жайындачы?<br>- .......... |



**1-көнүгүү боюнча.** Макал аркылуу тил жатыктыруу.

**Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү.**

а) «Дүкөндө» оюну. Баш кийим жана бут кийимдерди кайталап, эске тутуу.

Мугалим:- Балдар, баш кийим дүкөнүндө: топу, моюн орогуч, тумак, жоолук сатылат. Жүргүлө, дүкөнгө барып каалаган баш кийимди сатып алалы – деп, кийимдерди балдар хор менен кайталашат.- Мына топу, моюн орогуч, тумак, жоолук. Эми бут кийим дүкөнүнө барып, кандай бут кийимдер бар экенин көрөлү: өтүк, чокой, туфли, батинке.

б) Мугалим: ар бир окуучуга кайрылып: – Сага калпакты ким сатып берди? – Калпакты атам сатып берди. –Сага көйнөктү ким сатып берди? – Көйнөктү апам сатып берди деп, сүрөт боюнча жаңы сөздөрдү өздөштүрөт. Ар биринин өз ата-энесин балдарына жасаган камкордугу үчүн аларды сыйлап жүрүүгө чакырат.

**2-көнүгүү боюнча.** Лексика-грамматика бышыкталат.

*Үлгү:* Дүкөндө көп-көп топулар, моюн орогучтар, тумактар, жоолуктар бар.................

**Эсиңерге туткула!**

Чыгыш жөндөмө:а) кыймыл аракеттин башталып чыккан ордун көрсөтөт;

б) буюмдун эмнеден жасаларын билдирет.

**Мисалы:** а) эжем шаар+**дан** келет (кайдан келет?-шаардан)

б) калпак кийиз+**ден** жасалат (эмнеден жасалат?-кийизден)

**Таблицаны карагыла!**

**-дан** мүчөсү үндүү жана жумшак үнсүздөрдөн кийин: **-дон, -ден, -дөн** болуп уланат.

**-тан** мүчөсү каткалаң үнсүздөн кийин**: -тен, -тон, -төн** болуп уланат.

**3-көнүгүү боюнча.** «Ким жаңылбайт» оюну. Максаты: **-дан** мүчөсүн улап, сөз өстүрүүгө машыгат.

*Үлгү:* өтүк+төн, чокой+дон, туфли+ден…

**4-көнүгүү боюнча.**

Диалогду улантып, сүйлөшүүгө көнүгүп машыгат.

*Үлгү:* – Акылай, сен кышында кандай кийимдерди кийесиң?

– ......................................

– Акылай, жайындачы?

– ......................................

**5-көнүгүү боюнча.** Текст менен иштөөнүн ыкмасы боюнча "Билип ал" тексти иштетилет.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

Баш кийимдерди жана бут кийимдерди билип алдык, алар жөнүндө сүйлөштүк, кызыктуу текстти окуп, котордук, кийимдерди ата-энебиз сатып беререрин айттык.

### *56-сабак*

## УЛУТТУК БАШ КИЙИМДЕР

**Сабактын максаттары:**

1. Этномаданият таануу лексикаларынын маанисин түшүнүп, кыргыз элинин улуттук кийимдерин билип алышат.
2. Эркек адамдардын улуттук баш кийимдерин билип алышат.
3. Баш кийимдердин эмнеден жасаларына кызыгышат.
4. Берилген конструкция боюнча диалог кеби өсөт.
5. Улуттук кийимдерди башка кйимидерден айырмалап билип алат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | улуттук баш кийим<br>ак калпак<br>тебетей<br>топу<br>малакай | Атооч жөндөмө.<br>Чыгыш жөндөмө. | Акылай: Эркектер кандай баш кийим кийишет?<br>Чыпалак бала: Жылуу мезгилде эркектер ак калпак кийишет. Кышында тебетей кийишет. |

**1-көнүгүү боюнча.**

**Сүрөт боюнча маданият таануу лексикаларын өздөштүрүү:**

Мугалим: Балдар, кимдин атасы калпак кийет?....... Тебетейди кимдин чоң атасы кийет?............ Кимдин бөбөгү топу кийет? – деп, сүрөттөгү баш кийимдерди айтат.

Балдар, Акылайдын бөбөгү кийген **топу**, Улукбектин чоң атасы кийген **тебетей** жана Амандын атасы кийген **калпак** булар улуттук баш кийимдер. Келгиле, баш кийимдердин түрлөрүн атап, билип алалы, – деп хор менен кайталап аташат: Калпак, тебетей, топу, малакай. Эми балдар, ушул баш кийимдерди кимдер кийерин да билип алалы. Калпакты аталар, байкелер жана инилер кийет, тебетей менен малакайды чоң аталар, ал эми топуну болсо бөбөктөр кийет..., окуучулар кайталайт.

**Бул кызыктуу жана сыймыктуу!**

Эмне үчүн калпакты "ак калпак" дешет? Анткени, калпак ак кийизден жасалат. Ак калпакты Ала-Тоого салыштырабыз. "Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде" деп кыргыз ырларында да ырдалып жүрөт. Ал эми 5-март "Ак калпак" күнү деп белгиленген. Мугалим окуучуларга майрамдын тарбиялык маанисин аңгемелеп берет. Келгиле, баш кийим эмнеден жасалат, билип алалы. Балдар хор менен окушат.

*Үлгү:* а) тебетей-көрпөдөн, топу-тукабадан, малакай- териден.

б) окуучулар бири-бирине суроо берип, машыгат.



**2-көнүгүү боюнча.** Сүйлөмдү дептерге катасыз, туура, сулуу жазганга машыгат.

**3-көнүгүү боюнча.** "Суроо-жооп "оюну. Алым-сабак окуганга кызыктырат, жыл мезгилдерин эске тутушат.

**4-көнүгүү боюнча. а)** Пикир алышууда сүйлөшүүнүн үлгүсүн колдонуп, лексикаларды бышыктайт. *Үлгү:* Улукбек, чоң атаң калпак кийеби же малакай кийеби?

– Чоң атам тебетей кийет.

– Аман сенин атаңдын тебетейи барбы?

– Жок, атамдын эки калпагы бар.ж.б.



**Дене тарбия көнүгүү**

Доскада сөздөр жазылган: **ак капак, тебетей, топу, кийик, кездеме, тукба, тери, көпө.**

Эгерде доскадагы көрсөткөн сөз катасыз туура жазылса, колуңарды өйдө көтөрүп алакан чапкыла!

Эгерде сөз ката жазылса, колуңарды түшүрүп, **"ката"** деп жооп бергиле.

**5-көнүгүү боюнча.** а) Лексика-грамматиканын функциясын колдонуп, эмне эмнеден жасаларын билип алышат.

*Үлгү:* Ак калпак кийиз+ден жасалат.

б) "Өзүңдү өзүң текшер" оюну. Берилген сүйлөмдү "туура" жана "ката" деп аныктап, этномаданий лексикалардын маанисин түшүнө алат.

*Үлгү:* Ак калпак тукабадан жасалат (ката)

Тебетей көрпөдөн жасалат (________)

Топу кийизден жасалат (__________)

Малакай териден жасалат (___________)

**6-көнүгүү боюнча.** "Көркөм окуу" конкурсу. Текст аркылуу байланыштуу кепти өстүрөт. Кыргыз улутундагы балдардын сыймыктануу сезимин ойготот:

- мугалим көркөм окуйт;
- окуучулар жана мугалим бирге хор менен окушат;
- катар-катар болуп окушат;
- жекече окуйт.

Сабакта кайсы улуттун баш кийимдерин билип алдык? Жообун кластер аркылуу чечмелеп беришет.

**Биз эмнелерди билип алдык?**

Аталар, байкелер кийген улуттук баш кийимдерди билип алдык, алардын эмнеден жасаларын түшүндүк. 5-март күнү балдар ак калпак киерин билдик.

## 57-сабак

# УЛУТТУК БАШ КИЙИМДЕР

**Сабактын максаттары:**

1. Активдүү этномаданият таануу лексикаларын өздөштүрүп, аял кишинин улуттук баш кийимдерин эске тутат.
2. Баш кийимдердин эмнеден жасаларына кызыгып, билип алышат.
3. Оозеки кеби, жазуу речи калыптанып, өркүндөйт.
4. Улуттук кийимдердин кимдерге арналганын айырмалап билип, алардын баалуулугуна, кооздугуна суктанышат.
5. Кыргыз элинин улуттук кийимин, маданиятын сыйлайт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | такыя<br>тебетей<br>үкүлүү топу<br>шөкүлө<br>элечек | Атооч жөндөмө.<br>Чыгыш жөндөмө. | Акылай: Чыпалак бала, сен билесиңби, топуну жана элечекти кимдер кийишет?<br>Чыпалак бала: Кыздар топу кийишет. Чоң энелер элечек кийишет. |

**1-көнүгүү боюнча**.

**Сүрөт боюнча маданият таануу лексикаларын өздөштүрүү:**

Мугалим: Улуттук баш кийимдерди билүү кызыктуу – деп, ар бир баш кийимдин аталышын жана аны кимдер кийишерин айтып берип, алардын аталышын окуучулар менен бирге кайталайт.

*Үлгү:* I. такыя, топу, – кыздардын баш кийими

тебетей..................

**а)** “Суроо-жооп” оюну. Этномаданий лексикаларын өздөштүрүп, маанисин чечмелейт.

Мугалим: – Кана балдар, айтkылачы, такыя, үкүлүү топуну кимдер кийишкен?

– Кыздар кийишкен.

– Шөкүлөнү качан кийишкен?

– Кызды күйөөгө узатар күнү.

– Жоолукту кимдер салынышкан?

– ................................................

б) “Сөздү тап” оюну. Улуттук баш кийимдерди билдирүүчү сөздөрдү табат, аларды кимдер кийерин аныктайт, сөз байлыгы өсөт.



| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Т | А | К | Ы | Я | Ү | Ж |
| Е | Т | О | П | У | Ш | О |
| Б | К | А | Л | П | А | О |
| Е | Л | Е | Ч | Е | К | Л |
| Т | А | Л | А | К | А | У |
| Е | Т | Н | И | П | Й | К |
| Й | Ш | Ө | К | Ү | Л | Ө |

**2-көнүгүү боюнча.** Жазуу сабаттуулугу артат, лексика-грамматика бышыкталат.

**3-көнүгүү боюнча.** Диалогду толуктап окуп, оозеки кеби, чыгармачылыгы өсөт.

Акылай Чыпалак баладан эмнелерди сурады?

Чыпалак бала Акылайга эмне деп жооп берди?

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде баш кийимди атасам, башынарды ары –бери чайкагыла, бут кийимди атасам, ары-бери баскыла

Сөздөр: **тумак жоолук, өтүк, ак калпак, чокой, топу, батинке, туфли.**

**4-көнүгүү боюнча.**

**а) “Түшүп калган мүчөлөрдү тап” оюну.** Лексика-грамматиканын функциясын колдоно билет. Эмнеден? деген суроого **–дан** мүчөлөрү аркылуу жооп берүүгө машыгат.

Оюндун шарты: Окуучулар эки топко бөлүнөт. Доскага мүчөлөр түшүрүлгөн сөздөр жазылат. Кайсы топ тез, катасыз аткарса, жеңишке ээ болот.

Эмнеден?

**1-топ** тукаба.... **2-топ** кундуз......

парча..... ак кездеме.....

**Эскертүү! Класстын теманы өздөштүрүү деңгээлине жараша сөз өстүрүүнү улантуу.**

**б) “Сурап билип ал” оюну.** Максаты: улуттук баш кийимдердин эмнеден жасалып, тигилерин билип алат. Силер билесиңерби, такыя, топу, шөкүлө жана элечек эмнеден тигилерин? Биздин Чыпалак бала буларды билет экен. Келгиле, Чыпалак баладан сурайлы:

-Такыя эмнеден тигилет? – Тукабадан. -Топучу? -Кундуздан. -...................

**в) “Өзүңдү өзүң текшер” оюну.** Максаты: эмне эмнеден жасалып, тигилерин аныктап бышыктайт.

Карточкадагы сүйлөмдүн, “туура” же “ката” экенин жазып көрсөтөт.

*Үлгү:* 1. Такыя тукабадан тигилет. (туура)

1. Топу ак кездемеден тигилет. (-----)

**г) "Сурамжылоо" оюну.** Туура жоопту таап, белгилейт.

1. Үкү топуну кимдер кийет?

а) кыздар б) келиндер в) аялдар

2. Калпак эмнеден жасалат?

а) тукабадан б) териден в) кийизден

3. Такыя эмнеден тигилет?

а) тукабадан б) териден в) кийизден

**5-көнүгүү боюнча. "Аялдардын баш кийимдери" деген тексти менен иштөө.**

**а) "Ким эмне кийет?" оюну.** Ким эмнени кийерин аныктап, лексикаларды өздөштүрөт.

Мугалим: Балдар ким кайсы баш кийимди кийерин сызыкча аркылуу көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| кыз | элечек |
| чоң эне | жоолук |
| келин | калпак |
| бала | такыя |

**б) "Ким эмне кийет?"** оюну улантылат.

Мугалим: Акылай, сенин апаң башына эмне салынат?

Акылай: Жоолук салынат.

Мугалим: Чоң энеңчи?

Акылай: Чоң энем элечек кийет.

**в) "Көркөм окуу" конкурсу.** Этномаданий лексикалар менен байланыштуу кеп өстүрөт. Конкурстун жеңүүчүлөрүн куттукташат.

– мугалим текстти көркөм окуйт;

– окуучулар жана мугалим бирге хор менен окушат;

– катар-катар болуп окушат;

– ар бир бала жекече окуйт.

**Биз эмнелерди билип алдык?**

– биз бүгүн сабакта улуттук баш кийимдерди билип алдык;

– кызыктуу текст окуп, котордук;

– сурамжылоо оюнун ойнодук;

– баш кийимдер эмнеден жасаларын да түшүнүп алдык.



### *58-сабак*

## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында (4-сабак) оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшырмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

### *59-60-сабактар*

## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:

1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".

2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)

- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- портфолио
- кичи белектер
- "Мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы, бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар.

## Биз эмнелерди үйрөндүк?

| Сабактын Темасы | Фонетика | Лексика | Грамматика | Сүйлөшүү темасы | Сүйлөшүү темасынын максаты | Сүйлөшүү үлгүсү | Текст | Текшерүү иши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 49-сабак Адамдын келбети | [т-т'] | Көзү кара, көзү көк, бети тегерек, чачы кара, сары, кыска, узун, тармал, тил, тиш | Сөз айкашы | Адамдын келбети | Адамдын келбети жөнүндө айтып берүүгө үйрөнүү | -Акылай, Алишер кандай бала?<br>-Алишер орто бойлуу, көзү көк, бети тегерек, чачы сары бала.<br>-Ыракмат.<br>-Эч нерсе эмес. | Бул менин бөбөгүм Дастан | |
| 50-сабак Ак жуумал кыз | ө,ү,о,у | Баш, моюн, ийин, манжалар, ич, кол, тизе, бут, таман | Сөз айкашы | Дене мүчөлөр | Адамдын дене мүчөлөрү жөнүндө билип жүрүү | Акылай орто бойлуу ак жумал кыз. Анын бети тегерек, көзү-кашы кара, чачы узун. Акылай мээримдүү эмгекчил кыз. | Акылай ак жуумал кыз. | |
| 51-сабак Эр Төштүк | | Мүнөз акылдуу, шайыр, куу, калпычы, чынчыл, мактанчаак | Жатыш жөндөмө (-да) | Эр Төштүк | Эр Төштүктү сүрөттөп берүүгө үйрөнүү | -Чыпалак бала, Эр Төштүк ким болгон?<br>-Эр Төштүк кыргыз элинин баатыры | Эр Төштүк | |
| 52-сабак Чыпалак бала – кичинкей бөбөк | | Семиз, толук, арык, кара тору, чап жаак | Барыш жөндөмө (-га) | Чыпалак бала | Чыпалак бала жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | Адамдын келбетин сүрөттөө | Чыпалак бала – кичинекей бөбөк | |
| 53-сабак Машыгабыз, көнүгөбүз | | | | | | | | |
| 54-сабак Кийим-кече | | Көйнөк, чыптама, бел көйнөк, пальто, жемпир, байпак, күрмө | Зат атоочтун (-лар) мүчөсү | Кийим-кече | Кийим-кече жөнүндө айтканды үйрөнүү | -Акылай, сен кышында кандай кийимдерди киесиң?<br>-Кышында мен жылуу кийимдерди киемин. | Жаңылмачтар | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 55-сабак Баш кийим. Бут кийим. | | баш кийим, топу, моюн орогуч, тумак, жоолук, бут кийим, өтүк, чокой, туфли, батинке | Чыгыш жөндөмө<br>-дан<br>-тан | Баш кийим | Баш кийимдер жөнүндө айтып берүүгө үйрөнүү | -Акылай, сен кышында кандай кийимдерди киесиң?<br>- Кышында мен жемпир, шым, пальто, топу, моюн орогуч, байпак, өтүк киемин. | Ырды ырдоо | |
| 56-сабак Улуттук баш кийимдер | | улуттук баш кийим ак калпак, тебетей, топу, малакай. | Атооч жөндөмө. Чыгыш жөндөмө. | Улуттук баш кийим | Улуттук баш кийим жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | Акылай: -Эркектер кандай баш кийим кийишет?<br>Чыпалак бала: -Эркектер ак калпак, кышында тебетей кийишет. | Ак калпак | |
| 57-сабак Улуттук баш кийимдер | | такыя, тебетей, үкүлүү топу, шөкүлө, элечек | Атооч жөндөмө. Чыгыш жөндөмө. | Улуттук баш кийим | Улуттук баш кийим жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | Акылай:- Чыпалак бала сен билесиңби, топуну жана элечекти кимдер кийишет?<br>Чыпалак бала: -Кыздар топу кийишет. Чоң энелер элечек кийишет | | |
| 58-сабак Машыгабыз, көнүгөбүз | | | | | | | | |
| 59-60- сабактар Өзүңдү текшер | I деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Лексика | | |
| | II деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Грамматика | | |
| | III деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар | | |
| Биз эмнелерди үйрөндүк? | [Т-Т'] ө,ү,о,у тыбыш-тамгалары катышкан | 62 сөздү өздөштүрдүк | Сөз айкашы. Зат атоочтун атооч, барыш, жатыш чыгыш | Адамдын келбети. Дене мүчөлөрү Эр Төштүк Чыпалак бала | Темалар боюнча сүйлөшүүгө үйрөндүк | Диалог жана монолог аркылуу байланыштуу кебибизди өстүрдүк | 6- текст 2-жаңылмач 1-ырды окудук | |



| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | сөздөрдү туура окуп жазганга үйрөндүк | | жөндөмөлөрү. Зат атоочтун (-лар) көптүк түрүн өздөштүрдүк | Кийим-кече Баш кийим, Бут кийим, Улуттук баш кийимдер | | | | |

# 9-ЦИКЛ
# Тема: "ИДИШ-АЯК ЖАНА ТАМАК-АШ АЗЫКТАРЫ"

61-сабак. Идиш-аяк
62-сабак. Улуттук идиш-аяк
63-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз
64-сабак. Тамак-аш
65-сабак. Улуттук тамак-аш
66-сабак. Кымыз

## *61-сабак*
## ИДИШ-АЯК

**Сабактын максаттары:**

1. Жаңы лексикаларды өздөштүрүп, алардын түрүн билип алат.
2. Сыйкырдуу **(-чы)** мүчөсүнүн өтүнүчтү билдирүүчү маанисин түшүнөт, оозеки кебинде колдоно алат.
3. "Ашканада" деген сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалогдук кебин өстүрөт.
4. Табышмак жана текст аркылуу монолог кебин өстүрөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| к – к' | чыны<br>кичинекей<br>чайнек<br>табак<br>чоң кашык<br>айры<br>бычак | сөз айкашы | Акылай:<br>Чыпалак бала, жүрү чай ичели.<br>Чыпалак бала:<br>Акылай, мага кашык берип койчу.<br>Акылай: Мына, ал.<br>Чыпалак бала:- Чоң ыракмат.<br>Акылай: Эч нерсе эмес. |

**Сүрөт боюнча идиш-аяк лексикаларын өздөштүрүү.**

а) Балдар, силер үйдөн идиш–аяк жууп, апаларыңарга жардам бересиңерби? Азаматсыңар! Акылай чыны, табак жууйт экен, азаматсың. Бегайым чай кашык, чоң кашык, сузгу жууйт турбайбы. Балдар, келгиле, кичинекей жардамчыларды куттуктап, кол чабалы.

Мугалим: Кичинекей жардамчылар жууган идиштер деп, сүрөттөгү идиш-аяктарды балдар менен чогуу атайт: чыны, табак, чоң кашык, чай кашык, сузгу. Чай кайната турган идиштер: чайнек, самоор. Тамак бышыра турган идиш: казан. Апалар өзү жууган идиштер: айры, бычак деп ажыратышат.



Айры менен бычакты кыздар жууса, колун кесип же сайып алышы ыктымал, ошондуктан, бул идиштерди кимдер жууйт? – апалар жууйт.

б) Балдар, Акылай үстөлдөгү чай кашыкка жетпей жатса, ал апасына кантип кайрылат?

– Апа, мага чай кашык бер!- деп буйрук береби же:

– Апа, мага чай кашык берип коюңузчу, – деп сылык өтүнөбү?

Албетте, сылык өтүнөт. Келгиле, анда биз дагы сылык сураганды үйрөнүп алалы.

*Үлгү:* Эже, мага чыны берип коюңузчу.
Апа, мага кичинекей чайнек берип коюңузчу.
.......................................................

**Эскертүү:** Балдар **-чы, -чи, -чу, -чү** мүчөлөрү "марҳамат" деген этиш сөзгө уланганда алкыш сөздүн маанисин билдирет.

**Мисалы:** бер – дай
берчи – дай, пожалуйста
берип койчу – подай, пожалуйста

**1-көнүгүү боюнча.** Сүйлөмдүн маанисин түшүнүп, сабаттуулугу артат.

**2-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Ролдоштуруп окуп, сүйлөө кебин өстүрөт.

**3-көнүгүү боюнча.** а)"Конокто" сүйлөшүү кырдаалы боюнча лексикаларды колдонуп, эркин сүйлөшө алат, бири-бири менен мамиле түзүп, меймандостукту сыйлоо адебине көнүгөт.

*Үлгү:* – Салам Акылай, кандайсың?
– Ыракмат, жакшы.
– Акылай, төргө өт (проходи на почетное место). Азыр чай коём.
– Бегай, убара болбо (не беспокойся).
– Акылай, чайга кара.
– Мага чай кашык берип койчу.
– Мына.
– Чоң ыракмат.
– Келип тур (приходи).

б) Ырды көркөм окуп, маанисин айтып бергиле.

Үйүмдө аш бөлмөмдүн,
Ичинде идиш аяктар:
Чыны, чайнек, табактар.
Самоорго чай кайнатып,
Дасторкон үстүн жайнатып,
Кашык, айры бүт баарын,
Мейманга коёт арнашып.

*Т. Алдаяров.*

**4-көнүгүү боюнча.** "Тапкылачы" оюну. Ой жүгүртүп, сөз өстүрөт, тил жатыктырат.

**5-көнүгүү боюнча:** Угуп түшүнүү, окуп түшүнүү ишмердүүлүгү эске алынат. Текст менен иштөө ыкмалары жетекчиликке алынат.

Балдар, Чыпалак бала кашык жөнүндө укпаптыр, келгиле, окуп, которуп берели. Чыпалак бала түшүнсө, аңгемелеп берсин.

– текстти мугалим көркөм окуйт;
– ар бир окуучу бирден сүйлөм окуп, которот;
– жакшы окуган окуучу текстти толук өзү окуп берет;
– Чыпалак бала түшүнгөнүн аңгемелеп берет (Улукбек аңгемелеп берет).

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**
– идиш-аяктарды билип алдык;
– Акылай менен Чыпалак баланын идиш-аяк жөнүндө диалогун окудук;
– бири-бирибизди чайга чакырып, сыйладык;
– кашык жөнүндө кызыктуу аңгеме окуп, котордук.

**Үйгө тапшырма.**

## *62-сабак*
## УЛУТТУК ИДИШ-АЯК

**Сабактын максаттары:**
1. Улуттук идиш-аяк лексикаларын мааниси боюнча өздөштүрүп, аларды билип алат.
2. Эмне менен? деген суроого жооп берүү аркылуу "менен" деген жандоочту сүйлөшүү кебинде колдоно алат.
3. Диалог аркылуу сүйлөшүү кебин өстүрөт.
4. Табышмак жана текст аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.
5. Улуттук идиштерге кызыгуусу артат.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| өө, аа, оо | чыны<br>кесе<br>казан<br>көөкөр<br>сузгу<br>жыгач кашык | -Эмне менен?<br>-Бычак менен. | Чыпалак бала: Акылай, мага бычак берип койчу?<br>- Бычакты эмне кыласың?<br>- Бычак менен нан кесемин.<br>- Мына, абайла.<br>- Чоң ыракмат. |

**Сүрөт боюнча идиш-аяк лексикаларын өздөштүрүү.**

а) Балдар жүргүлө "Белектер" дүкөнүнө саякатка баралы деп, дүкөндөгү улуттук идиш-аяктарды атап чыгышат:

чыны, кесе, казан, көөкөр, жыгач кашык, жыгач сузгу



б) Мугалим: Балдар, Улукбек чоң атасына белек алсам дейт, чоң атасы жайкысын жайлоодо эс алат экен. Белекке эмнени сунуш кылсак?

Балдар: Белекке көөкөрдү алсын, анткени, жайлоодо кымыз куюп сактаса болот.

Улукбек: Жардамыңарга чоң ыракмат!

в) Балдар, **чыны менен** чай ичебиз – деп, керектүүлүгүнө жараша эмне менен? деген сүйлөм конструкциясы боюнча жаңы сөздөрдү билип алышат.

Келгиле эми калган идиштерди билип алалы.

*Үлгү:* Чыны менен чай ичет.
Кесе менен сорпо ичет.
Бычак менен................

**1-көнүгүү боюнча.** Жазуу сабаттуулугу артат, лексика-грамматика бышыкталат.

**2-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Берилген конструкция боюнча ролдоштуруп окууга машыгат.

**3-көнүгүү боюнча.** а) Өздөштүрүлгөн диалогдун негизинде сүйлөшө алат:

*Үлгү:* - Аман, мага бычак берип койчу!
- Бычак менен эмне кыласың?
- Бычак менен нан кесемин.
- Колуңду кесип албайсыңбы?
- Жок, кеспейм.
- Мына ал, бирок абайла (будь осторожен).
- Чоң ыракмат!
- Сага да ыракмат!

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде мен улуттук идиштерди атасам, колдорубуз шакылдасын, тамак иче турган идиштерди атасам, буттарыбыз такылдасын.

Сөздөр: **кесе, табак, көөкөр, кашык, жаргылчак, айры, сабаа, чыны.**

**4-көнүгүү боюнча.** "Табышмакты тапкылачы" оюну. Рифмалап окуганга, ой жүгүртүүгө машыгат. **Мисалы:** "Асты таш, үстү таш Ортосунда майда аш" десек да болот, анткени мурда буудайды жаргылчакка тартып, майдалап ун кылып нан жасашчу.

**5-көнүгүү боюнча.** Бул кызыктуу! Көөкөрдүн канча бөлүктөн турарын биле жүргүлө деп, китептеги сүрөт боюнча иштейт. Балдар мугалим менен чогуу кайталап окуп, эстерине тутуп алышат.

**6-көнүгүү боюнча.** "Көркөм окуу" конкурсу.
– катар-катар боюнча окушат;
– эки – экиден окушат;
– жеке окуйт.

**Биз эмнелерди билип алдык:**

- улуттук идиш-аяктарды билип алдык.
- Чыпалак бала менен Айкылайдай болуп сүйлөштүк.
- көөкөргө кымыз сакталарын билдик, табышмакты таптык.

**Үйгө тапшырма:**

### *63-сабак*

## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында (2-сабак) оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшыпмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

### *64-сабак*

## ТАМАК-АШ

**Сабактын максаттары:**

1. Тамак-аш лексикаларын өздөштүрүп, алардын түрүн билип алат.
2. "Азык-түлүк дүкөнүндө" сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалог кебин өстүрөт.
3. Табышмак жана текст аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.
4. Коомдук жерлерде жана үйдө өзүн-өзү маданияттуу алып жүрүүгө үйрөнөт.
5. Нанды баалай билип, ал эмнеден жасаларын түшүнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| уу | нан, туз, ун, кумшекер, сүт, каймак, быштак, май, балык, бал, күрүч, балмуздак | сөз айкашы эсептик сан атооч | Саша: Саламатсызбы эжей?<br>Сатуучу: Саламатчылык.<br>Саша: Бул балмуздак канча турат?<br>Сатуучу: Бул балмуздак 25 сом турат.<br>Саша: Мага 3 балмуздак бериңизчи!<br>Сатуучу: Мына алыңыз.<br>Саша: Канча төлөймүн?<br>Сатуучу: 75 сом. |

**1-көнүгүү боюнча.**

Дан болбосо – нан болбойт.

Нан болбосо- жан болбойт деген макалынын маанисин түшүнүп, тил жатыктырат.



**Сүрөт боюнча тамак-аш лексикаларын өздөштүрүү:**

а) Мугалим: Мына, "Азык-түлүк" дүкөнү. Жүргүлө, дүкөндө кандай азыктар бар көрүп келели – деп, мугалим сүрөт боюнча аларды атайт, балдар хор менен кайталайт:

*Үлгү:* нан, туз, ун, кант, кумшекер......

б) Келгиле, азыктардын баасын сураганды үйрөнөлү:

Азыктардын <u>баасы канча турат?</u> деп сурайбыз.

**Мисалы:** Кумшекер канча турат?
Балмуздак канча турат?
..................................

Балдар, дүкөндө дагы <u>сүт азыктары,</u> <u>өсүмдүк азыктары</u> сатылат, келгиле, кайталайлы:

Балдар: сүт азыктары
өсүмдүк азыктары

в) Балдар, арабызда кичинекей жардамчылар барбы? Ким апасына нан сатып келип берет? деген конструкция аркылуу да жаңы сөздөрдү эске тутуп алышат.

**2-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. "Дүкөндө" деген сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалог кебин өстүрөт. Балдар алым-сабак окушуп, эки ролду тең аткарышып, Сашанын да, сатуучунун да ролун өздөштүрөт.

**3-көнүгүү боюнча.** "Тапкылачы" оюну. Табышмакты көркөм окууга машыгат, ой жүгүртүүсүн өстүрөт.

**4-көнүгүү боюнча.** "Мыкты аңгемечи" конкурсу. Тексттин негизинде окуучулар нан жөнүндө аңгемелеп берүүгө көнүгөт, мугалим нандын баалуулугу жөнүндө айтып, аны жерге таштабай аяр мамиле кылуу керектигин айтып түшүндүрөт.

а) мугалим көркөм окуйт;
б) балдар хор менен окушат;
в) балдар ичинен окуйт;
г) каалоосу боюнча балдар аңгемелеп берет;

**Биз эмнелерди билип алдык:**

– көп тамак-аштарды билип алдык;
– сатуучудан балмуздак, нан сатып алганды үйрөндүк;
– табышмак окуп, жандырмагын таап алдык.
– нан буудайдан жана арпадан жасаларын билдик.
– нанды баалаш керек экенин билип алдык.

**Үйгө тапшырма.**

## *65-сабак*

## УЛУТТУК ТАМАК-АШТАР

**Сабактын максаттары:**

1. Улуттук тамак-аш жана суусундуктарга кызыгуу менен аларды билип алат.
2. Сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалог кебин өстүрөт.
3. Текст боюнча суроо-жооп берүүгө машыгат, байланыштуу кебин өстүрөт.
4. Меймандостукту сыйлоо керек экенин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| оо, уу | боорсок,<br>токоч,<br>каттама,<br>бешбармак,<br>кымыз,<br>жарма,<br>айран | сөз айкашы | Акылай: Чыпалак бала, сага кайсы тамак жагат?<br>Чыпалак бала: Мага бешбармак жагат. |

**1-көнүгүү боюнча.** "Мен жаңылбайм" оюну. Жаңылмач аркылуу тил жатыктырат, маанисин түшүндүрөт.

М: Жегени тандыр нандыр,
Тандыр нан жабылгандыр.

**Тамак-аш лексикаларын өздөштүрүү.**

а) Мугалим: Балдар, майрамдарда дасторконго кандай тамактар коюлат деп, сүрөт боюнча атап (боорсок, токоч, бешбармак..........) берет.

Бүгүн конокко Чыпалак бала келди. Биз дасторконго кандай тамактарды коюп, сыйлайбыз деп жаңы сөздөрдү кайталап эске тутат:

боорсок, токоч, каттама, куурдак, бешбармак, сорпо

б) Балдар, улуттук тамактарды билип алдык, эми суусундуктарды билип алалыбы?

Баары хор менен суусундуктарды жана кимдин кандай суусундук ичерин кайталайт:

кымыз, максым, жарма, бозо, айран, чалап.

в) Баары биз суусундуктарды <u>ичебиз,</u> тамактарды <u>жейбиз</u> – деп кайталашат. Мугалим балдар менен кошо сөз айкашын түзөт, досканы эки бөлүп I катардагы балдар ичe турган, II катардагы балдар, жей турган тамактарды жазып, лексикаларды бышыктайт:



*Үлгү:*

| Ичем | Жейм |
|---|---|
| айран ичем<br>........ | нан жейм<br>....... |

айран ичем, жарма <u>ичем,</u> бешбармак жейм, токоч <u>жейм.</u> ж.б.

**2-көнүгүү боюнча.** Лексиканы маанисине жараша колдонуп, туура жазат.

**3-көнүгүү боюнча.** Диалог окуганга машыгат. Сабакка пассивдүү катышкан балдардан баштап окутуп машыктырат, психологиялык жактан жагымдуу жагдай түзүп, кимге кандай тамак жагарын билип алышат.

**4-көнүгүү боюнча:** "Конокто" деген сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалог кеби өсөт, кыргыздардын меймандостугун сыйлоо керектигин сезишет.

**5-көнүгүү боюнча.** а) Балдар, Чыпалак баланын жакшы көргөн тамагы бешбармак экен. Бешбармакты дагы ким жакшы көрөт? Азаматсыңар. Келгиле, эми Чыпалак баланын аңгемесин окуп которуп, бешбармак жөнүндө билип алалы:

– мугалим көркөм окуйт;
– балдар бир-бирден окуп которот;
– мугалимдин суроосуна жоопту балдар тексттен таап окуйт;
– текст дагы бир жолу толук окулат. Ырды көркөм окуп, лексикалар бышыкталат, меймандостук бааланат.

б) Мейман келсе үйүмө,
Тосуп алам сүйүнө.
Бешбармак, жөргөм, олобо,
Дасторкон бетин толтурам,
Тамак-аштын түрүнө.
Боорсокту жасап борсойтуп,
Келсе дейм конок күнүгө.

*Т. Алдаяров.*

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде мен улуттук даамдарды атасам, колуңары алдыга сунуп отура калгыла, суусундуктарды атасам, колунарды белиңерге коюп тура калгыла.

Сөздөр: **боорсок, кымыз, каттама, максым, куурдак, жарма, бешбармак, бозо, сорпо , чалап, токоч, айран.**

**Биз эмнелерди билип алдык:**

- улуттук тамак-аш жана суусундуктарды билип алдык.
- Бешбармак жөнүндө текст окудук.
- текст боюнча суроолорго жооп берип, бешбармак кантип жасаларын билип алдык.

**Үйгө тапшырма.**

*66-сабак*

## КЫМЫЗ

**Сабактын максаттары:**

1. Каалоо-тилек ыңгайдын (**-гы+кел**) мүчөсү жана жардамчы этиш аркылуу өз каалоосун билдирерин билип алат.
2. Кимди? жана Эмнени? деген суроого жооп бергенди үйрөнөт.
3. Кырдаал боюнча бири-бири менен сүйлөшкөндү үйрөнөт.
4. Текстти которууга машыгат, байланыштуу кеби өсөт.
5. Кымыздын ден соолукка пайдалуу экенин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| к – к'<br>г – г' | жегим келет,<br>ичким келет,<br>жакшы көрөмүн,<br>жакшы көрөсүң. | Этиштин каалоо-тилек ыңгайы (-гы + кел)<br>Табыш жөндөмө:<br>-ны..<br>-ды..<br>-ты.. | -Чыпалак бала, сен кайсы тамакты жакшы көрөсүң?<br>-Мен сорпону жакшы көрөмүн. |

**1-көнүгүү боюнча.**

**а)** "Ким эстеди?" оюну аркылуу өткөн сабакта билип алган улуттук тамакаштарды туура атап, эске салышат.

**б)** Мугалим: Балдар, мени уккула, мени кайталагыла – деп, берилген сөз айкашын кыргызча-орусча окуп берет. Балдар хор менен жана жеке кайталап окуп машыгат.

*Үлгү:* жегим келет – хочу есть; хочу есть –
ичким келет – хочу пить; хочу пить –
........................................ ....................

в) "Жегим келет, ичким келет" таймаш оюну. "Нан жегим келет, сүт ичким келет" конструкциясы аркылуу жаңы лексикаларды өздөштүрүп таймашат.

Окуучулар сүйлөм түзүшөт:

*Үлгү:*

| | |
|---|---|
| нан | ичким келет |
| сүт | жегим келет |
| кымыз | жегим келет |
| боорсок | ичким келет |

**2-көнүгүү боюнча.** Улуттук суусундуктарды эсибизден чыгарбайлы, окуучулар кымыздын пайдалуу суусундук экенин айтышат.



**Эсиңерге туткула!**

Мугалим: Балдар, таблицаны карагыла!

Келгиле кимди? жана эмнени? деген суроого жооп бергенди үйрөнөлү. Кимди, эмнени деген суроолордун жообу тике багытталган затты, объектини билгизип, **-ны, -ды, -ты** мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалат.

Китептеги үлгү боюнча мугалим Табыш жөндөмө мүчөлөрүнүн үндөштүк өзгөчөлүгүнө жана үнсүздөрдөгү ээрчишүү өзгөчөлүктөргө токтолуп, үлгү боюнча иштеп бышыктайт.

(**-ны**) мүчөсү аягы үндүү менен бүткөн сөзгө уланат: жумуртка**+ны**;

(**-ды**) мүчөсү аягы жумшак үнсүз менен бүткөн сөзгө уланат: нан**+ды**;

(**-ты**) мүчөсү аягы каткалаң үнсүз менен бүткөн сөзгө уланат: каймак**+ты**.

**3-көнүгүү боюнча.** "Ким сабаттуу" оюну. Лексика-грамматиканы бышыктайт. Табыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрүн туура улап айтканга көнүгөт.

*Үлгү:* жумуртка+ны, нан+ды, каймак+ты.

**4-көнүгүү боюнча.** Диалогду окуп көнүгөт, оозеки сүйлөшүү кеби өсөт.

**5-көнүгүү боюнча.** "Мектептин ашканасында" сүйлөшүү кырдаалы боюнча өз алдынча сүйлөшкөнгө көнүгөт.

**6-көнүгүү боюнча.** Сүрөт боюнча, лексикаларды бышыктайт, сүйлөм түзүүгө көнүгөт, машыгат, сөз иретине көңүл бурулат.

**7-көнүгүү боюнча.** Мугалим текст менен иштөөнүн ыкмаларын колдонуп иш алып барат.

**Биз эмнелерди билип алдык:**

- ким эмне ичкиси жана эмне жегиси келерин билдик.
- кимди? жана эмнени? деген суроолорго жооп бергенди үйрөнүп алдык.
- кырдаал боюнча бири-бирибиз менен сүйлөштүк
- текстти окуп, которуп, кымыз ичкенде күчтүү болорубузду билдик.

**Үйгө тапшырма**.

# 10-ЦИКЛ
# Тема: “БИЗДИН ҮЙҮБҮЗ”

67-сабак. Биздин үйүбүз
68-сабак. Менин бөлмөм
69-сабак. Боз үй
70-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз
71-72-сабактар. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## *67-сабак*
## БИЗДИН ҮЙҮБҮЗ

**Сабактын максаттары:**

1. Макал аркылуу тил жатыктырат.
2. Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрөт.
3. 1-жактын көптүк түрүндөгү жакчыл таандык мүчөлөрдүн маанисин түшүнүп, өз кебинде туура колдонот.
4. Диалог жана монолог кебин өстүрөт.
5. Үйдү таза кармоо керектигин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| уу | кабат<br>батир<br>менчик үй<br>бөлмө<br>дарек уктоо бөлмөсү,<br>конок бөлмөсү | Жакчыл таандык мүчөнүн 1-жагы көптүк түрү<br>-быз...<br>-ыбыз... | Чыпалак бала: Акылай, сенин дарегиң кайсы?<br>Акылай: Менин дарегим: Бишкек шаары, Манас көчөсү 55, № 2 батир. |

**1-көнүгүү боюнча.** Макалдын маанисин түшүндүрүп, тил жатыктырат: “Кыздуу үйдө кыл жатпайт”. Кыздарды таза жүрүүгө, жашаган үйүн таза кармоо үндөө.

**Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү.** а) Мугалим сүрөт боюнча иштеп, сүрөттөгү үйлөрдү айырмалап берет.

*Үлгү:* Бул кайсы үй? – Бул менчик үй.
Бул кайсы үй? – Бул көп кабаттуу үй.

б) Жаңы сөздөрдү өздөштүрүү суроо-жооп аркылуу улантылат.
- Көп кабаттуу үй канча кабат?
- Көп кабаттуу үй 4 кабат.
- Менчик үйдө канча бөлмө бар?



- Менчик үйдө 3 бөлмө бар.
- Алар кайсылар?
- Конок жана уктоо бөлмөлөрү, ашкана.

в) Мугалим окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү максатында сүрөт боюнча, ар бири өз үйү жөнүндө аңгемелеп берүүсүн сунуштайт.

**2-көнүгүү боюнча.** Окуучулар сөз иретин сактап, сүйлөм түзгөнгө машыгат.

Сөздөрдү курап сүйлөм түзгүлө: а) көп кабаттуу, мен, жашайм, үйдө
б) мен үйдө жашайм, менчик

**Эсиңерге туткула!**

Мугалим таблица боюнча **-быз, -ыбыз** мүчөлөрүнүн маанисин түшүндүрөт:

**Мисалы:** “Бул биздин үй<u>үбүз</u>” деген сүйлөмдө **-үбүз** деген мүчө биз жашаган үйдү билдирди. Келгиле, эки сүйлөмдү салыштыралы:

Бул менин үй**<u>үм</u>** – Бул биздин үй**<u>үбүз</u>**

**-быз** мүчөсү аягы үндүү тамгалар менен бүткөн сөздөргө уланат. Аягы жумшак жана каткалаң үнсүз тамгалар менен бүткөн сөздөргө **-ыбыз...** мүчөсү уланат.

**3-көнүгүү боюнча.** “Кайсы мүчө биринчи?” оюну. 1-жактын жакчыл таандык көптүк мүчөлөрүн өздөштүрөт. Балдар эки топко бөлүнөт:

**“-быз”** тобу жана **“-ыбыз”** тобу болуп, доскага үч үчтөн бала чыгат.

Кайсы топтун балдары мүчөлөрдү катасыз уласа, жеңишке ээ болот.

**4-көнүгүү боюнча.** “Котормочулар” оюну. Тема боюнча лексикаларды бышыктап, которот. Балдар үлгү боюнча иштейт. **Мисалы:** короobуз – наш двор, үйүбүз – даш дом. Сүйлөм түзүүгө машыгат.

**5-көнүгүү боюнча.** Сүйлөшүү үлгүсү боюнча балдар өз даректерин айтканды үйрөнөт.

**6-көнүгүү боюнча.** "Дарек суроо" оюну. Бири-биринин дарегин сураганды жана дарегин туура айтканды билип алышат, диалог кебин өстүрөт.

**7-көнүгүү боюнча.** а) Текст менен иштөө. Акылайдын үйү жөнүндө аңгемлешип, сан атоочторду кайталайт, байланыштуу кеби өсөт.

– Акылай өзү көркөм окуйт;
– класс катар-катар жарышып окуйт;
– мугалим көркөм окуйт.

**Биз эмнелерди билип алдык:**

– ким кандай үйдө жашарын билип алдык;
– үйүбүздөгү бөлмөлөрдү эске тутуп алдык;
– Чыпалак бала менен Акылайдын диалогун окуп, биз да бири-бирибизден дарегибизди сураганды жана айтканды үйрөнүп алдык.

**Үйгө тапшырма.**

## *68-сабак*

## МЕНИН БӨЛМӨМ

**Сабактын максаттары:**

1. Жандооч сөздөрдү өздөштүрүп, аларды маанисине жараша колдоно алат.
2. Илик жөндөмөсүнүн гана жандоочторун сүйлөө кебинде колдонуп, аларды билип алат.
3. Диалог жана макалдар аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.
4. Бөлмөнү таза кармоого өзүнүн буюмдарын орду-ордуна коюуга көнүгөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | оң жагында<br>үстүндө<br>жанында<br>ичинде<br>сол жагын-да<br>артында<br>ортосунда | Илик жөндөмөсүнүн жандоочтору: бөлмө+нүн ортосу, үй+дүн арты | Чыпалак бала: Акылай, сенин бөлмөң кандай?<br>Акылай: Менин бөлмөм чоң эмес, бирок жарык жана таза. |

**1-көнүгүү боюнча.** Табышмак аркылуу тил жатыктырат.

**Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү:**

а) Мугалим сүрөт боюнча иштеп, балдардын байланыштуу кебин, ой жүгүртүүсүн өстүрөт.

– Сүрөттө эмне тартылган?
– Бөлмө тартылган.
– Бөлмөдө кандай буюмдар бар?
– Керебет, компьютер, үстөл, отургучтар бар деп, кайталашат.
– Бөлмө кандай?
– Жарык жана таза.

б) Мугалим китеп боюнча берилген жандооч сөздөрдү эки тилде окутуп машыктырып, балдар эсине тутушат.

**Эсиңерге туткула!**

а) Балдар, **Илик** жөндөмөсүнүн мүчөсүнөн кийин ар дайым биз эсибизге тутуп алган жандооч сөздөр келет. Таблица боюнча **Илик** жөндөмө мүчөлөрүнүн варианттарын туура улап, жандооч сөздөр менен болгон айкашын берет.

**Мисалы:** бөлмө+нүн ортосунда
үй+дүн артында
үстөл+дүн үстүндө ж.б.



б) Мисалда көрсөтүлгөн сөз айкашынын конструкциясын колдонуп, окуучулар сүрөт боюнча иштеп, эмне кайда турарын көрсөтүп билип алышат.

*Үлгү:* – Үстөл кайда турат?
– Үстөл **бөлмөнүн ортосунда** турат.
– Китеп менен калем сап кайда жатат?
– Алар **үстөлдүн үстүндө** жатат ж.б.

**2-көнүгүү боюнча.** Өтүлгөн темадагы лексика-грамматика калыптанып, сабаттуулугу артат.

**Дене тарбия көнүгүү**

Доскада сөз айкаштары жазылган: **бөлмө ортосунда, бөлмөнүн ортосунда, үй артында, үйдүн артында, үстөлдүн астында, үстөл астында, терезе жанында, терезенин жанында.**

Эгерде мен туура жазылган сөз айкашын көргөзсөм, колунарды бийик көтөргүлө, туура эмес сөз айкашын айтсам, колуңарды ийинге койгула.

**3-көнүгүү боюнча.** Сүрөт боюнча буюмдардын кайда жайгашканын айтып, жандооч сөздөр менен болгон сөз айкашы аркылуу көрсөтүп, машыгат.

*Үлгү:* Топ үстөлдүн үстүндө.
Топ дивандын астында.

**4-көнүгүү боюнча.** Ролдоштуруп окууда лексикаларды колдонуп, бышыктап оозеки кеби калыптанат.

**5-көнүгүү боюнча.** Ар ким өз бөлмөсүн сүрөттөп, оозеки кеби өстүрүлөт.

**6-көнүгүү боюнча.** Текстти көркөм окуп машыгат, окуучулардын байланыштуу кеби өсөт.

– мугалим текстти көркөм окуйт;
– балдар бир-бирден сүйлөм окушат;
– тексттин мазмунун кыскача айтканга көнүгөт;
– өздөрүнүн бөлмөсү жөнүндө айтып берет.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– көп жандооч сөздөрдү билип алдык, алардын жардамы менен бөлмөбүздү сүрөттөгөндү үйрөндүк;
– диалогду ролдоштуруп окудук;
– "Менин бөлмөм" деген текстти окуп котордук, өзүбүздүн бөлмөбүз жөнүндө да аңгемелеп бердик.

**Үйгө тапшырма.**

## *69-сабак*

## БОЗ ҮЙ

**Сабактын максаттары:**

1. Этномаданият таануу лексикаларынын маанисин түшүнүп, аларды колдонуу аркылуу боз үй жөнүндө маалымат алат.

2. Жандооч сөздөр менен тема боюнча сөз өстүрөт.
3. Диалогду кеп конструкциясы боюнча ролдоштуруп окуганга машыгат жана сүйлөшкөнгө үйрөнөт.
4. Боз үй кыргыздын үйү экенин билип, кооздугун баамдайт, сукганышат.

| фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | кыргыздар-дын турак жайы<br>боз үй<br>таяктар<br>көчмөн жашоо<br>коломто<br>кереге<br>түндүк | Илик жөндөмө + жандооч сөздөр:<br>үстүндө<br>ортосунда<br>оң жагында<br>сол жагында | Акылай: Чыпалак бала, бул эмне?<br>Ч: Бул кыргыздын боз үйү.<br>А: Ал эмнеден жасалат?<br>Ч: Боз үй кийизден жасалат. Ал жыгач, кийиз, чий, боо-чуудан турат. |

**1-көнүгүү боюнча.** "Тапкылачы?" оюну. Табышмак аркылуу тил жатыктырат, ой жүгүртүүсүн өстүрөт. Мугалим окуучуларга табышмак айтып, маанисин түшүндүрүп, жандырмагын сүрөт боюнча табышат.

Жерге бекем түптөдүм,
Кийиз менен каптадым.

**Бул кызыктуу!**

**Сүрөт боюнча этномаданий лексикаларын өздөштүрүү:**

а) Боз үйдүн сүрөттөрү боюнча жаңы лексикалардын маанисин түшүндүрүп, чечмелеп берет. Окуучулар катар-катар болуп, сөздөрдү кайталап окушат, эске тутушат.

**Боз үй – юрта, коломто – очаг, көчмөн жашоо – кочевой образ жизни, кыргыздардын сыймыгы – гордость кыргызов.**

б) Эске тутууга кыйын болгон сөздөрдү "Аквариум" оюну аркылуу да бышыктайт.

Мисалы, балдар тегерете отуруп, ортого 2 бала чыгып, сөздөрдү бири орусча, экинчиси кыргызча кайталашат. Сөздөрдү туура айтып, эстегендиги үчүн башка балдар кол чаап кубаттап турушат, балдар ортого кезектешип чыгышат.

**2-көнүгүү боюнча.** Катасыз, таза көчүрүп жазууга машыгат, "кыргыздардын" деген сөздү уңгу- мүчөгө ажыратат.

**3-көнүгүү боюнча.** "Тапкылачы" оюнунда сүрөт менен иштөө улантылат, ой жүгүртүүсү өсөт, лексикалар бышыкталат.

**4-көнүгүү боюнча.** Бардык окуучулардын ролдоштуруп окуусуна көңүл бурулат.



**5-көнүгүү боюнча.** Суроо-жооп аркылуу бири-бирине боз үй жөнүндө айтып берип, диалог кебин өстүрөт, боз үйгө болгон кызыгуусу артат.

*Үлгү:* – Мурда боз үйдө кимдер жашаган?
– Боз үйдө кыргыздар жашаган.
– Боз үй эмнеден жасалган?
– Ал кийизден жасалган.
– Дагы эмнеден?

**6-көнүгүү боюнча.** "Ким биринчи?" дидактикалык оюну. Жандооч сөздөр аркылуу сүйлөм түзүүгө машыгат, лексика-грамматиканы өздөштүрөт.

*Үлгү:* Боз үйдүн **ортосунда** коломто бар.

**7-көнүгүү боюнча.** а) "Боз үй" деген тексти менен иштөө. Тема боюнча лексикаларды эске тутуп, сөз өстүрөт, тил жатыктырат. Текстти бири-бирине көркөм окуп берип машыгат.

б) Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартып, аңгемелеп берет.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**
– суроо бергенди үйрөндүк;
– боз үйдө мештин ордуна коломтого от жагыларын билип алдык;
– боз үй жөнүндө текстти жарышып окуганды үйрөндүк;
– кыргыздын боз үйү мыксыз жасаларын билдип алдык.

**Үйгө тапшырма.**

### *70-сабак*
## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында (6-сабак) оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшыпмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

### *71-72-сабактар*
## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшыр-

малары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:

1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы, бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар.



## Биз эмнелерди үйрөндүк?

| Сабактын темасы | Фонетика | Лексика | Грамматика | Сүйлөшүү кырдаалы | Теманын сөз өстүрүү максаты | Сүйлөшүү үлгүлөрү | Тексттер | Текшерүү иштери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 61-сабак Идиш-аяк | к-к' | Чыны<br>кичинекей<br>чайнек<br>мискей<br>табак<br>самоор<br>чоң кашык<br>айры<br>бычак<br>сузгу | Сөз айкашы | Идиш-аяктар | Идиш-аяктарды билип, кепте колдонуу | Акылай:<br>-Чыпалак бала, жүрү чай ичели.<br>Чыпалак бала:- Акылай, мага кашык берип койчу.<br>Акылай:- Мына ал.<br>Чыпалак бала:- Чоң ыракмат.<br>Акылай:- Эч нерсе эмес. | Кашык жөнүндө | |
| 62-сабак Улуттук идиш-аяк | өө<br>аа<br>оо | кесе<br>казан<br>көөкөр<br>жаргылчак<br>сабаа<br>жыгач<br>кашык | Эмне менен? | Улуттук идиш-аяктар | Улуттук идиш-аяктарды билип, кепте колдонуу | -Акылай, мага бычак берип койчу.<br>-Бычакты эмне кыласың?<br>-Бычак менен нан кесемин.<br>-Мына ал.<br>-Чоң ыракмат.<br>-Эч нерсе эмес. | Көөкөр | |
| 63-сабак Машыгабыз, көнүгөбүз | | | | | | | | Оозеки жана жазуу түрүндөгү тапшырмалар |
| 64-сабак Тамак-аш | У у | нан<br>туз<br>ун | Сөз айкашы | Тамак-аш | Тамак-аштарды билип, сүйлөө | -Саламатсызбы, эжей?<br>-Саламатчылык. | Нан | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кант<br>кумшекер<br>сүт<br>каймак<br>быштак<br>жумуртка<br>май<br>эт<br>балык<br>күрүч<br>балмуздак | | | кебинде колдонуу | -Бул балмуздак канча турат?<br>-Бул балмуздак 25 сом турат.<br>-Мага 3 балмуздак бериңизчи?<br>-Мына алыңыз.<br>-Канча төлөймүн?<br>-75 сом. | | |
| 65-сабак Улуттук тамак-аш | оо, уу | боорсок<br>токоч<br>каттама<br>куурдак<br>бешбармак<br>сорпо<br>кымыз<br>максым<br>жарма<br>бозо<br>айран<br>чалап | | Улуттук тамак-аш-тар | Тамак-аш-тарды билип, сүйлөө кебинде колдонуу | Акылай:<br>Чыпалак бала, сага кайсы тамак жагат?<br>Чыпалак бала:<br>Мага бешбармак жагат. | Бешбармак | |
| 66-сабак Кымыз | к-к'<br>г-г'<br>с | жегим<br>келет<br>ичким<br>келет<br>жакшы<br>көрөм<br>жакшы<br>көрөсүң | Этиш каалоо-тилек ыңгай этиш+ гы+кел | Кымыз | Кымыздын касиетин билүү | -Чыпалак бала, сен кайсы тамакты жакшы көрөсүң?<br>-Мен сорпону жакшы көрөм. | Кымыз | |
| 67-сабак Биздин үйүбүз | У у | конок<br>бөлмө<br>ашкана<br>уктоо<br>бөлмө | Жакчыл таандык мүчө 1-жак көптүк түр -быз | Биздин үйүбүз | Ар ким өз үйү жөнүндө айтып бергенди үйрөнүү | -Акылай, сенин дарегиң кайсы?<br>-Менин дарегим Бишкек шаары, Манас көчөсү | Биздин үйүбүз | |



| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | батир<br>кабат<br>менчик<br>үй<br>кичи район дарек | -ыбыз | | | 55-үй, 2-батир | | |
| 68-сабак Менин бөлмөм | Ө | бөлмө<br>оң жагы<br>сол жагы<br>үстү<br>асты<br>жаны<br>ичи<br>арты<br>ортосу | Илик жөндөмө -нын+сы, ы | Менин бөлмөм | Өзүнүн бөлмөсү жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | -Чыпалак бала жүрү, чай ичели.<br>-Акылай, мага кашык берип койчу.<br>-Мына ал.<br>-Чоң ыракмат<br>-Эч нерсе эмес. | Менин бөлмөм | |
| 69-сабак Боз үй | ө, ү | турак жай таяктар<br>коломто боо-чуу<br>көчмөн жашоо | Илик жөндөмө -нын+ сы, ы | Боз үй | Боз үй жөнүндө аңгемелеп берүүгө, сыймыкта-на жүрүүгө үйрөнүү | -Чыпалак бала, бул эмне?<br>-Бул кыргыздын боз үйү<br>-Ал эмнеден жасалат?<br>-Боз үй жыгач, кийиз, чий, боо-чуудан жасалат. | Боз үй | |
| 70-сабак Машы-габыз, көнүгөбүз | | | | | | | | Оозеки жана жазуу түрүндөгү тапшыр-малар |
| 71-72-сабак-тар Өзүңдү текшер | I деңгээлдеги тапшырмалар →<br>II деңгээлдеги тапшырмалар →<br>III деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Лексика<br>Грамматика<br>Байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Биз эмнелерди үйрөндүк? | уу, оо, к-к-к', г-г', с, өө, аа, ө, ү тыбыш-тамгаларды туура окупжазганды үйрөндүк | 71 сөздү өздөштүрдүк | Таандык сөз айкашы<br>Этиштин каалоо – тилек ыңгайын<br>Жакчыл таандык мүчөлөрдү өздөштүрдүк | Идиш-аяктар<br>Тамак-аштар<br>Биздин үй<br>Менин бөлмөм<br>Боз үй | Темалар боюнча сүйлөшүүгө үйрөндүк. | Диалог жана монолог аркылуу байланыштуу кебибизди өстүрдүк. | 8 текстти окуп машыктык | |



# 11-ЦИКЛ
# Тема: “ЖАРАТЫЛЫШ”

73-сабак. Жаратылыш
74-сабак. Жапайы айбанаттар
75-сабак. Жапайы канаттуулар
76-сабак. Чабалекей

## *73-сабак*
## ЖАРАТЫЛЫШ

**Сабактын максаттары:**

1. Макалдар аркылуу тил жатыктырат.
2. Жаратылыш лексикаларын өздөштүрөт, маанисин түшүнүп, сүйлөө кебинде колдоно алат.
3. Кимде? Эмнеде? Кайда? деген суроолордун маанисине жараша жооп бергенди үйрөнүп, оозеки сүйлөм түзүүгө көнүгөт.
4. Суроого жооп берүүгө машыгып, оозеки кебин өстүрөт.
5. Жаратылышты сүйүү жана аны сактоо керектигин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| ж, р, л | тоо, өрөөн<br>чөл, деңиз<br>көл<br>дарыя<br>токой<br>жер | Жатыш жөндөмөсүнүн<br>(-да) мүчөсү<br>(-та) мүчөсү | -Момолой кайда жашайт?<br>-.........................<br>-Мышык кайда жашайт?<br>-.........................<br>-Балык кайда жашайт?<br>-.........................<br>-Кирпи кайда жашайт?<br>-......................... |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим макалды көркөм окуйт, балдар кайталап окушат, маанисин түшүндүрөт: Жер байлыгы – эл байлыгы” (Богатства земли – богатство народа).

**2-көнүгүү боюнча.** Кыргыз тилине мүнөздүү тыбыш-тамга аралык айырмаларын өздөштүрөт, макалды эсине тутуп алат.

*Үлгү:* жер-**[джэр']** – 3 тамга, 4 тыбыш, эл-**[эл']** – 2 тамга, 2 тыбыш.

**Сүрөт боюнча жаратылыш лексикаларын өздөштүрүү.**

-Балдар, биз кайсы өлкөдө жашайбыз?

-Кыргызстанда.

– Ооба балдар, Кыргызстан – тоолуу өлкө, келгиле, кайталайбыз:
“Кыргызстан – тоолуу өлкө.”

а) – Келгиле эми, кыргыз жеринин байлыгын билип алалы – деп мугалим сүрөт боюнча сөздөрдү окуйт, балдар кайталап, хор менен окушат.

б) "Уктагыла, ойгонгула" – деген командасы боюнча окуучулар сүрөт аркылуу жаратылыш лексикаларын эске тутуп бышыктайт: "Уктагыла" дегенде, сүрөттүн алдындагы сөздөр барак менен жабылат, "Ойгонгула" дегенде, балдар көзүн ачып, сүрөттөрдү атап, лексикаларды эске тутат.

*Үлгү:* тоо, деңиз, токой, чөл ж.б.

**3-көнүгүү боюнча.** Сабаттуу жазууга, сүйлөм түзүүгө көнүгөт.

**Эсиңерге туткула!**

Балдар, Эмнеде? Кайда? деген суроого кичинекей "-да" мүчөсүнүн варианттары аркылуу жооп беребиз. Таблицаны карап, **-да, -та** мүчөлөрдүн вариантын үндөштүрүп окуйбуз -да:

**Мисалы:** суу+да тоо+до, деңиз+де өрөөн+дө

**4-көнүгүүлөр боюнча.** "Котормочулар" оюну. Эки тилге которуу иши менен машыгат.

*Үлгү:* а) в лесу – токой+до
б) токойдо – в лесу
в доме – үйдө
үйдө – в доме

**5-көнүгүү боюнча.** "Суроо-жооп" оюну. Алым-сабак суроо-жооп аркылуу оозеки кебин, сөз байлыгын өстүрөт, сүйлөм түзгөнгө машыгат, лексика-грамматиканы туура колдоно билет.

*Үлгү:* Акылай: Момолой кайда жашайт?
Аман: Момолой жерде (ийинде) жашайт.
Аман: Момолой кайда жашайт?
Акылай: Момолой жерде жашайт.
...........................................

**6-көнүгүү боюнча.** а) "Көркөм окуу" конкурсу. Жер-суунун аттарын көркөм окууга машыгат, тил жатыктырат.

а) мугалим көркөм окуйт;
б) балдар жер-суунун аттарын мугалимди кайталап хор менен окуйт;
в) текстти толук хор менен окушат;
г) жеке окуйт.

Конкурстун жеңүүчүлөрү кол чабуулар менен бааланат.

б) **Ырды көркөм окуп, жарытылышты коргой билгиле.**

Жаратылыш ата-энемдей,
Жер, суу, тоо, көл, талаалар.
Жандыктардын баарысы,
Табийгаттын балдары.
Сакта, корго, сүйгүнүң,
Алар ата-энеңе барабар.

*Т. Алдаяров*

**Сабакта эмнелерди билип алдык:**

– "Жер байлыгы – эл байлыгы" деген макалдын маанисин түшүнүп алдык;



– Кыргызстан – тоолуу өлкө;
– Кыргызстанда көп көлдөр, жайлоолор, дарыялар бар экендигин билдик.

**Үйгө тапшырма.**

### *74-сабак*
## ЖАПАЙЫ АЙБАНАТТАР

**Сабактын максаттары:**

1. Макалдар аркылуу тил жатыктырат.
2. Жапайы айбанаттарды билдирүүчү лексикалардын маанисин түшүнүп, ар кандай кырдаалда сүйлөшө алат.
3. Табыш жөндөмөдөгү сөздөрдү оозеки кепте колдоно билүүгө үйрөнөт.
4. Текстти көркөм окуганга, которгонго жана байланыштуу кебин өстүрүүгө көнүгөт.
5. Жапайы айбанаттарга камкордук кылып, аларды сакташ керектигин түшүнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| б, р, т | арстан, жолборс, аюу карышкыр, аркар, пил түлкү, маймыл илбирс | Табыш жөндөмөсү: -ны, -ды, -ты | Илбирс – кара темгил, тактары бар, саргыч түстүү жырткыч. Анын денесинин узундугу 130 сантиметрдей, салмагы 75 килограммга жакын................. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим макалды көркөм окуп, маанисин балдарга түшүндүрөт. Балдар хор менен: Бөрү баласы ит болбойт, – деп 2,3 жолу кайталашат. (Лит.перевод: "Сколько волка не корми, все равно в лес смотрит." Букв.: "Детеныш волка собакой не станет.")

**2-көнүгүү боюнча.** Фонетикалык көнүгүү, тыбыш-тамга аралык айырмачылыкты өздөштүрөт.

*Үлгү:* Бөрү – [бөрү] 4 тамга, 4 тыбыш

### Тема боюнча лексикаларды өздөштүрүү

Мугалим: а) – Балдар, бүгүн зоопаркка барабыз.
б) – Зоопарктан үй жаныбарларын көрөбүзбү же жапайы айбанаттарды көрөбүзбү?
в) – Жапайы айбанаттарды көрөбүз,- деп сүрөт боюнча аларды атайт: арстан, жолборс, аюу....

Балдар да хор менен айбанаттарды атап, эске тутушат.

Балдар, жапайы айбанаттар жырткыч келишет. Келгиле, аларды билип алалы. Кайталашат: арстан, жолборс, аюу, карышкыр, илбирс, түлкү....

– Алар кайда жашайт?
– Токойдо.

Жырткыч эмес айбанаттар да бар, алар: аркар, пил, маймыл. Бардык айбанаттардын куйругу болот, бирок алар ар түрдүү:

Үлгү: Арстандын куйругу – узун
Пилдин куйругу – кыска ж.б.

**3-көнүгүү боюнча.**

"Ким сөз табат?" дидактикалык оюну. Карама-каршы маанидеги сөз табууга, сөз байлыгын өстүрүүгө машыгат.

*Үлгү:* арык – семиз, жырткыч – жырткыч эмес.

**Дене тарбия көнүгүүсүн сахналаштырып өтүү.**

Аюу чээнге барабыз,
Алма терип алабыз.
Аюу уктап жатканда,
Үйдү көздөй качабыз.
Колдорубуз шака-шак,
Буттарыбыз така-так

**4-көнүгүү боюнча.** "Зоопарктан эмнени көрдүм?" дидактикалык оюну. Жапайы айбанаттарды эске тутуп, Табыш жөндөмөсүнүн **–ны, -ды, -ты** мүчөлөрүн оозеки кебинде колдоно билет.

*Үлгү:* а) илбирс+ти көрдүм.
маймыл+ды көрдүм.
..............................
б) коён коркок
жолборс күчтүү
..............................

**5-көнүгүү боюнча.** Текстти көркөм окуунун техникасын өздөштүрөт, окуу сапаты бааланат.

– интонацияны сактап окуу;
– басымды туура коюп окуу;
– дикциясына көңүл буруу;
- бир мүнөттө канча сөз окулат, көзөмөлгө алуу.
- **Филворд** боюнча жапайы айбанаттардын аттарын табышат.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| И | Ж | О | Л | Б | О | Р | С |
| Т | А | Ю | У | Е | Т | Т | Ш |
| А | Р | Х | А | Р | О | У | Л |
| Т | С | И | С | П | И | Л | В |
| У | Т | Л | Б | И | Р | К | У |
| К | А | Р | Ы | Ш | К | Ы | Р |
| Ы | Н | М | А | Й | М | Ы | Л |



**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– макалдын маанисин түшүнүп, аны көркөм окуганга үйрөндүк;
– зоопаркка барып, жапайы айбанаттарды көрүп, жырткыч жана жырткыч эмес айбанаттарды билип алдык;
– бир мүнөттүн ичинде көп сөз окуганга жетиштик.

**Үйгө тапшырма.**

### *75-сабак*

## ЖАПАЙЫ КАНАТТУУЛАР

**Сабактын максаттары:**

1. Макалдар аркылуу тил жатыктырып, таандык байланышты өздөштүрөт.
2. Жапайы канаттууларды билдирүүчү лексикаларын өздөштүрөт, маанисин түшүнөт.
3. Суроо бергенге жана ага жооп бергенге машыгат.
4. Сүрөттөө тексти менен иштеп, байланыштуу кебин өстүрөт.
5. Мурда билген жапайы канаттууларды эске салат, аларды сактоо, коргоо керектигин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| к-[к'] | ак куу<br>бүркүт<br>карга<br>үкү<br>чабалекей<br>тоту куш<br>шумкар | Илик жөндөмө<br>+<br>3-жактын жакчыл таандык мүчөсү<br>-нын+сы(-ы) | Шумкардын канаттары узун, куйругу кыска, тумшугу курч куш. Төшүндө темгилдери бар.<br>......................... |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим доскада жазылган макалга балдардын көңүлүн бурат:

Эмненин баары?

Ат... баары – тулпар болбойт
Куш... баары – шумкар болбойт

"Аттын баары, куштун баары" деген сөз айкаштарына эмненин баары? деген суроо берип, "ат, куш" деген сөздөрү каткалаң үнсүз менен аяктагандыктан (-тын) мүчөсүн коюп, макалды туура окуйт. Балдар, окуган макалдар эмне жөнүндө экендигин айтышат, маанисин түшүндүрөт.

### Тема боюнча лексикаларды өздөштүрүү.

а) Мугалим окуучулар менен өтүлгөн үй канаттууларын эске салат (сүрөт боюнча). Бүгүн жапайы канаттууларды да билип алалы – деп, аларды сүрөт боюнча атайт: ак куу, бүркүт... Окуучулар хор менен кайталап эске тутат.

б) Досканы "Үй канаттуулары", "Жапайы канаттуулары" деген тема боюнча экиге бөлүп, балдар аларды айырмалап жазып машыгат.

в) Сүрөт боюнча өздөштүрүп алган жапайы куштарды көптүк түрдө да аташат: *Үлгү:* Ак куу+лар, бүркүт+төр, карга+лар ж.б.

г) Мугалим жапайы канаттуулардын кыймыл-аракетин билдирүүчү этиш сөздөр менен иштейт. **Мисалы:**

– Балдар, келгиле эми, кайсы куштар сойлойт? кайсы куштар секирет? кайсы куштар сүзөт? – деген суроолорго жооп таап көрөлү?

– Куштар учат. Туура балдар, келгиле, хор менен кайталап алалы, кайталашат.

Куштар сойлобойт – куштар учат. Куштар секирбейт – куштар учат. Куштар сүзбөйт – куштар учат.

**2-көнүгүү боюнча:** "Тапкылачы" дидактикалык оюну. Жаныбарлардын кыймыл-аракетин билдирүүчү этиш сөздөрдү маанисине жараша колдоно билет, жазууда сабаттуулугун арттырат.

*Үлгү:* Жылан сойлойт.

**Дене тарбия көнүгүү**

Учту, учту оюну:

1. Учту, учту чабалекей учту (кушту туурайт).
2. Учту, учту жылан учту.
3. Учту, учту аюу учту.
4. Учту,учту бүркүт учту (кушту туурайт).

**3-көнүгүү боюнча.** "Сүрөт сүйлөйт" оюну. Суроого сүрөт аркылуу жооп берип, ой жүгүртүүсүн өстүрөт, сүйлөө кеби өсөт.

*Үлгү:* Кайсы куш сууда сүзөт? – Ак куу сууда сүзөт.

.......................

**4-көнүгүү боюнча.** а) "Котормочулар" оюну. Тексттеги ар бир сүйлөмдү которууга машыгат. Байланыштуу кебин өстүрүүгө көнүгөт, көркөм окууга машыгат.

б) **Филворд** боюнча жапайы канаттууларды таап, билип алышат.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Б | У | Р | Е | Т | О | Б |
| А | К | К | У | У | Р | Н |
| М | О | У | К | У | В | А |
| У | К | Т | О | Т | У | К |
| М | К | А | Р | Г | А | У |
| К | Ы | Т | А | Н | П | Ш |
| А | А | С | Ч | И | Л | Ш |



**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– жапайы канаттууларды атап алдык.

– "Ал эмне кылат?" деген суроого жооп жазганды үйрөндүк;

– Шумкар жөнүндө текст окуп, котордук.

**Үйгө тапшырма.**

### *76-сабак*

## ЧАБАЛЕКЕЙ

**Сабактын максаттары:**

1. Табышмактар аркылуу тил жатыктырат.
2. Кандай? эмне кылат? кайда? деген суроолорго жооп берип, сөз өстүрөт.
3. Жаныбарлар менен куштарды сүрөттөөгө үйрөнөт, сөз байлыгы өсөт.
4. Чабалекей жөнүндө ырды көркөм окуганга машыгат.
5. Чабалекей – балдардын досу, анын уясын бузуу убал экендигин билет, ага камкордук менен аяр мамиле жасоого үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| к, ш | Жапайы айбанаттар, Жапайы канаттуулар | Кандай? Кайда? Эмне кылат? | Ал кичинекей, курт-кумурскаларды жейт, түсү кара. Ал бат учат............ |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим табышмак окуйт:

Бышырса – аш болот,

Бышырбаса – куш болот – деп анын маанисин түшүндүрөт, жандырмагын табышат.

**2-көнүгүү боюнча.** Сөздөгү тыбыш-тамга өзгөчөлүк айырмачылыгы калыптанат. *Үлгү:* **аш-[а][щ]-**2 тамга, 2 тыбыш.

**3-көнүгүү боюнча.** а) "Эстафета" оюну аркылуу балдар эки экиден доскага чыгып, кадам сайын жапайы жаныбарлар менен канаттууларды атап отурушуп, лексикаларды бышыктайт.

б) Жапайы айбанаттар менен куштарды туура айырмалап жазып, билип алат. Ким көбүрөөк жазса, жеңишке ээ болот.

**4-көнүгүү боюнча.** "Мыкты сүрөттөөчү" конкурсу. Сүйлөө кебин калыптандырып, логикалык ой жүгүртүүсүн жана сөз байлыгын өстүрөт. Мыктылардын ысымы "Жетишкендик дарагына" илинет. Балдар китепте берилген сөз топтому боюнча иштейт.

кичинекей

сабиз жейт

Мисалы: коён

чуркайт, секирет

токойдо жашайт

**Дене тарбия көнүгүү**

Эгерде жапайы канаттууларды атасам, куш сыяктуу учкула, жапайы айбанаттарды атасам, аларды туурагыла

Сөздөр: **карышкыр, кыргоол, илбирс, чабалекей, арстан, ак куу, түлкү, коён, пил, тоту куш, бүркүт, карга, шумкар.**

**5-көнүгүү боюнча.** а) **Ойлонуп туруп, тапкыла!**

Балдар үч топко бөлүнөт. **Мисалы:** 1-топ: "Арстан," 2-топ: "Карышкыр," 3-топ: "Аюу." Ар бир топ бири-бирине: Бул кайсы айбанат? Кайсы канаттуу? – деп, жаныбарлар жөнүндө окуп берет, аларды табышат.

б) Берилген сөздөрдөн айбанаттардын жана канаттуулардын аттарын тапкыла.

*Үлгү:* Фа+жир=
Гоол+кыр=
Бирс+ил=
Ле-кей+ча-ба=
Куу+ак=
Кы-ра+кар=
Га+кар=

**6-көнүгүү боюнча. Ойлонуп туруп, жооп бергиле!**

"Кайсы айбанат же канаттуу" өзү жөнүндө минтип айта алат. Бир эле жаныбарды мугалим да, окуучу да сүрөттөйт.

*Үлгү:* **Мугалим:** Мен абдан бат чуркайм. Мени "кыйшык көз" дешет, анткени мен алдымды да, артымды да көрөм, узун кулагым баарын угат. Күзүндө боз, кышында ак тон кийемин. Бактын жалбырактары, кабыктары менен түнкүсүн тамактанам, күндүз корком ж.б.

**Окуучу:** Менин кулагым узун, коркокмун, сабиз, капуста жеп, үйдө жашаймын ж.б.

**7-көнүгүү боюнча.** Ырдын тексти менен иштөө.

а) тексттеги сөз айкаштары менен иштейт:
ылайдан уя – гнездо из глины
адам менен – с людьми
жакын турушат – близко живут



б) ырды мугалим кыргыз тилинде жана орус тилинде көркөм окуйт.
1) балдар хор менен көркөм окуйт;
2) рифмалап толуктап окушат, мугалим менен кошо толук кайталашат.

... уя курушат
Адам менен аралаш
... турушат
Балапанын өстүрүп
... учушат

в) канаттуулар жөнүндө 1-класста үйрөнгөн ырларын эске салышат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– табышмак айтканды үйрөндүк;
– айбанаттарды, куштарды сүрөттөп, аларды билип алдык.
– үч топко бөлүнүп ойногонду үйрөнүп алдык.
– "Чабалекей" деген ырды көркөм окуп, чабалекей уяда жашарын, анын уясын бузбай ага камкордук кылуу керек экенин түшүндүк.

**Үйгө тапшырма.**

# 12-ЦИКЛ
# Тема: “ЖАЗ МЕЗГИЛИ”

77-сабак. Жаз мезгили
78-сабак. Нооруз майрамы
79-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз
80-81-сабактар. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## *77-сабак*
## ЖАЗ МЕЗГИЛИ

**Сабактын максаттары:**

1. Жаңылмач аркылуу тил жатыктырат.
2. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнөт, оозеки кебинде колдоно билет.
3. Жаз мезгили жөнүндө баяндап бергенди үйрөнөт.
4. Диалог аркылуу кырдаал боюнча сүйлөшүүгө машыгат.
5. Текстке суроо берип, текст боюнча жооп бергенге көнүгөт. Байланыштуу кебин өстүрөт, мезгил кубулуштарын, жыл мезгилдерин ажыратып билет.
6. Жаратылышты сактоо ар бир адамдын парзы экенин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| ю[йу] | өрүк, жаз<br>булут<br>алма<br>жер-жемиш<br>кардын<br>асты<br>гүлдөй<br>баштайт | Сөз айкашы. | -Чыпалак бала,азыр жылдын кайсы мезгили?<br>-Азыр жаз мезгили.<br>-Жазында аба ырайы кандай?<br>-Жазында аба ырайы жылуу. Кар эрийт. Байчечекей башбагат. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим эмоциалдуу маанай түзүп, окуучуларды жаңы билимди өздөштүрүүгө даярдайт.

Балдар, бүгүн биз жаз мезгили жөнүндө сүйлөшөбүз. Жазында асманды булут каптап, жамгыр жаайт. Мен силерге “булут” жана “жамгыр” жөнүндө жаңылмач айтып берейин – деп, 1-жолу жай окуп, 2-жолу тез-тез китепсиз окуп берет. Силерге жактыбы, жакса мезгил кубулушунун маанисин түшүндүрөт.



Эсибизге тутуп алып, жаңылмач айтып жүрөлү – деп, хор менен, эки экиден, жекече окуп машыгат.

**2-көнүгүү боюнча.** Йоттошкон тамгалар экиден тыбышты билдирерин эске салат.

*Үлгү:* куюп – [куйуп] – 4 тамга, 5 тыбыш.

**Сүрөт боюнча жаратылыш лексикаларын өздөштүрүү.**

а) Мугалим: Кар эрип, байчечекей башбаккан кайсы мезгил эле?

Келгиле, бүгүн жаз мезгили жөнүндө аңгеме түзгөнгө үйрөнөлү.

Китептеги сүрөт боюнча мугалим 6 сүйлөмдү окуп, жаз мезгили боюнча аңгемелеп берет: Жазында келгин куштар келе баштайт..................................

б) Сүрөт боюнча берилген суроолордун жообун балдар хор менен окуп кайталашат: Качан келгин куштар келе баштайт? Окуучу: Жазында.

в) Сүрөт боюнча түзүлгөн чакан текстти, балдар дептерине жазып алат, жазуу сабаттуулугун арттырат.

**3-көнүгүү боюнча.** “Роль ойноо” оюну. Диалогду ролдоштуруп окуу аркылуу сүйлөө кебин калыптандырып, бири-бири менен сүйлөшүүгө үйрөнөт.

Балдар, Чебурашка да Чыпалак бала менен сүйлөшкөндү үйрөнүп алган экен. Келгиле, биз да диалогду окуп, сүйлөшүп жүрөлү.

*Үлгү:* Улукбек: Саша, азыр жылдын кайсы мезгили?
Саша: Жылдын жаз мезгили.

**4-көнүгүү боюнча.** Кыргыз тилиндеги сөз байлыгы эске алынат.

*Үлгү:* Кар эрийт. – Кар эрий баштайт.
(Снег тает – Снег начинает таять.)

**5-көнүгүү боюнча.** а) “Котормочу” оюну. Которууга машыгып, байланыштуу кеп өстүрөт. Класс “Эрте жаз” жана “Кеч жаз” топторуна бөлүнөт. “Эрте жаз” тобу 1-абзацты окуп которуп, аңгемелеп берет. “Кеч жаз” тобу 2-абзацты окуп которуп, аңгемелеп берет. Эки топтун котормочулары “эң мыкты котормочулар” деген наамга, кол чабууларга татыктуу болушат.

б) **ырды окуп, тилиңерди жатыктыргыла.**

Жаз келгенде жадырап,
Кыш ызгаарын качырат.
Нооруз келип, жаңы күн
Бажарайып ачылат.

*Т. Алдаяров.*

**6-көнүгүү боюнча.** а) Эки топ аралык таймаш улантылат. Алым-сабак суроо-жооп аркылуу тексттин мазмунун айтып бергенге үйрөнөт.

б) “чыгат” деген сөздү уңгу мүчөгө ажыратат: чыгат – чык+а+т. чык – уңгусу. “к” тыбышы үндүү “а” тыбышынын таасири менен жумшарып “г” тыбышына өтөт, деп айтылыш өзгөчөлүгүнө көңүл бурат.

**Биз сабакта эмнелерди үйрөндүк:**
– жаңылмач айтканды үйрөнүп алдык;
– жаз мезгили жөнүндө сүрөт боюнча айтып бергенди билип алдык;
– эки топко бөлүнүп, таймашып окуп, которгонду үйрөндүк;
– Нооруз майрамы жазында болорун эстедик.
**Үйгө тапшырма.**

### *78-сабак*
## НООРУЗ МАЙРАМЫ

**Сабактын максаттары:**

1. Табышмактар аркылуу тил жатыктырат.
2. Сүрөт боюнча аңгеме түзгөнгө машыгат, байланыштуу кеби өсөт.
3. Этиштин жөнөкөй учур чагынын 3-жагын өздөштүрүп, сүйлөө кебинде колдоно алат.
4. Диалог аркылуу кырдаал боюнча сүйлөшүүгө машыгат.
5. Нооруз майрамы жөнүндө аңгемелеп бергенге үйрөнөт, майрамда адамдар бири-бирине жакшылык каалап, куттукташарын түшүнөт.
6. Нооруз – меймандостуктун, ынтымактуулуктун майрамы экенин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| б, с, т, ч | Кыргыз эли тосот<br>көжө<br>арча<br>түтөтүшөт | Этиштин жөнөкөй учур-келер чагы<br>3-жак<br>жек. көп.түрү:<br>жаз+а+т<br>жаз+ыш+а+т | – Чыпалак бала, бүгүн кайсы күн?<br>– Бүгүн дүйшөмбү.<br>– Чыпалак бала, Нооруз майрамы кайсы күнү болот?<br>– Нооруз майрамы 21-Мартта болот. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим табышмакты көркөм окуйт, маанисин түшүдүрөт, балдар хор менен кайталашат, жандырмагын табат.

"Буту жок, басат,
Канаты жок, учат"

**2-көнүгүү боюнча.** "Ким сабаттуу?" дидактикалык оюну. "канаты" деген зат атооч сөздү уңгу мүчөгө ажыратып көнүгөт. *Үлгү:* канат+ы

**Сүрөт боюнча Нооруз майрамы жөнүндө аңгемелешүү:**

а) Мугалим: – Балдар, келгиле Нооруз майрамы жөнүндө чакан аңгеме түзгөнгө үйрөнөлү. Ар бир сүрөткө берилген суроонун жообун силер хор менен китебиңерден окуп бергиле.



*Үлгү:* 1. Мугалим: – Кыргыз эли Жаңы жылды качан тосот?
Окуучу: – .......................................
2. – Ал эмне деп аталат?
– .......................................
3. – Ноорузда эмне жасашат?
– .................................
4. – Үйдү эмне менен түтөтүшөт?
– .....................................

б) Келгиле, силер түзгөн аңгемени суроосуз толук окуйлу:.........................

**3-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Нооруз майрамы боюнча диалог кебин өстүрөт.

Мугалим: Балдар келгиле, Чебурашка менен Чыпалак баланын диалогун улантабыз.

Чебурашка: Чыпалак бала бүгүн кайсы күн?
Чыпалак бала: Бүгүн дүйшөмбү.
1-окуучу: Нооруз майрамы кайсы күнү болот?
2-окуучу: ..................................

**Эсиңерге туткула!**

Кыргыз тилинде этиш сөздөр жекелик жана көптүк санда колдонулат.

| | жекелик сан | көптүк сан |
|---|---|---|
| **Мисалы:** | окуучу оку+й+т | окуучулар оку+ш+а+т |
| | кыз жаз+а+т | кыздар жаз+ыш+а+т |

Этиштин көптүк түрүндө негизги этиш менен чак мүчөсүнүн ортосунда кыймыл-аракеттин кош мамилесин билдирүүчү [-ш:-ыш] мүчөлөрү келет:

балдар оку+ш+а+т
кыздар жаз+ыш+а+т

**Эскертүү:** жекелик түрүндөгү этиш сөз үндүү менен аяктаса –й мүчөсү уланат. **Мисалы:** оку+й+т, ойло+й+т. Ким окуйт: Акылай окуйт, Ким ойлонот? – Чыпалак бала ойлонот.

**4-көнүгүү боюнча.** "Уңгу+мүчө ким болот" дидактикалык оюну. Лексика-грамматиканы бышыкташат.

*Үлгү:* а) тос+о+т – тос+уш+а+т
1- "**тос**" уңгусу мен болом
2-"**а**" мүчөсү мен болом.
3-"**т**" мүчөсү мен болом .....................................

**5-көнүгүү боюнча.** а)"Нооруз" деген текст менен иштөө.
- тексттеги которулган сөздөрдү эстерине тутушат;
- мугалим текстти көркөм окуйт;
- мугалим менен кошо балдар да чогуу окушат.

б) **Нооруз ырын ырдап жүргүлө.**

Сүмөлөк, көжө бышырып,
Үйлөрдө казан асылат.
Жер бети күнгө оронoop,
Мезгил келээр жакшы убак.
Жаңы күн жашыл түс берип,
Табийгат үчүн жаш курак.

*Т. Алдаяров.*

**6-көнүгүү боюнча.** "Суроо-жооп" оюну. "Нооруз" майрамына байланыштуу суроолорду бергенге жана суроолорго жооп бергенге машыгат.

*Үлгү:* -Кыргыз эли Жаңы жылды качан тосот?

- 21-Март күнү.
- ....................

**Сабакта эмнелерди үйрөндүк:**

– кыргыз элинин жаңы жылы – Нооруз майрамы жөнүндө билип алдык;

– этишти жекелик жана көптүк санда окудук;

– Нооруз майрамы жөнүндө текст окуп котордук. Ноорузда арча түтөтүшөрүн билип алдык.

**Үйгө тапшырма**:

### *79-сабак*

## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында (6-сабак) оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшырмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

### *80-81-сабак*

## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.



Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:

1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы, бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар.

## Биз эмнелерди үйрөндүк?

| Сабактын темасы | Фонетика | Лексика | Грамматика | Сүйлөшүү кырдаалы | Теманын сөз өстүрүү максаты | Сүйлөшүү үлгүлөрү | Тексттер | Текшерүү иштери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 73-сабак Жаратылыш | ж, р, л | тоо, өрөөн чөл деңиз көл дарыя токой жер | Жатыш жөндөмө -да -та | Жаратылыш | Жаратылыш жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | -Мамалак кайда жашайт?<br>-..............<br>-Мышык кайда жашайт?<br>-.............. | "Кыргыз жери" | |
| 74-сабак Жапайы айбанаттар | б, р, т | арстан жолборс аюу карыш-кыр аркар пил түлкү маймыл илбирс | Табыш жөндөмө -ны -ды -ты | Жапайы айбанаттар | Жапайы айбанаттарды сүрөттөп берүүгө үйрөнүү | Илбирс – кара темгил тактары бар саргыч түстүү жырткыч.............. | Илбирс | |
| 75-сабак Жапайы канаттуулар | к-к' | ак куу, бүркүт, көк кытан, карга, үкү, чабалекей, тоту куш, шумкар | Илик жөндөмө -нын: сы, ы | Жапайы канаттуулар | Жапайы канаттууларды билүү, сүрөттөп берүүгө үйрөнүү. | Шумкардын канаттары узун, куйругу кууш, тумшугу курч куш.................. | Шумкар | |
| 76-сабак Чабалекей | к, ш | Жапайы айбанаттар канаттуулар лексикасын бышыктоо | Сын атооч. Этиш кандай? кайда? эмне кылат? | Жапайы канаттуулар | Жапайы куштарды билип. сүрөттөөгө үйрөнүү. | Ал кичинекей курт-кумурска- ларды жейт, түсү кара, бат учат......... | "Чабале-кей" ыры | |
| 77-сабак Жаз мезгили | ю[йу] | өрүк алма жер гүлдөй баштайт | Сөз айкашы | Чабалекей | Айбанаттар менен куштар жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү. | -Чыпалак бала, азыр жылдын кайсы мезгили?<br>-Азыр жаз мезгили<br>-Жазында аба ырайы кандай?<br>-Жазында аба ырайы жылуу. | Жазында | |



| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 78-сабак Нооруз майрамы | б, с, т, ч | Кыргыз эли, тосот, кеже арча түтөтүшөт | Этиш. Учур чак жек. көп. түрү жаз+а+т, жаз+ыш+а+т | Нооруз майрамы | Нооруз майрамы жөнүндө аңгемелеп берүү. | -Бүгүн кайсы күн?<br>-Бүгүн дүйшөмбү<br>-Чыпалак бала, Нооруз майрамы кайсы күнү болот?<br>-Нооруз майрамы 21-мартта болот. | Нооруз. | |
| 79-сабак Машыгабыз, көнүгөбүз | | | | | | | | Оозеки, жазуу түрүндөгү тапшырмалар |
| 80-81-сабактар Өзүңдү текшер | I деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Лексика | | |
| | II деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Грамматика | | |
| | III деңгээлдеги тапшырмалар → | | | | | Байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар | | |
| Биз эмнелерди үйрөндүк? | ж, р, ч, б, т, к-к ш, ю[йу], с, т, ч тыбыш-тамгалардыту-ура окуп жазганга үйрөндүк | 40 сөздү өздөштүрдүк | Жатыш жөндөмө Табыш жөндөмө Илик жөндөмө Сын атооч Сөз айкашы Этиштин учур чагы: жекелик, көптүк түрлөрүн өздөштүрдүк | Жаратылыш Жапайы айбанаттар Жапайы канаттуулар Нооруз майрамы | Темалар боюнча сүйлөшүүгө үйрөндүк. | Диалог жана монолог аркылуу байланыштуу кебибизди өстүрдүк. | 5 текст 1 ырды өздөштүрдүк | |

# 13-ЦИКЛ
# Тема: "ЖЕР-ЖЕМИШТЕР"

82-сабак. Жер-жемиштер
83-сабак. Кара мончок карагат
84-сабак. Жемиш багы
85-сабак. Дарак – жемиши менен баалуу
86-сабак. Жашылчалар
87-сабак. Бакчамда
88-сабак. Эгин айдоо – байлык жыйноо
89-сабак. Машыгабыз, көнүгөбүз
90-91-сабактар. Өзүңдү текшер
Биз эмнелерди үйрөндүк?

## *82-сабак*
## ЖЕР-ЖЕМИШТЕР

**Сабактын максаттары:**

1. Жер-жемиш деген сөз менен тил жатыктырып, сабаттуу жазууга көнүгөт.
2. Жер-жемиштерди атап, маанисин түшүнүп, эске тутуп, сүйлөө кебинде колдоно билет.
3. Кырдаал боюнча диалог кебин өстүрөт, сүйлөшкөнгө үйрөнөт.
4. Ыр аркылуу кыргыз тилин үйрөнүүгө кызыгат.
5. Жер-жемиштерин пайдаланууда аларды таза жууп, өз гигиенасын сактоого үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| ш – щ | жер-жемиш<br>чычырканак<br>бөрү карагат<br>бүлдүркөн<br>кыям | сөз айкашы<br>Табыш жөндөмөсү | Чыпалак бала: Акылай, сага эмненин кыямы жагат?<br>Акылай: Мага кулпунайдын кыямы жагат. |

**1-көнүгүү боюнча.** Берилген сөздөрдүн айтылыш өзгөчөлүгү боюнча тил жатыктырат, жазылышын билип алат.

### Жер-жемиш лексикалары жана сөз айкаштары менен иштөө

а) Балдар, жер-жемиштер кайда өсөт? – (кайдасөт) Жер-жемиштер бакчада өсөт (бакчадасөт) деп сөздөрдүн айтылышына көңүл буруп, бакчада деген сөздү балдарга кайталатат.



Жүргүлө, бакчага баралы. Карагылачы, мына, чычырканак, кулпунай, бөрү карагат, бүлдүркөн. Окуучулар сүрөт боюнча сөздөрдү хор менен кайталап тил жатыктырат.

б) – Балдар, ким кыямды жакшы көрөт? Баарыбыз жакшы көрөт экенбиз.

– Кыям эмнеден жасалат?

– Кыям чычырканактан, бүлдүркөндөн, кулпунайдан жасалат деп, мугалимдин жардамы менен жооп беришет.

– Силер, бүлдүркөн жөнүндө ыр уктуңар беле?

– Жок.

Анда мен сабактын аягында Бүлдүркөн жөнүндө ыр окуп берейин.

**2-көнүгүү боюнча.** Сүйлөмдү көчүрүп жазып, "бакчада" деген сөздү уңгу мүчөгө ажыратат, жазуу сабаттуулугун арттырат.

**3-көнүгүү боюнча.** Лексика-грамматиканы өздөштүрө билет. "Ким биринчи тапты" дидактикалык оюну. Максаты: адашкан тамгалардан жер-жемиштерди таап, сүйлөм түзгөнгө машыгат.

*Үлгү:* 1. Мен карагатты таптым. 2............................... 3...............................

**4-көнүгүү боюнча.** а) Чыпалак бала менен Акылайдын диалогун улантып, сөз өстүрөт.

**5-көнүгүү боюнча.** Пикир алышууда лексика-грамматиканы колдоно билет, сүйлөө кеби өсөт.

*Үлгү:* Улукбек: Аманга малинанын кыямы жагат.
Аман: Улукбекке бүлдүркөндүн кыямы жагат.
...........................................................................

б) Класстын кыргыз тилин өздөштүрүү деңгээлине жараша "Пирамида" оюну аркылуу жаңы сөздөрдү эске тутуп, сүйлөм түзгөнгө машыгат. Балдар өздөрү каалаган түстөгү жалбырактарды алып, суроолорго жооп берет, жоопторун дептерге жазышат.

*Үлгү:* – Бул эмне? – Бул карагат.
– Ал кандай? – Ал кара.
– Эмнени жакшы көрөсүң?– Мен карагатты жакшы көрөм.

**6-көнүгүү боюнча.**

а) "Бүлдүркөн" деген ырды мугалим көркөм окуйт, балдар менен чогуу которуп, маанисин түшүндүрөт, которууда китепте (.) белгиси менен көрсөтүлгөн таяныч сүйлөмдөр жетекчиликке алынат.

б) мугалим ырды обону менен ырдап берет;

в) балдар мугалим менен бирге ырды обону менен ырдашат.

**Биз эмнелерди билип алдык:**

– жер-жемиштер бакчада өсөрүн билдик, аларды сүрөттөдүк;

– кимге кандай кыям жагат, аны билип алдык;

– бүлдүркөн жөнүндө ыр ырдадык. Ыр бизге жакты.

**Үйгө тапшырма.**

### *83-сабак*
## КАРА МОНЧОК КАРАГАТ

**Сабактын максаттары:**

1. Ырдын тексти аркылуу тил жатыктырат.
2. Жер-жемиштерди сүрөттөп, сөз өстүрүп, оозеки кебинде колдоно алат.
3. Диалогдун негизинде кырдаал боюнча сүйлөшүүгө үйрөнөт.
4. Ыр ырдап, кыргыз тилин үйрөнүүгө кызыгат.
5. Жер-жемиштерди үзбөй, сындырбай өстүрүү үчүн көп эмгек жумшала тургандыгын түшүнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| к | майда<br>таттуу<br>тоголок<br>кычкыл<br>бышкан<br>кулпунай<br>жүзүм | Сын атооч: кандай?<br>.форма<br>.түс<br>.даам | Акылай: Чыпалак бала, сенин бакчаңда кандай мөмө-жемиштер өсөт?<br>Чыпалак бала: Менин бакчамда кулпунай, бүлдүркөн, карагат өсөт. |

**1-көнүгүү боюнча.** Ырдын тексти аркылуу тил жатыктырат. Мугалим көркөм окуйт, 1-катар, 2-катар болуп таймашып окушат, маанисин түшүнөт.

**2-көнүгүү боюнча.** "Чие" деген сөздүн тыбыштык өзгөчөлүгүн эске алып, туура жазганга машыгат.

*Үлгү:* чие – [чийэ] – 3 тамга, 4 тыбыш


Кандай? деген суроого жооп берүүчү сөздөрдү өздөштүрүү

Мугалим – Балдар, өткөн сабакта көп жер-жемиштерди билип алганбыз. Келгиле, эми алардын формасын, өңү-түсүн жана даамын билип алалы деп, доскадагы же китептеги сөздөрдү хор менен кайталап эске тутушат:

*Үлгү:* а) майда – мелкий
таттуу – сладкий

б) "Кластер" аркылуу жер-жемиштердин формасы, өңү-түсү, даамы бышыкталат.

*Үлгү:*




**3-көнүгүү боюнча.** Үлгү боюнча "кандай?" деген суроого жооп аркылуу сүрөттөгү мөмө-жемиштерди сүрөттөп, сөз өстүрөт, сүйлөм түзгөнгө көнүгөт.

**4-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Максаты: ролдоштуруп сүйлөшүүгө машыгуу.



**5-көнүгүү боюнча.** "Бакчада" сүйлөшүү кырдаалы боюнча сүйлөшкөнгө үйрөнөт. Доскага эки-экиден чыгып өз алдынча эркин сүйлөшө алат, бири-бирин кубатташат.

**6-көнүгүү боюнча.** Мугалим "Карагат" деген ырды көркөм окуп, мааниси боюнча аңгемелешет. Карагатты сындырса болобу, балдар?.........

Силерге жакса, мага окшоп обону менен ырдап жүргүлө, – деп мугалим ырды аткарып берет. Балдар чогуу ырдашат. Өздөрүн өздөрү кубаттап, кол чабышат.

**Сабакта эмнелерди үйрөндүк:**

– карагат жөнүндө ыр окуп, ырдаганды үйрөнүп алдык;
– мөмө-жемиштерди сүрөттөдүк, алар кайда өсөрүн билип алдык;
– "Бакчада" деген сүйлөшүү кырдаалы боюнча сүйлөштүк.

**Үйгө тапшырма.**

### *84-сабак*
## ЖЕМИШ БАГЫ

**Сабактын максаттары:**

1. Макалды туура окуп, туура жазганга үйрөнөт.
2. Мөмө-жемиштерди билдирүүчү сөздөрдүн маанисин түшүнүп, сөз өстүрөт, аларды жер-жемиштерден айырмалап, турмуштук кырдаалдарда колдоно билет.
3. Текст аркылуу байланыштуу кебин өстүрүп, аңгемелеп берүүгө көнүгөт.
4. Жемиш багын өсүтүрүү үчүн багбандардын эмгегин баалоо экендигин түшүнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| ш-щ | мөмө-жемиш<br>өрүк, шабдалы<br>чие, абрикос | сөз айкашы, Табыш жөндөмөсү | Чыпалак бала: Акылай, мөмө-жемиштерден эмне жасалат?<br>Акылай: Мөмө-жемиштерден кыям, шире, суусундук жасалат. |

**1-көнүгүү боюнча.** Макалды окуп, тил жатыктырып, айтылыш өзгөчөлүгүн сабаттуу жазууга көнүгөт, маанисин чечмелеп, жалкоолонбой окуу керек экендигин түшүнүшөт.

### Тема боюнча лексикаларды өздөштүрүү

Балдар, бүгүн жемиш багына саякатка баралы. Мына, жемиш багы, ким эмнени жакшы көрөрүн айткыла биз билип алалы.

*Үлгү:* Мен алмурутту да, өрүктү да жакшы көрөм..................

- Эми, балдар, силер жакшы көргөн жемиштерди сүрөт боюнча дагы бир жолу кайталайлы,- деп окуйт: өрүк, чие, шабдалы, абрикос, алма, алмурут, окуучулар хор менен кайталап, эске тутушат.

- Бул жемиштерден да кыям жасаларын силер билесиңер.

- Ооба,

- Кыямдан башка да шире, суусундук, как жасалат. Как кургатылып жасалат, келгиле, кайталайбыз:........................

**2-көнүгүү боюнча.** Көчүрүп жазып, сүйлөмдүн окулушуна жана которулушуна көңүл бурулат.

**3-көнүгүү боюнча.** "Адашкан тамга" дидактикалык оюну. Адашкан тамгалардан жемиштерди билдирүүчү сөздөрдү таап, оозеки сүйлөм түзгөнгө машыгат.

*Үлгү:* Мен <u>алманы</u> таптым.

**4-көнүгүү боюнча.** а) Диалогду окуп, улантышат, оозеки кеби өсөт.

*Үлгү:* – Алманын ширесин кайдан сатып алса болот?
– Дүкөндөн.
– Шабдалынын ширесинчи?
– ...........................................

Окуучулар "жер-жемиш", "мөмө-жемиш" болуп 2 топко бөлүнүп таймашат, темалар боюнча өтүлгөн лексикаларды айырмалап билип алышат, жеңүүчүлөр себеттеги алма, алмурут менен сыйланат.

| *Үлгү:* «жер-жемиш» тобу | «мөмө-жемиш» тобу |
|---|---|
| малина | алма |
| .... | .... |

**5-көнүгүү боюнча.** "Жемиш багы" тексти менен иштөө. Балдардын байланыштуу кебин өстүрөт, которууга машыгат. Окуп, которууда чынжырча ыкмасын колдонот.

**6-көнүгүү боюнча**. Мугалим: – Балдар, жемиштерди сүрөттөгөндү үйрөнөлү деп, кандай? деген суроого жооп берүү аркылуу жемиштерди сүрөттөп, жазып, класска окуп беришет.

Бул бышкан кызыл алма.

*Үлгү:* алма кызыл, тоголок
алмурут сары, сүйрү,
өрүк....
шабдалы.....

**Биз эмнелерди үйрөндүк?**

– биз мөмө-жемиштерин билип, сүрөттөдүк.

– алардан кыям, шире, как жасаларын да билдик. – жемиш багы жөнүндө текст окуп котордук.

**Үйгө тапшырма**.



### *85-сабак*

## ДАРАК – ЖЕМИШИ МЕНЕН БААЛУУ

**Сабактын максаттары:**

1. Макалдар аркылуу тил жатыктырып, которууга машыгат.
2. Жемиштерди сүрөттөп, сөз байлыгы өсөт, оозеки кебинде колдоно алат.
3. Жакшы көргөн, жаман көргөн жемиштери жөнүндө аңгемелеп, байланыштуу кеби өсөт.
4. Текст боюнча суроого жооп аркылуу өз ой-пикирин айтууга үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| е / и | дарак<br>таанылат<br>жакшы<br>көрөсүң жаман көрөм<br>эмне үчүн | Сөз айкашы<br>Табыш<br>жөндөмөсүнүн<br>-ны мүчөсү<br>-ды мүчөсү<br>-ты мүчөсү | Чыпалак бала: Улукбек, сен эмнени жакшы көрөсүң?<br>Улукбек: Мен бананды жакшы көрөм.<br>Улукбек: Сен эмнени жаман көрөсүң?<br>Чыпалак бала: Мен лимонду жаман көрөмүн. Ал кычкыл. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим макалды көркөм окуп, маанисин чечмелеп берет. Балдар хор менен чогуу окуп, тил жатыктырат.

**2-көнүгүү боюнча.** а) "Дарак" деген сөздү туура жазат, б) "жемишинен" деген сөздөгү **е / и** тыбыштарынын үндөшүн чечмелейт, "таанылат" – созулма **аа** тыбышына токтолуп, тыбыштар аралык өзгөчөлүккө көңүл бурулат, фонетикалык сабаттуулугу артат.

**3-көнүгүү боюнча.** "Мыкты сүрөттөөчү" оюну. Билип алган жемиштерди сүрөттөө аркылуу сөз байлыгын өстүрөт.

*Үлгү:*




**4-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Диалогду ролдоштуруп окуп, сүйлөшүүгө үйрөнөт.

Балдар, Чыпалак бала бүгүн Улукбек менен сүйлөшүп жатат. Келгиле, угалы да, биз да алардай болуп сүйлөшкөндү үйрөнүп алалы.

**5-көнүгүү боюнча.** "Чоң атамдын жемиш багында" сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалог кебин өстүрөт.

*Үлгү:* Акылай: – Улукбек чоң атаңдын жемиш багында эмнелер өсөт?
– Алма, алмурут, чие, шабдалы.
– Сен .жемиштерди жакшы көрөсүң?
– Мен алмурутту, шабдалыны жакшы көрөм.
– Акылай, сенчи?
– Мен...................

**6-көнүгүү боюнча.** Текстти көркөм окуп, которууга машыгат. Мугалим текстти көркөм окуйт. Ар бир бала экиден сүйлөм окуп котормот.

Жакшы котормочулар (Эгер күз мезгили болсо) алма, алмурут, лимон менен сыйланат.

**7-көнүгүү боюнча.** "Эмне үчүн?" дидактикалык оюну. Сынчыл ойломун, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт, байланыштуу кебин өстүрөт

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**
– макалдарды окуп түшүндүк;
– кандай жемиштер мөмө берерин билдик;
– ким эмнени жакшы көрөрүн же жаман көрөрүн да билип алдык.

**Үйгө тапшырма**

## *86-сабак*
## ЖАШЫЛЧАЛАР

**Сабактын максаттары:**
1. Табышмак аркылуу тил жатыктырат.
2. Жашылчалар лексикасын өздөштүрүп, маанисин түшүнүп, алар менен сүйлөм түзүп, оозеки кебинде колдоно билет.
3. Диалог жана монолог тексттери аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.
4. Адам эмгеги менен сыйлуу жана барктуу экенин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| м | сабиз<br>бадырaң<br>кызылча<br>коон аш-<br>кабак пияз<br>сарымсак | Сөз айкашы<br>Жатыш<br>жөндөмөсүнүн<br>-да мүчөсү<br>-та мүчөсү | -Чыңгыз, сен кандай салатты жакшы көрөсүң?<br>-Мен помидордон жасалган салатты жакшы көрөм. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим: – Балдар, табышмакты тапканга **(–да)** мүчө келет жардамга, – деп табышмакты көркөм окуйт, балдар кайталап окушат, маанисин түшүнөт. Жандырмагын тапкан балдарга капустанын сүрөтү тартылган карточка берилет. Карточка боюнча окуучу табышмакты жеке окуйт, андан соң класс хор менен кайталайт.



Мугалим: – Туура, бул капуста. Кана, ойлонгулачы, бүгүн сабакта эмне жөнүндө сүйлөшөбүз? (Балдар эки-экиден ойлонуп, бири-бири менен маалымат алмашат/)

Мугалим: – Капуста мөмө-жемишпи?
– Жок, жашылча.

Мугалим: – Балдар, Аман капустаны көргөндө борщ ичкиси келет экен, анткени, апасы дайыма даамдуу кызыл борщ жасайт дейт. Борщ кайсы жашылчалардан жасалат, санайлычы: **капуста**, сабиз, пияз, сарымсак, помидор, кызыл кызылча ж.б.

**2-көнүгүү боюнча.** "Келген" деген сөздүн тыбыш-тамга аралык өзгөчөлүгүн таап фонетикалык сабаттуулугу артат.

**3-көнүгүүбоюнча.** Лексика-грамматиканы колдоно билет. *Үлгү:* а) Мен ашкабакты таптым. б) **"Эмне ашык?"** оюну. Жашылчаларды кыргызча атап, сөз байлыгын өстүрөт, жашылчаларды жемиштерден айырмалап билет.

**4-көнүгүү боюнча.** а) "Мен таптым" оюну. Лексикалар бышыкталып, сүйлөм түзүүгө көнүгөт.

| | |
|---|---|
| Лук, помидор, смородина, капуста | Тыква, урюк, огурец, морковь |

**5-көнүгүү боюнча.** Диалогду улантып, сөз өстүрөт. Балдар эки-экиден диалог түзүп окушат.

**Бул кызыктуу!**

**6-көнүгүү боюнча.** "Алтын алма" текстин китептеги сөздүктүн жардамы менен окуп, которууга машыгат.
а) сөз айкаштарынын мааниси менен иштейт;
б) текстти көркөм окуйт;
в) эки-экиден көркөм окушат;
г) жеке окуйт.

**Сабакта эмнелерди үйрөндүк:**
– жашылчаларды жемиштерден айырмалап билип алдык;
– борщ алты жашылчадан жасалат экен, аны билдик;
– биздин кызыл помидорду Америкадан алып келген экен, аны индейлер "алтын алма" дешчү экен, бул абдан кызыктуу болду.

**Үйгө тапшырма.**

## *87-сабак*
## БАКЧАМДА

**Сабактын максаттары:**
1. Табышмак аркылуу тил жатыктырат.
2. Өздөштүргөн жашылча-жемиш жана мөмө-жемиш лексикалары аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.

**1-көнүгүү боюнча.** Сөздөрдөгү тыбыш-тамга аралык айырмачылыкты аныктап, туура жазат. *Үлгү:* **[бу:дай] – [жүгөр'ү] -**

**1. а)** Сүрөт боюнча жаңы лексикаларды сөз, сөз айкашы, сүйлөм түзүү аркылуу өздөштүрөт.

**б)** Сөз айкашын 5-көнүгүүнү аткарууда өздөштүрөт.

*Үлгү:* Буудай, Буудай уну, Буудайдан ун жасалат, Ундан нан жасалат.

**2-көнүгүү боюнча.** Ребусту табуу аркылуу логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт.

**3-көнүгүү боюнча.** "Ким канча сөз тапты?" оюну аркылуу жаңы сөздөр бышыкталат, ойлоо жөндөмдүүлүгү калыптанат. Биринчи тапкан бала "жеңүүчү" наамына ээ болот.

**Мисалы:** Мен үч сөз таптым. Алар: буудай, арпа, жүгөрү.

б) 1. Мен буудайды таптым. 3.
2. 4.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ы | Б | У | У | Д | А | Й | С | Т | Л |
| У | К | Ж | Ү | Г | Ө | Р | Ү | Ы | К |
| О | Т | О | Н | О | Ш | А | Р | П | А |
| С | У | Л | У | Б | Е | Л | Е | Н | Л |

**4-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Сүйлөшүү кебинде лексикаларды колдонуп, сөз байлыгы өсөт.

Мугалим: - Балдар, келгиле, Акылай менен Чыпалак баланын диалогун улантабыз.

*Үлгү:* 1-окуучу: Ундан эмне жасалат?
2-окуучу: Ундан............
.........................

**5-көнүгүү боюнча.** Касым Тыныстановдун "Арпа менен буудай" деген жомогу менен иштөө. Текст менен иштөөнүн ыкмасы:

**I. Текстке чейинки ой жүгүртүү үчүн берилген суроолор:**

а) Арпа менен буудай дан эгинби?

б) Силер кандай деп ойлойсуңар? Жомогубуз эмне жөнүндө?

(Балдарга 2-3 мүнөт ойлонууга убакыт берилет.)

**II. Жомоктун 1-абзацын көркөм окуу:**

**Ой жүгүртүү үчүн берилген суроолор:**

а) Жомок эмне жөнүндө экен?

б) Жомокту кандай атасак болот?

в) Буудай менен арпа эмне деп талашышты?

г) Талаш эмне менен бүтөр экен, силердин оюуңар?



(Балдарга 2-3 мүнөт ойлонууга убакыт берилет.)

д) Жомокту улантып окуйлубу?.............

**III. Жомоктун 2-абзацын көркөм окуу:**

Мугалим: Арпа-буудай аш болот,
Алтын-күмүш таш болот

– деген макалдын маанисин түшүндүрөт.

**Ой жүгүртүү үчүн берилген суроолор:**

а) Арпа, буудай, алтын жөнүндө эмне билдиңер?

б) "Арпа, буудайың көп болсо, алтын өзү келет" дегенди кандай түшүндүңөр?

(Балдарга 1-2 сүйлөм аркылуу оюн түшүндүрөт.)

Мугалим жомокту жыйынтыктап: – Балдар, эгинди (арпа, буудай) көп айдасак, эл ток болот, ошондуктан элде: "Эгин айдоо – бул байлык жыйноо" жана "Күз – күрөш, жаз – жарыш" деген сөздөр калган экен. Бул макалдын мааниси, эгер жазында эгин айдасаң, күзүндө анын түшүмүн аласың. Түшүм жыйнап, дасторконуң берекеге толуп, токчулук болот.

**IV. Жомокту топ аралык көркөм окуу.**

**Мугалим сабакты: "Биз эмнелерди үйрөндүк?"** – деп жыйынтыктайт.

– дан эгиндерин билип алдык;

– сүрөт менен иштедик, жакшы макалдарды билип алдык;

– арпа менен буудай жөнүндө жомок окуп, нан алтындан да баалуу экенин түшүндүк. Нанды баалай билүү биздин ыйык милдетибизди билип алдык.

**Үйгө тапшырма:**

а) китеп боюнча

б) жомок боюнча сүрөт тартып келүү жана аны ата-энелерине окуп берүү.

### *89-сабак*

## МАШЫГАБЫЗ, КӨНҮГӨБҮЗ

Ар бир циклдин аягында (7-сабак) оозеки жана жазуу түрүндө берилген тапшырмаларды аткаруу аркылуу окуучулардын алган билимдери бышыкталат.

### *90-91-сабактар*

## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:

1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы,бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар.



# 14-ЦИКЛ
# Тема: "МЕНИН МЕКЕНИМ"

92-сабак. Мекеним – өз айылым Шекер
93-сабак. "Космос" кичирайону

### *92-сабак*
## МЕКЕНИМ – ӨЗ АЙЫЛЫМ ШЕКЕР

**Сабактын максаттары:**

1. Макал аркылуу тил жатыктырат. Ата-журт – алтын бешик экенин билет.
2. Ар бир адамдын өз Мекени – бул анын туулуп-өскөн жери экенин сезет.
3. Кыргыз элинин дүйнө жүзүнө белгилүү жазуучусу Чыңгыз Айтматов менен сыймыктанат.
4. Чыңгыз Айтматовдун туулган жерин сүрөттөгөндү үйрөнөт, байланыштуу кеби өсөт.
5. Кырдаал боюнча диалог кебинин үлгүлөрүндөй үлгү боюнча сүйлөшкөндү үйрөнөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| ң | Мекен<br>Ата-журт<br>дүйнө<br>жүзүнө<br>белгилүү<br>кыргыз<br>жазуучусу<br>чыгарма | сөз айкашы | А: Чыңгыз Айтматов ким болгон?<br>Ч: Ч. Айтматов – дүйнө жүзүнө белгилүү кыргыз жазуучусу болгон.<br>А: Ал кандай чыгармаларды жазган?<br>Ч: Ал балдар үчүн "Ак кеме", "Атадан калган туяк" жана мен, Чыпалак бала жөнүндө да жомок жазган. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим макалды көркөм окуйт, балдар кайталап окуйт, маанисин чечмелешет:

"Ата-Журт" дегенде эмнени түшүнөсүң? – Сен туулуп-өскөн жерде жашаган элиң, туугандарың, кошунаң ж.б.

Эмне үчүн алтын бешик дейбиз?....

Балдар, ар бир адамдын өз Мекени бар. Бүгүн Чыңгыз Айтматовдун мекени жөнүндө билип алабыз. Балдардын көңүлүн Ч. Айтматовдун портретине буруп Ч. Айтматов <u>кыргыз элинин дүйнө жүзүнө белгилүү жазуучусу</u>. Келгиле, чогуу кайталап окуйлу:

1. Ч.Айтматов – жазуучу.
2. Ч.Айтматов кыргыз элинин жазуучусу.
3. Кыргыз элинин дүйнө жүзүнө белгилүү жазуучусу–Ч.Айтматов.

Анын чыгармалары көп, кайталайбыз: "Атадан калган туяк", "Ак кеме", "Чыпалак бала" жомогу.

Ч. Айтматовдун мекени – "Шекер" айылы. Чыңгыз Айтматов: "Менин Мекеним – өз айылым Шекер. Ушул жерде төрөлүп, ушул жерде чоңойгом" – дейт. Мугалим: балдар, Ч. Айтматовдун мекени жөнүндө билип алуу үчүн китебиңердеги кара чекит (•) менен берилген сөз айкаштарын окуп, маанисин түшүнүп алалы. Окуучулар кайталап, хор менен окуп, маанисин түшүнөт.

- Ар бир адамдын өз Мекени бар –
- Менин башатым –

...............................

Окуучулар кайталап окуп, маанисин түшүнөт.

**2-көнүгүү боюнча.** "Бешигиң" деген сөздү туура жазып, айтылышына [б˘ешиғиң] көңүл бурат.

**3-көнүгүү боюнча.** Ролдошуп окуп, диалогду Акылайдын да ролунда, Чыпалак баланын да ролунда улантышат, суроо-жооп аркылуу берилген материалды өздөштүрөт.

*Үлгү:* Чыпалак бала:
- Чыңгыз Айтматов ким болгон?
- .................................................
- Чыңгыз Айтматов кандай чыгармаларды жазган?
- .................................................

**4-көнүгүү боюнча.** "Ким көп билет" дидактикалык оюну. Сүрөт боюнча берилген суроолорго жооп берип, сөз өстүрөт, жаратылышты сүрөттөөгө көнүгүп машыгат.

1. Бул кайсы айыл?
2. Ч. Айтматов кайсы айылда туулган?
3. Манас тоосун жана Чыңгыз тоосун билесиңерби?
4. Күркүрөө дарыясы кайда экен?

**5-көнүгүү боюнча.** "Менин Мекеним" деген текстти көркөм окуп, ой жүгүртөт. **Текст менен иштөөнүн ыкмасы:**

**I. Текстке чейинки ой жүгүртүү үчүн берилген суроолор:**

1. "Мекен" деген сөздү укканда силерде кандай сезимдер пайда болот?
2 Кимдин мекени жөнүндө сөз кылабыз?
3. Эмне үчүн?

**II. Мугалим текстти көркөм окуп, маанисин түшүндүрөт.**

Текст окугандан кийин ой жүгүртүп, оозеки кебин өстүрүүчү суроолор:



1. Мен окуган текст кимдин туулуп-өскөн жери жөнүндө экен?
2. Ч. Айтматов туулуп-өскөн жери жөнүндө эмне дейт. Тексттен окугула: "Менин мекеним – өз айылым Шекер."

**III. Текстти балдар көркөм окуйт.**

Текстти окугандан кийинки ой жүгүртүүчү суроолор:

1. "Мекен" деген сөздү кандай түшүндүк?
Мекен бул.....................
2.Чыңгыз Айтматов ким болгон?
3. Ал кайда туулган?
4. Анын кайсы чыгармаларын билдиңер?
5. "Чыпалак бала" жомогун силер үчүн ким жазган экен?
6. Кыргыз эли, туулган жери Чыңгыз Айтматов менен сыймыктананышабы?!

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**
- Мекен жөнүндө макал окуп, маанисин түшүндүк.
- Ч. Айтматов – кыргыз элинин жазуучусу.
- Жазуучунун Мекени – өз айылы Шекер экенин билип алдык.
- Ч. Айтматовдун туулган жерин сүрөттөп, аңгемелештик.
- "Чыпалак бала" жомогун Ч. Айтматов биз үчүн жазган экенин билип алдык.

**Үйгө тапшырма**

## *93-сабак*
## "КОСМОС" КИЧИРАЙОНУ

**Сабактын максаттары:**
1. Мекен жөнүндө ырды көркөм окуйт.
2. Ар бир адамдын Мекени – анын туулуп-өскөн жери үйү, жашаган району жана көчөсү экенин билет.
3. Кырдаал боюнча ар бир окуучу өзү туулуп-өскөн жери жөнүндө эркин сүйлөшкөнгө үйрөнөт.
4. Текстти көркөм окуп, байланыштуу кебин өстүрөт өз Мекенине болгон сүйүүсүн сыймыктануу менен билдирет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | кичирай-он өзүнүн курулган ар бир адам туу-луп өскөн жер | Жатыш жөндөмөсүнүн да мүчөсү нда мүчөсү | Ч: Улукбек, сен кайда жашайсың?<br>У: Мен "Космос" кичи- районунда жашаим.<br>Ч: Демек, "Космос" сенин өз мекениң турбайбы?<br>У: Ооба, "Космос" менин туулуп-өскөн жерим. |

**1-көнүгүү боюнча:** Мугалим А.Кыдыровдун “Мекен” жөнүндө ырын көркөм окуп, маанисин түшүндүрөт. Ырды эки-экиден көркөм окушат, тил жатыктырат.

**2-көнүгүү боюнча:** “Сүйөмүн” деген сөздүн тыбыш-тамга аралык өзгөчөлүгүн айырмалап аныктайт.

**Сюжеттүү сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү**

Мугалим сүрөт боюнча суроо-жооп аркылуу аңгемелешет, сөздөрдү эки тилде окуп, кайталап эстерине тутушат.

**3-көнүгүү боюнча** “Котормочулар” оюну. Текстти орус тилинен кыргыз тилине которууга машыгат. Жакшы котормочулар сыйланат.

**4-көнүгүү боюнча.** Ролдоштуруп окууда ар бир окуучу өзүнүн туулуп-өскөн жерин сыймыктануу менен окуйт, сөз өстүрөт.

**5-көнүгүү боюнча.** “Жал” кичирайону же “Асанбай” кичирайону деген сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалог кебин өстүрүү.

**6-көнүгүү боюнча. а)** Улукбектин аңгемесин окугула. Аңгемени Улукбек өзү көркөм окуйт. Балдар абзац-абзац боюнча көркөм окушат. Класстын билим деңгээлине, кыргыз тилге болгон кызыгуусуна жараша ар бир окуучу өзүнүн туулуп-өскөн жери жөнүндө аңгемелеп берет,, байланыштуу кеби өсөт.

б) ырды көркөм окуп, маанисин айтып бергиле.

Космос, аалам чени жок,
Карасам бүтөр чеги жок.
Ай, жер канча планет?
Күндү айланат кеби жок,
Космоско учуп изилдеп,
Адамзаттын пейли ток.
*Т. Алдаяров.*

**7-көнүгүү боюнча.** Ар бир окуучу өзүнүн мекени жөнүндө Улукбектей болуп аңгемелеп, байланыштуу кеби өсөт.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– Мекен жөнүндө ыр жана текст окудук;

– ар бирибиз өз мекенибизди билип алдык.

**Үйгө тапшырма.**



# 15-ЦИКЛ
# Тема: “БИЗДИН КЫРГЫЗСТАН”

94-сабак. Кыргызстан
95-сабак. Кыргызстандын борбору – Бишкек
96-сабак. Ысык-Көл – Ала-Тоонун бермети
97-сабак. Кереметтүү Ала-Тоо
98-сабак. Манас – кыргыз элинин баатыры.

## *94-сабак*
## КЫРГЫЗСТАН

**Сабактын максаттары:**

1. Т. Байзаковдун “Кыргыз жери” ырынын ыр саптарын көркөм окуп, маанисин түшүнөт.
2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Гимнин көркөм окуп, маанисин түшүнүп билип алат.
3. Кыргыз Республикасынын Туус, Герби, Гимни жана тили КРдин символу экенин билип алат.
4. Кыргыз жерин жана кыргыз элин тааныйт.
5. Кыргызстанда жашап, билим алып жаткандыгы үчүн сыймыктануу сезими пайда болот.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| к, уу | КРдин мамлекеттик гимни, тили, герби, мыйзамы, борбор шаары, чек арасы | таандык сөз айкашы | Чыпалак бала: Акылай, сен кайсы өлкөдө жашайсың? Акылай: Мен Кыргызстанда жашайм. |

**Кыргызстандын картасы жана Кыргызстандын символдору боюнча лексикаларды өздөштүрүү.**

Мугалим сабакты Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнин уктуруудан баштайт. Окуучулар ордунан туруп, оң колун көкүрөккө алып угушат.

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим: “Ар бир адамдын Ата Мекени өзүнө кымбат” – деп, Кыргызстандын картасын карайлы. Биз баарыбыз Кыргызстандын жараныбыз – деп, балдарга Саламат Садыкованын аткаруусунда “Кыргыз жери” деген ырдын биринчи куплетин угузат. Ырдын кайырмасын мугалим кайта

кайталап, өзү көркөм окуйт, балдар да чогуу көркөм окушат. Мугалим кыргыз жеринин улуулугун жана сулуулугун даңазалаган саптарды: "Ты велика, кыргызская земля, словно луч, Ты красива, кыргызская земля, словно песня" деп маанисин түшүндүрөт.

Биз, бүгүн Кыргызстанга саякат жасап, кыргыз жери жана анда жашаган кыргыз эли менен таанышабыз. Кыргызстандын картасына балдардын көңүлүн буруп, мына, Кыргызстандын борбор шаары (столица) – Бишкек. Кыргызстандагы 7 областты мугалим картадан көрсөтүп, аларды атайт, балдар хор менен кайталашат. Кыргызстандын мыйзамдары (законы), аскери (армия) жана чек арасы (граница) бар. Келгиле, кайталайлы: **мыйзам, аскер, чек ара.**

- Балдар ар бир өлкөнүн мамлекеттик символдору болот. "Кыргызстандын мамлекеттик символдорун билип алып, алар менен сыймыктана жүргүлө", – деп символдорду сүрөттөп көргөзүп, көркөм окуйт, балдар ордунан туруп, хор менен кайталап окуйт.

*Үлгү:* 1) Кыргыз Республикасынын Гимни.
2)..............
3)..............

**2-көнүгүү боюнча.** а) Ойлонуп, жооп бергиле!
- Азыр эмне жөнүндө текст окуйбуз?
- Көркөм окуучулар, котормочулар, баарыбыз активдүү бололу.
1) Мугалим "Кыргызстан" жөнүндө текстти көркөм окуп, которот.
2) Балдар хор менен көркөм окушат.
3) Эки-экиден 7 облусту окушат.
4) Кыргыз Республикасынын символдорун жеке-жеке окуйт.

б) **"Көркөм окуу"** конкурсу уюштурулат. Класс үч топко бөлүнөт, ар бир топ текстти абзац-абзац боюнча көркөм окуп, таймашат. Мугалим бүгүн ынтымак жеңди – деп жеңүүчүлөр катарында үч топту тең атайт, балдар бирибирин куттуктап, кол чабышат.

в) **"Мен билемин 7 областтын атын"** оюну. Балдар эки топко бөлүнөт, ар бир топтон бирден бала чыгып, топту жерге урган сайын бирден областтын атын атайт: "Мен билемин 7 областтын атын: Чүй – бир, Талас – эки.... ".

г) Топту бири-бирине ыргытуу аркылуу да материалды бышыктаса болот.

**3-көнүгүү боюнча** "Роль ойноо" оюну. Диалогду ролдоштуруп окууга машыгат, эркин сүйлөшүүгө көнүгөт.

*Үлгү:* – Акылай, сен кайсы өлкөдө жашайсың?
– Мен Кыргызстанда жашайм.

**4-көнүгүү боюнча.** Тема боюнча лексикаларды колдонуп, пикир алышууга көнүгүп машыгат.



**5-көнүгүү боюнча.** Мугалим балдарга Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимнин көркөм окуп берет. Балдар, Гимнди колду көкүрөккө алып, түз туруп, өйдө карап ырдоо керек – деп сабагын жыйынтыктайт.

**Биз эмнелерди билип алдык:**
- Кыргыз Республикасынын борбор шаары – Бишкек.
- Кыргыз Республикасынын Гимнин угуп, Туусун жана Гербин билип алдык.
- Кыргызстандагы жети областты атап, эске тутуп алдык.
- Кыргыз жери жөнүндө абдан жакшы ыр уктук.

**Үйгө тапшырма.**

## *95-сабак*

## КЫРГЫЗСТАНДЫН БОРБОРУ – БИШКЕК

**Сабактын максаттары:**

1. Бишкек жөнүндө беш саптан турган ырды (синквейн) көркөм окуп, маанисин түшүнөт.
2. Тема боюнча лексикаларды өздөштүрүп, оозеки кебинде колдоно алат.
3. Суроо берүүгө жана анын маанисине жараша жооп берүүгө көнүгөт, байланыштуу кеби өсөт.
4. Борбор шаары – Бишкек менен сыймыктана алышат.

| фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | борбор<br>имараттар<br>аталган<br>курулган | Сын атооч | Р: Саша, сен кайсы шаарда жашайсың?<br>А: Мен Бишкекте жашайм.<br>Р: Бишкек кандай шаар?<br>А: Бишкек кооз шаар, ал бактуу, көрктүү. |

**1-көнүгүү боюнча.** Балдар 5 саптан турган ырды катар-катар болуп таймашып көркөм окушат, которушат. Жеңген катарды кол чабуулар менен куттукташат.

**Синквейн.**
1. Менин шаарым.
2. Бак дарактуу, көрктүү.
3. Өзгөрүлөт, өнүгөт, өркүндөйт.
4. Көргөндөрдү суктандырат (көргөндүн көз жоосун алат).
5. Туулган жерим.

**2-көнүгүү боюнча.** "Өзгөрүлөт" деген сөздүн тыбыш-тамга аралык айырмасын аныктап жазат.

**Бишкек шаарынын сүрөтү боюнча лексикаларды өздөштүрүү.**

Мугалим Кыргызстандын борбору – Бишкек жөнүндө аңгемелеп, окуучуларга жагымдуу маанай түзөт. Сүрөт боюнча, аңгемелешет.

1. – Бул кайсы кооз **имарат**?
   – Филармония.
2. – Бул кимдин эстелиги?
   – Бул Манастын эстелиги.
3. – Манастын эстелиги кайда?
   – Ал **шаардын борборунда** жайгашкан ж.б.

**3-көнүгүү боюнча.** Сүйлөмдү маанисине жараша толуктап жазат, жазуу сабаттуулугун арттырат.

**4-көнүгүү боюнча.** "Роль ойноо" оюну. Роберт менен Сашанын ролунда диалогду көркөм окууга машыгат, сүйлөшүүгө көнүгөт.

**5-көнүгүү боюнча.** "Бишкек шаарында" сүйлөшүү кырдаалы боюнча диалог кебин өстүрөт.

*Үлгү:* – Сурасам болобу, шаардын борборунда болдуң беле?
– Жок, боло элекмин.
– Жүр, сейилдейли, бул кайсы кооз имарат.
– Улуттук филармония ж.б.

**6-көнүгүү боюнча:** а)"Бишкек шаары" тексти менен мугалим 92-сабактагы **"Менин Мекеним – өз айылым Шекер"** деген текстке колдонгон ыкма менен иштесе болот.

**7-көнүгүү боюнча.** Текст боюнча суроо-жооп аркылуу окуучулардын байланыштуу кеби өсөт.

**"Аркан тартышмай"** улуттук оюну. Кана, балдар айткылачы, биз кайсы оюнду ойнодук? Кимдер күчтүүлүк кылат экен?

Класс эки топко бөлүнүп, аркан тартышат. Эки тарап аркандын эки учунан бекем кармап даяр болгон кезде мугалим таманына басып турган аркандан бутун тартып алат да: "Алгыла!"- деп команда берет. Кайсы тараптын эң алдыңкы баласы чийинден өткөрө тартылса, ошол тарап утулган болуп саналат.

б) "Эң мыкты аңгемечи" оюну. Мугалимдин чыгармачылыгы боюнча окуучуларга Бишкек шаарынын көрүнүшүнүн сүрөт открыткалары таратылат, сүрөт боюнча чакан аңгеме жазышат, байланыштуу кеби, сабаттуулугу артат.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**
– Кыргызстандын борбору – Бишкек шаары жөнүндө билдик;
– шаар жөнүндө аңгеме жаздык;
– текст боюнча суроолорго жооп бердик.

**Үйгө тапшырма.**



## *96-сабак*

## ЫСЫК-КӨЛ – КЫРГЫЗСТАНДЫН БЕРМЕТИ

**Сабактын максаттары:**

1. Т.Байзаковдун "Кыргыз жери" ырынын экинчи куплетин угуп, шаттанышат.
2. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүп, оозеки кепте колдоно алат.
3. "Ысык-Көлдө" же "Каникулда" турмуштук кырдаалдар боюнча сүйлөшүүгө үйрөнөт.

1. Текст аркылуу дүйнө таанымы калыптанат, байланыштуу кеби өсөт.
2. Ысык-Көлдүн кооздугуна суктанып, аны менен сыймыктанышат, Ысык-Көлдү көздүн карегиндей сактоо керек экендигин билишет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| ээ<br>ө<br>уу | бермет<br>тоо арасында<br>көлдүн айланасы<br>суу кошулат<br>узундугу<br>туурасы | таандык сөз айкашы | Чыпалак бала: Акылай, Ысык-Көл кайда жайгашкан?<br>Акылай: Ысык-Көл тоо арасында жайгашкан.<br>Чыпалак бала: Көлдүн суусу кандай?<br>Акылай: Көлдүн суусу таза, жылуу, тунук, туздуу. |

**Эскертүү:** Мугалим класстын деңгээлине жараша сабакты 2 вариантта баштаса болот.

**1-көнүгүү боюнча.** Балдар "Кыргыз жери" ырын угушат, эмоционалдуу жылуу маанай түзүлөт.

**Мисалы:** а) Мугалим: Ыр жактыбы, балдар?
- Ооба, абдан жакты.
- Ыр эмне жөнүндө экен?
- Ысык-Көл жөнүндө.

Мугалим балдардын көңүлүн Ысык-Көлдүн көрүнүшүнө буруп, Ысык-Көлдү – Кыргызстандын бермети (жемчужина) дейбиз. Көлдү тоолордун арасындагы кымбат баалуу асыл ташка салыштырабыз. Акын Алыкул Осмоновдун Ысык-Көл жөнүндө жазган ырын окуп берейин, -деп ырды 2 тилде көркөм окуйт:

Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта кандай жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун.

Иссык-Куль то притихнет, то грянет волной,
То взволнует меня, то обдает тишиной,
Сколько в жизни своей не имел я друзей,
Но такого еще не встречал под луной.

б) Ырдын маанисин түшүнүп, аны көркөм окушат.

Карагылачы, балдар. А.Осмонов Ысык-Көлдү досундай жакшы көргөн экен.

- Балдар, силер Ысык-Көлдө болдуңар беле?

- Ооба.

- Көлгө түштүңөр беле?

- Ооба.

- Ошол көл жөнүндө билгиңер келеби? Келгиле, анда Ысык-Көл жөнүндө көп сөз окуп, билип алалы. **Мисалы: тоо арасында жайгашкан – расположен среди гор**..............

**2-көнүгүү боюнча.** "Жууп" деген сөздү туура жазат: жууп [жу:п] – 5 тамга, 4 тыбыш, фонетикалык сабаттуулугун арттырат.

**3-көнүгүү боюнча.** Туура жазып, "көлдүн" деген сөздү уңгу-мүчөгө ажыратат, жазуу сабаттуулугу артат.

**4-көнүгүү боюнча.** Келгиле, эки достун диалогун ролдоштуруп окуп, биз да алардай болуп сүйлөшүп жүрөлү. Балдар эки-экиден диалог окушат.

**5-көнүгүү боюнча.** "Ысык-Көлдө" же "Каникулда" деген сүйлөшүү кырдаалы боюнча пикир алышканга үйрөнөт.

**6-көнүгүү боюнча.** "Ысык-Көл – Кыргызстандын бермети" текстин окуп которуунун иш алдында, мугалим окуучулардын көңүлүн дагы бир жолу көлдүн тоо арасындагы сүрөтүн көрсөтүп, тема боюнча лексикаларды өздөштүрөт:

а) Мугалим кыргыз тилинде көркөм окуйт, окуучулар орус тилинде хор менен сөздөрдү окушат.

б) Окуучулар кыргыз тилинде көркөм окушат.

в) Сүрөт боюнча аңгемелеп, жаңы сөздөрдү бышыктайт.

**7-көнүгүү:** Суроо-жооп аркылуу окуучулар тексттин мазмунун өздөштүрүп, байланыштуу кебин өстүрөт.

**I. Текстке чейин логикалык ой жүгүртүү үчүн берилген суроолор:**

а) Ысык-Көл деген сөздү укканда силер эмне жөнүндө ойлоносуңар, эмнени эстейсиңер?

б) Биз окуй турган текст эмне жөнүндө деп ойлойсуңар?

(Ойлонуп жооп берүүгө балдарга 2-3 мүнөт убакыт берилет.)

II. Мугалим текстин биринчи абзацын көркөм окуйт.

Биринчи абзац боюнча ой жүгүртүүсүн байланыштуу кебин өстүрүүчү суроолор:

а) Ысык-Көл жөнүндө эмне билдиңер?

б) Көлдүн суусу кандай экен?



в) Эмне үчүн көлдү Ысык-Көл деп аташкан?

г) Көлдүн айланасы кандай?

Мугалим: Балдар, көл жөнүндө дагы окуйлубу же башка күнү окуйлубу?

.........................................

**III. Мугалим тексттин экинчи абзацын көркөм окуйт.**

Экинчи абзац боюнча ой жүгүртүүсүн байланыштуу кебин өстүрүүчү суроолор:

а) Көлдүн узундугу канча?.

б) Көлдүн туурасы канча?

в) Көлгө канча агын суу келип кошулат?

Жыйынтыгында мугалим: – Мен Ала-Тоонун бермети – Ысык-Көл жөнүндө окудум. Келгиле, эми силер катар-катар болуп, абзац боюнча көркөм окуп жарышкыла.

**"Жоолук таштамай" улуттук оюну.** Мугалим окуучуларга "Түн!"- деп команда берет. Тегерете олтурган окуучулар көздөрүн жумуп калышат. Бардыгы "уктаган" соң окуучулардын бири жоолукту колуна алып, балдарды тегерене басат. Басып баратып олтурган бир окуучунун артына жоолукту билгизбей таштайт да өзү качат. Тигил окуучу жоолуктун таштаганын сезип, жоолукту алып беркинин артынан кубалайт. Кууп жетип, качканды жоолук менен чабат да жоолукту ыргытып салып, өзүнүн ордуна келип олтура калат. Эгерде качкан окуучу жоолукчанга жеткирбесе, анда ал кууп бараткандын бош ордуна олтуруп калат. Ошентип, оюн ушул шартта улантыла берет.

**Биз эмнелерди үйрөндүк:**

– Ысык-Көл жөнүндө С.Садыкованын аткаруусунда ыр уктук;

– жжейибиз А.Осмоновдун Ысык-Көл жөнүндө жазган ырын окуп берди;

– Ысык-Көл тоо арасында жайгашканын билип алдык;

– балдар, кыздар болуп "Жоолук таштамай" оюнун ойнодук.

**Үйгө тапшырма.**

### *97-сабак*

## КЕРЕМЕТТҮҮ АЛА-ТОО

**Сабактын максаттары:**

1. Ырды көркөм окуп, тил жатыктырат.
2. Ала-Тоонун кереметтүүлүгүн даңазалаган лексикалардын маанисин түшүнүп, оозеки кебинде колдоно алат.
3. Диалог аркылуу оозеки кебин өстүрөт.
4. Текстке суроо-жооп аркылуу байланыштуу кебин өстүрөт.
5. Кереметтүү Ала-Тоого суктануу, сыймыктануу сезими ойгонот.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| к – к'<br>г – г' | биздин<br>бешигибиз<br>мурасыбыз<br>байлыгы-<br>быз<br>анткени<br>түгөнгүс<br>кендер | Сөз айкашы | Чыпалак бала: Акылай, Ала-Тоо орус тилине кандай которулат?<br>Акылай: Ала-Тоо орус тилине "Пестрые горы" деп которулат. |

**1-көнүгүү боюнча.** а) Ойлонуп, жооп бергиле!

– Тоонун сүрөтүн көргөндө эмнени элестетесиңер?

– Ала-Тоо жөнүндө уктуңар беле?

– Эмне үчүн Ала-Тоо деп аталып калган? (балдарга 2-3 мүнөт убакыт берилет)

Азаматсыңар, жакшы ойлондуңар, эми мени уккула: Биздин тоолорубузда кыштыр-жайдыр кар жатат, тоонун күн тийген жериндеги карлар эрип, күн тийбей калган жерде кар эрибей алыстан караганда жерлер **ала-була** (ранг-баранг) болуп көрүнөт б.а. тоолордо кыштыр-жайдыр кар жатат, ошондуктан, биздин тоолорубуз Ала-Тоо деп аталат. Келгиле, Ала-Тоо жөнүндө ырды көркөм окуйлу:

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде,
деп ырды которуп берет:
Когда Ала-Тоо одеты в белый калпак,
Когда скалы касаются небес.

б) Ж.Садыковдун ырын көркөм окуп, маанисин түшүнөт, Ала-Тоо менен сыймыктана алышат.

**Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү да 2 вариантта сунушталат:**

а) Балдар, китебиңердеги Ала-Тоонун сүрөтү боюнча жаңы сөздөрдү окуп которолу – деп, көркөм окуйт, балдар дагы бир ирет хор менен кайталашат да, мугалимдин Эмне үчүн Ала-Тоо байлыгыбыз? деген суроосуна, анткени, Ала-Тоо түгөнгүс кендерге бай деп жооп берип, сөздөрдү өздөштүрөт.

б) Ала-Тоо жөнүндө эки тилде рифмалап көркөм окутуу.

Ала-Тоо бешигибиз – Ала-Тоо наша колыбель.
Ала-Тоо мурасыбыз – Ала-Тоо наше наследие.
Ала-Тоо байлыгыбыз – Ала-Тоо наше богатство.

**2-көнүгүү боюнча.** "Тирешкен" деген сөздү туура жазат, фонетикалык сабаттуулугун арттырат.



**Сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү да 2 вариантта сунушталат:**

**3-көнүгүү боюнча.** КРдин Гербин сүрөттөп жазып аларды эсине сакатайт. "гербде" деген сөздү уңгу-мүчөгө ажыратат.

**4-көнүгүү боюнча.** "Котормочу" оюну. Диалогду ролдоштуруп, которууга машыгат. Мугалим балдарды парта-парта боюнча диалогду окутат.

**5-көнүгүү боюнча.** а) "Роль ойноо" оюну. Чыпалак бала менен Акылайдын ролун ойноп, оозеки сүйлөшүүгө көнүгөт. *Үлгү:* Аман:- Улукбек, Ала-Тоону эмнеге окшоштурасың?

Улукбек:- Ала-Тоону ак калпакка окшоштурам.

Аман: -Ала-Тоо кандай которулат?

Улукбек: .............................

б)"Ала-Тоо" ырын ырдоо, байланыштуу кебин өстүрүү, балдар жана кыздардын ортосундагы ынтымакты бекемдөө.

Ала-Тоонун ары жагында (аржагында)
Балдар ойноп жатышат.
Камчыларын жоготушуп,
Бизден көрүп жатышат.
Ай, ай, ай, ай,
Жаман экен балдар ай!

Ала-Тоонун ары жагында (аржагында)
Балдар ойноп жатышат.
Камчыларын таап алышып,
Бизге ыракмат айтышат...
Ай, ай, ай, ай,
Жакшы экен балдар ай!

**6-көнүгүү боюнча.** а) "Керемettүү Ала-Тоо" текстин окуп, которот (92-сабактагы ыкма жетекчиликке алынат).

Мугалим: – Балдар, ким мугалим болуп текстти көркөм окугусу келет? Дикциясы жакшы калыптанган окуучу текстти окуйт. Балдар кайталап, хор менен окушат.

Ар бир бала окуп которуп, чынжырча түрүндө бири-бирине суроо жана суроого жооп беришет.

**7-көнүгүү боюнча.** а) Суроо-жооп аркылуу машыгуу

б) Ала-Тоо ырын ырдоо.

**Биз эмнелерди билип алдык:**

– Ала-Тоо, Тянь-Шань тоолорун билип алдык;

– Ала-Тоо жөнүндө ыр ырдадык, ойнодук;

– тескстти окуп котордук, суроолорго жооп бердик.

**Үйгө тапшырма.**

### *98-сабак*

## МАНАС – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БААТЫРЫ

**Сабактын максаттары:**

1. "Манас" эпосунан үзүндүнү орусча окуп, маанисин түшүнөт.
2. Тема боюнча айтымдарды көркөм окуп мазмунун өздөштүрөт.

3. Манастын Аккуласын, 40 чоросун, Ак-шумкарын жана Кумайыгын билип алат.
4. Диалог боюнча сүйлөшүү кебин өстүрөт, сүйлөшүүгө үйрөнөт.
5. Текстти көркөм окуйт, которууга машыгат, байланыштуу кебин өстүрөт.
6. Манас – кыргыз элинин баатыры экенин билет.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | Манас<br>баатыр<br>кырк чоро<br>ат<br>куш<br>ит | Таандык сөз айкашы | А: Манас ким болгон?<br>Ч: Манас – кыргыз элинин баатыры болгон.<br>А: Ал эмне үчүн күрөшкөн?<br>Ч: Манас элдин эркиндиги, биримдиги үчүн күрөшкөн. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим сабакты "Манас" гимнинин 1 куплетин уктуруудан баштайт.

Манас жөнүндө уктуңар беле? Манас ким болгон экен? – деп көргөзмөлүү сабак үчүн даярдалган сүрөттөр боюнча иштейт, жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт, көркөм окушат.

Балдар, Манас – кыргыз элинин баатыры, келгиле, баатыр эпосто кантип сүрөттөлөт, окуп берейин, угуп тургула, – мугалим орус тилинде "Манас" эпосунан үзүндүнү окуйт. Окуучулар да "Манас" эпосунан үзүндүнү орус тилинде хор менен окушат. Мугалимдин баяндамасынан үзүндүнүн маанисин түшүнөт.

...Увидев, как грозен Манас

............................................................

**2-көнүгүү боюнча.** Балдар мугалимдин жардамы менен которот:

**Мисалы:** Көзү – күйгөн кара көмүрдөй,
Өзүндө миң балбандык күчү бар.

Мугалим: **Балдар, эпосто Манастын баатырдыгы мындайча сүрөттөлөт, эсиңерге тутуп алгыла!** Хор менен кайталап, сабакта эстерине тутуп алышат.

Өзү да Манас турбайбы!
Сөзү да Манас турбайбы!
Көзү да Манас турбайбы!
Күчү да Манас турбайбы!

**Жаңы лексикаларды өздөштүрүү:**

Мугалим балдарга кайрылып, Акылай менен Чыпалак баланын диалогун окуп түшүнүү үчүн жаңы сөздөрдү билип алалы деп, лексикаларды өздөштүрүү ыкмасын колдонот.



**3-көнүгүү боюнча.** Акылай менен Чыпалак баланын диалогун эки-экиден көркөм окушат. Жакшы окугандар "Мыкты көркөм окуучулар" деген наамга татыктуу болушат, аты чыккан окуучулардын ысымы "Жетишкендик дарагына" илинет.

**4-көнүгүү боюнча.** Текст 92-сабактагы үлгүдөгүдөй ыкма менен иштелет.

**Биз эмнелерди билип алдык:**

– Манас – кыргыз элинин баатыры экенин билип алдык.

– Манастын Аккуласын, 40 чоросун, Акшумкарын жана Кумайыгын билип алдык.

– Манас баатыр жөнүндө ырды да жаттап алдык.

**Үйгө тапшырма.**

# 16-ЦИКЛ
# Тема: “ЖАЙ МЕЗГИЛИ”

99-сабак. Жай мезгили
100-сабак. Чыпалак бала жөнүндө жомок
101-102-сабактар. Өзүңдү текшер

### *99-сабак*
### ЖАЙ МЕЗГИЛИ

**Сабактын максаттары:**

– Мурунку өтүлгөн сабактардагы жыл мезгилдери тууралуу алган билимдерин жыйынтыктап бышыктайт, турмуштук кырдаалдарда колдоно билет.
– Сүрөт боюнча иштеп, лексикалардын маанисин өздөштүрүп, оозеки кебинде колдоно алат.
– Жай мезгилинин кубулуштарын аныктап, жыл мезгилдерин билип алат.
– Жаратылыштын кубулуштары жөнүндө аңгемелеп, байланыштуу кеби өсөт.

| Фонетика | лексика | грамматика | сүйлөшүү үлгүсү |
|---|---|---|---|
| | жайында жайкы, жыргап жүрдүм асман көгөрүп булбулдар сайрайт, эс алууга чыгышат | сөз айкаштары | Ч: Акылай, жаз айларын мага атап берчи? А: Жаз айлары: жалган куран – март, чын куран – апрель, бугу – май. |

**1-көнүгүү боюнча.** Мугалим балдарды табышмакты көркөм окууга, котторууга жана жандырмагын табууга чакырат. Натыйжада бири-бирин баалап жыйынтыкталат.

Окуучулар табышмактын жандырмагын табышат, жыйынтыгында бирин-бири баалашат.

**2-көнүгүү боюнча.** Китепте берилген үлгү боюнча сөздөрдүн туура айтылыш жана жазылыш өзгөчөлүгүн билип алат.

### Сюжеттүү сүрөт боюнча лексикаларды өздөштүрүү

Мугалим кыргыз тилинде сөздөрдү, сөз айкаштарын көркөм окуйт, окуучулар кайталап, хор менен жана жекече окушат: Жайында –............ жыргап жүрдүм –......................



**3-көнүгүү боюнча.** Сүйлөмдү маанисине жараша толуктап жазат, жазуу сабаттуулугун өстүрөт.

**4-көнүгүү боюнча.** “Роль ойноо” оюну. Диалогду ролдоштуруп окуп, сүйлөө кебин өстүрүүгө машыгат.

**5-көнүгүү боюнча.** “Жайлоодо” же “Жайкы каникулда” сүйлөшүү кырдаалдары боюнча сүйлөшө алышат.

**6-көнүгүү боюнча.** “Ким эстеди?” дидактикалык оюну. Кыш, жаз айлары менен күз айларын эске салып, кыргызча аталышын айтып беришет, хор менен кайталашат.

**7-көнүгүү боюнча.** а) “Жай мезгили” тексти менен иштөө. Мугалим текст менен иштөөнүн ыкмасы боюнча иш алып барат.

б) “Жыл мезгилдери” оюну аркылуу 4 мезгилди эске түшүрүп, мезгилдик өзгөчөлүккө токтоп байланыштуу кебин өстүрүү. Класс “Жаз”, “Жай”, “Күз” “Кыш” топторуна бөлүнүп таймашат.

в) Жыл мезгилдери боюнча сүрөт тартып, аңгемелеп беришет. Мыкты аңгемечилер сыйланат.

**Биз сабакта эмне кылдык:**
– табышмак айтышып, жандырмагын таптык;
– жай мезгили жөнүндө тексти окуп, аңгемелештик;
– жайкы каникул жөнүндө сүйлөштүк;
– “Жыл мезгилдери” оюнун ойнодук, сүрөт тарттык.

**Үйгө тапшырма.**

### *100-сабак*
### ЧЫПАЛАК БАЛА ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

**Балдар сабакта:**

1. Чыпалак бала жөнүндөгү жомокту Чыңгыз Айтматов жазганын билишет
2. Жомокту көркөм окуганга үйрөнөт.
3. Жомокту ичинен үн чыгарбай окуганга машыгат.
4. Жомок аркылуу байланыштуу кебин өстүрө алат.
5. Жомоктун мазмунун чагылдырып, сүрөт тартышат.
6. Тартылган сүрөт аркылуу жомокту баяндап бере алат.
7. Жомок боюнча куурчак спектаклин (оюнун) коюшат.
8. Ата-энелерине, ини-агаларына Чыпалак бала жөнүндөгү жомокту айтып беришет.

Жомок-сабагы жыл жыйынтыгындагы акыркы сабак болгондуктан, мугалим балдар менен Чыпалак бала жөнүндө аңгемелешет. Биздин класста Чыпалак баланын достору көп. Алар: Акылай, Азат, Аман, Бегайым, Улукбек, Улан...

Чыпалак бала достору менен сабакта сүйлөшөт, текст окуп которот, ыр ырдайт, ойнойт, окуйт жана жазат. Мугалим Чыпалак баланын бош күндөрү жөнүндө да эске салып аңгемелешет. Чыпалак бала чынчыл, ак көңүл ыймандуу, тартиптүү бала ж.б.

– Келгиле, бүгүн Чыпалак бала жөнүндө жомок окуйлу – деп, мугалим жомокту көркөм окуп берет.

"Чыпалак бала" жомогун 88-сабакта Касым Тыныстановдун "Буудай менен арпа" деген жомогун окуп, өздөштүргөн ыкманы колдонуп иштесе болот:

I. Текстке чейинки ой жүгүртүү үчүн үчүн берилген суроолор.

II. Мугалим жомоктун 1-абзацын окуйт.

1-абзац боюнча ой жүгүртүү үчүн суроолор.

III. Мугалим жомоктун 2-абзацын окуйт.

2-абзац боюнча ой жүгүртүүчү суроолор.

IV. Мугалим жомоктун 3-абзацын окуйт.

3-абзац боюнча ой жүгүртүүчү суроолор.

Мугалим жомокту жыйынтыктайт. Балдар жомокту көркөм окушат. Жомоктун каарманы Чыпалак балага ыраазычылык билдирип, ыракмат айтышат. Кыргыз элинин жазуучусу Чыңгыз Айтматовго да ыраазычылык билдиришет.

### *101-102-сабактар*

## ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР

Өз алдынча иштеп, өзүн-өзү текшерүү – бул окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүгө, сүйлөө кебин калыптандырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө, сынчыл ойломун өстүрүүгө өбөлгө түзүүчү эң негизги каражат болуп эсептелет.

"Өзүңдү текшер" сабагында циклдер боюнча өтүлгөн сабактардын материалдарын өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында өз алдынча иштөө үчүн 3 деңгээлден турган текшерүү иштери берилди.

Окуу китебинде берилген лексикалык тапшырмалар I деңгээлдин тапшырмалары, грамматика боюнча тапшырмалар II деңгээлдин тапшырмалары, байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар III деңгээлдин тапшырмалары болуп эсептелет.

Тапшырмалардын аткарылышына жараша ар бир сабактын материалын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгы аныкталат.

Текшерүү иштеринин жардамы менен мугалим кептик ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, жазуу, окуу) бардык түрлөрүн текшере алат.

Окуучулардын билим деңгээлин, алардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө жана жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша өз убагында баалоо, биринчиден, кыргыз тили предметине болгон кызыгууну арттыруучу, экинчиден, мектепте, үйдө, коомдук жерлерде кыргызча сүйлөшүүгө өбөлгө болуучу стимул. Ошондуктан, биз мугалимдерге куррикулум программасында көрсөтүлгөн суммативдик жана формативдик баалоону сунуштайбыз:



1. Суммативдик баалоо (баа): "2", "3", "4", "5".
2. Формативдик баалоо:

- сөз менен баалоо
- эмоционалдуу баалоо
- бири-бирин баалоо
- өзүн-өзү баалоо
- чыгармачыл иштердин презентациясы
- ата-энелердин пикири
- чыгармачыл иштердин көргөзмөсү
- сүрөт галереясы
- отчеттук концерт
- балдардын, ата-энелердин алдына чыгып сүйлөөсү же ырдашы
- жетишкендик тактасы
- "Жетишкендик дарагы"
- ийгиликтүү иштери үчүн куттуктоолор, презентациялар (жеке, топтук)
- портфолио
- кичи белектер
- "мыкты ыр окуучу, айтуучу, аңгемечи, жомокчу, макалчы,бат айтмачы" наамындагы сыйлыктар.

## Биз эмнелерди үйрөндүк?

| Сабактын темасы | Фонетика | Лексика | Грамматика | Сүйлөшүү кырдаалы | Теманын сөз өстүрүү максаты | Сүйлөшүү үлгүлөрү | Тексттер | Текшерүү иштери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 92-сабак Менин Мекеним – өз айылым Шекер | ң | Мекен<br>Ата-Журт<br>дүйнө жүзүнө<br>белгилүү<br>кыргыз жазуучусу<br>чыгарма | Сөз айкашы | Мекен | Мекен жөнүндө аңгемелешүүгө үйрөнүү | А: Чыңгыз Айтматов ким болгон?<br>Ч: Чыңгыз Айтматов дүйнө жүзүндө белгилүү кыргыз жазуучусу............... | Менин Мекеним | |
| 93-сабак "Космос" кичи району | | кичи район<br>өзүнүн<br>эң биринчи<br>курулган<br>ар бир адам<br>туулуп<br>өскөн<br>жер | Жатыш жөн.<br>да<br>нда | Өз мекеним | Өз мекени жөнүндө сыймыктануу менен аңгемелеп берүү | Ч: Улукбек, сен кайда жашайсың?<br>У: Мен "Космос" кичирайонунда жашаймын.<br>Ч: Демек, "Космос" сенин өз Мекениң турбайбы?<br>У: Ооба, менин туулуп-өскөн жерим. | "Космос" кичирайону | |
| 94-сабак Кыргызстан | | мыйзам<br>борбор<br>чек ара<br>мамлекеттик<br>тил<br>КРдин Гимни<br>КРдин Туусу<br>КРдин Герби | Таандык сөз айкашы | Кыргызстан | Кыргызстан жөнүндө сыймыктануу менен айтып берүү | Ч: Акылай, сен кайсы өлкөдө жашайсың?<br>А: Мен Кыргызстанда жашайм. | | |
| 95-сабак Кыргызстандын борбору – Бишкек | | имараттар<br>курулган<br>деп аталган<br>көрктүү<br>өнүгөт<br>өзгөрүлөт | Сөз айкашы | Бишкек – Кыргызстандын борбору | Кыргызстандын борбору – Бишкек жөнүндө аңгемелеп берүүгө машыгуу | Р: Алишер, сен кайсы шаарда жашайсың?<br>А: Мен Бишкекте жашаймын.<br>Р: Бишкек кандай шаар?<br>А: Ал бактуу, көрктүү шаар. | Бишкек шаары | |



| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 96-сабак Ысык-Көл Ала-Тоонун бермети | | тоо арасында<br>Көлдү айланасы суу<br>келип куят<br>суу агып<br>чыкпайт узундугу<br>туурасы | Жатыш ж. | Ысык-Көл | Ысык-Көл жөндүндө аңгемелеп берүүгө көнүгүү | Ч: Акылай, Ысык-Көл кайда жайгашкан?<br>А: Ысык-Көл тоо арасында жайгашкан. | | |
| 97-сабак Кереметтүү Ала-Тоо | | биздин<br>бешигибиз<br>мурасыбыз<br>байлыгыбыз<br>анткени<br>түгөнгүс<br>кендер | Сөз айкашы | Ала-Тоо | Ала-Тоо жөнүндө аңгемелеп берүүгө үйрөнүү | Ч: Акылай, Ала-Тоо орус тилине кандай которулат?<br>А: Ала-Тоо орус тилине "Олатоғ" деп которулат. | Керемет-түү Ала-Тоо | |
| 98-сабак Манас – Кыргыз элинин баатыры | | Манастын кырк<br>чоросу<br>аты<br>кушу<br>ити | Сөз айкашы | Манас баатыр | Манас эл баатыры жөнүндө сыймыктануу менен айтып берүү | А: Манас ким болгон?<br>Ч: Манас – кыргыз элинин баатыры болгон<br>А: Ал эмне үчүн күрөшкөн?<br>Ч: Элдин ынтымагы үчүн күрөшкөн. | Манас | |
| 99-сабак Жай мезгили | | жайында<br>жайкы<br>жыргап<br>жүрдүм<br>асман<br>көгөрүп<br>булбулдар<br>сайрайт<br>эс алууга<br>чыгышат | Сөз айкашы | Жай мезгили | Жай мезгили жөнүндө аңгемелеп берүү | Ч: Акылай, жаз айларын мага айтып берчи.<br>А: Жаз айлары: жалган куран – март, чын куран – апрель, бугу – май. | Жай мезгили | |
| 100-сабак "Чыпалак бала" жомогу | | Жомоктогу лексикаларды өздөштүрүү | | Жомок | Жомокко кызыгып, жомок айтканга кызыгып үйрөнүү | Жомок тексти | "Чыпалак бала" жомогу | |

| 101-102-сабактар Өзүңдү текшер | I деңгээлдеги тапшырмалар → Лексика<br>II деңгээлдеги тапшырмалар → Грамматика<br>III деңгээлдеги тапшырмалар → Байланыштуу кеп боюнча оозеки жазуу түрүндөгү тапшырмалар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Биз эмнелерди үйрөндүк? | | 60 сөз өздөштүдүк Сөз айкашын өздөштүрдүк | | Менин өз айылым – Шекер "Космос" кичирайону Кыргызстан Кыргызстандын борбору – Бишкек Ысык-Көл Ала-Тоонун бермети Манас – кыргыз элинин баатыры Жай мезгили "Чыпалак бала" жомогу | Темалар боюнча сүйлөшүүгө үйрөндүк | Диалог жана монолог аркылуу байланыштуу кебибизди өстүрдүк | КРдин Гимни 7 текст 1 жомок макалдар табышмактарды окудук |



# АДАБИЯТТАР


1. **Акматов Б.М. , Мукамбетова А. С.** Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы, 1-жана 2- китеп. Бишкек, 2008.
2. **Акматов Б. М. Мукамбетова А. С**. Алиппе-интеллектуал. Кыргыз Республикасынын гимназияларынын жана лицейлеринин 1-класстары үчүн сынак окуу китеби. Бишкек, 2007.
3. **Акматова А.** Кыргыз тили боюнча лексикалык минимум. Орус тилдүү мектептердин 1-4-класстары үчүн. Бишкек: АУЦА, 2008.
4. Английский язык. Слова и предложения, занимательные упражнения для дошкольников и школьников младших классов. М.: "Окошко ЛТД", 1990.
5. **Бекбоев И.** Окутуу процессиндеги максаттар менен көрсөткүчтөр. Бишкек, 2010.
6. **Верещагина И. Н.** Английский язык. 2 класс. Учебник для школ с углубленным изучением английского языка лицеев и гимназий. В 2 ч. М.: "Просвещение", 2008.
7. Жалпы билим берүүчү окуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектептер үчүн программа. 1 – 11-класстар. Бишкек, 2006.
8. Жаңы муундагы окуу китебинин мазмуну менен ички түзүлүшүн баалоо боюнча Жобо жана практикалык колдонмо. Бишкек, 2006.
9. **Жороев Т**. Кызыктуу кыргыз тили. Маани берүүчү сөз түркүмдөрү боюнча дидактикалык оюндар жыйнагы. Ош, 2005.
10. **Камалова. А.** Балдар бакчасынын орус тайпаларында кыргыз тилине үйрөтүүнүн методикасы. Бишкек, 2010.
11. **Кенчиева Ч.** Вводно-фонетический курс кыргызского языка. Методическое указания для учащихся, начинающих изучать кыргызский язык с нулевого уровня. Бишкек, 2006.
12. Кыргыз Республикасындагы жалпы орто билим берүүнүн Алкактык (рамочный) Улуттук куррикулуму (Долбоор). Бишкек, 2008.
13. Мектепке бирге. Мультмаданияттуу коомдун шартында билим берүү чөйрөдөгү мугалимдер үчүн колдонмо. Бишкек, 2010.
14. **Полякова А.В.** Русский язык. Учебник для 2 класса начальных школ. В 2 ч. – М. Просвещение, 2007, 184с.
15. Учимся играя. Сост. В. В. Волина. М.: "Новая школа", 1994.
16. **Эсеналиева К.Э., Буйлакеева Р.К., Алыпсатарова А. Р., Момункулова С. К.** Кыргыз тили.1-класс. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Бишкек, 2011.

# ТИРКЕМЕ
## (кошумча материалдар)

**1. Атайын көнүгүүлөрдүн комплекси**

Бул комплексттин **биринчи көнүгүүсү** ар бир окуучунун жекче өзгөчөлүк жөндөмдүүлүгүн эске алууга багытталат.

Окуучулар эки топко бөлүнөт. Ар бир топ (алардан экөө түзүлдү) өзүнүн айлампасын түзүшөт. Эки айлампа алып баруучунун белгиси менен карама-каршы жакка тегерене башташат. «Токто» деген буйруктан кийин ар бири токтоп, өз маңдайында турган классташынын үч жеке өзгөчөлүк жөндөмдүүлүгүн тез айтуусу керек.

**Экинчи көнүгүү – «Жакшы сапаттар».** Окуучулардын баары топторго бөлүнүп, маңдай-тескей туруп, эки катарга тизилишет. Ар бир окуучу өзүнүн маңдайында турган классташынын беш жакшы сапатын айтуусу керек. Бул көнүгүү ар бир окуучунун сөзсүз жакшы сапаттары бар экендигин аныктайт.

**2. Манжалар көнүгүүлөрү – майда маториканын ийгиликтүү өнүгүүсү**

Окутуу процессинде окуучулардын кыймыл координациясы жакшыртылат, уяң жана түнт мүнөздөрүнөн арылат, сабакка активдүү катышууга өбөлгө түзөт.

**Колдор үчүн көнүгүү**

**ЖЫЛКЫ**

Кичинекей ат сымал,
Жолдо барат манжалар.
Чок-чок-чок-чок.
Мына менин жардамчым,
Каалагандай буруп ал.
Оңго, солго чаптырып,
Жүрүп кетти ат сымал.
Чок-чок-чок-чок.

(Окуучулар партада отурушат, алакандары партанын үстүндө. Кезеги менен бирде сол, бирде оң колун алдыга жылдырып, эки колдун манжаларын бир убакта жумуп жана ачат.)

**БИЗ ЖАЗДЫК**

Жаза берип чарчабай,
Туралычы отурбай.
Чуркайлы ордубуздан дүбүрөп,
Чабалы колду дүркүрөп.

Муштумду түйүп, ачалы,
Андан соң жазып баштайлы,
Жаза берип манжалар,
Чарчап калган жөнү бар.



**КОЁНЕК**

Алаң көздүү коёнек,
Токойду көздөй секирет.
Мына минтип, мына минтип.
Оңго, солго ийип бактарды,

Шамал ойной баштады.
Токтогула, коёндор,
Токтогула, коёндор,
Шамал биздин достордон.

(Ыр манжалардын кыймылы менен коштолот.)

**ГҮЛДӨР**

Биздин назик гүлүбүз,
Ачты бетин жылмайып.
Шамал соксо кичине,
Ийиле түшөт ал жерге.
Таажыларын жамынып.
Уктап калат кечинде.

(Манжаларды жай ачуу, колдорун алдыга алып булгалоо жана аларды партанын үстүнө коюу.)

**3. «Акылсыз карышкыр» Англия элинин жомогу (башталгыч класстар үчүн жомок сабагы)**

**Текстти окууга чейинки ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Карышкыр жөнүндө кандай жомокторду билесиңер?
2. Карышкыр кандай болот?
3. Жомокто кандай окуя болот деп ойлойсуңар? Жомок эмне жөнүндө болот?

Силердин көз карашыңарча жомокто эмне жөнүндө болорун эки-үч сөз менен жазгыла.

Окуучулар беш мүнөттүн аралыгында жекече, жупта (эки-экиден) ойлонушат, андан кийин ойлору менен бөлүшүшөт.

4. Жомок эмне жөнүндө экенин билгиңер келеби?....

**Келгиле балдар, «Акылсыз карышкыр» деген жомокту окуйлу.**

Тексттин биринчи бөлүгүн окуу.

Карышкыр эски үйдө жашачу. Күндөрдүн бириндe үйдүн жанынан Пил өтүп бара жаткан. Ал капысынан тумшугу менен чатырга тийип кетет. Үй бузулуп калат.

«Дос, мени кечирип койчу, мен азыр чатырыңды оңдоп берем»,- дейт Пил.

Пил чатырын оңдоп, дубалын жасады.

Ой жүгүртүү үчүн суроолор:

1. Карышкыр жөнүндө эмнени билдиңер, бул жөнүндө эмне деп ойлойсуңар?
2. Кандай окуя болду? Сөздүк иши паралелдүү жүрө бериши керек. (Мугалим: мага «кокусунан», «оңдоп койду» деген сөздөрдү кандай түшүнсө болот? Бул сөздөрдүн кыргызча, орусча мааниси кандай?

3. Пил жөнүндө силер эмнени билдиңер?

4. Мындан ары эмне болор экен, кандай деп ойлойсуңар? Эки-үч сүйлөм жазгыла. Балдар жомоктун уландысын жазышат.

5. Жомокту андан ары уланткыңар келеби?

Тексттин экинчи бөлүгүн окуу. (Жомоктун экинчи бөлүгү таратылып берилет.)

Биринчи токтогон жер.

«Пил кечирим сурады, демек, менден коркуп калды», – деп ойлоду Карышкыр. – Эми аны дагы коркутуп, анан иштетишим керек» деп Карышкыр Пилге кыйкыра баштады:

«Ай сен, олдоксон десе! Мага жаңы үй куруп бересиң!»

Ой жүгүртүү үчүн суроолор:

1. Каармандар жөнүндө эмнелерди билдик? «Олдоксон» деген сөздүн маанисин түшүндүңөрбү? Карышкыр жөнүндө дагы эмнелерди айта аласыңар?

2. Мындан ары эмне болорун эки-үч сүйлөм менен толуктагыла.

3. Жомок силерге жактыбы? Жакса уланталыбы же эмки сабакта окуйлубу?

Тексттин үчүнчү бөлүгүн окуу өз алдынча окуу.

Экинчи токтогон жер.

Пилдин жини келип, Карышкырды кудукка салып таштады. – Мына сенин жаңы үйүң, акылсыз айбан! – деп ачууланып айтты. Карышкыр кудуктан чыгып: – Мен жаңылыптырмын. Ал менден коркпойт тура!

– Ооба, – деди Карга, – сен акылсыз жана адепсиз Карышкыр экенсиң. Досуң коркокпу же жакшы тарбияланганбы, түшүнбөйт экенсиң. Эми түшүндүңбү, досуңдун сенден коркпой тургандыгын.

Ошентип, Карышкыр Пил менден коркпойт тура деген ойдо калды.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Бул жомокто силерди эмне таң калтырды?
2. Силерге эмне жакты?
3. Пил Карышкыр үчүн кандай жаза ойлоп тапты?
4. Үйдүн кыйрашы эмнеге алып келди?
5. Ал эми Карга эмне деди?
6. Жомок силерге жактыбы?

Жомокту ролдоштуруп окуу.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Жомоктун негизги мазмуну эмнеде?
2. Силер бир нерсени туура эмес жасап алдыңар дейли, ошол олдоксондукка ата-энеңер кандайча мамиле жасайт эле?

**Балдар үчүн үй тапшырмасы:**

1.Үйдө жомокту ата-энесине айтып берүү, жомоктогу каарман боюнча ата-энелердин оюн сурап билүү.



2.Жомоктун мазмунун чагылдырган сүрөттү тартуу.

3. Куурчак спектаклин даярдоо.

**4. К.Д.Ушинскийдин «Шамал жана күн» жомогу.**

Мугалим класстагы бардык окуучулардын жөндөмдүүлүгүн өстүрүү багытында, ушул сабактын мисалында реалдуу катышуусуна мүмкүнчүлүк тапканын көрсө болот (эс тутумун, сүйлөө кебин, байланыштуу кебин).

**I. Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. «Шамал», «күн» деген сөздү укканда силер эмне жөнүндө эстейсиңер?

2.Силер кандай деп ойлойсуңар, аңгеме эмне жөнүндө болор экен?

Окуучулар эки-үч мүнөттүн аралыгында жекече, жупта ойлонушат, андан кийин ойлорун ортого салышат.

**II. Текстти окуу.**

Мугалим балдар үчүн текстти жеңилдетип даярдап, б.а. **татаал сөздөрдү жөнөкөй сөздөргө, тааныш эмес сөздөрдү синоним сөздөргө алмаштырып текст таратат.** Текстти окуу менен бирге **сөздүк иши да жүргүзүлөт:** «Бата берди», «момун», «ачуу». Балдар, бул сөзөрдү кандай түшүнөсүңөр? Ушул сөздөр менен сүйлөм түзгүлө.

**III. Текстти көркөм окуу жана суроо- жооп аркылуу байланыштуу кебин өстүрүү.**

Бала тексттин мазмунун билсе, сүреттөрдү хронологиялык ырааттуулук менен жайгаштыра алат (1 – күлүмсүрөгөн күн жана каардуу шамал; 2 – жолоочу ат минип бара жатат; 3 – оронгон жолоочу, шамал шуулдайт; 4- күн жаркырап тийип, жолоочуга күлүмсүрөп турат). (Сүрөттөр берилген.)

1



2


3


4




**IV. Текст боюнча тапшырма**

1. «Боорукердик», «ачууланууу», «алкады», «момун» деген сөздөр менен төрт сүйлөм түзгүлө.

**2.«Шамал жана күн» деген жомок боюнча сүрөт тартуу.**

Мугалим жомоктун идеясын "Ачууң душман, акылың дос" деген макалдын маансин чечмелөө аркылуу бере алат.

**Шамал жана Күн**

Күнөрдүн биринде Күн менен Шамал экөө кимиси күчтүү экендигин талашып кетишет. Алар көпкө чейин талашышат, акыры чоң жолдо атчан кетип бара жаткан жолоочунун күчүн сынап көрүүнү чечишет.

- Карап тур, – дейт Шамал,— мен учуп келип, үстүнөн плащын жулуп кетем! –деп, жолоочуну туш тарабынан шамал ура баштады.

Бирок Шамал канчалык катууласа да, жолоочу плащына бекем оронуп алып, аба -ырайы бузулуп жатканына күңкүлдөп коюп, сапарын улантып кете берди. Шамалдын жини келип, каарданып, жамгырын да, карын да жаадырды. Шамалга жини келип , плащын куру менен бекм курчанып алды. Шамал жолоочунун плащын жулуп кете албастыгына көзү жетти.

Күн ошондо Шамалдын чабалдыгын көрүп, жарк этип булуттун артынан чыга калды да, жерди жылытып, кургатып, анан алиги жолоочуну да жылыта баштады. Жылыганын сезип, жолоочу Күнгө ыраазы болуп, плащын чечип, канжыгасына байлап алды.

– Көрдүңбү – деди, мээрман Күн Шамалга: «Ачууланбастан туруп, көп нерсеге мээрмандык жана боорукерлик менен гана жетсе болот».

*К. Д. Ушинский*

**«Шамал жана Күн» жомогунун жеңилдетилген варианты.**

Күндөрдүн биринде Күн менен Шамал кимибиз күчтүүбүз деп талашышты. Көпкө чейин талашкандан кийинкүчтөрүн сынашып көрүүнү чечишет.

– Карап тур, – дейт Шамал, – мен ат минип бара жаткан адамга учуп жетип, плащын жулуп кетем!- деп бардык күчү менен шамал ура баштады.

Шамал катуулаганда ал плащына бекем оронуп алды. Шамалдын жини келип, жаан менен карды жаадырды. Шамал күчү жетпегенин билди.

Күн жылмайып, жерди жана адамды жылытты. Жылынып алып, ал Күнгө ыраазы болуп, плащын чечти.

Күн Шамалга: «Ачууланбастан туруп, көп нерсеге мээрмандык жана боорукерлик менен гана жетсе болот» – деди.

## ЫРЛАР

**Окуу куралдары ырдайт.**

**Китеп:** Айтканым-акыл
Болгун макул.
Билгиң келсе көптү,
Мени чакыр.

**Дептер:** Үйрөтөм сулуу жазганга,
Адашпай жолдон басканга.
Жолдош болуп келатам,
Турмуштун сырын ачканга.

**Түр карандаш:** Тоону тоодой түрдөйбүз,
Дарак болуп бүрдөйбүз.
Жан киргизер кагазга,
Сүрөт ишин сүй дейбиз.

**Сызгыч:** Менсиз түз жолдор курулбайт,
Менсиз түз үйлөр салынбайт,
Менин жолум – түптүз жол,
Жолумда жүргөн жыгылбайт!

**Өчүргүч:** Кир жолотпойм ар убак,
Мени дайым сүйгөнгө.
Тазалык да, сулуулук,
Өзүм менен бир жерде.

**Баары:** Билим, өнөр, тазалык,
Баарыбыз бирге туралык.
Китепти эч айрыбай,
Дептерди таза туталык.

## ТАБИЯТ ТАБЫШМАКТАРЫ

Жыйдым, жыйдым миң килем,
Жыя албадым бир килем.
*(асман, жер)*

Узун-узун уз келет,
Узун бойлуу кыз келет,
Кабактары калтырайт,
Эки бети жалтырайт.
*(суу, дарыя)*

Дүйнөдө бир чырак бар дайым күйгөн,
Майы жок, билиги жок илгертеден
*(күн)*



Кечинде таруу септим,
Эртең менен жыйып кеттим
*(жылдыз)*

Тоодон топ түштү,
Буту колу жок түштү.
*(мөндүр)*

Үчөө ынтымактуу дешет,
Бирөө куюлуп түшөт.
Бирөө кубанып ичет,
Бирөө кулпунуп өсөт
(жаан, жер, өсүмдүк)

Булут жарып күркүрөп,
Оттугу жок от жагат.
Кылыч байлап белине
Кымгуут салып басылат
*(чагылган)*

Ак сандыгым ачылды,
Ичинен жибек чачылды
(күндүн жарыгы)

Көзү жок, колу жок,
Тереземе сайма саят
*(аяз)*

## БУЛ КАЙСЫ МЕЗГИЛ?

Суу болуп жер бети,
Аппак карга толчу эле.
Өзөндөргө суу тоңгон,
Бул кай кезде болчу эле?
*(кыш)*

Күн узарып, кар эрип,
Байчечекей толчу эле.
Жылгалардан суу аккан,
Бул кай кезде болчу эле?
*(жаз)*

Эгин бышып күн ысып,
Гүлдү аары сорчу эле.
Мөмөлөр бышып жетилген,
Бул кай кезде болчу эле?
*(жай)*

Жамгыр жаап, жер суунун,
Жалбырактар соолучу эле,
Талаалар бошоп, мал жайган,
Бул кай кезде болчу эле?

*(күз)*

## ЖАРАТЫЛЫШ ЖӨНҮНДӨ

Кээде дарбазаңды ачат,
Короонду сапырып чачат.
Шилтесең таягың тийбейт.
Этегинден тарткылай качат.

*(шамал)*

Күмүш нурдан жалтанып,
Күн чыкканда жашынат.
Кайдан-жайдан жыбырап,
Күн батканда чыгышат.

*(жылдыз)*

Салмагы бар өлчөсөм,
Көрүнбөйсүң көзгө сен.
Өмүр бою бир мүнөт,
Туралбаймын сенсиз мен.

*(аба)*

## ӨСҮМДҮКТӨР ЖӨНҮНДӨ

Топтомолок балдарың,
Топуракка төлдөгөн.
Жыйнап алып күзүндө,
Жыргап-куунап эл жеген.

*(картөшкө)*

К. Курманкулов.

Суу деп аңкап чөлдөгөн,
Кургак жерде өнбөгөн,
Өнүп чыгат көлмөдөн,
Бир талы сынып өнбөгөн.

*(күрүч)*



## АДАМ, АНЫН ИШИ ЖАНА АНЫ КУРЧАГАН БУЮМДАР ЖӨНҮНДӨ

Бир киши атчан жүрөт,
Ар кимдин үйүн билет.
Кайрылып токтой калып,
Кат берет, кабар берет.

*(Почточу)*

Талаа иши билгени,
Темир тулпар мингени.
Май жыттанат колдору,
Тапчы муну, ким деги!

*(Тракторчу)*

Саткан эжем бир буюм,
Сатып алды өзүнө.
Жакшы көрбөй калганда,
Жардам берет көзүнө.

*(көз айнек)*

Ал да бизге керектүү,
Суудан башка ашы жок.
Узун мурун, чоң курсак,
Топусу бар, башы жок.

*(кумган)*

## ТАПЧЫ, КАЙСЫ ШААРЛАР?

Аты "жашыл жалбырак",
Өзү жашыл жалбырак.
Гүлзарынын жанында
Күндө келип отурсаң,
Кумарыңды кандырат

*(шаар)*

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Ак кебездей кары бар,
Обону бар жаңырар,
Жаңылаган дүйнөнү
Жылдын башы-январь!
Биз тособуз жаңы жыл.
Ырдайбыз да, бийлейбиз.

Балатыны айланып,
Күлүп шаңдуу сүйлөйбүз.
Жаркырасын балаты
Жайнап жаңы түр менен
Куттуктайбыз мейманды
Жаңы, жыңы жыл менен
Жаңы, жаңы жыл менен,
Хор ырдайлы шаңданып.
Кел, ырчылар, жаңы жыл,
Үйгө кирсин жайланып.

Аяз ата ёлкага,
Кирип келди жайдары.
Ой, эмне мунуңуз,
Кандай укмуш мурдуңуз!
Сакалыңыз салабат,
Чапаныңыз темгилдүү,
Көздөрүңүз жымыңдап,
Сөздөрүңүз миң түрлүү.
(Баланы мактайт)
Бетти, башты чымчылап,
Аяз басып келгени.
Карап турбай шаңдана
Секир, ойно дегени.
Ысып денем, чыйралып,
Жиреп карды баратам.
Аяз мага мээримдүү,
Ал кадимки чоң атам.
(Бала аяз атаны кучактайт).
(Мактайт). Ал ордунан туруп мындай дейт!
Жаңы жыл, жаңы жыл,
Бакыт берет турбайбы.
Тизилгиле, балдарым,
Бийлейли да, ырдайлы.

**КҮЧҮК**

Күнү-түнү короо сактаган,
Эшиктин алдын таптаган.
Күчүк деген мен болом,
Ээсинин тузун актаган.



**МЫШЫК**

А мен болсом мышыкмын,
Өз ишиме бышыкмын.
Арам тамак чычканды.
Эгин уурдап чыкканды,
Бурдап жечү кызыкмын.

**Интерактивдүү оюндар.**
**Иштеп чыккан А.Осмонов атындагы ОТК гимназия мектебинин башталгыч классынын мугалими Чалданбаева Гүлзада.**

**«Өрдөгүм».**

Максаты: Оюнчулардын так сүйлөөсүн, эске тутуу сезимин калыптандыруу.

Оюндун жүрүшү: Окуучулар отурган орундарынан туруп, тизилишип турушат. Кыздар «гаак-гаак өрдөгүм!» деп калганы жалпы көркөм айтышат.

«Гаак-гаак өрдөгүм!» (кыздар). Сендей сулуу көрбөдүм, көйнөгүң суу болот деп, кургакка чык деп үндөдүм.

Ой-ой, токто, өрдөгүм! (кыздар). Тентектик жасап көнбөгүн, сүзүп жүргүн үстүндө мен жасаган көлмөнүн, «Гаак-гаак өрдөгүм!» (кыздар). «Күн нуру дайым чачылсын!»

Максаты: Ырды кыймылдуу кылып жалпы айтканга үйрөтүү. Так, туура, көркөм айтуусун калыптандыруу.

Оюндун жүрүшү: Окуучулар тегерек тартып турушат. Ортого бир кыз чыгып, күн чыккан өңдүү жай каалгып айланат. Окуучулар тегеректи бузбай, жай кыймылдашат. Анан баары кол кармаша, тегеренишип ырды ырдашат:

«Күн нур чачып, асман ачык
Тартылган кагаз бетине.
Тартышты бала, жазды да
Ал барактын четине:
Талыкпай күн нур чачып,
Чайыттай болсун асман!
Багыма болсун апам!
Дайыма болоюн мен!

**Оюндун аты: «Коңгуроо кармоочу».**

**Оюндун максаты:**

1. Окуучуларды байкай билгичтикке жана сезимдиктин калыптанышына жардам берүү. **Керектүү куралдар:**

1. коңгуроо
2. көз жапкыч.

**Оюндун жүрүшү:**

1. Оюн тегиз жерде, спорт аянтчада, залда ойнотулат.
2. Ойноочу балдар тегерек тартышып кол кармашып турушат.
3. Тегеректин **ортосунда** көзү **таңылган бала болот.**
4. «Коңгуроо кармоочу» – балдар менен тегеренип хор ырдашат.

Тегерек менен басышат
Коңгуроону колуна ал
Шыңгырады ал кайдан?
Көзүңдү ачпай билип кал.

*(Тапса «кол чабуу»)*

Биздин балдар бүт шайыр
Жүгүргөндү жактырат
Даярданып угуп тур
Көзүңдү ачпай билип кал.

*(Тапса «кол чабуу»)*

5. Кармалган бала ортого чыгат, оюн улантылат.

**Оюндун башкы максаты:**

Көзү жабык бала тегерек менен бараткан «коңгуроо каккан» окуучуну угуу менен табыш керек.

**Музыкалык тыныгуу.**

**Максаты**: окуучулардын дене түзүлүшүнүн туура калыптанышына жардам берүү жана эске сактоосун, угуу жөндөмдүүлүктөрүн бекемдөө.

**Жүрүшү:**

1. Тегиз жерде, спорт аянтча, спорт залда өткөрүлөт.
2. Музыканын коштоосунда кыймылдуу көнүгүүлөрдү аткарышат.

**«Ак терек, көк терек» оюну** (1-вариант)

Максаты: Окуучулардын элестөө сезимин, так сүйлөөсүн калыптандыруу.

Оюндун жүрүшү: Окуучулар партадан чыгып, катар тизилип жерге тизелеп отурушат. Ырды айтканда колдорун жай көтөрүп, акырын турушат. Эркек балдар, анан кыздар айтышат. Колдорун жаңсап, чайкап, өйдө көтөрүү менен көркөм айтышат. Кичинекей теректердин өскөнүн элестетишет.

Ак терек, көк терек!
Нур да суу да көп керек.
Тигилгенбиз кечээ биз,
Түптүз болуп өсөбүз.



Көкөлөөнү самайбыз,
Көп иштерге жарайбыз.

**"Ак терек, көк терек" оюну**. (2-вариант)

Азыр болсо силер менен "Ак терек, көк терек" оюнун ойнойбуз. Оюн аркылуу "кимибиз шамдагай" экенибизди билебиз. Класс эки топко бөлүнөт:

**Биринчи топ:** Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек?- деп экинчи топтон сурайт.

**Экинчи топ:** Айдай сулуу Акылай,

Келсин бизге тезирээк! –деп биринчи топ Акылайды чакырат. Акылай чуркап барып, кармашып турган окуучулардын колун үзөт.Үзсө жеңет да бирөөнү өзүнүн тобуна жетелеп келет. Үзүлсө, ошол топто калат. Оюн улантыла берет.

**Экинчи топ:** Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек?- деп экинчи топтон сурашат.

**Биринчи топ:** Кетирейген Керимбек
Келсин бизге тезирээк.

**«Сөздү жакшы түшүнө алам» оюну**

Максаты: Бул оюн аркылуу кунт коюп угууга үйрөнүп, начар угулган же угууга тоскоолдуктар бар шарттарда добушту угуп ажырата билүүгө, ошондой эле чыдамдуу ,болууга көнүксө болот.

Оюндун сүрөттөлүшү: Катышуучулар өз каалоолору менен тегерете туруп же отура алышат. Бир нече оюнчу колдору менен кулактарын жаап алышат да, башка бирөө каалаган күлкүлүү ж.б. окуяны айтып берет. Оюнчулардын бири аңгеме айтылып бүткөндөн кийин калгандарына окуянын мазмуну боюнча бир нече суроо берет. Акыркы суроого жооптон кийин ал кулагын жаап отургандардан кулагын ачып, башкалардын жүзүнөн, кыймылынан, жаңсоолорунан ж.б. эмнелерди түшүнгөнүн айтып берүүсүн суранат. Андан кийин жакшы укпай жатканда эмнелерди сезишкенин талкуулашат.

**«Чөө» оюну**

Оюн тегиз аянтчада ойнолот. Оюнга 5–9 жаштагы 20–25 оюнчу катышат. Оюнга калыс шайланат. Оюнчулар *көгөнгө байланган козудай болуп, ийиндерин бири-бирине тийгизип катар турушат. Калыс оюнчуларга «кадамдап баскыла!»-деп буйрук берет. Оюнчулар кадамдап жай басышат. Ошол учурда калыс капысынан «чөө!»-деп кыйкырып жиберет. Анда оюнчулар туш тарапка чөө тийген козудай чачырай качышат. Андан кийин калыс «чөө кетти!» – деп кыйкырат. Оюнчулар кайрадан мурдагыдай чогулушат. Ошентип, оюн улантыла берет.

**«Коңгуроо кагыш» оюну**

Кыргыз элинин оюндарынын бири. Оюн тегиз аянтта ойнолот. Оюнга 8–13 жаштагы 20–25 оюнчу катышат. Калыс оюнчуларды эки жаатка бөлүп, жаат

башчыларын дайындайт. Оюнга коңгуроо, эки жоолук даярдалат. Атаандаш жаатттардын оюнчулары өз жааттары боюнча тегерек тартып кол кармашып турушат.

Калыс эки жааттан бирдей оюнчуну чакырып, экөөнүн тең көзүн жоолук менен таңат. Биринин колуна коңгуроону берет. Ал коңгуроону анда-санда кагып басышы керек. Экинчи оюнчу болсо, аны кармоого аракеттенет.

Эгер ал коңгуроону каккан оюнчуну 4-5 минутада кармаса анын жаатына 1упай берилет. Андан кийин дагы эки оюнчу чыгарылат. Ошентип, оюн улантыла берет. Оюндун акырында кайсы жааттын упайы көп болсо, ошол жаат жеңет.

**«Айлана басабыз» оюну**

Максаты: Бул оюн аркылуу башкалардын атын оңой жаттап, эс -тутумун машыктырып, ошондой эле шериктикке, тапкычтыкка үйрөтсө болот.

•.Оюндун сүрөттөлүшү: Эгер катышуучулар бири-биринин атын толук биле элек болсо, оюндун башында ар бири өз атын айтат. Оюнчулар тегерете кол кармашып алып басышып, төмөнкү ырды айтышат:

«Бирибиздин артынан тегеренип басабыз,
Эй, балдар, оозубузду ачпайлы,
Бизге эмнени көрсөтсө,
Биз ошону жасайлы» деп айтышат.

Аты аталган окуучу калаган кыймылды көрсөтөт, калгандары болсо аны тuурашы керек. Оюн уланып, жогорудай төрт сап ыр менен кайра кайталайт да, кийинкиси оюнчунун атын биринчи кыймыл көрсөткөн оюнчу айтат.

**«Учат – учпайт»**

Максаты: Бул оюнда окуучулар кандай түшүнөрүн көрсөтө алышат. Ошондой эле бул кыймылдуу оюндун жардамы менен кунт коюп угууга, ырааттуу ой жүгүртүүгө үйрөнүп, көңүл ачса болот.

Оюндун сүрөттөлүшү: Алып баруучу колдорун канаттай кылып каккылап турат да, уча турган же учпай турган нерселердин атын айтат. **Мисалы:** « Учак учат», «Таранчы учат», «Пил учат», «Муздаткыч учат» ж.б. Эгер ал туура айтып жатса, оюнчулар колдорун жайып, канаттай кылып кыймылдатышат. Эгер анын айтканы калп болсо, алар кыймылсыз турушу керек. Ким жаңылып туура эмес көрсөтүп алса, ал алып баруучу болот да оюнду улантат.



## ТАМГА ТАБЫШМАКТАРЫ

**В в тамгасы**

Велосипед, вермишель, вареньеден карап ал.
Бул кандай тамгалар?
Учуп жүрөт асманда,
Өзүнүн жок канаты.
Тегеренет парасы,
Чечүүгө жообун карачы.
*(вертолет)*

Эшиктерин шарт ачып,
Эмгектенет эл ташып.
*(автобус)*

Куш десем, куш эмес,
Буттуу десем, буттуу эмес,
Куштай учат, буттуудай басат.
*(пингвин)*

Аяккы сөзүн өзүң тап:
Жан жете алгыс, жер болот
Жетет ага....................
Жолдорго бай ой-тообуз
Жүрөт анда.................

Күк, күк паровоз,
Күш, күш паровоз,
Вагондордун баары дос.
Бөлөк жакка барышпай,
Тарткан жүгүң бүтүн бар.
Канча жүктүк күчүң бар?
Качан сени билемин,
Качан сени минемин?

**Г г тамгасы**

Гүлай сугарды гүлдү,
Гүүлдөгөн тамганы ким билди?
Күзгүдө бар,
Айнекте жок.
Сузгуда бар,

Чайнекте жок.
Өзү тегерек,
Шаар, талаа, көлдөр,
Тоо, токойлор жонунда.
Окуучунун колунда,
Жолукту белеңер,
Мындай сонунга?
*(глобус)*

Жыл жаңырса жаңырат,
Ай жаңырса жаңырат .
Ичин ачып караса,
Түркүн сөздөр жазылат.
*(гезит)*

Коңгурообуз кагылат,
Сабагыбыз башталат.
Сабак бүтсө эми эле,
Шыңгырап бүтпөйт деги эле?
*(бул эмне?)*

**З з тамгасы**

Зоотехник тоого келди,
Азоо ат минип зорго келди.

Коондо жок, дарбызда бар,
Эрменде жок, жалбызда бар.
*(Бул кайсы тамга?)*

Тетигин койсоң бурап,
Алысты жакын кылат.
Көргөн нерсебиз так,
Көз алдында турат.
*(телевизор)*

Жайып койсо үй болот,
Жыйып койсо жүк болот
*(боз үй)*

Жер астында алтын казык.
*(сабиз)*



**Р р тамгасы**

**Ыр ырдап,** күү чертет,
Нечен түрдүү обон салат.
Ар кимиси өз үйүндө
Жаңылыктан кабар алат.
*(радио)*

**М м тамгасы**

Мекеним менен мектебим,
Мээримдүү менин эртеңим.

Шаңдана сонун ырдаган,
Буроолору тынбаган.
Чоңдугун айтсам өзүнүн,
Кадимки эле чемодан.
*(магнитофон)*

**Э э тамгасы**

Өзү бир, көзү миң
*(элек)*

**БАЛДАР ЫРЫ**

Дыбыр-дыбыр...
Жамгыр шыбыр
айтты мага:
"Суу болгуча
үйдү көздөй,
жүгүр шыдыр!..."

Жат, эс ал, укта,
Ойгон, жуун, тамактан.
Ичпей, жебей, тойбосоң
Күчтү аласың каяктан?

Тур, бас, отур,
Оку, иште, жаз.
Ойно, бийле, ырда,
Үлгүр, өмүр аз.

Чурка, жүгүр, шаш,
Жалкоолуктан кач.

Кыйындыкты жең
Билим кенин ач.

### КҮҮ-КҮҮ, СЕЛКИНЧЕК

Күүлөп койчу селкинчекти,
Бийик-бийик тебейин,
Апам иштен келатканын
Тээ бийиктен көрөйүн.
Күү-күү, селкинчек...
Күүлөп койчу селкинчекти,
Дагы бир тээп алайын.
Күү-күү селкинчек...

### КӨПӨЛӨКТҮ САНАЧЫ

Кооз-кооз канаты
Көпөлөктү карачы.
Конду, конду гүлдөргө
Канчоо экен саначы.

Бир, эки, үч, төрт..
Кызыл-тазыл гүлдөр көп.
Бири консо, бири учат,
Көпөлөктөр андан көп.

Кызыл, сары, агы бар.
Калдырканы дагы бар.
Келсең биздин бакчага,
Каалаганың табылар.
*Э. Төлөкова*

### ТИЛ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ АКЫНДАРЫНЫН ЫРЛАРЫ
**(Класстан тышкаркы жана тарбиялык саатар үчүн)**

Илим менен билимге-көпүрө тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.

Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлотот башын алат.

Тил арстан босогоңдо комдонгон
Бошоп кетсе өзүңдү да жеп койгон.



Миң сан калкты Теңир өзү жаратты,
Тилдүү сүйлөп,тилсиз үнсүз караштьы.

Тирүү жанга эки нерсе керектир,
Бири-тили,бири- дили ак көңүл.

Сөздү, дилди жаратты адилет деп,
Жалганчылар жалынга күйгөнү эп.

Туура сөздөн чексиз пайда табарсың,
Жалган сөздөн каргыш-сөгүш аларсың.
*Жусуп Баласагын*

Жакшы чыккан азамат
Элин билет.
Элин билген ал адам
Билим билет.
Окуп-карап ойлонуп
Илим билет.
Эчен түрдүү адамдын
Тилин билет.
*Калыгул*

Сөз маанисин билгендер,
Сөздүн пири булбулдай.
Сөз маанисин билбесе,
Согумчалып дүмпүлдөй.
*Молдо Нияз*

Сөздүн ыгын билбесе,
Сөлдүрөп топто сүйлөбө,
Тантыктыктын белгиси,
Көңүл сүйгөн жер болсо
Айткан сөзүң эм болсо,
Акындын келет келгиси,
Бермет сөздү тергиси.
Орду менен сүйлөсө,
Кызыл тилин бүлөсө,
Таасындыктын белгиси

Кадырлуу болсо журтуна,
Сүйлөгөн сөзү тек кетпей,
Кары жаш укса,умсунса,
Акылдуунун белгиси.

*Арстанбек Буйлаш уулу*

Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнө акыл чыкпаган.
Кеп маанисин биле албайт,
Башына акыл жукпаган.

Ааламдын көркү күндө бар,
Адамдын көркү тилде бар.
Акындын көркү үндө бар,
Ашыктын көркү дилде бар.
Бакпай багың жетилбейт,
Эстүү адам эсирбейт.
Чечендиктин белгиси,
Кезектүү сөздү кетирбейт.

*Жеңижок*

### САНАТ

Көпкөн жигит көп сүйлөйт,
Чечен жигит эп сүйлөйт.
Билбестерге жыйында,
Бир сүйлөөгө кеп тийбейт.

### ТЕРМЕ

Азамат болсоң, боз балдар,
Ачык айтып, ак сүйлө,
Орчундуу кепти талашып,
Онтобой сөздү бат сүйлө.

*Токтогул Сатылганов*

### ЫР

Сүйлөш үчүн тил керек,
Ырдаш үчүн үн керек
Сөздү сөзгө кынай бил,
Маш зергердей чегелеп.



Ырчы болсоң, төкмө бол,
Ак жаандай себелеп.

### ОТ

Ыргап көккө канатты,
Ырдап жүрөм санатты.
Ынтызар элге ырдамак, –
Ырчыларга адатпы?
Ысырап болот кайран сөз,
Ыдыратса талапты.

*Барпы Алыкулов*

### МЕН ЫР ЖАЗАМ

Мен ыр жазам,
  Сөздүн айтып тереңин.
Мен ырдасам,
  Кызыл тилим безеген.
Мен ырдайын,
  Жаңы обондор улансын!
Мен жазайын
  Тилектештер кубансын!
Мунарыктап
  Көздүн учу жетпеген
Көркөм сөздүн
  Мунарасы куралсын!

*Түгөлбай Сыдыкбеков*

### КЫРГЫЗ ТИЛИ

«Манас» айтса,
Өзөн суудай көбүк чачкан күрпүлдөп.
Махабатты баяндаса,
Сайрап жаткан булак көзү кулуңдөп.

Эчен түрлүү
Тил үйрөнсөм,чоң бактыдай сезилет.
Октябрдын заманында
Кыргыз тилим ырлар болуп,
Кыргыз тилим күүлөр болуп жаңырат.

*Аалы Токомбаев*

## КЫРГЫЗ ТИЛИ

Орусча да, монголчо да сүйлөй бил,
Жер жүзүндө жок бир дагы өгөй тил.
Ошондо да ширетейин дилиңе:
Шек келтирбе менин эне тилиме!

Кыргыз тил-кубат күчүм, жөлөгүм,
Ата болуп үйрөткөн жашоо өнөрүн.
Жаным бирдей, каным бирдей көрөмүн,
Ал өлгөндө, мен да кошо өлөмүн.

*Темиркул Үмөталиев*

## ЭНЕ ТИЛИ

Тил үйрөнүү,
Жакшы көрмөк, сүймөктөн
Энем тилин жакшы көрүп үйрөткөн.
Ойротто жок, оңой тил бейм биздин тил,
Бир жашымда
Ата ,апа,
Ат, эт дегенди сүйлөткөн.

Тил кадырлоо
Чын көңүлдөн сүймөктөн,
Атам тилин сүйгөндүктөн сүйлөткөн,
Эрдик ,өнөр, билим менен сүйлөшүп,
Бир жүрсүн деп бир жашымда үйрөткөн...

Бирге жүрөм, эне тилим кадырлайм,
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,
Эне тилим сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

*Алыкул Осмонов*

## ЭНЕ ТИЛИМ

Кымбаттан кыналышып бүткөн тилим.
Кылымдан азиз энем күткөн тилим.
Төрөлүп, бул дүйнөгө көз ачканда,
Жаралып, жаным менен бүткөн тилим.



Тилиңе кулдук кылам энем, атам!
Кечиргин мен тараптан болсо катам,
Сен сүйгөн, сен сүйлөгөн ушул тилде
Кубултуп, безеп ырдап келе жатам.

Бул тилдин кылдат, кымбат сырын ачам,
Канымдан сыя кылып китеп жазам.
“Таң эрте тил өмүрү бүтөт "- десе,
Күн менен уккан кечте кошо батам.

*Абдрасул Токтомушев*

Мен сүйөм өзүбүздүн кыргыз тилин,
Тил гана бере алат кишинин ой- пикирин.
Тил там эмес бир күндө жаралуучу,
Ал санап өткөргөн элдердин өмүрүн, күнүн.

Бир-бирине карап отуруп нечендер өлгөн:
“Бери келсең”-деп, бир-бирин чакыруу үчүн.
Миңдеген жылдары эл эмгектенди,
Тил көп талап кылат элдин күчүн!

Мисалы,ошол кезде керек эле кетмен,
(Жокту кайдан тапмак элем мен)
Сөзү үчүн кетменди ойлогон эмес,
Баарын адам табат жашоого керектиктен.

*Райкан Шүкүрбеков*

## ЖАРКЫРАЙ БЕРЕТ ТҮБӨЛҮК

Кыргында далай беттешип,
Кыргыздар нени көргөн жок.
Кырылып көбү өлсө да,
Кыргыздын тили өлгөн жок.

Кыпкызыл канды кечишип,
Кыргызды кимдер жеңген жок.
Кыргызды кырып жеңсе да,
Кыргыздын тилин жеңген жок.

Кылычын кайрап от чачып,
Кызыгып кимдер келген жок.

Кыргында жанын берсе да,
Кыргызым тилин берген жок.

Жомогу кумдай куюлган
Жоголбойт тили кыргыздын.
Жаркырай берет түбөлүк
Нурундай Чолпон жылдыздын!..

*Насирдин Байтемиров*

## ЭНЕ ТИЛ

Эне тилди энем мага үйрөткөн,
Эне тилде энем менен сүйлөткөн.
Эне тилде өз атымды билгенмин,
Эне тилим сырын ачты дүйнөнүн.

Эне тилим башка тилди үйрөттү,
Эне тилсиз дилим аны сүймөкпү?
Эне тилсиз өзгө тилдин куту жок,
Эне тилсиз өзгө тилдин жыты жок.

Эне тилсиз тааныр белем жеримди.
Эне тилсиз тааныр белем элимди.
Эне тилсиз укмак белем "Манасты"
Эне тилсиз укмак белем санатты.

*Түмөнбай Байзаков.*

## ЭНЕ ТИЛИН ЖАКШЫ БИЛ

Эне тилин билбеген
Эси жогун аныктайт
Эне тилин сүйбөгөн
Элин сүйүп жарытпайт.

## ТИЛДЕР ЖАНА ЭНЕЛЕР

Ким барктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.
Ар улуттун энеси улуу,тили улуу
Өйдө-ылдый деп айта албайбыз эч бирин.

Уккун мени,уул-кызым жаштарым!
Ушул сөзүм жадыбалдай жаттагын.



Тилди тилге, эне менен эненин
Чаташтырбай өз-өзүнчө барктагын,
Төртөөнүн тең тазалыгын сактагын!

*Байдылда Сарногоев.*

## УЛУТ БОЛСОМ, ТИЛИМ МЕНЕН УЛУТМУН

(үзүндү)

Эй жарандар,
Эскертерим силерге:
Чындап кызмат кылам десе ким элге,
Сүйсүн тилин
Сүйгөн жарын сүйгөндөй,
Күйсүн тилге
Перзентине күйгөндөй.
Жалгыз ырын ырдай берет кекилик,
Кекиликтер койсун мени кечирип.
Эне тилин билбей туруп,
Эне тилге күйбөй туруп,
Эли-журтун
Сүйөмүн деш чекилик.
Ысыгыңа алар күйүп,
Суугуңа тоңо албайт
Эне тилин түшүнбөгөн,
Кур кыйкырып күпүлдөгөн,
Эч убакта Ата-Журттун
Анык уулу боло албайт!

*Эсенгул Ибраев*

**Сарылбекова З.**
**Кенчиева Ч. Ж.**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ жана ОКУУ**

**2-класс**
Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн
мектептердин
мугалимдери үчүн
методикалык колдонмо

Илимий кеңешчи п.и.д. Ж. А. Чыманов

Басманын редакторлору *Ж. Жапиев, А. Уринбаев*

Корректорлору *А. А. Узакова, С. Набиева*

Көркөм редактору *Ю. А. Ким*

Техникалык редактору *Н. В. Шеремет*

Компьютердик калыпка салган *А. Д. Акзамов*

Басууга 23.08.2013-ж., кол коюлду. Форматы 60x84 1/16. Ариби Arial.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Көлөмү 15,25 басма табак.
Терүүгө 10.08.2013-ж., берилди. Нускасы 2000 даана. Заказ № 54

«Алмерия», 720011, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., Исанов көчөсү, 146